БУРУЛКАН КАРАГУЛОВА

# Токтогул көлү – көз жашым

(Даректүү баяндар жана аңгемелер)

**Бишкек – 2012**

**УДК.........**
**ББК 84 Ки 7-5**
**К -**

Бурулкан Карагулова
К-.... “Токтогул көлү – көз жашым”: Даректүү баяндар жана аңгемелер
Б. “Айат” басмасы, 2012-жыл: 134б.
ISBN – 978-9967- 409-__________

Бурулкан Карагулова кыргыз окурман журтчулугуна өз үн, өз стили бар акын катары белгилүү. Колуңуздардагы жыйнак акындын кара сөз түрүндөгү экинчи китеби. Буга чейин “Селсаяк” китеби чыгып, окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынган.

“Токтогул көлү – көз жашым” жыйнагына автордун өз башынан өткөн, өзү күбө болгон окуяларды көркөм иликтөөнүн торко элегинен өткөргөн даректүү баяндары, аңгемелери топтолду. Калемгерди өзгөлөрдөн анын байкоолорунун турмуштун өзүндөй нукуралыгы, катаалдыгы жана чынчылдыгы айырмалап турат.

Колуңуздардагы жыйнак окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналып чыгарылды.

Б-4702300200- ............ УДК ..................
ББК 84 Ки 7-5

ISBN – 978-9967- 409-__________

Карагулова Б.2012.

***Кагылайын ата!***

***Сенин мүрзөңү таба албай койдум, бирок ушул дөбөдө жатканыңы билем. Мен сени аябай сагындым, дайыма бейиштин төрүндө жүр. Колумда гүлүм жок, бирок гүл ордуна жүрөгүмү калтырып кетип баратам...***

***Ушул китепти сага арнайм, ата!***

## Шипшиңке – хан ордо

Токтогулду суу басканда "чү" дегенде эле төрт тарабы тең бийик тоо жана жар менен курчалган жыш чытырман токойду, андан кийин бир да орус көрбөгөн нукура кыргыз жашаган Шипшиңкени баскан. Нукура кыргыздар жашаса да айылдын аты орусча Шевченко болчу, бирок, тилибиз келбегендиктен Шипшиңке дечүбүз. Токойдун аянты өтө чоң болгон, канчалык экенин так айталбайм.

Шипшиңкенин мурунку аты Улук-Коргон деп аталчу. Изилдөөлөргө кайрылсам, Шипшиңкенин ордунда кыргыздар калмактардан коргонуш үчүн атайын курулган чеп болгон дешет. Ал чепте эл башкарган улуктар отурган. Аларды кийин Кокон хандыгы басып алып, кайра көп өтпөй кокон хандыгын кууп чыккан. Турмуш өзгөрүп, адамдар жаңырган. Эл башкарган хандардын да жашоосу бүтөт демекчи, "элүү жылда - эл жаңы, жүз жылда - жер жаңы" болуп, жер титиреп, чеп урайт. Археологиялык казууларда Хан ордону (чепти, азыркы тил менен айтканда резиденцияны) 18-кылымга таандык деп такташкан.

Кетмен-Төбө өрөөнү Кыргызстандын чок ортосунда жайгашкандыктан, борборду Токтогулга көчүрүү жөнүндөгү аңыздар бекер жеринен чыкпаса керек.

Биз Кетмен-Төбө деген сөздү уламыштагы качандыр бир кезде алп хан элине ачуусу келип, дарыяны өзүндөй алп кетмени менен кетмендеп койгон дөңдүн атынан коюлган деп түшүнчүбүз. Ал эми изилдөөлөргө келсек Кетмен-Төбө - Гетмантөбө - "Хан Дөбө" же хандардын сөөгү коюлган дөбө дегенди билдирет экен. Бул ачылыштарды белгилүү тарыхчы, акын Байас Турал жазып чыккан.

Муну такташ үчүн чылк алтынга толгон дөбөлөрдү ачыш керек, ачайын десең суу басып жатат. Мисалы ошол суу сактагычтын Токтогул районуна бир да пайдасы жок, анын пайдасын коңшу өлкөлөр гана көрөт.

Башка жер түгөнүп калгансып ушу хандар жайгашкан резиденцияны Москванын эл бийлеген чала сабат секретарлары эмне себептен сууга чөктүрүп салгандыгын белгилүү журналист, акын, прозаик Кетмен-Төбөнүн чүрпөсү Бактыгүл эжем Чотурова изилдеп көрүп, ачык эле жазып, китеп чыгарды.

Менин Анаш тайнемин чоң тайнесинин бала чагында эле "Кетмен-Төбөнү суу басат, Анжыянды сел басат" деген макал бар болгон имиш. Суу го басты, эми сел каптабай эле койсунчу...

Жерибиз касиеттүү жер эле, жаратылышы өтө кооз, гүлдөрдүн жана жемиштердин түрү бар болчу. Пайдасынан зыяны көп ишти жасап, бейиштей

жерди сууга чөктүрүп салышты. Биз болсо суудан качып жүрүп отурдук, суу бизди кубалап жүрүп отурду...

Алгач Агрономдун аягына, жардын (кашаттын) четине, мүрзөлөрдүн жанына коңшу болуп көчүп келдик. Бала болсок да караңгыда сыртка чыккандан коркчу эмеспиз, себеби атамын мүрзөсү бизге арка бел, опол тоо, жөлөнсөк жөлөгүбүз, сүйөнсөк сүйөгүбүз, таянсак өбөгүбүз эле. Күндүз мүрзөгө барып ойночубуз, балалык кылып кээде уктап да калчубуз. Апам болсо кечке талаада иштеп, кечинде малына чөп оруп, ал чөптүн ичине бир дарбыз салып таңып, төбөсүнө көтөрүп келатып мүрзөгө жеткенде эс алчу. Биз анда апамы ээрчип, дүйнөбүз түгөл болуп кобурашып үйгө жөнөчүбүз. Бирок бул күндөр да көпкө созулган жок. Себеби суу билинбей жылып келе жатты. Суу сактагыч эмне үчүн сөзсүз эле мен жашаган айылдарды басып атат деген балалык ой мени курчап алганы менен суунун эмне себептен сакталып атышына анча деле маани берген эмес экемин.

Бизге караан болгон атамын мүрзөсүн семиз орустар көл-шал болуп, тердеп-бурдап казып, сөөктөрүн шагыратып сыртка ыргытып салышты. “Сортовойдун” талаасында иштеп жүргөн апама чымын-куюн болуп учуп жетип, ушул суук кабарды айтарым менен мурдуман кан атып кетти, апам башындагы көгүш гүлдүү жоолугун жулуп алып менин мурдума жаап, колуман кармап жетелеген бойдон чуркап, мүрзөгө келдик. Орустар бая шагыратып ар кайсы жакка иретсиз ыргытып жаткан сөөктөрдү биз келген тушта катары менен жыйып, кабырга, шыйрактарды тизип, эң үстүнө башты коюп коюптур. Аны көргөн апамын эси ооп, теңселип, теңселип барып токтоду. Өзүн канчалык карманса да болбой көзүндөгү акак мончоктор шыбырап төшүнөн ылдый куюлуп атты:

- Олдо шордуум ай, сени ушунтип көрөм деп ойлодум беле? Кайсы күнөөң үчүн? Эмнеден жаздык, эмнеден жаңылдык эле, кургурум ай? Бул эмне деген кордук, минеге мынчалык кордолдуң, айланайын ай!

Бизден башка да чыркырап ыйлап жүрүшкөн сөөк ээлерин болгону бир гана карыя башкарып жүрдү. Элди ыйлабаганга үндөп атты.

Апам үйдөгү күн мурунтан даярдап, ак чүпүрөктөн кепинге деп тигип койгон чоң калтаны эжемен алдыртты.

- Мүрзөлөр казылат, чүпүрөгүңөрдү эртерээк даярдап койгула, казылары менен сөөктөрдү башка айылдарга көмгөнү алып кетебиз, калта даярдабасаңар үлгүрбөй каласыңар, - деп улам бир чабарман мүрзөдө жаткан маркумдардын жакындарына келип, жүрөктүн үшүн алган кабарды берип турганда апам өзүнүн боюнан узун ак кепин-калта тигип койгон. Аны көргөн коңшулар:

- Койсоңчу, эриң тирүү чыга тургансып, адам бою менен бир кылып кепин тигесиң да, кичинекей эле калта тиксең болбойбу? - деп күлүшкөндө, апам:

- Ал байкушумун бою узун эле, - деп тим болгон. Сөөк казылып атканын угуп топтолуп калган кошуналар апамын көсөмдүгүнө таң калышты. Себеби кепин атамын жиликтерине чак келди.

Аңырайып ачылган көрүстөндүн арасында калталарды колдоруна аяр кармап, катар тизилип отуруп алып, уңулдап ыйлаган элдин үнүнөн башка семиз орустардын (мүрзө казган арык орусту көргөн эмесмин) тердеп, күшүлдөп көр казгандары гана угулуп турду... Алар ээси жок сөөктөрдүн эски мүрзөлөрүн да

ачып салышты. Ал сөөктөргө карыялар мүшөк алдыртып, өз-өзүнчө салдырып коюп атышты. Баса, көр казгандар жалаң орус улутундагылар болчу, балким бөлөк улуттан да бардыр, бирок бир да кара чач, кара көз мусулман мүрзөчү болгон эмес.

Апам калтанын оозун бекем бууп, эл жалдаган чоң корзовой (грузовой) машинеге чогуу түшүп, алар сөөктөрдү кайда апарып көмсө, алар менен кошо барып, кадимки казанагы бар чуңкур казып, атамы экинчи жолу көмүп, үстүнө устун кадап белги коюп келди. Апамын айтуусунда ал жер Кушчу-Суу же Мазар-Суу болуш керек эле. Кушчу-Суудагы Маркис айылы атамын туулган айылы болчу, бирок Маркисти да (балким Маркс) суу басып калды.

Ошол мүрзөлөрдүн арасынан жаш өлгөн бир кыздын мүрзөсүн казганда көп жылдан бери жатса да денеси чирибей бүп-бүтүн чыккандыгын айтып айылдагылар көпкө чейин дүрбөлөң түшүштү. Ал тургай аны кайра көмдүрбөй текшеребиз деп Фрунзеге алып да кеткен имиш. Ал сөөктүн жакын тууганы классташыбыз болчу.

Биз антип-минтип чоңоюп, мүрзөгө барып куран окутуп, эстелик тургузганга жарагыча мүрзөлөрдүн ушунчалык көптүгүнөн атамын мүрзөсү таанылбай калды...

Адамдар мындай азапка,
Аргасыз эле көнүшкөн.
Атамын сөөгүн өз жери,
Кушчу-Суу жакка көмүшкөн – деп жазгам кийин.

Бирок, жаңылыпмын. Сөөктү Кушчу-Сууга да эмес, Мазар-Сууга да эмес, Чолпон-Ата, Терек-Суу айылдарына кирип бараткан Кайракы деген бийик дөңсөгө коюлганын кийин атамын иниси Баркы акемен уктум.

Ошондон бери ушул күн,
Арманым келет арылбай.
Көп болуп сөөктөр атамын,
Мүрзөсү калган таанылбай.

Токтогул суусу суу эмес,
Көзүмүн жашы ал менин.
Бабалар жерин сагынган,
Көзүнүн жашы ал элдин.

Токтогул көлү көл эмес,
Көзүмүн каны ал менин.
Бейиштей жерден айрылган,
Жүрөктүн каны ал элдин.

Ооба, бул жасалма көл менин жана мага окшогондордун көзүнүн жашы, жүрөгүнүн каны менен толуп турат... Бизге окшоп ата бабасынын сөөгүн жонуна

артынып, топурагы алтын туулган жеринен ажырап, балалыгын, баскан изин таштап кеткен алсыз жанды эч жерден учуратпайсың...

### Атам

Атамын кесиби мугалим экенине карабай колунан көөрү төгүлгөн тубаса уста болчу, ошондуктан мындай ыр жазгам:

Атамы тартып устамын,
Энеми тартып кошокчу.
Ыйлаган ыйы куюшуп,
Муундун баарын бошотчу.

Атамы тартып шок экем,
Энеми тартып жоош экем.
Кошулса плюс барабар,
Митистен чыккан мощь экем.

Энеме окшоп унутчаак,
Атама окшоп тырышчаак.
Экөөнөн чыккан кулунчак,
Жашасын улуу Бурул чак.

Атам буту ооругандыктан балдак менен басат. Балдагын жанына коюп алып устачылык кылат. Онтоп жатып калганын көргөн жокмун. Темир уста да, жыгач уста да болчу. Анын үкөсү Баркы акебиз менен жакында эле табыштык, жетимиштен ашыптыр, ал да Кушчу-Суу айылынын атактуу устасы болгон экен. Ал өнөрүн азыр Бактыяр, Бактыбек, Акболот деген балдары улантып келатыптыр. Эки иним кайтыш болуп кеткенден кийин “Карагулуман туяк калган жок, кыздар да адамбы?” деп Баркы акем каттабай калган.

Бактыяр деген баласынын жасаган усталыгын, салган үйлөрүн бир эмес эки диплому бар атайын адистер да кайталай албайт. Ушунчалык кыйын уста. Кыйындыгынан кандай ишти жасабасын бүтөрү менен өзүнүн ишине өтө курсант болобу, айтор жүздөн сеп этип алып эс алат. Сеп этип эле эмес катуу ичет. Канчалык кызуу абалда иштеп атса да ишинен бир кынтык таппайсың. Колдон колго өтүп тартышка түшкөн уста. Анын катуу ичип алганына карабай уктап жаткан жеринен көтөрүп болсо да алып кетишип үйлөрүн салдыртышат.

Баркы акем жаш кезинде палван болгон. Мен канчалык узун болсом да акемин көкүрөгүнөн эле келем. Колдору шадылуу, манжалары узун. Кезинде жарышка түшүп бир козунун этин жалгыз жеп койгон учурлары болгон экен. Азыркы кезде март айында Бишкекке келип Ноорузга карата уюштурулган майрамдык оюнда өзү куруктуу чалдар менен күрөшкө түшүп, бардыгын жеңип кетет.

Атам достору менен дарыянын жээгине эс алганы барганда мени да көтөрүп ала кетчү экен. Аяш ааталарым “Бу кызңы эмне жегизип багасың? Кечи, биз да көтөрүп көрөлү” дешип, көтөрүп алып топтой кылып бири бирине ыргытып ойношчу экен. “Эркекче кийинтип, сөктүрүп, баатыр кылып өстүрөм кызымы” дептир атам. “Ушу семиз кызыңыбы, ары бечел да болсо байкуш” деген досторуна атам терикчү деле эмес экен.

Атамын жасаган буюмдарынан менин эсимде калганы: бешик, жел бешик, үстөл, тапуретке, балта, балка, күрөк, кетмен жана анын кооз саптары, капкандын түрү (карышкырга, түлкүгө, кашкулакка, суурга, аюуга), кыргыз мылтыктар (түтөтмө мылтык, милтелүү мылтык), мантикрас (Монте крис болсо керек), ээр, жүгөн, нокто, чылбыр, эшек-атка арабалар, үй жана ашкана эмеректери, тапчан, пружина коюлган жумшак силкилдек отургуч (орусча кресло). Мындай отургучту кийин өкмөттүн фабрикалары чыгарып баштады. Ошол отургучунда отуруп жаны чыкты атамын.

Шипшиңкени айланта курчалган эски дубал коргон бар болчу. Ичинде Кара сакал, Өрнөк, Шипшиңке, Загоскот (Заготовительная контора) деген чоң айылдар болгон. Загоскотто да коргон менен тегерете тосулган аябагандай чоң сарай бар, анын ичинде союшка даярдалган малдарды багат, малды бордоп семиртишчү. Чоң-чоң клеткаларда уй, жылкы, кой, эчки, торпок, чочколор өз-өзүнчө бөлүнүп багылат. Загоскот айылында жашаган элдин баары ушул коргондун ичинде иштешчү, кезек-кезеги менен мал багып, союшка алыска айдап кетишчү. Бул жерде орустар да болчу экен, алар кыргызча так сүйлөп, кыргыздашып кеткендиктен алардын улуту орус экенин көп жылдан кийин билдим.

Малдын чөптөрү, комбайн, тракторлор турчу. Кайрып келген жүгөрүнү ат менен темин бастырышат. Же атка темир дөңгөлөк чиркеп алып, ары-бери бастырып жүгөрү чыгарышат. Бир жеринде комбайн менен буудай сапырышат. Кызылча, күнжара (пактанын чигитинен жасалган), силосту трактор менен жүктөп келип төгүшөт. Өзүнчө эле берекеси төгүлгөн кырман болчу. Аябай чоң устаканасы бар, атам анда уста болуп иштечү.

Коңшулар жашаган үйлөрдү опшит дечүбүз. Биз жашаган үйдү атам өзү салган. Далисибиз аябай чоң, себеби атамын жарактары сакталат. Анан чоң бидондордо туп-тунук болуп толтурулган керосиндер турчу, мен далай жолу суу экен деп адашып ичип алган күндөрүм болгон. Керосин менен примус, карагазды жагып, чай кайнатып, тамак бышырышат.

Күн алыста тоок союп берет атам. Тоогубуз укмуш көп, тоок бакканга атам да, апам да кыйын эле. Тоок кепени да кооз кылып жасаган. Конок келгенде сөзсүз тоок союшчу. Өзгөчө тайнемдер келгенде атам жетине албай үчтөн, кээде андан көп тоок сойчу. Ким келсе да мага тооктун жоон саны тийчү. Эгер жиликтен башка жерин берип коюшса көгөрүп эки күн тамак жебей койчумун.

Татай тайкемин минтип айтканы бар эле:

- Шипшиңкеге силердикине учурашканы тынбай келип турам. Бир келишимде Карагул жездемин буту ооруп балдак менен басып, атына мине албай калыптыр. Минилбей калган аты азоо болуп карматпай коюптур. Мени эптеп кайрып кел, алдын тосуп турайын, экөөлөп кармайлы деди. Ошондо мен он же он бирде эле болчумун. Бош жүрүп көнүп калган атын бир күн кечке куудум, такыр

карматпай качып кетет. Аябай чарчап калдым, ат деле чарчады. Тоодо мындан жаман азоо аттарды кармап минип алчумун, бирок жездемин атын кармай албай койдум. Бир күн кечке талаада ат кубалап жүргөнүмү эшек минип мал кайтарып жүргөн акелер көрүп эле унчукпай турушкан, ошолорго аке, кармашып койгулачы деп кыйкырдым. Алар мени жөн эле ойноп жүргөн бала болсо керек деп ойлошуптур, анын үстүнө сырттан келсем таанышкан жок да. Алар чарчап калган атты ар кайсы жагынан оңой эле тосуп кармашып беришти. Атын кармап акактап келсем жездем тура калып бетимен өөп сүйүнгөн.

- Эми тоокту карма десем чарчап калдың, эс ал, өзүм кармайм, - деп калды. Мен чын эле ак өпкө болуп калгам.

Өзү балдак менен басса кантип кармасын деп ойлонуп калсам, жездем колуна бир кочуш жем алып “тү-түлөп” чачса заматта тооктору эшик алдына толуп чыкты. Октоп койгон мылтыгын ала коюп эле семиз тооктон экини сулата атты. Тыбырчылаган чала жан тоокторун союп бүткөндө, примустагы кайнап аткан сууну алып кел деди. Алып берсем алдында турган чарага салып кайнаган сууну үстүнө куюп заматта жүнүн жулуп даяр кылып койду. Мен оттуу улуу жагып эки тоокту куйкалай салдым. Жанагыл эле примуска чоң кострюлга суу куюп, даяр болгон тооктун эттерин салып койдук. Тоок бышканда жездем экөөбүз аарчып даярдаган картошканы салдык. Пиязды кесип, үстүнө шорподон куюп, чык болсун деп карагазга өзүнчө асып койдук. Эжем кесип даяр кылып кеткен камырды салдык. Бешбармагыбыз эми бышкан кезде эжем иштен келип калды. Мал баккан контордо иштечү. Силер болсо чоң көчөдө өзүңөрдөй майда балдар менен ызылдашып куушуп ойноп жүрдүңөр. Чакырсам такыр келбей койдуңар. Жездем “жөн кой аларды, курсагы ачканда өзүлөрү келет” деп астыртан силердин кыймылыңарга көз салып пружиналуу бийик отургучунда байкап отурчу. Айтканындай эле эжем келери менен артынан удаа келип калдыңар, - деген болчу Татай тайкем.

Атам ошол тайкем айткан атты апама мин деп берип, өзү эшек сатып алган. Эшек мингенине да ыңгайлуу болчу.

***

Сууну сайдагы шаркырап, күрпүлдөп, ташкындап жинденип, буурakандап аккан дарыялардан ташып чыгышат. Биз куушуп ойноп тамдын арты менен сайга түшүп кетсек атам турнабай салып кашаттын жээгинен карап отурчу. Эгер дарыяга жакын баратсак кыйкырып токтотчу бери болгула деп. Сайдын ичинде дарыя жайык болуп, жай аккан жери бар болчу, бирок өтө терең эле. Нарын, Чычкан, Бала Чычкан, Итагар, Торкен, Кишен, Жети-Суу, Узун Акмат, Көкөмерен дарыялары, дагы көптөгөн өзөндөр, тоодон түшкөн тунук булактар агып келип, биздин сайдан кошулуп, эки тоонун ичине кирип кетчү. Чоң жолдун аягы биздин үйдөн бүтчү. Ушундай сонун, кооз айлыбыздын үстүн тебелетип, сууну бөгөп, суу сактагыч куруп салышты.

Ушул дарыяга чогуу ойногон Түкү деген коңшу кызыбыз агып кетти, аны кармап калам деп Сакиш деген жезде сыйдам ташты жаздым басып алып ал да артынан агып кетти. Ага чейин, андан кийин да далай кишилер агып атышты. (Азыркы күндө да көлдүн жээгинен ошол көрүнүштөр кайталанып турат).

Азыр ушул Шипшиңкемин айылын, элин гана эмес чаңын кошо сагынам. Чаңы керемет болчу. Жыгылып кетип жаракат алган жериңе чаң топурактан сүртүп коюшса тагы да калбай, бат айыгып кетчү. Анан шамал болгондо, же араба өтүп кеткенде кадимки чаң буруксуп жыттанчу. Азыркы чаңдар менен эч салыштырып болбойт.

***

Атам жасаган катуу керебетте мен атам менен жатчумун. Бирок, кийинки жылдары сиңдими алып жатып калган. Анын атын атам Тунук дечү. Аны туурап бүт айыл Тунук деп калган. Эжеме болсо жумшак керебет жасап берген. Бизге деп жасаган эки кичине үстөлгө бизди бөлүп отургузуп коюп, эжемин жанына апамы, менин жаныма өзү отуруп алып өзү жасап берген ар түрдүү оюнчуктарды тизтирип, куурчактарыбызга ат койдуртуп (Данек кыз, Айдыңнур, Күлкүчү кыз, Түнт кыз, Мүрөк, Чүрөк, Сыйдам кыз, Жанат кыз, Сулуукан, Сайкалай, Айкалай, Ийилчек, Зымырык ж.б.), аны орогонду, алдей ырын ырдаганды үйрөтүп, жомок айтып эки тарап кадимкидей мелдешке түшүп, жарыш оюнун өткөрөбүз же бири бирибиздикине айылдайбыз. (Баса, ушундан 35 жыл өткөндөн кийин апам эң кичүү баласынын кыздарынын атын Сайкалай, Айкалай койду). Жомок айтып берип атышканда куурчактарыбызга кадимкидей жан кирип, кыймылдап атышкандай туюлат. Атам ак калпагын баса кийип Манастан кыскача үзүндү айтып берет. Андан сырткары Семетей, Сейтек, Кедейкан, Каныбек, Курманбек, Жаныш-Байыш эпосторун айтып, баатырлар жөнүндө түшүндүрүп берчү. (Мектепке окуп калганда бул китептерди апам окуттурду бизге). Атам өзү окуп, бизге айтып берген ушул китептер биз Токтогулдан ызы-чуу болуп көчүп кеткиче сакталды үйдө. Андан кийин “Кимди ким көрдү, Быржыбайды там басты” болуп, көчүп конуп жүрүп, анан ар ким сурап кетип алып келбей коюп жоголуп кетти. Атамын алардан башка да кызыктуу көп китептери (Куйручук, Бекназар куудулдар) өзү жасаган китеп текчесинде ирети менен жыйылып турчу. Ал текчеге апам ак матага түрлөп кеште сайып парда тартып койгон.

Башынан ак калпагын түшүрчү эмес атам. Ал кезде бардыгы ак калпак же кийиз топу кийип жүрүшчү, эскирип калса да таза кийизден жасалып, аттын куйругунун кылы менен кылданган калпактар көпкө чыдачу. (Азыркы кытай “кийизинен” жасалган арзан калпактарга салыштыруу мүмкүн эмес.) Кыргыздар жөнүндө көп санжыра айтып берет эле, бирок ага түшүнчү эмесмин. Азыр ойлосом атам азыркы мага окшоп улутчул болсо керек. Кытай жибегинен апам тигип берген кооз, гүлдүү көйнөктөрдү кийгизип коюшчу. (Биз сегизинчи класска чейин кийген көйнөктөрдү апам өзү тигип берди.) Кимдин үйү жакшы жасалганын текшерчүбүз. Атам “булардыкы начар турбайбы, биздики кооз экен” деп койсо мен эжем Рысбүгө (Ырыс) тилими чыгарып “айрөк-айрөк, силердин үйүңөр жаман, биздики сонун” деп чычалатам. Айкөл эжем аны тоготуп деле койгон жок, кимдин үйү сонун экени ага баары бир болчу. Апам:

- Чычалабагыла да, карачы бизде оюнчуктар көп, атыр, упа, эндиктер да бар, - деди.

Чын эле бизде атыр, упа жок экен. Үстөлүмүн үстүндө куурчактардан сырткары көбүнчө атамын курал-жарактарын жана отвертка, кычкач, капканды

коюп, бурчка мылтыгын жөлөп коюптур. Ага чейин көңүл бурбай эле биздики сонун дей берипмин. Ызалана түштүмбү бир маалда чырылдап ыйлай баштадым. Атам мени астына алып, апама:

- Алып кел бери, алдагы биздин атыр, упаларды, - деди.

- Мегиле, ала койгула, чычалактар, - деп бардыгын берди.

Үстөл үстүнө апам өз колу менен сайып кооз гүл түшүрүлгөн ак матаны да жаап алышыптыр. Көзүмө ого бетер сонун көрүнө түштү. Апам өз колу менен куурчагыбызга жасап берген кичинекей төшөк, жаздыктарды да талашып ыйладым. Аларды да атам күчкө салып алып койду. Эжем талашып ыйламак тургай кебелген да жок, өтө эле жоош болчу.

Анан оюн бүтүп, апам сиңдими эмизип бүтүп атамын жанына жаткырып коюп ашканага чыгып тамак жасаганга киришти. Атам кызын кучактап керебетине кыңкайып жатып калды. Эжем экөөбүз ойноп аттык, ал капканды алып ачып көрөм деп колун чаптырып алды. Эжемин колун чыгарам деп тартсам менин колум чаптырылып калды. Менин колуму чыгарса эжемки кыпчылып калат. Бирибиздикин чыгарсак бирибиздики кыпчылат, деги чыгара алсакчы. Атам ойгонсо бизди урушат дейт эжем. Ыйлаган да жокпуз же апам кирип калбайт. Улам эс алып бири-бирибиздин колубузду ынтымак менен чыгарышып атып канча убакыт өттү билбейм, бир маалда атамын борсулдаган күлкүсү угулуп калды. Көрсө колубузду чаптырып алып шыбырашып сүйлөшүп атканыбызды атам көрүп көзүнөн жаш чыккыча күлө бериптир. Биз элейип карап калсак:

- Олдо кагылайындарым, менин шаймандарым менен ойнобогула дебедим беле, - деп бир жерин басып койсо эле ачылып кетти.

Апам киргенде атам айтып берип аябай күлдү.

- Булар бала да, чыгарып койбой кайра каткырып коет, колдору ооруп калбадыбы, - апам кайра-кайра колубузду өөп атты.

Атамын минтип күлгөнүн кийин такыр көргөн жокмун. Жанагы капканды суур, кашкулакка салышчу экен. Бир доктур кызыл жүгүрүккө кашкулактын эти даары деп айткандыктан, атам достору менен сайга түшүп, тоонун боорунан кашкулак кармап келишчү. Апам анын этин кайнатып бергенден жийиркенип, бир казанды өзүнчө бөлүп, анан башка кемеге жасаттырып берген. Кашкулактын эти бышкыча атамдар там артында карта ойноп отурушчу. Кыйкырышып, күлүп жыргап, укмуш ойношчу. Менин көз алдымда атам дайыма аяш аталарым менен карта ойноп отурганы элестелет. Ооруп ооруканада жатканда да карта ойноп отуруп, колуна картасын кармап сүрөткө түшкөн экен. Өмүрүндө үч гана жолу сүрөткө түшүптүр.

Иним Жамгыр төрөлгөн жылы жайында артисттер келиптир деп айыл дүрбөп калды. Атам да даярдана баштады. Эшегине өзү жасаган чоң арабаны чиркеп, үстүнө жылуу төшөк салып “алып кел Акбукуму” деди. Апам мени кийинтип, арабанын үстүнө көтөрүп отургузуп атып, “Рысбүнү да албайсыңбы?” деп атамы жаман көзү менен карады. “Алып кел” деди. Кичинекей сиңдими да алып, алдына өңөрүп алды. Апам эмчектеги Жамгыр менен үйдө калды. Артистерди көргөнү бараткан айылдаштардын баары арабага чыгып отуруп алышты. Концерт талаада болду. Биз арабадан түшпөй отуруп көрдүк.

Эки киши, бир аял чыгып алып эле бир нерселерди айтышат, элдер күлүшөт. Биз зеригип кеттик. Бир маалда атам “тур, көрбөйсүңбү сонун болуп атат” деп ойготту. Карасам дагы эле артисттер сүйлөшүп атышат. Концертке келгиче эле сүйлөшүп алышпайбы деп жиним келет. Талаада эл батпайт. Бизге окшоп эшек арабада отуруп көргөндөр да бар. Андагы эшек-арабасы барлар азыркы “Джип” машинасы бар дегендей эле кеп. Дагы уктап кетиптирбиз. Ойгонсом термелип кетип баратабыз.

- Ата, концерт болгон жокпу? – дедим.
- Болду, бүтпөдүбү, - дейт.
- А минеге ырдашкан жок?
- Ырдашты, силер уктап калбадыңарбы.
- Каап, ырдаганын көрөт элем да, - деп катуу кейидим.

Жайында сырттагы атам коздоп жасаган тапчанда жатабыз. Балдарымы чиркей талап коет деп марлиден коздоп чатырга окшотуп машаакана жасап, кечинде үстүбүзгө тагып, таң атары менен чечип алып коет. Аны көргөн айылдагылардын баары марли сатып келип, атама биздикиндей төрт бурчтуу машаакана тиктирип кетишчү. Марли чатырыбыздын үстүнө дыңылдап учуп келген чиркейлер жаш канды кантип сорушарын билишпей, жандалбастап баштарын марлиге ургулап, ийнелери менен майда тешиктерди сайгылап айгай салып кокуйлап, чурулдашып, канаттарын чапкылап атканын көпкө чейин карап жатып ширин уйкуга кетебиз.

***

Атам мени катуу эркелеткендиктен эч кимден коркпойм. Эжеми да, айылдагы шок балдарды да, алым жеткендерин улуу болсо да сабап салам. Апам урса атам болушат деп ойлойм.

Мени айылдагылар “Ташахундун кызы” деп чычалатышчу. Ташахун ата уйгур болчу, үй-бүлөсү жок, бозону көп ичкен, ичкен жеринде оонап жатып кала берген, бирок кишиге эч жамандыгы жок, бирөөнүн ишин жасап берип күнүмдүк тамагын таап жеп, көбүнчө эки кемпири (байбичеси, токолу) бар (мурун бай болсо керек, түрмөгө да кесилип келген) Көөбаш деген казак чалдын үйүндө кызмат кылып, жаман кепесинде түнөп жүрчү. Пас таманга кезек-кезек каттап калчу. Барган сайын сөөк мисте, жыгач мисте алып келип сатып калчу. Эки кемпирдин Абида (жоош болчу), Трайкүл (“жаактууга жай бербеген, жайдак атка бой бербеген”) эки кызы бар. (Трайкүл эженин өз аты Траиса экенин кийин Күмүшкан эжемен уктум.)

Апам иш кылып алайын деп мени көбүнчө Ташахун атага көтөртүп жиберчү экен. Ал бир топко чейин көтөрүп ойнотуп, айыл кыдыртып жүрүп мен уктап калганда гана шалактатып үйгө апкелчү экен.

Бир жолу уйгур ата мас болуп жолдо уктап жатып калыптыр. Мен чөнтөгүн аңтарып насыбай салган кооз чакчасын алып чыктым. Анысын балдардын көзүнчө сындырып талкалап, насыбайын чачып жибердим. Чакчаны Андижандан сатып келген. Ал соолугуп ойгонгондо талкаланган чакчасын көрүп алып өңгүрөп ыйлаган. Бул менин өч алуум болсо керек. Уйгурдун чакчасынын

талкаланганы айылга дүң деп жайылып кетти. Ошондон кийин “чычалап, намыстанат окшойт” дешип, мени Ташахундун кызы дешкендерин коюшту. “Ташахундун кызы” деп өзүм курактуу же 1-2 жаш улуу балдар шылдыңдаса сазайын колуна берип “аке” деттирчүмүн.

Атам мен төрөлгөндө азан чакыртып атымы Таңнуру коюптур. Аны уккан айылдын биларман байбичелери “Кокуй наалат, мине деген ат коюп алгансыңар, ошондой да ат болчу бекен? Үч кыздуу болуп алып анан Таңнуру дегениңер эминеңер кокуй? Токтоткула мындай салтты аттаганыңарды, атын Бурмакан же Бурулсун дегиле” дешет. Ал кезде айылдын аксакалы айбан болсо да айтканы закүн болчу. Салтка баш ийүү, ыйман деген күчүндө эле. Азыр салт өзгөрүп, унутулуп бараткань өкүнүчтүү. Метиркамы алганы келишсе Бурулкан деп жазып коюшуптур.

**Базаркан, Рысбү**

Атамын биринчи аялынан төрөлгөн Базаркан эжеми тайжеси Гүлай эже багып алган. Аябай кең пейил барбаңдаган эже эле. Базарканды жерге сууга тийгизбей, саамайына жел тийгизбей бакты. Эжем өмүр бою Токтогулдагы гезиттин басмаканасында ленотипицка (мурда басмаларда жайгашкан Н-14 деген чоң машина менен тамга теришчү, кийин Н-140 деп жаңы чыккан машинага алмаштырылган, азыр алар калып, компьютерлештирилген) болуп иштеди. Кийин Анара кызын окутуп ордуна ишке орноштурду. Макаланы жакшы жазчу. Тамашакөй, күлдүрүп сүйлөгөн, шайыр болчу. Эки көзү чырактай болуп күйүп турчу. Мен Фрунзеден барган сайын редакцияга эжеме кайрылчумун. Редакцияда иштеген кызматкерлер биздин бир тууган экенибизди кийинчерээк угушуп аябай таң калышкан.

Ушул эжем 7 балалуу болуп, небере багып, 4 кызын күйөөгө узатып, уулдарын үйлөп, орун-очогуна койгондон кийин көп өтпөй, кан басымы көтөрүлүп кетип, күлүп-жайнап отурган жеринен эле кайтыш болуп көзү өтүп кетти.

Эжемин Анара деген улуу кызы атама куюп каптагандай окшош. Жамгыр үкөм да окшош, бирок Анарачалык эмес. Бою да теректей, арык чырай, ак жумал, мурду коңко, үнү да жоон, Анараны көргөн сайын атамы көргөндөй эле боло беребиз.

Анаранын чоң баласы Бакыт эр жетип 18ге толгондо көлгө чөгүп кетти. Анаранан айтуусу боюнча түштө үйдө чай ичип отурушса кошунасы Нурислан (кличкасы Чучук), Эмир деген эки бала чакырып калат. Ага чейин ал балдарга кошулбай качып жүргөн, себеби алардын нашаа менен алектенгенин билип калган. (Токтогулда кара куурай өскөндүктөн акча жасоо максатында бир жылдары өспүрүм балдар куурай терип, аны ушалоо менен алектенип кетишкен). Экөө ой боюна койбой алып кетип калыптыр. Анара чыгып эле таппай калат. Чучук менен Эмирдин үйүнө кайра-кайра издеп бара берет, алар жок дедирте берет. Түнү менен уктабай чыгат. Жүрөгү жамандыкты сезген Анара Чучукту экинчи түнү үйүнөн кармап “Балам кана?” дейт. Ал билбейм десе, “сен аны кыйнап ээрчитип кетип бир нерсе кылып коюп дымып отурасың, бас таап бер, же

өлтүрүп салдың” деп атырылат. Эрте менен эрте милицияга кабарлайт. Себеби Бакыт үйүнөн карыш чыкпай, атасынын жогун билгизбей үй ишин жасап, карындашы Айзадага, апасына каралашып, тың, акыл эстүү болуп өскөн.

Акыры анын көлгө чөгүп кеткени жөнүндө кабар угулат. 2007-жылы 27-июнда чөккөн Бакыттын сөөгү 2-июлда Кошулмадан табылган. Ал сууда жакшы сүзчү. Чөгүп кетиши эч мүмкүн эмес эле. Сөөктү судмедэкспертизага алып келгенде көк желкесине катуу нерсе тийгендиктен көгөрүп калган, мурду да көгөргөн, алдына (жан жерине) да катуу нерсе тийип көгөргөн. Бул деген эмнени түшүндүрөт? Катуу келтектеп туруп сууга ыргытып ийишкен дегенди түшүндүрөт. Бирок “сам утонул” деген жыйынтык менен ишти жаап салышкан.

Эки баланын айтуусу боюнча көлдүн жээгинде кара куурайды ушалап отурушса ошол жакта жүргөн үч милиция (Фархад, Шекербек, Бакыт) кууйт. Алар көлгө түшүп, аркы жээкке карай сүзүп кулач урушат. Берки экөө жээкке чыгып кетишет. Бакыт айлампага туш келип калып, катуу чарчагандыктан алы келбей чөгүп кетиптир. Анын чөгүп кеткенин көргөн үч милиция качып кеткен имиш. Бирок экспертиза боюнча Бакыттын колунан нашаа ушалаганы чыккан эмес. Аны балдар да ырастады “Бакыт ушалабай койгон” деп.

Бул иштин бети ачылбай калган себеби бул жерде акча роль ойноп кетти дегенди түшүндүрөт. Анткен себебим Анара ишти көзөмөлгө алган Ш.Шейшеналиев деген дайыма арак ичип жүргөн прокурорго үчүнчү жолу барганында сөгүп, кубалап, ал тургай колун артка кайрып уруп, “балаң өзү чөгүп кетсе деле келе бересиңби, жогол, экинчи көзүмө көрүнбө” деп сыртка түртүп салган. (Соо болсо ушинтет беле?..) А адвокаты Мира деген “үч милициядан он миңден отуз миң албайсыңбы, ишти басып коелу” дегенде, ыйлап туруп, “менин балам он миң же отуз миңдик эмес да, ар ким кудай алдында өз жазасын алышсын” деп акчадан баш тарткан. (Аны кийин адвокат танып кеткен).

- “Алдырарда жаздырар” болуп, ошондо сыртка кошо чыксам эле балам барбай калмак. “Эшикте балдар чыкырып атат” дешкенде дароо чыгып кетпей, жакшы эле кылчактап мени караган. Күчкө салып алып кетишкен, себеби бул экөөнүн наркоман экенин билип калып, алардан качып кошулбай калган. Көзүмө гана күчүмү чыгарып, бардыгын кудайга салып баламы колуман жулдуруп ийип, эки көзүм кашайып отуруп калдым. Азулууларга алым жетпей калбадыбы, бардыгы тең акчанын күчү менен таза чыгып, менин эле балам күнөөлүү болуп калды. Деги баладай бала болсочу, - деп сиңдим көз жашын буркурап төксө жанында адам туралбайт.

Бул окуя сотко ашкан эмес. Ш.Шейшеналиев кандай кылып басты али белгисиз. Андан бери төрт жыл өттү. “Кан кое бербейт” деген сөз бар. Ошол эле Чучук ошол эле мезгилде кыз зордуктап түрмөдө төрт жыл эле отуруп, акчанын күчү менен чыгып келген. Прокурордун кайда экени белгисиз. Милициялар да көрүнбөйт.

***

Анан апам да Рысбү эжеми төрөйт. Атын Ырыс дечүбүз. Ырыстын мүнөзү тескерисинче түнт, аз сүйлөгөн оор басырыктуу болчу. Үйдүн ишин көз ачып жумгуча эле жайгаштырып койчу. Кичине болсо да эки битонду же эки кичинекей челекти алып сайдан суу ташып чыкчу. Агрономдогу кашаттан да эки чоң челекти баканга илип ийнине коюп эс албай көтөрүп чыкчу. Апам аны экинчи буудан көк дечү. Биринчи буудан көк дегени өзү да. Талаа иштери да Ырыссыз бүтчү эмес, дегеле чарчадым дегенин көргөн жокмун. Кара-Суудагы кошунабыз Тезекбай акенин баласы Съездбек (Жалал атамандын небереси) Шамалды-Сайдагы туугандарыныкына ала качып кетип ошол жакта жашап жүрүштү. Тун уулу Канчоро бат эле чарчап калды. Экинчи кызы Нургиза.

Нургиз алты жашынан эле апамын кол машинесин талашып бир нерселерди апама кошулуп тигип жүрүп чебер кыз болуп чоңойду. 6-класста окуганда бир чоң үйдүн жүгү мойнуна түшүп, апам машинасын, чеберчилиги менен кошо өткөрүп берди. Тайне-тайтасынын (экинчи атам), үч тайкесинин, биздин балдарыбыздын кийимдерин тикмей, оңдомой, жамамай, бүт баары Нургиздин милдети болуп калды. 8-класска көчкөндө шаарга келип, мага, Тамара Алиевнага (А.Токомбаевдин кызы) костюм менен шым тигип бергенде, Тамара эже жетине албай оверлок (матанын четин тиккен аппарат) сатып берди. Ошондон кийин тикмечиликке баш оту менен киришип кетти. Азыр атактуу тикмечи-бычмачы. И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университеттин “Конструктор-технолог швейного производства” деген факультетин бүтүргөн. Өзүнүн эки тигүү цехи бар. Энесинин урматына кызынын атын Рыскүл, уулунун атын Эрыслам коюшту.

Ырыс отуз жашында бөйрөгү катуу ооруп тез жардам чакыртышса, боюнда бар экен деп № 2-төрөт үйүнө алпарышат. Бөйрөгү ооруп кыйналып атса орус гинеколог ичин жарып (кесерево) баласын алып чыгат. Ичиндегиси кыз экен, бирок жаңы төрөлгөн наристени карашпай энеси менен алышып атып наристе чарчап калат. Өзүн эртеси эле республикалык ооруканага которушат. Апам экөөбүз алмак-салмак отуз күн бактык. Бөйрөгү иштеп, өзү оңолуп калганда доктурлар апамы кете бериңиз дейт. Ырысты палатасындагыларга “суу ичип албасын, көз болуп койгула садага болоюндар” деп үйгө келе берет. Себеби палатасында Батиш деген классташыбыз чогуу жатчу. Батиш, Ырыстын бөйрөгүнө салган аппаратта Сүймөнкул Чокморов да келип жатып, канын тазалатып алып кайра кетип калчу экен. Батиш “кыргыздын жылдызы менен чогуу бир аппаратта жатканыма сыймыктанам” деп айтып калчу.

Апам кетери менен күйөөсү Съездбек келиптир Ырыска, ал айнектен секирип түшүп кирип, бир аз отуруп чай ичишиптир. Ал кезде баарыбыз тең эшиктен кириш үчүн айланып жүрбөй айнектен эле секирип кирип кетчүбүз. Ырыс ток чайнекке чай коюп, кайнаганда сүт актап, туз салыптыр. Экөө шашпай отуруп ичишиптир. Суюктукту такыр ичпеш керек экенин күйөөсү билбесе керек. Ал сүт актаган чайды сагындым деп адегенде бир чыны ичет, анан чай түгөнгүчө ичишет. Күйөөсү бир ооз ичпе деп койбоптур. Ошондо Батиш “көп ичип койдуң, апаң келсе мага таарынып жүрбөсүн, ичпесеңчи” деген экен. Күүгүм кирип калганда күйөөсү кетейин деп камынганча эле эжем тыбырчылап чыдабай калат. Доктур чыкырышса температурасы 40 градус болот. Дежур врачты чакырып

келишет. Ал эмне болгонун тактайт. Сүйрөмө кушетка алып келип, эжеми реанимацияга апкирип кетишет.

Уктап атсам түндө түшүмдө Ленинграддан мага кат келиптир, ачып окусам доктур жазган “Эжең түндө суу ичип алып өлүп калды, учуп келип калгыла” деген жазуу жүрөт. Эрте менен ойгонуп алып эле апама айтсам “Өмүрү суудай узун болот экен, кудай сактасын” деп туруп алып эле чай да ичпестен ооруканага кетип калды.

Апамы көргөн доктурлар “эмне үчүн түндө эле келбедиңиз, күйөө балаңыз айткан жокпу, азыр абалы оор, түшкө жакын келиңиз” дешет. Апамын артынан эле барган менин жолдошума каза болуп калганын ачык айтышат.

Ырыстан кийин мен, менден кийин да кыз келет. Анын атын Нурила коюшканын эч кимге айтышпай, “Тунук” деп коюшат.

**Көйкашка – көк көз**

Азыр Тунук аты өчкөнү менен Көккөз аты өчөлек. Чындап эле көзү көк, өжөр, беттегенин бербеген көкжал болчу кичинесинде. Экинчи аты Көйкашка. Акылынын узундугунан түшкөн айлы Жаңы-Жолдун бычакка сап алдыңкы келиндеринен. Кайын журтунун билерманы, сыр чечишери. Акылга келбеген, эрке кайын сиңдилерин ийге келтирип алгандыгы менен барктуу. Кайнене, кайнатасы айылдагы белдүү, мыкты кишилер эле. Бусурман куда экономист, андан кийин башкы бухгалтер болуп иштеп жүрүп пенсияга чыккандан кийин Токтогулдун борборунда башкы ревизор болуп иштеди. Айылдын акыны, төкмөсү эле. Жайлоого машина менен кетип баратсак, “Сенин акындыгың кайсы мени менен айтыша албасаң, мен го айылдык эле рабочий акынмын, сен деген фрунзелик акынсың, келе айтышабыз” деп мени кыйнап атып, өзү менен айтышка түшүргөн. Экөөбүз туугандарыбыздын ортосунда машинанын үстүндө жайлоого жеткиче айтышып ырдап бардык. Мен жеңилип баратканда көсөмдүгүнө салып мени мактап, алкап, аягында сен “Кыргыздын сулуусу да, көзгө басар акыны” деп, жумшак аяктады. Туугандарыбыз кимибиздин жеңилгенибизди же жеңгенибизди билбей калышты. Кудам экөөбүздүн эле ичибизде калды.

Кийинчерээк кудамы ооруп Бишкектеги ооруканада дегенинен іздеп бардым. Мени көрүп аябай сүйүндү. Ыр менен тосуп алып, ыр менен узатты. Жанындагы жаткандар “Апей, сиз акын белеңиз, эмне айткан жоксуз?” дешип таң калып калышты. Айылда өткөн той тамашаларда да айтыш жагынан алдына киши салдырчу эмес. Эгер Бусурман кудам шаарда жашаганда атактуу акын болмок...

Бир күнү күйөө балам менен сиңдим тойго барышса ичкилик ичирип коюшуптур. Биздин тукумга ичкилик жакпайт. Сиңдим кусуп аябай кыйналып атса кудам эшикке чыгып, казанга от жагып шорпо жасап, ага калемпир, мурч кошуп ачуу кылып, эки колуна аякты бекем кармап баласына эмес келинине сунуп, “Келчи айланайын, муну ичип алчы, эс алып каларсың, тура гой” деп сүйөп тургузган экен. Сиңдим:

- Өлбөгөн эле төрт шыйрагым калды, атам ошондо мени кантип эс алдырарын билбей шайы ооп, катуу кейип, боор ооруп ыйламсырап алыптыр, - деп күлүп айтып жүрчү.

Кайненеси Тотон (өз аты Токтокан) кудагый да кызматтарды аркалап жүрүп, өмүрүнүн акырында почточу болуп иштеп жүрдү. Капилеттен сөз тапкан, тапан, чечен болчу. Аябай куудул, сүйлөгөн сөздөрүнө боорубуз эзилгиче күлчүбүз. Алтымыштан ашып-ашпай капыстан ооруп калышып, о дүйнө узап кетишти.

Күйөө балам Эгенди (Эгемберди) көргөндөр “Менин балам болуп калсачы” дей тургандай эле бала. Бапырандап берекелүү, колу ачык, ишине тың, намыска бекем, сөзүнө бек. Трактору жана бал челеги (бал) менен бир эле өзүнүн айылын эмес, райондун жарымын багат. Атанын уулу деген атты татыктуу алып жүрөт.

Эгендин бир карындашынын атын Гүлнара дешчү, өзү да көнүп калган бул атка. Метиркасындагы аты Наргиза экен. Мектепти бүткөндө айла жок көндү Наргиза деген атына. Эрке чалчаңдаган кыз эле кичинесинде, чоңойгондо эстүү кыз болду. Мектепти бүткөндө менин колумда жүрүп калды. Бул да апасына окшоп куудул, күлдүрүп сүйлөйт. Мындай бир окуяны айтып берген эле:

- Эген акем аял алып алганда акеми кызганып Нурила жеңеми жек көрүп, аябай кордук көрсөткөнбүз. Төркү бөлмөдө жатышчу. Биз уктабай жатып, түн болгондо эшикти билдирбей ачып төркү үйгө кирип аңдучубуз. Алар кыймылдап же кобурашып атышкан болсо, үнүбүздү жоон кылып чыгарып жөтөлүмүш болуп, кайра кыткылыктап күлүп качып кетебиз. Атам кирип келиптир деп коркуп кетишсин дейбиз.

Үйдү шыпырган шыпырындыларды чогултуп коюп, алар жокто бөлмөсүнө чачып салчубуз. Жеңем иштен келгенде эч нерсе деп үнүн чыгарбай кайра акырын шыпырып, тазалап койчу. Биздин бөлмөлөрдү да шыпырчу. Биз кайра чачып койчубуз. Ошентип жеңем акеме тийип алганы үчүн өч алчубуз. Бала экенбиз да. Тамак жасап атса көрүнбөй келип тузду чылап салып койчубуз. Ошондо да кың деген жок. Мурда бир айда бир жолу араң жууй турган кир болгон кийимдерибизди эки күндө бир чечип салып түйшүктү башына үйөбүз. Ал жума сайын опол тоодой болгон дүнүйөнүн кирин кол менен жууйт. Биз шылдыңдап күлөбүз.

Жеңемин нервинин күчтүү экенине биз эмес апам да таң калчу. Силерге кандай күйөө туш келер экен албарстылар дечү. Апамын эң катуу урушканы эле ушул болчу. Жеңем унчукпай, башын өйдө көтөрбөй жүрүп, ошол мүнөзү менен бизди ийге келтирип тарбиялап алды. Биз эле эмес апам, атамдар, туугандарыбыз да жеңемин мүнөзүнө там беришчү, - деген Гүлнара.

Ушуну укканда бир ыйлап алгам. Байкуш сиңдим, биздин үйдүн түйшүгү да анын мойнунда болчу (өмүр бою, азыркыга чейин мойнунда), анан кайын сиңдилеринин кылганы тигил. Апам Гүлнараны Жеңиш үкөмө келин кылып алам деп жүрчү. Ал тургай үкөм экөө сүйлөшүп да калышкан. Бирок, тиги мамилелерин уккандан кийин экөөнүн баш кошуусуна каршы туруп алдым. Жеңиш үкөмү Гүлнара менен сүйлөшсөң өлтүрөм дедим. Жеңесин кордогондой кылып апамы кордойт бул дедим. Гүлнара кийин Тажикстандык сулуу, тажикке окшош кыргыз балага турмушка чыкты.

***

Нүкү синдимен кийин Жамгырбек (Жакин, Жаки), Майрамбек үкөлөрүм төрөлгөн. Жакинин Майрамбек дегенге тили келбей, Аньта дечү. Жамгырды туурап Аньта деп эркелетип жүрүп, Майрамбекти кантип Анта, кийин Антошка деп алганыбызды билбейм. Жамгыр кичинесинен эле өтө эстүү, акылы данектей, адамдын мүнөзүн бир көз караштан түшүнгөн бала болуп чоңойду. Анта Жакиден эки жаш кичүү болсо да чоң, колдору шадылуу, күчтүү болчу. Жаки акесин бейбаш балдардан коорук, Жакиге тийишкен балдардын колдорун акырын кайрып отургузуп койчу. Бирок күчүн ыксыз жерлерге чаччуу эмес. Акесиндей токтоо, көз карашы баатырлардыкындай, кичине болсо да колду шарт кесип бир сүйлөгөн бала эле. Жаңы Токтогул шаарчасына көчүп келгенде да кашаттын жээгинен жер бөлүнүп берилгенде, кичинекей болсо да ушул эки үкөмүн күчү менен үй салынган. Анта кашаттагы тоодой болгон таштарды омкоруп, сайга тоголотуп, тоголонбогонун көтөрүп ыргытып, таштак жерди гүлзарга, бак-шакка айлантып салганда араң эле 5-класска көчкөн болчу. Антанын иштеген ишин көргөндөр келечекте Кожомкул палван болот дешчү. Бирок, тилекке каршы экөө тең көзүгүп кетип, болбогон эле жерден бири 18ден, бири 20дан ашканда бир эле мезгилде удама удаа кайтыш болуп кетишти...

**Анаш тайнем, Аманбек тайтам**

Эки тайнем бар болчу, бири өз тайнем Анаш, бири апамын өкүл апасы. Өкүл апасы менен да тыгыз катташып, аны да тайне дечүбүз. Өкүл тайнемин Кермекаш (метиркадагы аты Жумакан экенин Оштон экөөбүз жолукканда айтты) деген кызы Алайлык жигитке турмушка чыгып, көп жылы Ошто жашап, ал үйүн Мурас деген уулуна калтырып, Алайга көчүп кетишти. (Мага берген телефон номери иштебей калыптыр, эми Кермекашты таппай жүрөм.) Экм тайнем тең иштүү болчу.

Өзүмүн тайнем Совет айлында жашайт. Советтен эски районго чейин автобус менен келип, андан бери Шипшиңкеге үч сааттан ашык жөө басып келчү. Келген сайын чоң сумка толо тамак-аш же шырдак, кийиз, төшөнчүгө чейин алып келчү. Тайнемин курук кол келгенин бир да жолу көргөн жокмун. Балдарынан Самилакан эжеми же Карыпбай тайкем, Татай тайкем, Чупуй тайкелеримин бирөөн сөзсүз ээрчитип белек-бечкегин көтөртүп келчү. Татай, Чупуй деген тайкелеримин эрке аттары. Алардын чын аттары Кадырбек, Садырбек экенин эч ким деле билбейт. Кайсынысы кимисинин аты экенин мен деле ушул убакка чейин билбейм. Тайнемдер келген күнү биздин үйдө майрам, той, чексиз сүйүнүү, ырахаттануу болуп, денебизге батпай семирчү элек. Апам тайке-тайжелеримин баарын аябай жакшы көрчү, бирок, Татай менен Карыпбай тайкеми өзгөчө жакшы көрчү.

Тайнем тоодон келип үч-төрт күндөй жүрүп калды. Кетеринде апам менен сүйлөшүп отуруп ыйлады. Тайнемин эмнеге ыйлаганын билген жокмун. Арадан он күн өтпөй тайнем кайра келди. Бул келишинде Ыкын эжеми ээрчите келди. Ээрчите келмек түгүл биротоло алып келиптир. Кызын таштап кетип баратып

дагы ыйлады. "Көргөн күнүң не болот, Ыкын жаш болсо да сага караан болсун, дагы келем" деп кетип калды. Атамын оорусун көргөндөн кийин апамы жалгыз кыйналып калбасын деп аяп, Ыкын эжеми алып келген экен көрсө. Ошондон кийин Ыкын эжем биздин үйдүн эң улуусу болуп калды.

Ыкын эжемин айтканына караганда Шипшиңкеде пакта өсчү экен. Советте окуп жүргөндө деле биздикине келип, каникул сайын үч ай пакта терип иштеп кетчү экен. Эжеми биздикине калтырып коюп, кызың өтө эле арык, ирденип алсын деп тайнем мени Советке алып кетчү. Андан ары жайлоого кетчүбүз. Мени Жолдош чоң тайтамын өгүзүнө өңөртүп коюшчу. Өгүздүн бийиктиги тоодой сезилчү. Ары-бери чайпалган сайын башым айланып, жер тегеренип, анан шалдырап уктап атып эптеп жетчүмүн.

Тайнемин айлы Булак, Самилакан эжем жашаган Кишен, балдары жашаган Совет, Сарсөгөт, Бел-Алды айылдары биригип азыр Бел-Алды айыл өкмөтүнө карап калыптыр. Мурда бардыгы тең Советке карачу. Кайсы бир жылдары Совет айылына жолугушууга барып калдым. Ал жерде алдыда жалаң карыялар отурушту. Бирөөсү:

- Токтогулдук болсоң кимдин кызысың? - деп кыйкырып сурап калды.

Атамы айтсам таанышмак беле деп, апам ушул айылдан болот, силерге жээн болом десем дүрбөп калышты, "кайсы айылдын кызы, кимдин кызы" дешип. Апамы деле таанышпайт эле да. Эмне дээрими билбей элди карасам Чупуй тайкем ортодо отуруптур.

- Чупуй тайке, өйдө туруп айтып койчу, - десем, тайкем туруп "Эң улуу эжемин кызы" деди.

- А-а, Самилакандын кызысыңбы, ошондой апаңа окшоп сулуу экенсиң, - дешти.

Жолугушуунун аягында аксакалдар тегеректеп калышып, "Биздин кыз турбайсыңбы айланайын, жүр биздин үйгө, чай ичип кет" дешти. Бирок, башка үйдө бизге арналган сый тамакка чакырылып калгандыктан чоң ракмат айтып ардактуу тайларым менен коштоштум. Ошондогу сыйда апама дешип бир сетка устукан, боорсок салып беришкенин алып келсем, апам этине батпай семирген. Кайра-кайра советтик туугандарын, жердештерин алкап, аябай ыраазы болгон.

Татай тайкемин жанын койбой сурай берсем төмөнкүлөрдү айтып берди:

- Илгери ар кайсы кокту-колоттордо жашаган элдерди 1951-жылдан 1956-жылга чейин чогултуп, Советке караштуу ушул айылдарды көчөлөштүрүп көчүргөндө эски кыштоолор кароосуз калып калган. Ушул айылдарга эл жык отурукташып, көчөлөр таарып, бара-бара батпай да калган. СССР ыдырап кеткенден кийин эл кайрадан эски ата-бабалары жердеген кыштоолоруна көчүп барып алышкан. Жаманкул чоң атам каардуу киши болуп, 36 гектар жерди ээлеп, малы да көп болгон экен. Самилакан эжемин атасынын үкөсү Ашыралы аксакалдын 40 жылкысы, 100 кой, жана башка көптөгөн жандыктары болуп илгери эле элге процентке акча берчү экен. (Самилакан тайжем бөлөк атадан экенин азыр тайкемен угуп атам).

Бала кезимде Ашыралы атанын ошончо малы болгон кезде биздин бирин-серин эле малыбыз бар болчу. Мурда малы барыбыз деле, малы жогубуз деле

жайлоого чыкчубуз. Апам сени да калтырбай ала чыкчу. Адегенде Атабак жайлоосуна жетип алчубуз, Кишенден ары ашып кетсе бир, бир жарым саат жол жүрчүбүз. Ал жерде бир жума же он күн түнөп, Кош-Булак жайлоосуна келчүбүз. Анан Чукурга көччүбүз. Чукурдан кийин Карагайлууга жөнөчүбүз. Карагайлуу өтө бийик, тоолуу, абасы салкын, көздүн жоосун алган кооз жайлоо. Тоо гүлдөрүнүн жытына мас болосуң. Ошо Карагайлууга жетиш үчүн ушунча жайлоодон өтчүбүз. Азыр малдарын жайлоого чыккан малчыларга кошуп жиберип, өздөрү жакада эле калып көчпөй атышпайбы, ал кезде отуз түтүн болсок отузубуз тең жайлоого чыкчубуз. Баарыбыз тең аралыгыбызды анча алыс кылбай, боз үй тигип алчубуз. Элдин пейили сонун болчу. Күнүгө мал союлчу. Кимиси сойсо да эч кимди калтырбай, үйүндөгү майда балдарына чейин ысык шорпоууртап кетсин, калтырбай ала келгиле деп айттырышчу.

Атам (тайтам Аманбекти айтып жатат) жолдуу киши эмес беле? Капкан салып элик, кийик чаптырчу. Сойгон элигинин бир тиштем этин калтырбай казанга астырып, бүт айылдын бирин койбой тамакка чакырчу. Төрткө чейин, кээде үчтөн жылкы байлачу. Кымызы түшкө жетпей түгөнүп калчу. Ичкени ичип, куйганы куюп кете берчү.

- Тайтамын чымыны бар эле го, тайке, ошону айтып берсең? – деп Татай тайкемин сөзүн бөлдүм.

- Ооба, чымыны бар болчу, аны сен деле билесиң да. Тамырчы болчу. Доктурлар кое албаган диагнозду коюп берчү. Бирок атам тамырчы экенин элге жайган жок. Билгендер гана келчү, акем же атам ооруп атат көрүп берип койчу деп. Барып көрүп оорусун айтып берчү. Эмне жеш керек же жебеш керек экенин, таптакыр эле эчтеке жебей кырк күн суу ичиш керек экенине чейин айтып, ошол ооруулуну айткан күнүндө бутуна тургузуп койчу. Ысык шорпо же тескерисинче тамак жедирбей көк чай менен да айыктырчу. Катуу ооруулунун жакындарын сыртка чыгарып, “киши болуштан калыптыр” деп өлөр күнүн, саатына чейин так айтып берип оозду ачырчу. Айтканы айткан, дегени деген болчу.

- Албарстынын чачын кыркып алганын апам айтчу эле го тайке, албарсты укум-тукумуңа чейин тийбейм деп убада кылган имиш ко, ошо чын беле? – дедим.

- Аны ошондо эле эжемен тактап албайт белең? Менин билгеним эле төрөй албай кара басып аткан аялдарды ырымдап төрөтчү. Же албарсты жүрөгүн сууруп кеткени атат, кет эле кет деп ат чаптырчу. Өзү да кошо ат чаап келип, “мынакей, албарсты жүрөгүн таштап кетти” деп кара басып жаткан аялдын чекесин сылап койсо, аял ошол замат көзүн ачып, баласын аман-эсен төрөп алып, бат эле оңолуп кетчү. Айлыбыздан убагында төрөтү оор болгон аялдарды ажалга тарттырбай аман сактап калган. Эми мен деле ал кезде кичине элем да. Медицина деген жок болчу жайлоодо. Ал эмес кыштоодо деле жокко эсе эле. Кийин биз чоңойгондо фельдшердик пункттар ачылып, эл эски ырым-жырымды унуткарып жапа тырмак медицинага ооп кетти.

Атам албарстылардын аттарын да билчү. Бир жолу кеч курун ат минип жалгыз ээн жерде келатса албарстылар алдынан чыгыптыр. Бирөөсү айтып атат дейт:

- Эй Конкирет, тигинде Аманбек келатат, - деп. Атам чочуп кетип:

- Силерди элеби. карап тур, өрттөп салбасамбы?- десе, албарсты:

- Өрттөй албайсың, чөнтөгүндө ширеңкең жок,- дептир. Чөнтөгүнө колун салса чын эле ширеңкеси жок экен. Дайыма ширеңке салып жүргөн атам ошондо ширеңкесин салбай чыгыптыр, макисин ала коюп сайып калган экен. Ошондо албарстынын чачынан кесип алып чөнтөгүнө салып алганын мен да аяш аталарыман уккам, тайтаң түнт киши эмес беле, өзүнүн кылган неткенин дегеле мактанып ныпым эчтеке айтчу эмес, - деп айтып берди Татай тайкем.

Аманбек тайтамы торпокчу Аманбек дешчү. Себеби колхоздо көп жылдары бир айылды башкарып бригат болуп иштеп жүрүп катуу ооруп калат. Райондон жардам катары эки кулунду бээ берип, жайлоого чыгып оңолуп келиңиз деп жөнөтүшкөндө иштеп көнгөн тайтам жөн чыкпай өзү менен кошо 50-60 торпокту ала чыгып, ошо бойдон торпок багып калат.

Совхоздун уйлары тууганда торпокторун бөлүп алышып өзүнчө багып, уйларды торпогу жок саашчу. Тайтам баккан торпоктор бир эле жайда чоңоюп аябай семиз болот. Кышында сүт кошуп жарма жасап, ага балыктын майын жана башка түрдүү витаминдерди кошуп, ар бир торпокко ичирчү. Жазында жайлоого кеткенде жарма ичкен торпок менен ичпегендин айырмасы билинип калат экен бою чоң болуп. Бир жылдык торпокторунун бат чоңойгон сырын билиш үчүн райондун 1-секретары Матен Сыдыков күзүндө өзү бир келип көрүп кетет. Жарма ичкен торпоктор ушинтип чоңоет турбайбы деп кийин район боюнча бүт ферма башчыларын чогултуп, Советке алпарып тайтаман торпокторду эмне кылып багып атканын сурайт. Тайтам шашма киши болчу жарыктык. Чоң казанда бышып жылуу турган жарманы балык кошом, витамин кошом деп көрсөтүп атып, шашкалактап сөөмөйүн казанга салып жалап ийет. Биринчи секретарь ээрчитип барган кишилерин тургузуп алып:

- Көрдүңөрбү чал жасаган жарманы? Силер да ушул тажрыйбаны жасагыла, - деп алардын барына жарманы ичириптир.

Эки эле жыл торпок баккан тайтама Матен Сыдыков машина сыйлыкка берген. Ал кезде машиналар сатылчу эмес, сыйлыкка гана берилчү. Ал эмес килемдер да сыйлыкка берилчү. Сыйлыкка килем алыптыр дегенди укканда эл таң калчу. Машина, килемдин аты бийик, барктуу болчу. Район торпокко жарма бергенди эксперимент жүргүзүшүп, бүт республикага тайтамын рецебин таратышкан. Машина алган тайтамын атагы алыска кеткен.

Татай тайкем:

- Мурда акчанын ордуна займ деген бар болчу, займ эле чогулта берчүбүз. 1961-жылы чыкты акча деген. Займ акчаны эки жолу банктан алмаштырдык. Атамын займы бир чоң жоолукка таңылып турчу. Аны да алмаштыралы дегиче үйдөн эле жоолугу менен көтөрүп уурдап кетишти, - дейт күлүп.

Татай тайкем мурда Советке каттаган автобусту айдачу. Ошондо аттын толук турушу менен чегерилген бир чоң куту (копилка) сатып алып, ага жалаң кагаз акча салып чогултуп жүрчү. Аны үйүнө баргандардын баары билчү. Бир күнү акча керек болуп калып капилькасын ачалы десе ичи бошоп калыптыр. Качан, кимиси келип, кантип, кайсы жеринен чыгарып кеткенин билбей калышкан. Биз укканда ичибиз аябай ачышкан, бирок тайкем “мейли, ким алса да буйрусун” деп

койгон. Татай тайкем эгиз кыздардын түгөйү Үрүпа жеңеме баш кошуп Динара, Улан, Каныбек, Гүлнара, Анара аттуу уул-кыздуу болду. Динарасы Үрүпа жеңеми тартып кесиби доктур, атактуу гинеколог-врач болуп Бишкекте иштейт. Тайкеме окшоп аябай сулуу.

Тайнемин балдары: Самилакан эжемин удаасы Карыпбай тайкем - жыгач уста, плотник-столяр, Таш-Көмүр шаарындагы жыгач менен тургузулган көптөгөн үйлөрдүн автору, Советтер Союзунун тушунда эле эшик, терезе жасап сатып, бай турчу, Упакан жеңем менен бапырап балалуу-чакалуу болуп, жакшы жашап аткан кезде тайкем катуу ооруп калып, кайтыш болуп кетти.

Анан Ыкын эжем, удаасы Татай тайкем - Карыпбай тайкемин мыкты окуучусу, жолун жолдоочу, жыгач уста, ошол кездеги Таш-Көмүр шаарынын курулуш ишиндеги жаштар бригадасынын бригадири, экинчи кесиби шофер.

Андан кийин Чупуй тайкем.

Чупуй тайкем өзгөчө жароокер, жапакеч, ыйлаак, боорукер, чыныгы инсан. Совет айылынан Токтогулга чейин трактору менен биздин үйгө мал үчүн жем, буудай, арпа, жүгөрү, пая, бакал, чөп жүктөп ташып келип берет. Апам “Садага болоюн Чупуйум болбосо оокатыбыз өтпөй калмак, бир да кабак кашым дебей малга жем алып келип берет” деп сүйүнөт. Тайкем аскерге кеткенде апам ичи ачышып ыйлаган. Аскерге Татай тайкем кызмат өтөп аткан шаарга барыптыр. Командиринен жооп сурап алып Татай тайкеми көргөнү барып турчу экен. Качан барса эле чоң тайкем нарядда туруп калат экен. Же картошка, пияз аарчып же КППга (комендатский патрульный пост) дежур болуп калганын көрүп алып шолоктоп ыйлап келет экен. 18деги жаш баланын колунан ыйлагандан башка эмне келмек эле, өзү ыйлаак болсо. Тайкемин айтуусуна караганда аскердик кызматын жакшы өтөп, сыйлыктарды алып келген.

Чупуй тайкемен кийин Кежи (Кенжекан). Тайнем Кежини ушунум эң кенжем болуп калсын деп Кенжекан койсо керек. Кежи тайнемин мүнөзүн тартып токтоо, Чупуй тайкемдей жароокер, тайнеме окшоп “кагылайын, балакетиңи алайын, садага кетейин, алдыңа кетейин, мээнетиңи алайын” деген түп кыргыздын нукура сөздөрү менен жалооруп өзүнөн кичүүлөргө ымандуу кайрылып сүйлөйт, өңү да окшош. Мен жолуккан жерден эле:

- Оо тайне, кандайсың?- деп учурашам. Ал:

- Ии кагылайын эжем, садага болоюн десе, жакшы жүрөсүзбү, күүлүсүзбү? – деп жалбарат. Анан тайнем дебегенде кантем. Ал менден бир жаш эле кичүү, күйөсүн да “кайнежең, эже деп жүр” деп эже деттирип койгон. Тайнемчелик иштүү болбосо да, шырдак шырат, оймо ойот, сайма саят, чебер.

Кежиден кийин Зина.

Зина Таш-Көмүрдө Карыпбай тайкемкинде жүрүп орус мектепте окуп калды. Орус мүнөз, кыргыз тилине караганда орус тилинде кенен ой жүгүртөт, так сүйлөйт. Айтканын, дегенин аткармайынча жаны тынбаган, колунан бардык нерсе келген иштерман, тыкан, таза, бир эле убакта жууркан-төшөк кабып же түркүн-түркүн салаттарды жасап же вареньелерди түрдөп кайнатканга үлгүрөт. Туугандарына башкача күйүмдүү. Үйүнө барып калсам сөзсүз түрдө 2 банка

салат, 2 банка вареньесиз кетирбейт. Тор токуйт. Эрте менен токуп баштаган чоң жемпирди түнү менен, таң аткыча бүтүрүп коет. Мен торду мыкты токуганды, салаттарды түрдөп жасаганды Зинадан өздөштүргөм. Бир аты торчу кыз. Медициналык академияны кызыл диплом менен бүтүргөн.

Өздөрүнүн аптекасы жайгашкан "Заря" айлындагы көпчүлүк жашоочулар ооруканага барбай эле Зинага келип, оорулары тууралуу даттанышып, айыктыра турган дарыларды сатып алышат. Мен барып калганда "Биз Зина келгени бейтапканага барганды унуттук, доктурубуз да Зина болду" дешкендерин угуп жүрөм. Анын үстүнө Зина ар бир кардарга жумшак мамиле жасап, эмнеси ооруп атканын зерикпей сурап же кан басымын, температурасын өлчөп, кеңеш бергенден жадабайт. Өзү сүйгөн кесибинин мыкты адиси.

Политех институтун бүткөн күйөө балам Жумабек экөөнүн менчик аптекасынан сырткары чоң дүкөнү бар. Жумабек да иштегенден талбаган, колу иш билги уста, жапакеч, мүнөзү ачык, шайыр, тууганчыл жигит. Сарттар уруусунан болгондуктан мага жакын тууган болуп кетет. Жумабекти үкөм деп, сен келиним болосуң деп Зинаны чычалатам Башка туугандарыма караганда Зина менен Жумабек мага көбүрөөк күйөт, катташыбыз да жакшы. Ооруму колдон, жеңилими жерден алышат.

Анан Байжигит. Бул аты айтып тургандай эле барбалаңдаган көл, бай жигит. Токтогулдан чыккан биринчи коммерсант. Адегенде майда-чүйдөдөн баштап, азыр чоң бизнеске өткөн. Ушу кезде үй-бүлөсү менен Москвада жашап, бизнесин улантып келатат.

Тайнем, тайтамын эң кичүү көкүрөк күчүгү Нуржигит. Нуржигитти 1964-жылы 20-июлда Бадалык жайлоосунда жүргөнүбүздө төрөгөн.

Күн кеч кирип калган. Тайнемин толгоосу бышып жетилгени менен негедир төрөтү кечеңдеп атты. Тайнем кыйнала баштады. Самилакан эжем да жайлоодо болчу. Боз үйдүн ортосунда жагылган отко тикирейип карап, тайнеми аяп, эмне кыларымы билбей отурам. Анан эки аял тайнеме кадоону кучактатып тартыл деп эки колунан тартып атышты. Ага деле болбой кыйнала берди. Түн кирди. Самилакан эжем сыртка чыгып кеткен болчу, бир маалда эле кыйкырык бакырык чыкты. Бош челектерди таштар менен чапкылап боз үйдү тегеренип чуркашып:

- Чыктыбы? Чыкты. Чыктыбы? Чыкты. Болдубу? Болду. Оо болду, болду. Токтоткула болду эле болду, - деген кыйкырыктар чыкты.

Эмнегедир эле эки аял тайнемин жоолугун башынан "канакей" деп сыйрып алып, кайра салынтып атышкандай туюлду. Самилакан эжем дагы боз үйгө чуркап кирип, "канакей" деп сыйрып алып, салынтып койду. Кайра тайнемин артына жабышып кучактап отура калып, ичин катуу сыгып жибергенде, тайнемин ичинен "ыңаалап" баркырап кыйкырып эркек бала түштү. Менин таптакыр оозум ачылып болбой калдым. Бир аял жаңы түшкөн баланы колуна кармап оттун жанында турду. Эжемдер апасынын башына жаздык коюп жаткырып, үстүн жаап атышканда тайнем, "баланы карагылачы, мени эмне кыласыңар?" деди. Ошондо гана эсине келишкен аялдар баланы жуунтканы суу даярдап атышканда күйүп аткан отундан жарк этип чок ыргып бөбөктүн аркасына түшкөндө, жаңы эле жарыкка келген наристе ушундай кыйкырып диркиреп атып ыйлады, карап туруп чыдабайсың. Онтоп жаткан тайнем:

- Олдо кокуй күн ай, эмне кылып ийдиңер, жуунтпасаңар койгулачы айланайын, бергилечи бери, - деп кейип, боору менен жылып баштаганда, бир аял кармап калды:

- Кыймылдаба, сага кыймылдаганга болбойт, мына азыр беребиз,- деп жууп бүтүп, аллейди шейшепке орой салышып тайнемин койнуна салып беришти. Бирок, ошол бөбөгүмүн үнү кудайга жетип турду. Ыйы басылган жок.

Кобур-собурдан көзүмү ачсам отурган жеримде эле уктап калыптырмын. Эжемдер төшөк салып жатып эс алалы дешсе эле боз үйдүн бир бурчунда мен жатыптырмын. Бул качан кирип келди эле, мейли эми уктай берсин дешип жаап коюшуптур. Ошол үстүнө нур түшкөн баланын атын Нуржигит коюшту. Мен түндөгү окуяны эртеси Кежилерге айтып берсем ишенбей коюшту. Алар башка боз үйдө жатып, тайнемин төрөгөнүн көрбөй калышты да. Ал эми тайтамын сыртта кантип ырым жасаганын мен көрбөй калдым. Кийин Университетте окуп жүргөнүмдө ушул окуяны тайнеме айтып берсем “сен аны каяктан билесиң?” деп аябай таң калган.

Боз үйүбүз көк шибердин үстүнө орнотулуп, төрт тарабыбыз тең тоо менен курчалып, арт жагыбызда шаркырап дарыя акчу. Жардын башына баргандан аябай корчумун, сууга түшүп кетем деп. Дайыма Кежи менен көк шибердин үстүндө ойноп, көпөлөк кууп же гүл терип жүргөнүм эсимде, бирок Кежи кичине экенине карабай көбүнчө тирилик жасап, үйгө жардам берип калчу. Ал мага:

- Кагылып гана кетейиним, айланайын бир тууганым, келе гой топ ойнойбуз. И садага болоюнум, көрбөй калсам эле сени сагынып кетем, балакетиңи алайын, - деп тайнеме окшоп жалбарган сайын кирерге жер таппай калчумун. Ушинтип тайнем болуп жалбарып атса ага тайнеме жасагандай кастарлап мамиле кылчумун.

Тайнем карынды сонун кылып туздап коюп, ага сары май куйчу. Бирок, кантип туздап, кантип куйчу билбейм. Билгеним эле сары майын колум менен сыдырып коюп карынды кесип алып жеп койчумун. Чара толгон сүттү кайнатып бышырып койгондо колуму матырып салып, каймагын жеп салчумун.

Ошол жай бүткөндө Татай тайкем жетинчи класска бармак, мен 1-класска бармакмын. Самилакан эжем тигип берген көйнөктөрдү, тайнемин берген эт-ашын куржунга салып, аны мойнуна артынып алып Татай тайкем мени эски районго чейин кичинекей автобус менен алып келди. Автобуста эл көп, ысык, мен шалактап уктайм. Тайкем мени астына алып отургузса куржуну түшүп кетет. Куржунун алса мен түшүп кетем колунан. Жулкулдатып ойготот. “Мине?” дейм да уктап кетем. Кайра астына алса куржуну түшүп кетет. Жеткиче кара терге түшүп калды. Чекесинен чыккан тер кепкасынын алдынан шорголоп агат. Жетип түшкөндө да жөндөп баса албайм. Тайкем көтөрүп алайын десе, куржуну оор. Бир колуму мойнуна артып алып сүйрөйт. Айтор кечке чейин жол жүрдүк. Ысыктан уламбы, айтор адатынча дагы мурдуман шыркырап кан атып кетти. Үйгө жетейин деп калганда Миллиан атанын короосунун ичинен аккан суу жолду жырып жайык арык кылып салган. Ошерге жеткенде мурдумун канын жууп берип, шапкеси менен мурдуму баса жаап, үйгө алып келди. Тайкемин шапкесинен өткөн супсуюк гүлгүн кан шорголоп Самилакан эжем тигип берген

көйнөгүмө жайылып калган. Ошондо да Татай тайкем кың деп сүйлөнгөн эмес. Болгону үйгө жетери менен чарчаганынан шалдайып отуруп калган.

Тайтамдар жайлоодон түшкөндө дагы дароо түшпөй адегенде Карагайлуудан Чукурга, Чукурдан Кош-Булакка, Кош-Булактан Атабак жайлоосуна жетип, анан Кишенге келишчү. Анын себебин Татай тайкем:

- Күз күрөш демекчи, бышыкчылык убагы болот да. Элдин эккен эгиндери, буудайлары бар. Алар орулуп, жыйналып, терилип бүткүчө күтүп, улам жылып отуруп суук түшкөндө гана жакага жетишчү. Мектепке бара турган балдарын сабактан калтырбаш үчүн эртелеп эле жөнөтүп жиберишчү, - деп түшүндүргөн.

### Апамын колундагы так

Менин шоктугуман улам атам менен апам кээде кыжылдашып калышчу. "Мынчалык минеге эркелетесиң?" деп апам наараазы боло берчү. "Мен өлгөндөн кийин муну ким эркелетет, шору катат ко байкушумун" дечү атам кабагын түйүп.

Атам жалгыз отурганда мени жанына чакырып алып, "мен алыска кеткенде учуп кетип, сени асмандан карап жүрөм. Эгер бейбаштык кылсаң мен таарынам, жакшы кыз болуп чоңойсоң сүйүнөм" дечү. Мен ал сөздүн маанисин түшүнчү эмесмин. Баары бир өлөрүн сезген атам, мага идиш жууганды, эшикти шыпырганды үйрөттү. Идишти жууй албай, шыпыргыны эптей албай койгонуму көрүп, керебетине сулк кулап, ары карап жатып сүлкүлдөп атып ыйлады. Анан туруп апамы чакырды, сыртта болчубуз. Апам үйдөн чыгып келди эле атам керээзин айта баштады.

- Кайдагыны айтасың, башты оорутпачы, - деди. Экөөнүн мен жөнүндө сүйлөшкөнүнөн пайдаланып, шыпыргымы эжеме берип "ме, шыпыр" дедим. Ал "өзүң шыпыр" деди эле, шыпыргы менен жонго бир салдым. Апам кыйкыра калып, чуркап келип колумдагы шыпыргыны жулуп алып мени чапкылап кирди. Атам "тийбе" деп кыйкырды. Апам болбой эле уруп таштады. Атам ашатып сөгүнүп, болгон күчү менен апама жуткунду. Мен апамын колунан бошонуп качып кеттим.

- Дагы бир жолу колуң тийсе өлтүрүп таштайм дебедим беле? - дегенде апам бир нерсе деп сүйлөнүп калды эле, атам калтырап-титиреп ордунан туруп, балдагына таянып туруп, алдындагы чоту менен апамы көздөй шилтеп калды. Апам чаңырып жиберди, карасам колунан кан шорголоп атат, колун шылып кетиптир. Атам чаап алып балдактан шалак этип кулап түштү да калтырап отуруп калды. Корообуз тийишип жашаган Чаар кемпир деген эже менен Гүланда эже чуркап келишти. Апамын колун көрүп эле Чаар эжем:

- Оңбогон Карагул, оңбой кал, имине кылып салдың, ушул колу менен сени багып атпады беле? - деп кыйкырып кирди. Кошуна аялдар апамын колун чоң чүпүрөк менен таңып коюшту. Ал колу менен көпкө чейин иш кыла албай жүрдү. Эртеси апама "аялдар жаман экен э, колуңу таңып коюшту" десем, апам күлүп: "ийи, атаң экөөңөр жакшысыңар" деди. Апамын колундагы чоттун тагы өмүр бою кетпей калды.

Чаар эжем сарттар уруусунан болчу. Аны апам кайнеже деп айтпай, атын тергеп, бетиндеги чаарынан улам өзүнө угузбай чаар эжем дечү экен. Апам эжеми чайга чыкырып келчи деп мени жөнөткөндө, эшигин ачып алып эле “Чаар эже” деп кыйкырдым. Эжем кимди чыкырып атат деп чыга калганда кайра дагы “Чаар эже, сизди апам чай ичсин деп чыкырып атат” дедим.

- Имине-е? - деп көздөрү чанагынан чыгып кете жаздады – апаңбы? Мениби? О, өлүүңдү көрөйүн келин болбосоң жерге кире кал. Менин чаарымы сенин апаң эле көрө калыппы? Чаарыман башка жерими көрбөптүрбү, о оңбогур, о оңбой кал, сени элеби, сени, чайыңы ичпей койсом болдубу? Бар кете бер, апаңыбы апаңы, сойбосомбу карап тур, - деп үйүнө кирип кетти. Мен эч нерсеге түшүнбөй калдым. Кайра үйгө келсем атам:

- Эжеми эмнеге чаар эже дедиң, анын аты Алымбү да, - деп күлдү.

Апам о бая эжем кыйкырганда эле сайга түшүп качып кетиптир. Ошо бойдон көпкө чейин апам Чаар эжемен качып жүрдү, бирок үйүбүз тийишип тургандыктан кайра табышып алышты. Ал тургай эми көзүнчө эле “Чаар эже” деп тергей турган болуп калды. “Сен мени тергебей куруп кал” деп күлүп калчу. Ал эженин Чынар деген аябай сулуу кызы бар болчу. Чаар эжем өзү да бетинин эле чаары болбосо көздөрү бакырайып өңдүү келип каранын сулуусу болчу.

**Атамын коштошкону**

Биздин үйдөн такыр киши үзүлбөйт. Атамын ооруусу катуу болсо да бир жолу кыйналып, кыңкыстаганын уккан жокмун. Эки колун артып коюп бош отурганды жаман көрчү, качан болсо колунда балка, чоту болчу. Орундугунда отуруп алып же балдагына сүйөнүп алып, келгендерге бир нерселерди жасоо менен алек боло берет. Апам кийин “эрки күчтүү киши эле, ооруу мойсобогондо ал беренимен бир нерсе чыкмак” деп жүрдү. Атамын мугалимдиги эбак эле өчүп устачылыгы айылдаштардын, биздин дагы эсибизден кетпей калды. Айылдагы атам курактуу кишилердин баарын аяш ата дейбиз, ошентип үйрөтүшкөн. Бозодон көбүрөөк ичип алгандары эки-экиден мушташып жүрө беришчү. Шипшиңкеми эстегенде эле кыпкызыл болуп бозого тоюп алган аяш аталарым кылт этип эске түшө берет. Ичип келгендерди атам жактырчу эмес. Ошон үчүн бозо ичкендер үйгө киришпейт. Анда арак деген бар беле, жок беле билбейм, бирок арак дегенди Агрономго көчүп келгенде биринчи жолу уктум.

Эркинбек аяш атамын балдары менен биз эмчектеш болуп чоңойдук. Бактыкан аяш апам Азимди төрөгөндө апам Ырысты төрөп, эмне себеп менен экенин билбейм экөөнү алмашып эмизиптир. Бактыкан апам Тойчубекти төрөгөндө мени менен эмчектеш кылып, кийинки уулу Топчубек менен Нүкү сиңдими эмизишет. Суугa агып кеткен Түкү эң улуу кызы болчу. Эң кичүүсү Атыр азыр Москвада жашайт. Аяш атамын балдарын көбүнчө апасы Чыныгул апа бакты. Чыныгүл апа уулуна окшоп барбайган чоң кемпир болчу. Бардыгы келип апа деп кеңеш алып турушчу. Кушчу-суулук болгондуктан апам эне деп сыйлачу. Бозо ичип келатышса да кемпирдин астынан кыя өтүшчү эмес. Ал апанын тарыхы укмуш дешчү эле. Бала болуп, кийин жаш болуп Чыныгүл апанын тагдырын өз оозунан угуп же жазып калбаганыма өкүнөм. Апамын

айтуусуна караганда Токтогул Сатылганов чоң атабыз кезинде аябай сүйгөн имиш. Бирок, Чыныгүл апа Токтогулду тоготпой коюптур.

Андан ары каз катар опшитте тургандар:

Көкөтай аяш ата, аялы Бүрайым (кара жаак, курсакта экенинде ыйлаган имиш.) Мени менен ойногон балдары Кубат, Дөкү, кичүүсү Айдың.

Абдыразак аяш ата, аялы Анаш эже, балдарынын аттары эсимен чыгып кетти, Калиман деген кызы менен көрүшүп калабыз.

Супун чолок ата, Айдаралы арабакеч ата, Советтик Тургунбай аке, аялы Алдей эже, апамын айылдаштары болот. Эркин деген уулунун тамагына момпосуй тыгылып калып, көгөрүп-татарып жатып калганда, кыйкырыктан эл чогулуп калып жонуна муштай беришип чыгара албай ызылдап атышканда “Карагулду чакыргыла” дешкенинен бирөөсү чуркап барып атамы чакырып келиптир. Атам узун, сулуу манжасын тамагына салып ийип момпосуйду сууруп чыккан. Ошондон кийин Эркини момпосуй жебей калган.

Сакиш жезде, аялы Кызылкан эже, апасы Бурма апа сарттар уруусунан, балдары Чынар эже, Карашакы (чын аты Анарбай болуш керек, өңү капкара, көздөрү да капкара, чоң болчу).

Кашаттын аягында жалгыз тамда Жаманкул аталар жашачу.

Түмөнбай ата, Кимбилет аяш аталар эсимде.

Кимбилет атаны “баш кесер” дешчү. Балдарын “Кимбилет келатат” деп коркутушчу. Ал ичкенде баары, чоңу, кичинеси дебей качышчу. Такыр болбой калганда “Карагул келатат” деп коркутушчу. Чындап эле атам барып калса кадимкидей соолугуп, эч кимге асылбай. жер карап отуруп калчу экен.

***

Кыштын биринчи айында (декабрь) чогуубуз менен үйдө жатканбыз. Атам керебетинин кырына отура калып эле, сыртка орундукка төшөк салчы деп калды. Апам төшөк салып келгенде атам балдагын таянып сыртка чыгып барып, креслосуна отуруп калды.

-Үшүп каласың, үйгө эле кирчи, - деди апам.

- Бир аз отурайын, жылдыздар толук чыксынчы, сен уктабай турчу, - деп айтып келатып мени көрө калып, - Акбукуй уктай элекпи? - деди.

- Ойго.

- Келчи бери, - деп атам мени кучактап, аябай жыттады.

- Эстүү кыз бол күчүгүм, жаңы үйгө көчүп барганда мектепке барасың, жакшы окугун, шоктонбогун, макулбу?- деди.

- Алдагыны үшүтөсүң го, - деп апам чыкканда, “Бара гой” деди.

Апам мени алып кирип жаткызды да, Ыкын эжем (Рыскан) экөө шыбырашып сүйлөшүп калды. Менин чала-була укканым “буту катуу ооруп атат, чыдамкайлыгынан сыр бербей атат байкушум, башка бирөө минтип ооруса төшөккө жатып калмак, Ыкын сен уктай бер балдардын жанына жатып” деп апам айтып атканда эшик болуп көрбөгөндөй катуу тарсылдап калды, адамдын жүрөгү түшө тургандай такылдатты. Эжем, бөбөктөрүм уктап жатышкан. Апам учуп чыкты, артынан Ыкын эжем октой секирди, мен алардын артынан учтум. Атам балдагы менен эшикти ушунчалык катуу ургулаптыр, апам жетип эле атамы

кармап калды. Атам өзү жасаган жумшак орундугунда чалкалап баратыптыр. Акыркы күчүн жыйып атам оң колун сунду, апам учурашкандай кылып колун кармады. Экөө кол алышканда атам болгон күчү менен апамын колун кысып, алынын жетишинче акырын силкип, башын ийкегилегенде алсыз башы апамын көкүрөгүнө жыгылып, магдырап уйкусырап баратты. (Көрсө атам байкуш апам менен кош айтышып, бизди табыштап атканы экен, аны апам көпкө чейин айтып жүрдү).

- Кантет, кантесиң, өзүңдү кармачы, Ыкын кордо алып чык, бол, - деди апам атамы кучактаган боюнча. Ыкын эжем заматта чоң чыныга бирдеке (кордо) алып чыкты. Кордо деген эмне экенин дагы деле билбейм. Атам менен апамын колу ажырай элек эле, апам оң колун бошотуп чоң чыныны атамын оозуна жакындатканда атам бакырайган көзү ачылып кетип мени бир тиктеп, оозуна алган акыркы абаны кайра чыгарып, диркиреп үзүлүп баратты. Апам атамы бекем кучактаган бойдон Ыкын эжеме:

- Алдагыны үйгө киргиз да, Калыбай акени чыкыр, бол, - деди.

Калыбай атанын үйүнүн аралыгы ашып кетсе жети метр болчу.

- Кир үйгө, - деди Ыкын эжем.

- Аный, кирбейм, - дедим.

- Эй, шүмшүк, кир деп атам, - деп санымы оюп, үйгө түртүп ийип, кошунаныкына чуркап кетти. Санымы мыжыгып кармап үйдөгү эжеми ойгонуп кетсин деп бакырып ыйладым, бирок санымын ооруганынан эмес атамын кетип баратканына ичим ачышып ыйладым.

Калыбай ата атамы кучактай салып эле бакырып кирди. Көз ачып жумгуча эле үйүбүзгө эл үйүлүп калды. Ошондо кыштын күнү жылдыздар толук чыгып коюу түндүн ортосу болчу. Апам ыйлап да, “балдарымын эси чыгып калбасын айланайындар” деп бөжүрөп да жүрөт.

- Молдо келгиче балдарды биздин үйгө ташып салгыла, - деди Эркинбек аяш атам.

Эжеми араң ойготуп жетелеп, Сиңдим менен Жамгыр үкөмү эки колуна көтөрүп Ыкын эжем кошунаныкына жөнөдү. Мен барбай койдум. Аңгыча Калыбай ата ак селдечен, ак сакалчан картаң молдону жонуна көтөрүп, кургап-тердеп келип калды. Караңгыда туруп кийинип, эшегин токугуча кеч болуп калат деп ой-боюна койбой көтөрүп баса бериптир. Молдо дем салып атты. Атам узун бойлуу, сулуу киши эле, үйдөгү керебетинде узунунан сулап, уктап аткандай болуп жатты.

- Молдо окуп бүтөрү менен эркектер сыртка чыгып өкүргүлө, - деп айтып келаткан аяш атам мени көрө калып Акбукуйду алып кеткиле, - деди аялдарга карап. Аялдар мени кармап, кайра эле Ыкын эжеме тапшырышты. Ал колуму бурап сүйрөп баратып:

- Бир орус өлүп калыптыр, азыр эл кыйкырып ыйлайт, сен Ырыстын жанына барып укта, - дегенде,

- Калп айтпачы, атам өлбөдүбү, өзүм көрүп турбадымбы, минеге алдайсың, жанына барам, кое бер, - деп жулунуп качып чыктым.

Ошол тушта шумдуктуу өкүрүк чыкты. Уйкудагы айыл “селт” эте түштү. Түн бир убак болгонуна карабай айыл түрүлүп келе баштады. Заматта камыр

жуурулуп, боорсоктор бышып атты. Оокат-аш менен алек болуп кеткен Ыкын эжем мени унутуп койду. Өкүрүктү угуп келип аткан аялдарга улам жаңы кошок кошуп (апам кошокчу болчу, айылдагы өзүнөн жаш келиндерге кошок кошуп ыйлаганды үйрөтчү, болгондо да обону менен ыйлап-ырдап кошуп берчү, кийин деле үйрөтүп жүрдү, мага үйрөткөндө мен эч качан кошок кошпойм деп укпай койгом) кара жоолук салынып  отурган апам эрте менен таң супа салганда сыртка чыгып, мени көрүп алып аябай кокуйлады.

- Жок дегенде жылуу кийинтип койбойт белең кокуй күн, эми мине кылчумун, ушу суукта жука кийимчен сыртта таң атырат деген эмнеси, карап койбойт белең, - деп Ыкын эжеми урушуп атты.

Мен көгөрүп үшүп калганымы ошондо билдим. Апам бооруна кысып үйгө апкирип кийгизейин деп эч нерсе таппай койду. Ыкын эжем баарын таңып сыртка чыгарчусун сыртка, ичке койчусун ичке катып салыптыр.

- Атаң мени кечирбейт балам, кошунаныкына эмнеге барбай койдуң, сен турсаң эле атаң тирилип кетмек беле, эми жатып уктабасаң ооруп каласың, - деп жылуу жууркан жаап кайра сыртка чыгып, кашатка түшүп кетти. (Ошол кезде туалет деген болгон эмес, бардыгы тең кашатка барышчу)

Мен ушу күнгө чейин жалгыз жатчу эмесмин, атамын койнунда жатчумун. Апам кашатка түшүп кеткенде, артынан чыгып жаңы тигилген боз үйгө кирдим да атамын жанына келсем, гүлдүү чүпүрөк менен чүмкөп, үстүнө жууркан жаап салышыптыр. Жанына жатайын деп түртсөм катып калыптыр, дем да албайт. Менин келгеними да сезбейт. Кандай убакта жанына келбейин канатын жайып, койнуна кысып, кайра-кайра жыттап өпкүлөп кучактап жатчу атам дегеле козголбойт. Чүпүрөктү акырын ачсам кабагын бүркөп алыптыр. Казандын башында жүргөн апама бирөө барып айткан экен апам чыңырып эле жетип келди. Апамын кыйкырыгынан боз үйдө уктап атышкандар ойгонуп кетишти. Менин кылыгыма бардыгы ыйлашты.

- Ай келин, баланын жүрөгү муздап, көңүлү суусун, кыйкырбай апкелип атасын көрсөтүп кой, - деди бир кемпир. Анда боз үйдө ойгонуп кеткен аяш атам:

- Көрсөтүп дейсиз да жарыктык, көрмөк түгүл жанына келип жатып алгыча байкабай калыптырбыз. Атасынын кызы эле да, кантсин эми, сагынып атат да, - деди.

Атамын акыркы көз карашы көз алдыман кетпей чекеме кадалып калды. Атам менин пешенемен акыркы жолу сүйүп коюп ажалга бетме-бет барды, болгондо да бизди коркот деп ажалды сыртка чыгып тосуп алды. Келаткан ажалды тосуп алдынан чыккан мындай эрки күчтүү адамды бул турмуштан эч качан кездештире элекмин.

Эртеси эле мен катуу ооруп калдым. Атасынын кызы эле, атасы алып кетмек болду дешти. Мен үйдүн ичинде жаттым, атам сыртта боз үйдө жатты. Алыстан, тээ алыстан укмуштуудай катуу өкүрүктү ызаалуу ый коштоп келе жатты. Үйдөгүлөр эч ким калбай сыртка чыгышты. Боз үйдү тегеректеп өкүрүшүп, өкүрүк менен биздин жакын адамдарыбызды тосуп жатышты. Алар тайнем, тайтам, Тууганбай тайкем анан тай немин балдар-кыздары эле. Алар жакындаганда кошуналарыбыз чуркап барып тайнеми колтуктан сүйөп кармап

келишти. Тайнем ыйлай берип такыр болбой калыптыр. Кошокту түрдөп кошуп атты. Жанындагы кызы Самилакан эжем да тыпылдап кошок кошуп атат. Тим эле бирөө жаттатып койгондой кошту. Ушунчалык сулуулугунан боз үйдүн ичине нур чачып аткандай туюлду. Кошуналар кийин эжемин сулуулугун көпкө чейин жомоктоп айтып жүрүштү.

Мен түш көргөндөй болуп аларды боз үйдүн эшинине сүйөнүп алып көрүп турдум. Бир маалда апамы кучактап алып ыйлашты. Тайнемин апамы кучактап атып кошкон кошогун сырттагы келиндер кайталап жаттап атышты.

Кимбилет аяш атамын өкүргөн үнү да көпкө басылган жок. Эми кайдан көрөйүн бир боорум деп боздосо, чоң кишилер деле ыйлайт турбайбы деп таң калып карайм.

Атам Жалал-Абадда педагогикалык окуу жайда окуп жүргөндө ушул Кимбилет аяш атабызга кошулуп алып кыргыздарды өзбектерден коргоп, болушуп далай жолу кармашкан экен. Кимбилеттин “Атаман” деген аты алигиче өчө элек.

Апамын “Атаңар сеңселтип чач койгон сулуу жигит болчу. Мугалим болуп иштөчү. Ал кезде чач койгондор чанда кездешчү, ал тургай жок эле, эркектер чачтарын устара менен даңгыратып кырып жүрүшчү. Кисабир экенине карабай сулуулугуна кызыгып атаңарды жактырып калгам” дегенин көп жолу уккам, бирок андан аркысын кызыгып сураган эмесмин. Атаңар кисабир дегенин уккандан кийин сурагым да келчү эмес. Атамын эстүү киши экени, баш көтөрбөй иштегени, устачылыгы, мээримдүү баласактыгы, эрки күчтүү, бою узун сулуу киши экени түбөлүккө менин эсимде калган, эч кимдин аны бузууга акысы жок эле. Атам бизди коркот деп өлүмдү да сыртка чыгып барып тоскон, менин атамдай адам чанда жараларын билчүмүн.

Ал эми Баркы акем болсо сурабасам деле айтып берди. Кимбилет аяш атамын атын уккандар алапайын таппай калышчу экен. Далай өзбекти жайлаптыр. Ага чейин Жалал-Абадды өзбектер тейлеп, баарын ээлеп алып, кыргыздарга күн көрсөтпөй коюшкан имиш. Кимбилет ата жөнүндө кушчусуулук журналист, жазуучу Базарбай Буканбеков жазган “Кимбилет атаман” деген китепти кечигип болсо да окуп чыктым, бирок анда атамын аты айтылбай жөн гана кетментөбөлүк жаш бала деп жазылыптыр.

Кимбилет Жалал баш кесердин окуучусу экени да китепте айтылбайт. Жазуучу Кимбилет атанын өз оозунан угуп жазыптыр. Илгертен бери эле өзбек-кыргыз таймашуунун аягы бүтпөй келген. Ачык болбосо да жең ичинен бирин-бири көрө албастык, жек көрүү сезимдери бар. Аны 1990- жана 20010-жылкы окуялар деле тастыктап турат. Муну айтып жаткан себебим ушул кол жазмамы окуп чык деп такай редакторум болуп жүргөн Жумабек Медералиевге берсем, ал ишенбөөчүлүк кылып “мындай болушу такыр мүмкүн эмес, өчүр же ондо” деп кесе айтып, кайтарып берди. Мен эки элди эрегиштирейин дегенден алысмын, бирок чындык сөзсүз керек, мен айтпасам деле башка бирөө акыры жазып чыгат.

**Жалал баш кесер**

Жалалдын небереси Съездбек менен Кара-Суда коңшу болчубуз деп жазбадым беле. Анда Табарик деген чоң апасы күүлү болчу. Жалалдын кылган иштери жөнүндө айтып берсе бизге жомок болуп сезилчү. Бирок, менин укканым боюнча эмес небереси Съездбектин айтуусу боюнча жазып жатам, анткени ал чоң атасын өз көзү менен көрүп, колунда жашап калды да.
- Жалал атабыз мен 7-класста окуп атканда 1969-жылы 13-мартта каза болду. Биздин түбүбүз кеминдик, сарыбагыш уурусунан болобуз. Чоң атам 1887-жылы төрөлгөн. Кичинесинде тили чулдур экен, аны энеси ырымдап, ар кимдин кешигин ичиртип жүрүп айыктырып алыптыр. Өтө шок, ээнбаш болуп өсүп, кумар оюнуна кызыгып кетиптир.
Жалал атабыздын ата-энеси, жакын туугандары Шабдан баатырга таарынып, түштүктү көздөй ооп кетишет. Теңи Кетмен-Төбөдө калып, калганы Өзгөрүш (Үч-Терек району) аркылуу Маданият айлынан өтүп барып, Бөбү деген айылды жердеп, жайгашып калышат. Бөбүнүн кийинки аты Калинин, андан кийинки аты Сакалды (азыр Сакалды айыл өкмөтү болсо керек). Сакалдыда чоңойгуча жашаганы менен, көбүнчө Анжыянды жердеп жүрөт. Кермурут тартып калганда Орусиянын падышасынын буйругу менен согушка алып кетет. Согушта үч жыл жүрүп, бир да жолу мылтык кармабаптыр. Ал тургай эшалондон чыккан эмес экен. Себеби, офицерлер кыйын кумарчы экенин билип калышып, аны кумарга салып коюп, тапканын тең бөлүп алышып согушка салбай жашатып жүрө беришиптир.
Согушта 3 жылдан ашык жүрүп, Сакалды айылына кайтып келсе бир туугандары жок экен. Басмачылар бетине кара чүмбөт жамынып келип, «мени тааныйсыңбы?» дешчү экен. Эгер «Сен баланчасың» деп таанып коюшса, ошол замат өлтүрүп коюшчу экен. Басмачылардын запкысына чыдабай, туугандары Кетмен-Төбөгө жер которуп кетишиптир. Аны билгенден кийин чоң атабыз Анжыянга кетип калат. Ал жерден Кимбилетке жолугат.
Кимбилет бала чагында эле мал айдагандарга кошулуп барып, калып калыптыр, уурулук кылчу экен. Ал жаш болсо да бычак урганга аябай шамдагай экен. Аны байкаган Жалал атам баласындай кылып ээрчитип, көп нерсеге үйрөтөт. Үйрөтүп бүткөндө сынаш үчүн майпаңдап сагыз чайнап уй саап аткан аялдын оозунан сагызын алып чык деп тапшырма берет. Жалалдын сөзүн эки кылбаган Кимбилет колуна кыл алып артынан көрүнбөй барып, аялдын оозуна кылдаттык менен билгизбей кылдын учун киргизет. Оозуна кыл чайнап алган аял уй сааганын токтотуп оозун ачып кылды тартып чыгаргыча Кимбилет шамдагайлык менен тартып ийип, сагызды сууруп чыгат. Ошентип Жалалдын купулуна толот. («Кимбилет атаман» деген китепте бул жери башкача сүрөттөлгөн. Кандай жазса да жазуучунун өз эрки дечи.)

Кимбилет Жалалдын кумар ойногонун жана башка шамдагайлыгын көрүп үйрөнүп, ата-баладай болуп ээрчишип, көбүнчө Жалал-Абад, Анжыян, Ташкенде жүрүшөт. Ташкенде бир акчалуу киши бут тазалаган жаш балага өтүгүн тазалатып атса, кончундагы толтурулган акчасы көрүнүп калат. Бечера балага мактангансып акчасын көрсөтүп бутун тазалатып аткан кишиге жини келген Жалал шыпылдап барып канжары менен бутуна бир сайып акчасын алып кеткен.

Ал акчаны деле өзү албай жанагы бут тазалап отурган кичинекей баланын үйүн таап барып апасына берип койгон.
Бир жолу Жалалды бир жаш өзбек бала топтолушуп кумар ойногон жерге алдап жалгыз ээрчитип барат. 2-3 эшиктен өтүп барып киришет үйгө. Ал жерге киргенден кийин чыгыш да кыйын экен. Кеч киргенде да араба чыракты асып коюп оюнду уланта беришет. Бардыгын утат Жалал, бирок тигилер шектүү боло башташат. Себеби, өзбектер элүүдөн ашып кетишет. Түн коюуланып баратканда «Жан керек болсо уткан акчаларыңы ташта, болбосо өлөсүң» дешиптир тигилер. Утканын өмүрүндө алдырып көрбөгөн Жалал чыгарбай коет. Алар колдорун кончуна салып шамшарын чыгарганы калганда Жалал секирип туруп асма чыракты бир тээп сындырып, эки кончунан эки канжарын шап суурун чыгып ой келди шилтей берет. Өлгөнү өлөт, кээси жарадар болуп кыйкырык, ызы-чуу күчөп кетет. Эшикти тээп сындырып чыгып баратканда дагы жыйырмадай киши аңдып турган экен, баса жыгылышат. Жалалдын бетин бычактап, ичине сайып, өзүн аркан менен таңып байлап Ташкендин Кара-Дарыя суусуна таштап салышат. Эртеси Жалалды дарыянын жээгинде чала жан болуп, эси оон жатканын кыргыздар көрүп калып үйлөрүнө алып келип, бетин, ичин таңып бир айдан ашык суу менен багып айыктырып коюшат. Кийин ушул кыргыздарга короо-короо кой, үйүр-үйүр жылкы алып келип берген экен.
Арадан бир топ убакыт өткөндөн кийин Жалал трамвайга чыкса бир жаш бала көрө калып эле кетенчиктеп кача баштайт. Аны байкап калган кыраакы Жалал бетине караса эле баягы кумарчыларга салып берип сатып кеткен бала экен. Ошо замат трамвайдын бул башынан тиги башына качкан балага жетип келип кончунан канжарын суурун алып тиги баланын башын кайрып туруп мууздап салыптыр. Эл кыйкырып-бакырып чыңырып, трамвайдын бир жагына оон баштаганда трамвай токтой калат. Жалал канжарын баланын үстүндөгү кийимине сүртүп коюп, эшикти тээп ачып, эч нерсе болбогондой чыгып, артына бир кылчайып койбой кетип калыптыр.
Ушул окуядан кийин Жалал Кимбилет менен Жалал-Абадка качып келип, «эми чоңоюп калдың, кыргыздардын жаны сага аманат, алыңын жетишинче сак болгула» деп табыштап коюп, Кетмен-Төбөгө оон кеткен бир туугандарын издеп жөнөйт. Жолдо келатканда ошол кездеги атактуу революционер Даңканай Жалалдын түрү суук кебетесин көрүп, «сен басмачысың» деп, Таш-Көмүрдөн өткөндө кармап алат. Басмачы эмес кумарчы экенин далилдеп берген Жалал араң кутулуп туугандарына келет. Арадан 30 жылдан ашык убакыт өтүп кетиптир көрүшпөгөндөрүнө. Келсе туугандары бай, кедей болуп экиге бөлүнүп жашап, ортолору ыдырап кетиптир. Байлары кедейлерине жада калса суу да беришпейт экен.
«Сууну кайсы жерден бурганын көрсөткүлө» дейт Жалал атам. Суунун башына барып сууну туугандарын көздөй буруп салса айыл башчысы Жамакенин алты жигити келип камчысын үйрүйт. Алтоону тең аттан шыпырып түшүрүп суугa басып салат. Заматта кабар жетип Жамаке өзү келип калат. «Эй, деги сен өзүң кимсиң ыя?» дейт таң калып. «Мен Базарбайдын үкөсү Жалалмын» дегенде Жамакенин көзү чакчайып кетет.

Кийин дагы Мамыт дегени келип чырылдап суу бербей талашканда колундагы арканды ыргытып мойнуна салып даракка асып коюп, артын карабай басып кеткен. Ал кандай мыкаачылык кылбасын артына бурулуп карачу эмес экен.
Ууру, кумарчы Жалалдын айылга келгени бат эле элге тарайт. Иманакун деген киши жанын койбой кумар ойнойбуз дей бергенинен кумар ойноп киришет. Иманакун утулуп калат. Бирок берерге эч нерсеси жок экен. Эч нерсең жок болсо минеге ойнойсуң, мен сага оюнчук белем деп терекке асып таштайт.
Ошондон кийин деле бир өзбек утуп алам деген ой менен кашаттын башына кумар ойнойгону чакырат. Өзбек утулуп калып, менде акча жок дептир. «Анда мен сени ойно дедим беле?» деп тура калып өзбектин жаагын тирүүлөй айрып салыптыр.
Кумардан 50 койдон 100 койго чейин утуп келип, тууганларына таратып берип, союп гана жегиле мал кылганга болбойт деп эскертчү. Анын айтканын эки дебей аткарышчу туугандар.
Токтогулдун биринчи райкому Жылкыбаевдин үйүнүн ичин тазалап уурдап чыгып кетет. Ат минип үйүнө келген Жылкыбаев көрүп алып аябай кейип отурганда чоң атам эшик ачып салам айтып кирип, «Сүйүнчүсүн бер, үйүңдөгү тонолгондорду алып келдим» деп кайра бергенде райком аябай каткырып күлүп акча берген экен. Анын ушундай кылдат ууру экенине таң калчу дешет. Жалал атабыздын жоругу жолдо калсын, айта берсек түгөнбөйт, өзүнчө бир чоң китеп жазса болчудай.
Чоң атам отуруп, атам туруп турганда экөө тең болуп калчу. Бир күнү атам үйгө арак ичип келди эле чоң атам бир колу менен көтөрүп, үйдүн ичинен ыргытканда атам огородко барып түштү. (Атасы Тезекбай аке Кулатов менен шахтада чогуу иштеп, кийин Кулатов министр болгондо Тезекбай аке да жогорку кызматтарды аркалап жүрүп, ичкиликтин айынан кызматынан шыпырылган. Паспорт бөлүмүндө да начальник болуп иштеген, өтө зээндүү, жазганда шуурудай тизип, сулуу жазчу. Көзү тирүүсүндө жазып кеткен ырларын, санжыраларын, күндөлүк жана башка ар түрдүү окуяларын жазып калтырган кол жазмаларын талдап чыгып, китеп чыгаралы деп чечтик, авт.)

Жалал атабыз кан көрүп калганы үчүнбү, айтор жини чукул, нерви начар киши болчу. Өңү капкара, беттери тешик, бою өтө чоң, чап жаак, мурдун өзбектер кесип салганда операциясы жок эле өзү жабыштырып алган. Көкүрөгү далдайып чыгып турчу. Ийнине эки чоң киши кенен отурчу. Семиз эмес, бирок сөөктүү болчу. Бою 2метр 20см эле. Эшекке мингенде жапыс стулга отургандай болуп минчү, буту жерде сүйрөлүп калчу. Өзбекче, кашкарча сүйлөчү. Көп жылы пас жакта жүргөнгө тили бурулуп калса керек, кийин деле кошуп сүйлөп жүрдү.
Сексенге барып, карып калганда ак дамбал кийип жылаңач отурчу. Мен сабактан келгенде жанына беш мардек коюп, бир жагына мистени кууруп даярдап койчу. Ошол беш мардек түгөнгүчө, арты сыйрылып кеткиче кашытчу. Аны чиркей деле чакчу эмес, бирок ошо тырматканына канагаттанчу. Кашып бүткөнүмдө гана жанагы даярдап койгон мистесин берчү. Бирок акылдап чарчап калчумун. Атамын бою чакан болгондуктан, атамдай беш кишинин артын кашыганга барабар болчу элем, - деп айтып берди Съездбек.

Съездбектин бою анча узун болбогону менен денеси чымыр, жалаң булчуңдан бүткөндөй тарамыштуу, өзү арыкчырай, кезинде өзүнөн чоң, олбурлуу кишилер менен күрөшкө түшүп, жеңип жүргөн. Анча көп сүйлөбөгөн оор басырыктуу, бирок, беттегенинен кайра тартпаган көкжал болчу. Токтогулда жашап жүргөндө колунан мылтык түшчү эмес. Азыр Учкун айылында жубайы Гүлбара менен 1 кыз, 2 уулду болуп, короо-короо мал кармап, 100 сотых жеринде бай-манаптай болуп жашап жүрөт.
Мен жогоруда жазган таланты ташкындаган чебер кыз Нургиза дагы Съездбектин кызы, Жалалдын чөбүрөсү болот..

***

Апам атам өлгөндөн төрт ай өткөндөн кийин Жамгыр үкөмө шерик кылып уул төрөдү. Атын Керезбек койгон, бирок метирканы алганы барса Майрамбек коюп коюшуптур, (8-майда төрөлгөн). Атамын Гүлүмбү деген эжесинин кызынын аты Майрам болчу. Ал эжем: “акем өлгөндөн кийин атымы атап жүрөйүн деп Майрам коюп алдыңбы, атымы унутуп калам деп корктуңбу?” деп апамы катуу жекирип, ошол бойдон катташпай калды. Апам атты мен койгон жокмун деп чырылдаса да укпай койгон. Ошол Майрам эжем мектепте мугалим болуп иштөчү. Ал тургай Нургазы агайдын мектебине да директор болуп иштеген.

**Турдукан эжем**

Агрономдун этегинде жардын (кашаттын) четинде аралга окшоп бөлүнүп калган айылчада жашаган карындашы Турдукан эжемин үйүнүн жанына атам үй салып берип, бирок көчүрүп барганга үлгүрбөй калды. Эжем менен эки атанын балдары болот. Карындашымы караан тутушсун деген экен кайран атам. Жаз чыгары менен жылуу ордубузду козгоп көчүп келдик. Менин шоктугуман эжем көп урду. Үйдүн ичине кирип келип апамын көзүнчө мени сабап кетчү, чычкандай болсом да өгүздөй эжемен далай токмок жедим. Эжем урса эле атамын мүрзөсүнө качып барып үстүнө жыгылып ыйлачумун. “Ата, сенин жакшы көргөн карындашың уруп атпайбы, карабайсыңбы, сен өлбөй койбойт белең?” деп чучуктай чыңырчумун. Ары-бери өткөн үстүңкү айылдын жашоочулары көрүп калып мунун кызы элирип кетти окшойт деп кеп кылышчу экен.

Ооруп онтоп төшөктө жатсам, апам күйпөлөктөп тоогун союп, мага шорпо жасап бергени атса келип алып, туз салба, тузу жок берип жүр, бат оңолот деп, карап отуруп туз салдырбай койчу. Тузу жок тамакты чынында ит деле жебейт экен. Ошентип өзөрүп калган күндөрүм болгон.

Сиңдим атам өлгөндөн баштап такыр ыйын токтотпой койду. Улуулардын айтуусу менен атамын мүрзөсүнөн топурак алып келип эзип, кайнак сууга кошуп, аны чыпкалап ичиргени жатса:

- Антпе, кайдагы жорукту баштап, кир көлөч менен босогого отургузуп алып оозго-оозго чаап ырымдайт, - деди.

Анын сөзүн апам эки кылчу эмес, босогого алдына отургузуп алып көлөч менен акырын ырымдап атса:

- Ай, имине кылып атасың, дегеле баласагын мунун, чаппайсыңбы, апкелчи мага, - деп сиңдими жерге жаткызып алып, килтейген көлөч менен оозго чапкылай берип оозун жарып таштады.

Апам ыйлагандан башка эч нерсе кылалган жок.

Бала болсом да биринчи жолу адамды жек көрүү деген сезим канымда пайда болду. Сиңдими аяганыман эмне кыларымы билбей калдым. Эжем үйүнө баргыча чуркап андан мурун барып, үйүнүн төрүнө эки чака сууну төгүп келдим. Мен экенимди жаздемдебей билди.

Беш-алты күндөн кийин көк көз сиңдимин оозу жараттанып айыгайын деп калганда "мен туура эмес кылыптырмын, көрсө ысык чабаты жасап оозуна салат экен" деп келди. Апам ачыткан камырын казанга жаппай эле чабаты жасап кирди. Ысык чабатыны муздатып берип атса эжем апамын колунан жулуп алып ыргытып ийип, казандагы бышып аткан чабатыны алып, ороп туруп сиңдимин оозуна тыкты эле, оозу күйүп ылжырап калды. Сиңдимин чыңырыгынан акыркы үйдө жашаган Ырыс эже, жакын турган Жаныбек акелер чуркап келишти. Алар "акмак катын турбайсыңбы?" дешип аябай урушуп атышты.

Мен ыза болгонуман эмне кылып ийсем экен деп эшикке чыксам, короодо шыпырылган бир чака шыпырынды туруптур. Аны көтөрдүм да чуркап барып эжемин үйүнө кирип төгүп-чачып келдим. Бул сапар мени урган жок. Болгону "Сениби арбак, колго түшөрсүң, сойбосомбу, карап тур?" деп мушун кезеди.

Сиңдим үкөлөрүм менен ойноп атып далистин эшиги менен дубалдын ортосундагы тешикке башын киргизип алып чыгара албай койду. Анын башын чыгарыш үчүн жети түтүн түрүлүп келди болуш керек. Көпкө чейин башын тыгып, ыйлап турду. Ал тешикти биз топуракты оюп жеп атып тешкенбиз. Анан эле ошол жердин ылай кирпичи чыгып, түшүп кеткен. Ал жерге апам атамын курткасын тыгып койчу. Ошондо эжем "Үч кыз, энесине жут кыз, мындай бейбаш кыздарды эмнеге төрөйсүң" деген. Бирок Акылбек жездем унчукпай келип, сиңдимин башын чыгарыш үчүн дагы бир кирпичти чыгарып. кайра алардын ордуна башка кирпич коюп оңдоп кетти.

Дагы бир күнү биз окууга кеткенде апам сиңдими, эки үкөмү үйгө камап коюп ишке кетип калыптыр. Үйдө отура бергенден зеригип сиңдим айнекти чыгарса батпай койгонунан рамканы сындырып чыгып кетишиптир. Аны эжемдерге угузбай апам орус Миллиан атага (аппак сакалы белине чейин түшүп, өтө карыганынан кабар берип турчу) барып айтса, курал-жабдыгын алып келип өзүндөй кылып оңдоп берип кетти.

Бир жолу кечинде сабак окуп чырактын жарыгында отурсак жер титиреп калды. Тамыбыз кыйчылдай баштады. Эжем бакырып ыйлап сыртка качты. Апам балдарын сүйрөп сыртка чыкканда жер басылып калды. Менин качпай койгонуму көрүп апам "сенин жүрөгүң жолборстун жүрөгү окшойт" деди. Тамдын шыбы ылдыйлап калды. Апам таң атканча кудайлап чыкты. Эрте туруп Миллиан атага барса, "мен өзүм да барып көрүп келейин деп аткам силерди, жер солкулдагандан кийин балдарыңы ойлоп тынч алалбай койдум" деп, үйүнөн устунду Борис жинди деген оруска көтөртүп келип, аралап кыскартып, төркү

бөлмөнүн чок ортосуна кадоо орнотуп, Борис экөөлөп көтөрүп астына чоң жалпак таш коюп, катырып кетти. Борис белине чейин чечинип алып, кашатты бойлоп кыйкырып, бакырып чуркап жүрө берчү же көзүнө көрүнчү көрүнүп, аларды кубалап орусчалап сөкчү. Ошон үчүн Борис “жинди” атыккан.

Аны көргөн эжем “эмнеге биз турсак орусту чакырасың, же орус атаңын абагасы, энеңин шыбагасы беле?” деп сүйлөнгөн.

Бир күнү велосипед тээп ойноп атсам, желкеме бир нерсе тийди да күп этип кулап түштүм. Көзүмү ачсам апам ыйлап кучактап отурат, үйдө экем. Эжем:

- Өлүканаңды гана көрөйүн, Карагул тирилип келгенсип мунун жыргап атканын көр, - деп жерден таш алганда, апам “а-ай” деп кыйкыргыча эле мени желке талаштыра бир коюп эсими оодарып салыптыр.

Эжемин ушул мамилесинен улам, балдары да жаман мамиле кылат. Ойноп аткан Жамгырды Артык деген баласы уруп качып кетти эле кууп жетпей калдым, ал менден үч жаш кичүү болгону менен чоң, семиз болчу. Дагы эмне кылып ийсем деп үйүн көздөй чуркап баратсам үч жаштагы Төлөгөн (Төлчүк деп жакшы көрөм) деген үкөсү момпосуй жеп көпүрөнүн чок ортосунда турган экен, эжемин иниси Осмонкул акем обочорокто аны карап туруптур. Мен түз эле чуркап барып Төлчүктү бир койсом сууга учуп түштү. Акем кыйкырып чуркаганда эжем атып чыкты, экөө ач кыйкырык салып чуркап келгиче, көпүрөнүн аркы башынан түшкөн баласы берки жагынан агып чыгып келди. Кичине ыйлаганы эле болбосо эч нерсе болгон жок. Кандай жол менен болсо да эжемен өч алчумун. Кичинекей мекен болгон үй-бүлөмү коргоп, бизге ким кыянаттык кылса жетчү жерине жеткирчүмүн. Ошол кезде эжем менен өмүр бою душмандашып жашай беребиз деп ойлочумун.

Күйөөсү Акылбек жездем уста болгондуктан үйүнүн тегереги бүт коргондолгон. Осмонкул акемин машинеси бар болчу. Аны аскерде курулуш ишинде иштеп жүрүп акча топтоп сатып алган. Жанагы чоң көпүрөнү машинасы кенен өтүш үчүн салышкан. Ошол Москвичи азыркыча айтканда самолету бар дегендей эле. Айтор бай турушчу.

Эжемин акеси Сарыгул акем өтө түнт киши болчу. Ал, Опуш жеңем болуп тез-тез эжемкине келип калышчу. Бизди акем көрмөксөн болуп үңүрөйүп жер карап өтүп кетет. Айнура деген кызы менен көп ойноп калдык. Жакын туугандардын балдары катары эмес, айылдаштардын балдары катары эле ойночубуз. Акем, жеңем экөө тең мектепте мугалим. Жайында жеңемин эки жашар баласы эжемкинде отко кактап бышырган дүмбүлдү жеп атып жүгөрүгө какалып чарчап калды.

Жеңем кийин дагы уул төрөдү. Атын Союзбек коюшту. Мен “Союз-5” деп эркелетчүмүн. Ал баласын акем, жеңем, эжемдерге көрсөтпөй өөп, качып кетчүмүн. Себеби эжем өзүнүн балдарын да өптүртчү эмес, өпсөк жаман көрчү. Төлчүктү аңдып туруп өөп келчүмүн. Аябай жакшынакай болчу.

Кийин элибиз чилдей тарап ар кайсы жакка чачыраганда эжемдер да жаңы курулушка бизден алысыраак көчүп келишти. Биз чоңойгонго мамилеси өзгөрүп, ал тургай жакын адамдардай болуп катташып калдык. Мен өткүрлүгүмө салып “Эже, кичинебизде эмне үчүн ошончо кордодуң эле?” деп сурасам, “сен бейбаш элең да, таркылдап ойногондон башканы билбеген, Карагул жаңы эле өлсө аза

күтпөй тарсылдап велосипед тээп жүрсөң жиним келип уруп койчумун” деди. Бирок, өткөн иш өттү, аны кектебейм деле, бизге кудайдын көзү түз болсо болду. Эжемин өмүрү узун болсун!

Бул жазгандарымы бир эле күндө отуруп жазып койгон жокмун, 1975-жылдан бери кичинеден жазып чогултуп жүргөм. Ал жазганымы унутуп коюп кайра 1986-жылы жазыптырмын. Андан кийин 1996-жылы, акыркы кол жазмам 2000-2005-жылдарга таандык экен. Бирок бардыгы тең коендой окшош фактылар, мээмдин ичиндеги компьютерге уюп калгандыктан жазмаларым бардыгы окшош болуп чыкты.

**Күмүшкан эжем**

Чоңойгон сайын атама аябай окшошуп калган Күмүшкан эжем биздикине келип турат. Чоң атабыз бир тууган. Аскер адамындай тарсылдаган тың, кылган иши да эркектикиндей, бирок мүнөзү жумшак, жүрөгү кенен. Келери менен эле мени:

- И кагылайын Карагул акем, - дейт.

Атамын үйдө илинип турган мылтыгын ала коюп, сырттагы бакта шакылыктаган сагызганды, какылыктаган каргаларды мээлебей туруп атып салчу.

- Аткыч болгуң келсе, ушинтип ат, - дейт. Анан кантип атканды, мээлегенди үйрөтчү. Өзү аткыч болгондуктан жанында дайыма ок жүрчү.

Мылтыктын түрүн атап санап берчү:

- Он эки, он алты, жыйырма сегиз - муну менен алысты атасың, отуз эки, мантикрас, винтовка беш атарга патрон саласың, дүрбүлүү мантикрас, магазини бар мантикрас, кыргыз мылтык (милтелүү мылтык, түтөтмө мылтык, бүктөмө мылтык), беш атар, автомат калашник (Калашников), - деп жаттатчу.

Эжем 50 метр аралыкка шише тизип коюп эркектер менен мылтык атып жарышчу. Ал тургай милиция акелер менен да жарышып утуп алганын билем. Анын бир аты “көзгө атар мерген”.

Ал окуусун бүтпөй жаш эле күйөөгө тийип кетти, ала качып кетти жездем. Узун-Акмат жерин жердеп, Алатай жайлоосун жайлап, элик, кийик, аюу, карышкыр атып тоодо жашап жүрүштү. Бир күнү чоң аюу эки мамалагын ээрчитип келатса жездем мээлеп калганда эжем жездемин мылтыгын тээп, балдары жетим калат деп балалуу аюуну аттырбай койгондо ок асманга атылып, аюу балдары менен качып кетиптир.

Эжем атамдай чебер, устачылык да кылып ийет. Милтелүү мылтыктын милтесин кантип эшсе, жүгөндү да ошентип эшет. Тордун түрүн токуйт. Канчалык оор иш болсо да эртеңкиге калтырбай ыпылдап-тыпылдап заматта бүтүрө салат. Чоң окууну бүтпөсө да аябай билимдүү. Кайсы жериң ооруса кантип айыктырарды айтып берет. Малы көп, тооктору жер жайначу, аларды уколсуз эле айыктырып алат. Кайсы тоок эмне менен ооруганын карап туруп айтып берет.

Ушул эжем он алтыны төрөдү, Боюнда бар кезде баланын салмагы 5 кгдан ашып, ичинде чоңоюп кеткендиктен доктурлар 9 баласын ичинен колу бутун

кескилеп алып чыгышты. Жети баласы аман-эсен төрөлүп, дени соо чоңоюп, эр жетишти. 7 жолу боюнан алдырттканын кошкондо эжем 23 баланын энеси болмок экен. Эжемин очогу шаарга айланып очор-бачар болгондо катташыбыз үзүлдү. Жамандыктарга гана барышып калдык.

Эжем ушу тапта ооруп, Бишкекке ооруканага көрүнгөнү келген. Азыр арманын айтып Соттун, милициянын, Психикалык оорукананын атына мага арыз жаздырып атат. Арызды өзүнүн макулдугу менен китепке киргиздим:

**Эненин көз жашы**

Жалал-Абад облусуна караштуу Токтогул районундагы Ш.Кенжетаев көчөсүнүн жашоочусу, пенсионер, инвалид Кожобекова Күмүшкандан

А Р Ы З

Менин Арыз берүүмүн себеби төмөнкүчө:
Жолдошум каза болгондон кийин Кутманбаев № 35 көчөсүндөгү үйүбүздү сатып жиберип, Урмат деген уулум жашаган Кенжетаев көчөсүнүн № 4 үйгө жакын жайгашкан үйдү сатып алып, жакын көчүп келгем. Уулуму караан тутуп, балдарыма тийек болоюн деген таза ой менен гана жанаша үйдү сатып алгам. Эң кичүүм Советбек жанымда калган. Бирок, Урмат менин көчүп келгениме курсант болбой, тескерисинче «кайра көчүп кет» деп кодулай баштады. Анын тилинин заарына чыдабай кичүү балам мени таштап Бишкекке кетип калды. Уулум кеткенден кийин Урмат мага далай кордук көрсөттү, мас болуп келип терезелерими талкалады, өзүмү таш менен урду. Зарип деген тааныш милиционер бала айнек алып келип кайра салып берди.
Аялы да ичет. Тили заар. Мени урат. Уулум аялынын тилине кирип, ал айткан жалган кептерге ишенип алып мени ышкырта сөгөт. Анын сөккөнүн угуп туруп адам чыдабайт.
2004-жылы декабрдын 17синде саат төрттө беш тоогуму үйүнө киргизип алып чыгарбай коюшканын айнектен көрүп калдым. Такыр чыгарбай коюшканынан тоокторду чыгарбайсыңарбы деп барсам, аялы Урматка «энеңи чап, үйгө киргизбе» деп кыйкырды. Аялы желкеден алып жыгып, уулум жамбашка тепкилеп, катуу сабап эсими оодарып салышты. Эсиме келгенде «сени мен төрөп, өстүрүп чоңойттум эле го, аялыңын тилине кирип ушундай кыласыңбы?» десем, «Сенин төрөгөн баланчаңа баланча ....., оозуңа да ошондой ....» деди. Катыны адатынча таш менен уруп баштады.
2005-жылы апрелде дагы тоокторуму огороддон айдап келатсам, Урмат «тоокторуңу бул жакка айдаба» деп күндүз, чак түштө эле таш менен койгулап уруп таштады. Тоокторуму ачык эле кармап союп жеп түгөтүштү. Карап туруп эле баралбай калам, барсам аялы чыңырып эрин чыкырат, эри экөөлөп тепкилеп жатып калышат. Айыл, кошуна баары билет.Ал турган чоң семиз итими да союп алышты.
Аялы Урмат үйдө жокто дайыма чуу көтөрүп, качан да болсо «шыйрактан бөйрөк чыгарып» турат. Дагы бир күнү Самарбек деген кошуна менен келип

экөөлөп сабап кетишти мени. Милицияга арызыдансам Болпокеев Кыяз деген тергөөчүгө тапшырган. Судмедэкспертизадан өтүп келатсам, келин Самарбек экөө жолдон кармап алышып, экинчи урбайбыз каматпа деп жалдырашып кагазымы колуман алып коюшту.

Келин Алмаш деген кызы экөө тез-тез эле тытышып, жулмалаша беришет. Түн экенине карабай уктап жаткан жериме мушташып кирип келишет. Бири-биринин уурулуктарын чукушат. Кызына болушуп ажыратсам келин сабайт. Келинге болушсам кызы сабайт. Мага жашоо жок. Үйдөгү болгон буюм теримди каратып туруп алып кетишет. Эртеси бербейсиңерби дечү болсом келин жулунуп баламы чыкырып урдуртат. «Сени балаңа өлтүртүп коем, жалгыз жашайсың, сен үчүн эч ким жооп бербейт» деп коркута берет. Аялынын тилине кирген балам эч нерсени териштирбей туруп мени сабап жатып калат. Качан болсо аялымкы туура деп ойлойт. Эгер аялы менен беттештирип туруп күнөөмү мойнума коюп берсе мойнуму тосуп берет элем.

Алмаш деген кызы «Эй Күмүшкан, сени минтип коебуз» деп колундагы таякты астына тыгып кайра чыгарат. Шымын шыпырып «муну же» деп көчүгүн чапкылайт. Бир эле мени эмес көчөдөн өтүп бараткан чоң кишилерге да тилин чыгарып, артын шыпырып чапкылай берет. «Сени өлтүрүп коебуз» дегенден башка сөздү билбейт.

Урмат 2011-жылы 3-мартта үйгө мас болуп келип, «сен менин үйүмүн бир бурчуна отургун, сенин үйүңү сарай кылам. Эшиктеги тапчаныңы үйүмө апарып коем» деди. Ошондо Рат балам Бишкектен келип үйдө жаткан. Рат ачууланганда «мас неме сүйлөй берет, теңелбе балам» деп койгом.

Ошо менен 7-апрель күнү кечке жуук Санжар деген досу менен келип калды. Досун үйгө калтырып сыртка чыгып кеткен. Санжар бир аздан кийин чуркап чыгып кетти. Менин кулагым жакшы укпагандыктан эч нерсе менен ишим жок үйдө отургам. Бир маалда Рат балам ылай болуп, башы, көзү канжалап эптеп жөрмөлөп мага чейин жетип «Урмат акем жайлады» деди да эси ооп жыгылып калды. Айлам куруп тез жардам чакырдым. Досу Санжар баламы тез жардам менен алып кетип жанында жатты. Урматтын аялы артынан кеткен. Ал келип эле мага атырылды «балаң арамза экен, эч нерсе болбоптур» деп. Узи да, рентген да таза чыгыптыр, аны келин акча берип айттырбай коюптур, өлүп калсын деген кыязда.

Эртеси Рат балам чыдабай калды. Доктурлар караган жок. Өзүм баса албагандыктан Санжарга телефон чалып баламын абалын билип турдум. Бишкектеги кыздарыма, Сочиге чалып шашылыш келгиле деп чакыртсам, Сочи келип Ратка убактылуу оорутпай турган укол салдырып, Бишкекке алып кетти. Борбордун ооруканасынан текшерүүдөн өткөрүп, «Кабырга сынып өпкөгө кирип кеткен, ал тешиктен аба кирип, жүрөктү кысып калган» деген диагноз коюп, шашылыш операция жасашыптыр.

Ленин районунун милициясы келип териштирип, ишти Токтогул районунун милициясына жөнөтүп жибериптир. Тергөөчүлөр мага үйгө келгенде «Экөө тең өзүмүн балам, эми эмне кылам?» деп ыйласам ишти жаап салышты.

Рат балам оор абалда жатканда Урмат кыздарыма чалып акчасын төлөп айыктыра бергиле, канча болсо да төлөп берем дептир, а бирок бир тыйын да

жардам берген жок. Кыялы чатак. Аракты да суудай ичет. Атасындай чоң эле кишини уруп, өлтүрүп кое жаздаган. Кошуналар да кыялы бузук, өлтүрүп койбосун дешип коркушат.
2011-жылдын апрелинен ноябрга чейин Бишкекте ооруканада жаттым. Жайкы ысыкта жуунуп келейин деп кызымкына барсам, Урмат келип «Мен үйдү алам, барсаң өлөсүң, эч кимиң барба, үйдү бербейм, бардың дегиче өлтүрүп коем» деп коркутуп кетти.
Урмат да, аялы Айнаш да, кызы Алмаш да нервден кеткендер. Колунан ар нерсе келиши мүмкүн.
Бир бутум катуу ооруп балдак менен басам. Төрт жолу операция жасашты Бишкектен. Кулагыман да операция болдум, жакшы укпайм.
Ошондуктан урматтуу жогоруда мен жазып жаткан мекеменин жетекчилери!
Сиздерден суранарым мага жардамга колуңарды сунгула. Өз баласынан жабыр тарткан энени мен кинодон да көргөн эмесмин. 7 балам бар. Бирөөсүнүн чекесине чертпей, аппак кылып, кийиминин четине чаң кондурбай чоңойтком. Үч кызым күйөөдө, балалуу-чакалуу болуп өздөрү менен өздөрү. Төрт баламын улуусу Үмүт 1999-жылдан бери дайынсыз. Бирөөсүн да катуу урушуп же тилдеген эмесмин.
Урматтын аял алгыча мындай мүнөздөрүн байкаган эмесмин.
Ушул окуялардан улам жыйынтык чыгарып, балам Урматты тарбияга чакырып, келин менен кызын психикалык ооруканага дарылануууга жөнөтүп берүүңүздөрдү суранам. Сиздерге кайрылуудан башка аргам калбады. Мен ушул катты жөнөтүп коюп Токтогулдагы үйүмө жөнөп кетем. Эгер мен бир нерсе болсом Урмат, аялы, кызы үчөө күнөөлүү деп билиңиздер.
Арызды өз оозум менен айтып берип жаздырдым.

КҮМҮШКАН Кожобекова.

Эжем азыр алтымыштан жаңы эле ашты. Дагы деле колунан иш, оозунан шекер сөзү түшө элек. Жаркылдап күлүп сыр бербейт. Бирок, жогорудагы ыйлап, боздоп атып айтып бергендерин жазып жатып жүрөгүм аябай ачышты...

Эжем Токтогулга барса жанагы небересин күйөөгө ала качып кетишиптир. Ала качкан күйөө тууган уругу менен чогуу эртеси эле кайра кечирим сурап жеткирип келип коюшуптур.

***

Күмүшкан эжем мага жети жашымда мылтык атканды үйрөтүп кеткенден кийин огу жок мылтыкты көтөрүп алып балдарды коркутчумун атам деп. Мен мылтык көтөргөндөн кийин мени менен мушташпай калышты. Ырыс эле иш кыл деп уруша берчү апам жокто. Мына эмесе деп бир күнү мылтыкты алып чекесине мээлеп калдым. Ырыс коркконунан калчылдап калды, өңү боп-боз болуп бакырып ыйлап кирди. Мен “көтөр колуңу” десем көтөрөт, “түшүр” десем түшүрөт.

- Экинчи мени иш кыл дейсиңби?

- Жок дебейм, десем майнеке болоюн.

- Өзүң кыласыңбы иштин баарын?

- Ооба, өзүм эле кылам, сени кыл десем ит болоюн.

- Апама айтасыңбы атам деди деп.

- Жок айтпайм, өлсөм да айтпайм.

- Айтсаң атып таштайм, макулсуңбу ушуга?

- Макулмун, айтсам атып сал, - эжем калчылдап болбой калды.

- Анда тур, эгер айтсаң сурабай туруп атып салам, уктуңбу?

- Уктум, уктум.

Кечинде апам жумуштан келгенде чай берип аткан Ырыстын колу калчылдап атты. Апам байкап койду.

- Бир жериң ооруп аткан жокпу? – деди. Ырыс жок деди шашкалактап.

- Анан эмне өңүң бозала, колуң эмне калчылдап атат? – дегенде Көккөз сиңдим тантык тили менен "Буку мытык минен атты" деди.

- Эмне дейт? – апам чоочуп кетти. - Кайсы мылтык менен? – дегенде мылтыкты көргөздү. – Ким атты? – дегенде мени көрсөттү. – Кантип атты? дегенде эки колун мээлеп Ырыстын чекесине такады. – Анан сен ошого эле коркуп калдыңбы? – дегенде эжем бакырып, эреркеп ыйлап калды. Апам ошондо билди Ырыстын чындап коркуп калганын. Туруп барып мылтыкты алып:

- Сен деген мындан улуусуң, чоңсуң дагы, мылтыкты сууруп алып өзүн атып салбайсыңбы? – деп эжеме мылтыкты берди, - ме эми сен ат, атып көрчү кандай болот экен билсин, - деди. Эжем кармаганы менен аталган жок. Апам ат деп атам, сени кантип мээледи эле ошентип мээле, болбосо экөөңү тең сабап салам, – деди. Эжем калчылдап мени мээге мээледи эле, мылтыгы менен кошо түртүп жиберсем чалкасынан түштү. Апам мылтыкты эжемен жулуп алып мени кундагы менен келиштире бир чапты. Мен тарс этип жыгылып түшсөм эжем бакырып келип:

- Апа, урба муну, суранам урба, кечирип койчу апа, экинчи мылтык менен ойнобойбуз, – деп болушуп үстүмө жата калып мени келтектен калкалады.

"Арачыга алты таяк" дегендей шоктугуман канча келтек жесем да арачалап ортого түшө калып жүрүп келтектин жарымын эжем тең бөлүшчү.

***

Биз бир уй, бир торпок, алты кой, жыйырмадан ашык тооктон сырткары атамын кол менен жасаган буюмдары менен эле бай болчубуз. Ал буюмдарын да ар ким сурай берип, акырында төөнүн жүнүнөн атам өзү токуган узун, калың шарф, бир эле мылтыгы, анан баягы орундук (креслосу) калган. Мылтыгын да Абдыразак деген аяш атам карышкыр малга тийип атат, атып алайын берип тур деп алып кеткен бойдон кайра бербей койду. Акыркы креслосун сурашканда да мен ыйлап атып бергизбей койгом. Жадакалса эшегин, арабасы менен алып кетишкен. Шарфын мен чоңойгуча тагынып жүрдүм. Атам токугандай шарфты 90-жылдан кийин фабрикалар чыгарып, сатыкка түшө баштады.

Шипшиңкедеги алыс туугандар, кошуналар менен кол үзүшкөн жокпуз. Тынбай катташып турчубуз. Эки жарым саат жөө жүрчүбүз. Алыстыгына карабай барып келип турдук. Кимисиникине барбайлы бererге ашын таппай,

жетине албай кагылып-согулуп өпкүлөп кабыл алышчу. Алардын бергендерин үйгө көтөрүп келип апамы сүйүнтчүбүз.

Агрономдогу үйүбүз дагы Шипшиңкеликтер үчүн аялдама болчу. Токтогулдун борборуна (Эски Токтогул) базарга баратканы да, кайтып келатканы да биздикине кайрылып бутун сунуп отуруп, ысык чай ичип эс алып кетет. Алар жөө катташчу, "ушул жерге ырас эле көчүп келиптирсиңер" деп бизди алкашчу. Апам иште жүрсө да жогун билгизбей чай беребиз. Биз окууга кетип калсак бөбөктөрүм болчу. Ким келсе да эшиги ачык турган үйгө кирип курсактарын тойгузуп алып жолуна түшчү. Болбоду дегенде эле суу себилип таза шыпырылган корообуздагы көлөкөлүү бактын алдына салынган тардын үстүндөгү төшөккө жатып эс алышчу. Атам сайган чырпыктар чынар терек болуп, алча, алма бактары, жүзүмдөрү дүркүрөп өсүп күндүн бетин жаап турчу. Биз бар болсок да, жок болсок да бейчеки алма, алча же жүзүмдөн үзүп жешчү эмес. Шипшиңкеликтер биздикине келишсе да, биз алардыкына барып калсак да дайыма атам жөнүндө кеп кылып эскере беришчү. Анын усталыгын, өткүрлүгүн көп айтышчу.

Үйдө алманын түрү өскөнүнө карабай мен балдарга кошулуп алып, Коңкош атанын короосуна жана Милиан атанын багына уурулукка барам. Ошондогу ач көздүк менен биз үзүп алган сулуу алмалар жээлбей эле калчу.

**Чынаркан эженин эки күйөөсү**

Биздин үйгө тынбай көп келгендердин бири Чынаркан деген эже. Анын күйөөсү Турар аке үйүнөн эч жакка чыкпайт. Чоң сарайдын короосунун ичинде үйү бар болчу. Домой деген кишини үйүндө иштетип, жашатып жүрчү. Эже Домой аке менен базарга каттачу, экөө менен тең жашачу, экөө тең чоң, олбурлуу кишилер эле. Турар аке менен үйүнүн ичинде жатса, аны уктатып коюп сырттагы бастырмасында Домой аке менен жатып алчу. Турар аке билчү, бирок билмесен болуп койчу. Эл да билет, билмек тургай эрте менен эрте жумушка келгендер көрүп коюшчу.

Турар акеге караганда Домой акени аябай жакшы көрчү эже. Биздикине келип арак ичишчү, ырдашчу, кучакташып өбүшүп калышчу, кайра бир заматта эле мушташып кетишчү. Бир жолу чай ичип отуруп уруша кетип, Домой аке колундагы чоң кружка менен эжени мээлеп чабарда ал эңкейе калып, кружка күч менен барып Көккөз сиңдимин көзүн көгөртө койгон. Сиңдимин ээси ооп жыгылып калган.

Биз уктай электе эле экөө жатып алып төшөктү ары-бери желпий башташат. Таң калып караган бизге аябай кызык көрүнөт. Чынаш эже артынан түрткүлөгөн Домой акени жөн жат дегендин ордуна бизди карап күлүп же "ии, жомок айтып бергилечи, кана" деп көзү сүзүлүп сүйлөнүп, же заматта эле көздөрү аңтарылып онтоп, акыштанып калат. Эжем башына жууркanды жаап, менин кулагыма "мине кылып атышат билесиңби?" дейт. Мен "жок, билбейм" дейм. Ал айтып берет мине кылып атышканын.

Ошол чын болсо үстүлөрүнөн жуурканын сыйрып салып уят кылайын деген ой менен мен жуурканды тээп тура калсам, сестендиби, же иштери бүттүбү айтор дымып калышты.

Бул аял дегеле үйүнө шашып койбойт. Домой аке менен жүргөндө дүйнөсү түгөл, көңүлү ток. Үч күнгө чейин деле түнөп кала беришчү. Сулуу эже эле, эки күйөөсүнөн тең балалуу боло алган жок. Апам аларды келбегиле, кеткиле деп эч айткан эмес, мурунку айлыбыздагы келиндердин эң кичүүсү болгондуктан келгендердин баарын акем, эжем деп сыйлап турчу. Шипшиңкелик жакындарыбыздын өтө көптүгү да Турдукан эжеме жакчу эмес.

Анан Асанбай аке аялы Суусар эже менен көп келет. Келатканда соо кайрылышат, базардан кайтканда бозого тоюп кызуу келишет, анан мушташ башталчу. Бир күнү биздин орулуп бүткөн жүгөрү аңызда мушташышты. Бүт коңшу балдар чогулуп карап турдук. Эри жакшы эле аялын уруп аткан. Бир маалда өтө ачууланган Суусар эже эрин күч менен көтөрүп туруп жерге урду. Аялынын астында калган аке жалына баштады. Эже бир колу менен тамактан алып, бир колу менен ыштанын мыжыды. Күйөөсү үнүнүн баарынча кыйкырды. Балдар “тигил жерин жулуп атат, карагыла” деп бири-бирине кыйкырып эле жыргап калышты. Менден башка кыздардын баары качып кетишти. Биз концерт көргөндөй карап, каткырып кызыкка баттык.

Кайсы көчөдө жашаганын билбейм Икрам деген аксакал катуу ичип келип, огородубуз жолдун жээгинде болгондуктан биздин жүгөрү аңызда көп жатчу. Картайганына карабай ичип, мас болуп жүргөнүн дайыма Ташахун уйгурга окшото беребиз. Бул жердин да Ташахуну бар экен го деп аны көргөн шипшиңкеликтер күлүп калышчу. Ал ичкич атаны аңыздан ары бутунан сүйрөп, кашатка чейин алпарып, далай жолу ылдыйга тоголотуп ийген күндөрүм болгон.

## Жети түтүн

Агроном айлына караштуу биздин жети түтүн үй-бүлөдөн Гүлүпа эжеден башка эч ким арак же бозо ичишпейт. Ал эженин күйөөсү жок. Дайыма эркектер менен арак ичип мас болгондо, кай жерде ичсе ошол жерде жатып уктап калчу. Же “беш жетим, беш дөө” деп дөңгө чыгып алып бизге кыйкырчу. Башкаларга кыйкырайын десе күйөөлөрүнөн коркчу. Соолукканда уялып бетибизге карай албайт эле. Анын менден беш жаш улуу Тайлак деген баласы менен алым жетпесе да мушташам, энесинин өчүн алыш үчүн. Көбүнчө мени кичүү, анын үстүнө кызсың да деп жеңилип берчү.

Гүлүпа эженин үйүнүн жанындагы дөң жөнүндө ар кандай аңыз кептер айтылчу. Ал дөң бир кезде заңкайган чоң үй болгон экен. Кайсы бир жылы түнкүсүн катуу жер титирегенде үй кулап түшүп, ичинде уктап жаткан бир үй-бүлө чогуусу менен тамдын астында калышыптыр. Аны казганга эч кимдин кудурети жетпей ошол боюнча шейит кетти деп таштап салышкан экен. Түнкүсүн сыртка чыкса бирөөлөр жардамга деп кыйкырат имиш, же чыйылдаган балдардын ыйы угулуп турат деп айтып балдар бири-бирин коркутушчу. Күүгүм киргенде эле балдар үйлөрүнө камалып, сыртка чыккандан коркушчу. Мен болсо түндө жалгыз чыгып алып ошол дөңдөн качан үн чыгат деп аңдып көпкө чейин

отурчумун, бирок андай кереметти укпадым. Баарыбыздын тең күндүз ойногон жерибиз ошол дөңдүн үстү болчу. Жыландын түрү жашачу. Жака-бели бүт майда чий. Ошол чийди да түнкүсүн күйөт дешчү. Балким бул дөңдүн астында хандар көмүлгөндүр, ким билет. Анткен себебим дөң өтө эле бийик болчу, анан жыландар көп болчу Жыландар бизге тийчү эмес, биз аларга тийчү эмеспиз, кошунадай болуп ынтымактуу жашачубуз..

Жети түтүндү жогору жактан санаганда Ырыс эже, күйөөсү Отунчу аке, баласы Ашарбек үчөө жашайт. Ырыс эже ыймандуу жакшы эже. Баласы Ашарбек өтө көп сүйлөгөн маңыз, классташпыз. Үйүндө эженин жакын тууганын балдары Жеңишбек (дудук болчу, дудук болсо да жаркылдап күлүп жүрчү. Дудукча сүйлөгөндү эч ким үйрөтпөгөндүктөн айтайын дегенин түшүндүрө алчу эмес), кызы Саадаттар жашачу.

Андан бери Насырынбек аке, аялы Аккүл эже, балдары Сатыбалды, Калкыз болуп турат. Сатыбалды аке өтө түнт, эч ким менен сүйлөшпөйт. Калкыз да кыздарга кошулуп ойнобойт, менден бир жаш кичүү.

Анан Турдукан эжемдер, балдары Козу (өз аты Жапар), Артыкбек, Бай (өз аты Артыкбай), Төлөгөн. Козуну аскерде жүргөндө чечендер өлтүрүп кетти. Артык каалаган жакта жүрө берет, атасындай чоң уста. Бай менен Төлөгөн тың чыкты, азыр балалуу-чакалуу.

Булардын катарында Жаныбек акенин үйү бар, балдары Жолдошбек, Каленбү, Кызылкөз Мыкын (Максатбек). Жаныбек аке акылдуу, мүнөзү оор киши. Аялы Айым апа биз көчүп келген жылдары каза болду. Бир жылдан кийин Жаныбек акеге аял апкелип беришти. Жылмаңдаган, чыкчыңдаган аял болчу. Жаныбек аке катуу ооруп үч жылдан кийин каза болуп калды. Ал жылмаке кыркына чейин араң чыдады. Кетем эле кетем деп туруп алганда Жаныбек акенин жакын туугандары машина алып келип шырдак, кийиз, төшөнчү, идиш-аякка чейин жүктөп берип урушпай нетпей, тынч гана кетирип жиберишти. Жолдошбек аке узун бойлуу, жоош, көздөрү бакырайып сулуу болчу. Каленбү иштин баарын жасачу, мүнөзү токтоо, чогуу окуйбуз. Ал эми кызыл көз Мыкын да Жолдошбек акедей бойлуу, өңдүү болгону менен дайыма көздөрү кызарып жүрчү. Ошон үчүн экинчи аты Кызыл көз болчу. Алардын катарында жанагы дөңдүн жанында Гүлүпа эже жалгыз баласы Тайлак (өз аты Сатыбалды) менен жашайт.

Булардан обочороокто бирок ушул эле катарда мүрзөлөрдүн жанында сакалы куудай болгон Коңкош ата жашайт. Анын улуу кызы “меникара” деген жылтырак материалдан көйнөк кийип чыкканда көйнөгүн көрөбүз деп артынан ээрчип алчубуз. Андай көздү уялткан матаны ага чейин көргөн эмеспиз. Ал Ошко окууга кетип Алайга күйөөгө тийип кеткен экен, такыр келбей калды. Чынбы, калппы ким билсин, алайлыктар келин болуп барган кыздарды төркүнүнө жөнөтүшпөйт имиш деп апасы зар какшап ыйлап жүрчү. Чындап эле ошол кызы бир кайрылып келген жок. Экинчи кызы Касиет эже аябай эрке, таркылдаган кыз болчу. Кара-Суу айлына Чикен деген акеге күйөөгө чыкты.

Ошол узун катар тамдардын алдында, жолдун боюнда биздин кичинекей үй-мекенибиз жайгашкан. Эжем, Жаныбек аке анан биздин үйдүн ортосу аябай кенен. "Жоолук таштамай", "Качмай топту" ушул жерде ойнойбуз. Качмай топ ойногонду аябай жакшы көрөм. Бирок ал кезде топтун табылышы кыйын болчу. Дайыма ызылдап, кыйкырып, бакырып ойночубуз. "Жоолук таштамай" ойноп атып, кимибизге таштап салат деп аңдып, үнүбүз чыкпай калчу. Себеби жоолукту көрбөй тескери карап отура берсең кайра айланып келатканда катуу түйүлгөн жоолук менен сабап салышат.

Ошондой убакта бир күнү эжемин үйүнөн чыйкылдаган үн чыкты. Бардыгыбыз ошол жакты карап калдык. Улам эс алып туруп эле болуп көрбөгөндөй чыйкылдап жүрөктүн үшүн алат. Бардыгы сестенип отуруп калышты. Бир аз дымып калып, кайра катуулап чыйкылдай берди. Кыздардын баары үйлөрүнө качып кирип кетишти. Балдар менен эле мен калдым. Эжем кайра чыгып "бас үйгө, апама айтам" деп сүйрөдү эле, түртүп жиберип Турдукан эжемкине чуркап кеттим. Көпүрөдөн өтүп, тамынын сыртындагы чырпыктан жасалган чарбактан ашып түшүп, каяктан чыгып атканын аңдыдым. Балдары жолой албай алыста аңдып турушат. Ошо кезде чоң кишилер "жүгөрүнүн арасында жалгыз көз желмогуз түнөйт, этият болгула, күндүз аңызга барбагыла" деп коркута беришип балдарынын жүрөктөрүнүн үшүн алган кез эле. Антип коркутушкан себеби чоңоюп бараткан боз балдар чоңоюп келаткан беш көкүлдөрдү "сүйлөшүп отурабыз, жүр" деп кыйнап, жүгөрүнүн арасына сүйрөшчү.

Эжемин айнек тушуна жеткенде чыйкылдаган үндү таптым. Ал эки мырза теректин ортосуна салган акемин турниги экен. Шамал болуп эки терек ары-бери термелгенде мык менен катырылган жери бошой берип, темир тийген сайын чыйкылдаган үн чыгып атыптыр. Аны билип алып кайра ордума чуркап келип, балдарына:

- Силердин тамыңардагы шыпта жалгыз көз желмогуз коңурук тартып уктап калыптыр, - деп айтып бүткүчө эле балдардын баары тең коркуп, бакырып биздин үйгө кире качышты.

Кайра аларды үйдөн чыгара албай шайым ооду. "Желмогузду силердин көзүңөрчө өлтүрүп берем, жүргүлө, - деп алдап араң чыгарып, тиги чыйылдаган акемин эле турниги экенин жакын барып көрсөтүп бердим.

Топ демекчи, эски Токтогулда үстү чүмкөмө машина (ГАЗ-52) айдаган чыкчыңдаган бир киши (сары Тургумбай) бейбаш балдарын салып алып дайыма биздин кашаттан түшүп балдары менен топ ойноп эс алып кетет. Тобу чоң, көгүш, агыш сызыктары бар. Көзүм тобунан өтөт. Бейбаш балдары машинанын үстүнөн бизге кыйкырып, колдорун түрүп көрсөтүп, сөгүп, же "эй, жетимдер" деп кыйкырып кетет. Мен машинага чуркайын десем апам жөнөтпөйт:

- Бактылуу менен баалашпа, таалайлуу менен талашпа дейт балам, унчукпай эле кой, силер да чоңойсуңар, "жетим жүрүп жетилет" деген сөз бар. Азырынча көрмөксөн болуп кое бергиле, кийин өздөрү да уялып калышат, - деп.

Ошо кишинин машинасы келатканда эле жүрөгүм зырпылдап турат. Үйдүн ичине кире качсак деле кыйкырышат. Апама көрүнбөй бир күнү алардын артынан башка жол менен сайга түшүп, бадалга кирип кеттим. Машинадан

түшүп эле дарыяга чуркашты. Суугa түшүп үшүп келишип топ ойноп киришти. Анан тамак жешти, болгондо да мен өмүрү көрбөгөн бир темирди бычак менен ачып ичинен эт алып жешти, анысы консерва экен. Тамак жеп бүткөндөн кийин топту отурган жерлерине калтырып, сууга түшкөнү чуркап кетишти. Мен акырын сойлоп барып тобун алып, кайра сойлоп бадалга кирип кеттим. Алар киринип бүткүчө мен кашаттан чыгып, үйгө жүгөрү аңыз менен келип, топту капка салып, үстүнө саман толтуруп сарайга илип коюп, эч нерсе билбеген болуп үйгө кирдим.

Арадан канча убак өттү билбейм, апам кирин жууп жайып бүтүп, казанга нан жаап аткан. Жанагы чыкчыңдаган сары киши машинасын айдап келип аңыздын четине токтотуп, бипилдетип калды. Баарыбыз карап калдык. Ал үч баласын ээрчитип түз эле биздикине келип:

- Канакей топ? – деди.

- Эмне? – деп апам жаап аткан нанын токтото койду.

- Менин балдарымын тобу сайдан жоголуп кетти, сенин эле балдарың алды болуш керек, тапкыла, эгер өзүм таап алсам жаман кылам, - дейт сары киши.

- Сиздин тобуңузду алгыдай менин балдарым кичине да жарыктык, тинтиңиз, таап алыңыз, ачып койгула эшиктерди, - деди бизге, - таба албасаңыз сакалыңызды сүйрөп кетип калыңыз.

Апам балаң алды десе Жамгыр менен Майрамбекти айтып атат деп ойлоду, мен жөнүндө күмөн да санаган жок.

Эжем эшикти чоң ачып койсо жинди баласы чуркап үйгө кирип тинтип чыкты. “Жок экен” деди атасына. Атасы:

- Силерден башка жан көрүнбөйт, башка ким алып кетиши мүмкүн? - деди.

- Биздин 7 түтүндүн ичинде уруу-кески жок, бирөөгө жалаа жабардан мурун адегенде өзүңөрдү тинтип көргүлө, келиңиз нан ооз тийиңиз, - деп апам чыгарып аткан нанын сунду эле Тургумбай аке уялганынан ооз тийе алган жок.

Атасы “өзүңөр деги кайда койдуңар эле, бадалга тээп койгон жок беленер?” деп сүйлөнүп кетип калышты. Кечки тамакты жеп бүтүп, жатканга камынып атканыбызда апам малдарын жайгарганы кеткен. Бир маалда мени чыкырып калды, бергелчи деп. Эч нерсе ойлонбой эле чуркап чыксам “Тигил эмне?” деди. “Кайсы?” дедим. “Жүрчү” деп сарайга апкелди. Мен дароо түшүндүм, апам топту көрүп калганын.

- Апа, апа, урбасаң айтып берем. Алар сууга киринип атканда уурдап келгем, сенден коркуп айтпай койгом.

- Азыр жеткирип барып, кечирим сурап кел, эгер антпейт экенсиң өлдүң, - деп санымы оюп, топту колума карматып койду.

Мен топту кабы менен алдым да чуркап кеттим. Чоң жолго жеткенде жүгөрү аңызга кирип бекинип алдым. Аңызда канча жаттым билбейм апам чырак алып ары да өтөт, бери да өтөт. Улам мени кыйкырып коет. Бир маалда Ырысты жетелеп сыртка чыгып араба чырак менен сарайдын айланасын караршты. Анан апам:

- Жөн эле койбой каяктагы балээни баштадым эле, уурдаса бир топту уурдаптыр эле да, алар ошончолук кордук көрсөткөнүнөн уурдады да, үйлөрүн каяктан тапмак эле, эми эмине кылчумун, дарыяга барып сууга түшүп кетсе мине

кылам, кокуй наалат, Ашарбек, Мыкын, Козу, Тайлактарды чыкырып келели, жүгөрүнүн ичинен издешсин, - деп Ашарбектин үйүнө кетишкенде аңыздан чыгып келип топту сарайдын үстүнө чыгарып бекитип коюп карасам апамдар Ашарбектин үйүнө жетип, итинен кире албай атышыптыр. Сарайдын үстүнөн эле “апаалап” кыйкырдым. Апам:

- Оо-в, үнүңөн кагылайын, үнүңөн, барсыңбы балакетиңи алайын, - деп кайра үйдү көздөй чуркашты. Келип эле кучактап ыйлап калганда:

- Апа, топту үйүнө чейин жеткирип атасынын колуна берип кечирим сурадым, - дедим.

- Ка-ап, бекер кылыпмын да, жети түндө сени кыйнап, жеткирбей эле койбопсуң да, чапсам бир чабат элем да жиним менен, бирок, экинчи антпей жүр балам, уруулуктан адам өлөт, же колу сынып калат, жерде жатса да эч качан албагыла, - деди.

Эртеси эле балдар чогулуп ошол топту ойноп кирдик. Жекшемби күнү гана топтун ээлери келер күнү үймө үй кезек-кезек менен бекитишебиз. Аны кийин апам да иштен келгенде көрүп койду, унчуккан жок, бирок “А кайбар десе, мени алдапсың да” деп койду.

Кашаттын жолу эки машина бата тургандай кенен. Райондун борбору өтө чоң болгондуктан көчөнүн аягы кушкана башталган жерден бүтөт. Аралыгыбыз 100-150 метр болсо керек. Жамгыр жаабай кургакчылык болгондо же тескерисинче жаан токтобой шатырап жаай бергенде тилек тилеп эл кудай (түлө) өткөрчү. Кудай өткөргөндө райондун эли түрүлүп келип, биздин 7 түтүндү да кошуп алышчу. Анан биздин алдыбыздагы кашаттан дарыянын жээгине түшүп, чоң талаага 6-7 чоң казан асып, ынтымак менен мал союп, борсоок бышырып, ар ким өздөрү ала келген кесесине тамак куюп ичип, жакшылык тилеп, асманга алакандарын тегиз жайып бата тилешет. Майда балдар жайнап кетчүбүз. Баарыбызга тамак жетчү. Жетмек түгүл ашып калат. Кудайы тамакты арттырып калганга болбойт дешип бири-бирин кыйнап жедиришет.

Тамак жээлип бүткөндөн кийин молдолор, аксакал-көксакалдар кетип калышчу. Жашыраактары калып отундардын калганын, таштандыларды чогултуп, ал тургай кемегенин күлүнөн бери тазалап чыгарып кетишет. Дарыянын жээги дайыма таза турат. Эч ким деле жыйнагыла деп буйрук берчү эмес. Ар кимдин жүрөгүндө ыймандуулук жашачу. Алардан кийин келген эс алуучулар, сууга киринчүлөр кенен-кесир келип жайгашып отуруп дем алып кете беришчү.

Анан кеч киргенде эле же эртеси жамгыр нөшөрлөп жаап кирчү. Же жаап аткан жамгыр тып эле токтоп калчу. Бу да болсо кудайдын керемети эле.

Ошол кезде атактуу молдолор бар болчу. Бирөөсүн дарыяны тескери агызып койгон дешет. Өтө чектен чыккан бир кишини бир молдосу эшекке айландырып койгонун өз көздөрү менен көргөндөрүн айтышчу. Бир жолу ошол молдолордун биринин үйүнүн жанынан өтүп бараткам. Үйү узун көчөнүн жээгинде болгондуктан, чарбактын сыртынан өтүп бараткан кишиге баары ачык көрүнүп турчу. Молдоке отурган жерге бир кара койду мааратып жулкунтуп, жип менен байлап алып келишти. Молдо куран окугандай бир нерсе деп күбүрөй баштады.

Арадан бир нече секунд өткөндө жанагы кой маарайын деп оозун ачкан бойдон былкылдабай ордунда катып туруп калды. Молдо алакан жайып бата кылды. Берки койдун жибин бошоткондор колдоруна майланган чүпүрөк оролгон узун таякты (факел) күйгүзүп, жанагы катып калган тирүү койду куйкалай башташты. Кой кап-кара болуп куйкаланганча карап турдум. Анан экөө эки бычак алып куйкумду кыра баштаганда үйдү көздөй чу койдум. Апама айтып келсем кайсы бир молдонун атын айтып “ошол молдоке турбайбы” деп койду.

**Нургазы агай**

Экинчи айлым Агрономдо жашап жатканда 1964-жылы мектепке бардым. Улуу эжем Базаркан райондо турушчу. Ал да, эжем да, Ыкын эжем, мен, сиңдим, эки үкөм, баарыбыз тең Нургазы агайдын мектебинде окудук. Ушул Ж.Бөкөнбаев атындагы орто мектепти бардыгыбыз тең Нургазы агайдын мектеби дейбиз. Эмнегедир балдар деле, ата-энелер деле директорго арызданганы киришпей, Бримкулов агайга датка отурушчу. Көрсө ал кезде чоң класстарга физикадан сабак берген эле катардагы, бирок акылман мугалим экен. (Ошо кезде Мален Жунусов агай директор болчу. Кырчылдаган жаш, ак саргыл, ташка тамга баскандай агай эле). Бримкулов агай акылмандуулугу, боорукерлиги жана өтө сабырдуулугу менен элди өзүнө тартып турчу. Анын үстүнө көп жылдар бою ушул мектепте директор болуп иштегендиктен пенсияга чыкса да элдин эсинде түбөлүк директор бойдон калып калыптыр.

Мен жетиге чыксам деле арык, кичине элем. Өтө арыктыгыман кулагым делдейип турганын сүрөтүмөн көрүп жүрөм азыр. Анан оорунун айынан начар окудум, өзгөчө арифметика, математикадан, такыр эле кошкон, алган, бөлгөн, көбөйткөн дегенди үйрөнө албай койдум. Бизди балдар-кыздар жетимдер дешчү, эжейлер деле. Себеби атамын өлүп калганын баары билишчү.

Биринчи мугалим эжейибиздин кабагы дайыма бүркөө жүргөндүктөн аябай коркот элем. Көзүм бакырайып элеңдеп, кулагым делдейип, өңүм суук болуп турганын көрүп жини келчү окшойт. Эсимде калганы колундагы указка менен башың кайсы, көзүң кайсы дебей эле чаап ийгени. Апама арызданып келчү эмесмин. Апам өзү эле билип койчу эжей кайсы жериме урганын. Эртеси мектепке келчү, эмнеге урдуң деп. Эжей “сабакка даярданып келбептир” дейт. Апам:

- Мен совхоздо иштейм садага болоюн, таңда кетип, күүгүмдө келем, окуткан киши жок, бир окуса мектептен эле окуп жетишпесе мен окута албай атам. Кызым оорулуу, чекесине чертпей окута гөр,- деп жалдырайт.

Эжей:

- Чекесине чертпегендей кызың эмне, машайык беле? Дагы окубай келсе сабап таштайм. Кулагын чоюп, оозун жырам - дейт.

Апам:

- Кой айланайын антпе, кызым эмне күнөө кылды анчалык, окубаса окубай эле койсунчу, бирок урба.

Эжей:

- Эгер кызыңы окутпай, ар чапкан сайын жетип келе берсең сени кошуп линейкага чыгарам. Ал тургай Бримкулов агайдын алдына сүйрөп барам....

Бир билгеним эле апамын ыйлап чыгып кеткени...

Байкуш апам мени ажалдан талашып кайсы жерге гана барбады? Кайсы жерге гана көзүнүн жашын төкпөдү?

Ал күнү талаага ишке барбаптыр. Сабактан келгенде үйгө коркуп кире албай турсам эжем: “апа, Акбукуй эшикте турат, сенден коркуп кирбей атат” десе, апам “Эмнеге?” деп чоочуп кетти. Демек, урушпайт экен деп босогону аттасам, апам да жетип келип арбашып калдык. Апам ушундай бир аялуу көз караш менен карады эле, эреркеп кеттим.

- Урдубу? - деди. Мен “жок” десем, “бетиңди ким чойду, эмнеге көгала?” деди.

- Эч ким, - деп жер карадым.

Апам терс бурулуп кетти. Көпкө чейин ийни бүлкүлдөп, иш кылып атса да көзүнүн жашы буурчактап атты.

Эрте менен чачыбызды майлап өрүп, Ыкын эжемин эски ак бантигин байлап, эжем экөөбүздү мектепке чейин жетелеп алып келди. Жеткиче апам эс алган жок, биз да тең жарышып келатып, мен күйүгүп акактап калдым. Аралык аябай алыс, бир сааттан ашык жол басчубуз. Мектепке чейин тамагымдагы ангина ооруса, окугандан кийин ооруганыма семиз штангисттин сүрөтү да терс таасирин тийгизген. Ал жөнүндө кантип, кимге айтып берерими билген эмесмин. Апам мени аркасына көтөрүп алды. Класска кирбестен түз эле Бримкулов агайдын кабинетине кирип барды. Жапакеч, сылык агай ордунан ыргып турду:

- Ой тынччылыкпы, эмне болду, жыгылдыбы, келе гой, отур...?

- Агай... - апам ушуну гана айтып, мени жерге түшүрүп, алдына отургузуп алып буркурап ийди.

- Эмне болду?

- Агай, ушу кызымын бир буту ары жакта, бир буту бери жакта. Оорулуу. Мектепке бергенимин себеби “а” деген арипти эле таанып алсын дегем. Эжейи указка менен сабап, арык бетин чоё берет. Сизге келгенден башка аргам калбады. Жардам кылыңыз. Мынабу бир тууган эжеси 2-класста окуйт, 1-класска түшүртүп бериңиз. Сизден ушуну суранып келдим, сиңдисин карап жүрсүн. Эки күндүн биринде ооруп келбей калат, ошондо сабакка жардам берсин.

Агай оор басырыктуу үнү менен апамын, биздин аты жөнүбүздү, кайсы класста окуурубузду, атамын өлүп калганына чейин сурап билип, дептерине чиймелеп атты. Эсимде калганы “Чоң кызың классында окуй берсин” деген эле агай. Апам:

- Жок агай, мен сизге ошон үчүн келдим. Сиздин бир ооз сөзүңүз эле керек, мугалимдерине дайындап айтып коюңуз суранам. Кызымын оорусу катуу, - деп жалынды.

Анан эмне болду билбейм, айтор бир сааттан кийин эжем экөөбүз бир класска барып отуруп калдык. Биз менен кошо кирген Бримкулов агай:

- Сиз сабактан кийин жолугуп кетиңизчи, - деди эжейиме. Андан ашык сөз айткан жок.

Апам болсо “кызымы ура көрбө, кагылайын” деп боздоп атып кетти.

Эжейимин көзүн кан тээп, колунан келсе мени жеп жиберейин эле деп турду. Агай менен апам кеткенде эжем экөөбүздү бөлүп, тамга тааныбаган, кийими кир, дайыма биттеп жүргөн, кап-кара бейбаш эки бала менен эң артына отургузуп койду. “Отурбайбыз” дедик бышактап, “Силер ким экенсиңер отурбагандай, же эмне тил бүтүп калдыбы, сабакты ошентип жооп бергилечи андан көрө” деп жекирди.

Эртеси келсек эжейдин кабагы ачылбайт, тике карабайт, сабак да сурабайт. Бримкулов агай молдо кылып койгон экен деп кубанып калдык. Бирок, жаныбызда отурган эки баланы указка сынгыча сабады. Биринин мурду канап, биринин башы жарылды. Эжей ал балдар аркылуу менден өч алып жаткандай туюлду балалык сезимимде.

Үч күндөн кийин класска агай кирип келди. Окуучулар жапырт тура калдык. Эжей өзүн коерго жер таппай байпастап калды. Саламдашып, түз эле бизди көздөй келип:

- Экөөңөр сабак бүтөөрү менен мага кире кеткилечи, макулбу? - деди. Биз каткан бойдон бири-бирибизди тиктешип калдык.

- Макулбу? - деди дагы. Биз баш ийкедик. - Азаматсыңар, унутпагыла. Эжейи, сиз эскертип коюңуз, бала да, унутуп калышпасын, - деп чыгып кетти. Агайдын баскан дабышы угулбай калгыча классыбыз менен туруп турдук. Эжей да отургула деп айткан жок.

Сабак бүттү. Эжей эч нерсе деп эскертпеди. Бардыгынын аягында чыктык. Агайдын кабинетине барганга даай албай сүрдөп турдук. “Сен барчы” дейт эжем. Мен “сен өзүң бар” дейм. Ушинтип түртүшүп атканыбызды көргөн агай, бизди көздөй заңкайып басып келатса кирерге жер таппай калдык. Жүргүлө деп кабинетине алып келди.

- Сен эмне эки сумка көтөрүп алгансың? - деди агай көздөрүн жүлжүйтүп эжеме.

- Мунуку, - деп мени көрсөттү.

- Сен сумкаңы өзүң көтөрүп бараласыңбы?

Дароо “жок” дедим. Эжем да айтты көтөрө албайт деп. Агай ойлонуп отуруп калып:

- Силерге кийим алып койдум эле, кантип көтөрүп кетесиңер? - деди.

- Мен көтөрөм, - деп ийди эжем сүйүнүп кетип.

Эжемин ушул сөзүнө боор ооруган агай кабагын бүркөп, жерди тиктеп телмирип отуруп калды. Бир маалда ордунан туруп барып, эки чоң түйүнчөктү шкафтын үстүнөн алып берди эле эжем көтөрө албай койду.

- Анда мындай кылалы, - деди агай, - бүгүн бир түйүнчөктү алып кеткиле, эртең бирөөсүн аласыңар. Мында кышкы кийим бар. Азыр синдиңкин алып кет, эртең өзүңкүн. Сүйлөштүкпү? Ачып көрөм деп чачып албагыла, үйүңөргө барганда апаңардын колуна бергиле, тез-тез басып кечикпей кеткиле үйүңөргө.

Култуңдап сүйүнүп чыктык.Үйгө деги жете турган эмеспиз. Азыр эле ачып көргүбүз келет, бирок агай “апаңардын колуна бергиле” деп табыштады, демек ачпаш керек. Эжем колу уюп кеткенде “мечи сумкаңы, өзүң көтөрчү” деп берип

коет, бир аз көтөрүп барып эле отуруп калам, кайра эжем алат. Бир колунда эки сумка, бир колунда чоң түйүнчөк.

Ошол кезде биз бул чоң баштыктын ичине ааламды батырып келаткандай сезилгенбиз. Ал ааламдын сырын апам гана ачыш керек. Апам ачып бериш үчүн тезирээк жетишибиз керек. Тезирээк жетиш үчүн мен сумкамы өзүм көтөрүшүм керек. Деги апама жеткиче кылымдар өтүп кетти го...

Ошентип сүйрөшүп келатып апамын алдыбызга келип калганын байкабаппыз. “Ой” деп туруп калдык. Апам унчукпай эки сумканы, баштыкты чогуу бир колуна көтөрүп, бир колу менен мени жетелеп алды. Эч нерсе сураган жок. Биз кеч келатканыбыздын себебин кантип айтарыбызды билбей аттык. Апамын кетмен-күрөккө туурулган туурук колундай назик, жумшак кол дүйнөдө жок эле...

Үйгө жеткенде “апа, муну Бримкулов агай...” дегиче, “билем, Каленбү айтты” деди. Биз кечиккенде апам чочулап, Жаныбек акенин үйүнө барып Каленбүдөн сураса, ”Бримкулов агай чакырып кетти” деп айтыптыр. Тынч алып отуралбай алдыбызды тосуп чыкканы ошондон экен.

Түйүндү ачсак мага чак жылуу кышкы калың пальто, өтүк, мектепке кийе турган эки форма көйнөк бар экен. Мен дароо эле пальто менен өтүктү кийип көрдүм. Эми укмуш... сөз менен бере албайм. Буга чейин чапан кийип жүргөм да. Апам да, биз да сүйүнүп калдык. Калган түйүндү эртең агайга ракмат айткыча, апам өзү барып алып келмек болду.

Мектептин аягында Школьная көчөсүндө жашаган Токтокан деген бир үйдүн жалгыз эрке кызы биз менен тең класста окуучу, кийгени кара шуба, кычыраган өтүк болчу. Кооз чанасы да бар. Окууга баратканда ошолордун жолунан өтөбүз. Биз жеткенде эле “жетимдер келатат, же-тим, же-тим, жетим” деп көчөнү жаңыртып, дарылдап кыйкырып баштайт. Биз анын кийген кийимине эле таң калып, ага жооп кайтарчу эмеспиз. Бир көзү бүтүк (тырмак кирип кеткен имиш), кылыр болчу, бирок бизге күнчүрөктөй көрүнчү. Анын кыйкырыгына деле көнүп бүткөнбүз, себеби аныкындай кийимибиз же чанабыз жок, бала да болсок катуу басынат элек. Эгер ал эркек болгондо жок дегенде чекесин томуйта коймокмун.

Бир күнү кушканада иштеген Айым апа келатыптыр. Анын жолдошу Темике ата согуштун ардагери болчу. Согушта бир бутунан ажырап келген. Аны бардыгы сыйлашчу. Булардын Фарида деген кызы биз менен тең класста окуучу. (Бишкектен тез-тез көрүшүп турабыз. Бир жолу Ош базарынан учурашып калып, биздикине келип турбайсыңбы деп койдум сөз арасында, “Эмнеге бармак элем, же мурда катташып жүрбөсөк” деп орой айтып салды эле мен эмне дээрими билбей өчө түштүм. Ичимен “ата-энең мыкты кишилер эле, аларды тартпапсың да” деп кала бердим.)

Айым апа биздин унчукпай туруп бергенибизге таң калып, Токтоканга ачууланып ойда урушуп берди, тим эле жыргап калдык.

- Бүгүн булар жетим болсо, эртең кудай билет кимдин жетим болорун, дагы бир жолу угайын жетим дегениңи энеңе барып айтып сабатайын, - деп айтып, кайра бизге кайрылды, - жетим десе эле басынып каласыңарбы, кайериңер жетим, апаңар тирүү турбайбы, апасы барды жетим дебейт, бүгүн жетим

болсоңор эртең начандик же атактуу киши болосуңар. Ага кейибегиле, жетим десе унчукпай туруп бербей жообун бербейсиңерби, ал жалгыз, силер экөөсүңөр да, - деп үйүн көздөй кайрылып кетти. Айым апа кеткенден кийин эжем экөөбүз эреркеп ыйлап калдык. Эми Токтокандын сазайын берели деп сүйлөштүк, бирок Токтокан биз менен урушпай, тескерисинче дос болуп калды.

Күз келип, жыйын-терим бүткөндө, талаа иши токтоп апам иштебей калчу. 25 сом пенсиябыз бар, ал эч нерсеге жетпейт. Кушкана үйүбүздүн алды жагында болчу. Ошол Айым апага кырчылдаган кышкы суукта апам ичеге-чабага жуушуп берип, көп ичеге ала келет. Ичегеден жасалган тамакты апамдай даамдуу кылып машыккан ашпозчулар да жасай албайт, ушу кезге чейин апам ичегеден жасагандай даамдуу тамакты жеп көрө элекмин.

Апамын өз атасы уйгур болгону менен аны көргөн эмес. Атасын совет өкмөтү кулакка тартып ийиптир. "Аялдын бир ажалы төрөттөн" дегендей өз апасы апамы төрөгөндө кайтыш болуп кетиптир. Өтө сулуу болгон экен. Апамын өзүнүн айтуусу боюнча уйгур тайтам кызын бооруна бекем кысып келип Анаш тайнеме аябай табыштап, аман эле болсом сөзсүз кайтып келем деп өңгүрөп ыйлап атып кеткен экен. Бирок, кулакка тартылып бараткан бир топ кишилер ыңгайын таап, Кытайга качып кетишиптир, арасында уйгур тайтам да бар экен. Кийин таятамын бир тууганы апамы издеп Анжыяндан келгенде тайтамын Кытайда жашап атканын, балалуу-чакалуу экенин уктук. Бирок, апам Анаш тайнемен коркуп алар менен катташкандан баш тартып койгон.

Менин айтайын дегеним апам уйгур атасын же уйгур тилин билбесе да, көрбөсө да жасаган иши, кылган тамагы, сүйлөгөн макалдары, ырым-жырымдары бүт уйгурча болчу. "Канын тартат" деген сөздүн бирден бир далили ушул менин апам болчу.

Анаш тайнем апамы эң улуу кызым деп өз баласындай кастарлап өстүрүп, өз колу менен күйөөгө узатыптыр. Тайнемин уруусу кытай болгондуктан апам да кытай уруусунанмын деп жүрчү. Тайнем иштүү болгон. Тон тиккен, ою ойгон, шырдак шырган, кийиз баскан, өрнөк токуп, камчы өргөн, жабдуусун коаздоп жасап боз үйдү өзү жалгыз көтөргөн. Ооруса да доктурга көрүнчү эмес. Өмүрүндө бир гана жолу көрүнүп доктурга, доктур колдуу болуп 69 жашында күтүүсүздөн о дүйнө салды.

Тайнем өтө сулуу болгондуктан балдары да сулуу. Өзгөчө Самилакан эжем менен Карыпбай, Татай тайкелеримин сулуулугуна элдер аябай тамшанышчу. Самилакан эжем да тайнемдей ууз, чебер. Азыр жетимишке келсе да "сыны кетсе да сымбаты" менен жарашып, бир кездеги сулуулугунан кабар берип турат. Менин эсимде калганы эжемин тиши аябай ооручу. Ал ооруганына чыдабай жандалбастап ысык чайнекке жоолугун коюп, бетине басчу. Кээде ыйлачу. Ыйлап атса да аябай сулуу болуп ыйлачу. Ый да, күлкү да жарашчу. Беттери аппак, көздөрү моймолжуп турчу. Чабан болсо да таптаза, аппак кийим кийчү. Тазалыгы жагынан азыр да алдына киши салдырбайт. Эжем сарык менен катуу ооруп, эски райондун ооруканасында көпкө жатып калды. Агрономдон ооруканага чейин тамак ташып келип турганым эсимде калыптыр. Бир жылдары

башы да аябай катуу ооруп жүрдү. Башынын ооруганын кантип айыктырганы жөнүндө минтип айткан:

- Бир жолу Советке автобуска отуруп жөнөп келатсам башым адатынча катуу ооруп калды. Жанымдагы отурган бир аял эмне болуп атасың деп сурап калды эле башымын ооруганын айтсам бир рецеп берди. Ошону колдонгондон кийин башымын ооруганы каксы айыкты. Ал мындай, сүзмөгө тузду көбүрөөк кошуп аралаштырып коет. Туз сүзмөгө аралашып ээригенден кийин аны башыңа калың кылып сүртүп, бир-эки саат коюп коесуң. Бир нече жолу кайталасам эле башым айыгып калды, - деген.

Эжем, Жаныбек жездем экөө атактуу чабан болуп, эки жолу депутат болуп, Совминден Ардак Грамота алышкан.

Азыр ушуларды жазып атып Самилакан эжеме телефон чалсам Таш-Көмүрдө Карыпбай тайкемин балдарынын үйүндө экен. Мен берген суроолорго жан дили менен жооп берди:

- Урсуван эжем (менин апам Резуван) төрөлөрү менен төрөгөн апасы кайтыш болуп кетип, тайнеси багып калыптыр. Сенин апаңын тайнеси, менин апамын чоң апасы болот. Тайнеси алты жашка чейин багат. Апам менин атама турмушка чыгып алты жыл төрөбөй жүргөн экен. Ошондо эжеми тайнеси ырымдап апама кыз кылып ал деп берет. Эжем жетиге чыкканда мен төрөлүптүрмүн. Атам, апамдар аябай сүйүнүшүп, эжеми "май көтөн кызым" деп эркелетип, жакшы карап, улуу кызым деп жакшы багышыптыр. Эжем мени, Карыпбайды көтөрүп чоңойткон. Акыл эстүү, иш кылганга жөндөмдүү, аябай сулуу кыз болуп өскөнүн көргөн Жолдош чоң атам эжеми Кулалы деген жакын тууганынын баласы Көчкөнгө күйөөгө берет. Көчкөн эжеми уруппу, айтор капа кылып койгонун билгенден кийин апамдар барып алып келип алышыптыр. Аны менен аз эле жашаган. Эжем малды союшка даярдаган жерде иштеп, Фрунзеге чейин жөө мал айдап барып жүрүп Карагул жездем менен таанышып калат. Жездем эжеми Шипшиңкеге ала качып кетет. Жездем сулуу, турмушка тың, колу иш билги киши эле. Кийин эмне болду билбейм, жездемин буту ооруп балдак менен басып калды. Жездеми эшекке мингизип, өзү ат минип алып доктурларга көрсөтүп жүрчү. Жездем бир жылдан ашык балдак менен жакшы эле басып жүрүп, тез эле кайтыш болуп кетти, - деди Самила эжем.

Тайнеми биз адегенде өз тайнебиз деп, ал эми апам өзү "мен төрөлгөндө эле эжем багып алган" дегенинен, чоңойгондо бир тууган тайжебиз деп билчүбүз. Эмнеси болсо да тайнемин "май көтөн" кызынын артынан тогуз туяк келип атпайбы??!!

Апам тайнесинин бүбү-олуя болгондугун айтчу, эжем да аны ырастады:

- Тайнеси чоң олуя болгон. Боло турган окуяны алдын-ала айткан. Ооруган адамдарга эми түшкөн. Туруп-туруп эле мага азыр бирөө келет деп камынып калчу. Айтканындай эле арадан бир чай кайнам убак өтпөй оорулуудан чабарман келип калчу. Аны ээрчип кетип эм салып кайтып келчү. Ал эми катуу оорулуудан кабар келсе, же адам болуудан калып бараткан адамдан келсе, мени азыр бирөө сурап келет, жок деп койгула дечү, же чечинип оронуп, ооруп атам деп жатып алып барбай койчу, - дейт Самилакан эжем.

Бир жолу апам олуя тайнесин түшүндө көрүптүр. Апам алдынан чыга калган тайнесине эмне дээрин билбей, “Тайне, батаңы берип кетчи” деп ийиптир. Анда тайнеси кабагын катуу түйүп, жер карап туруп калып, колунун учу менен болор болбос бата бериптир. Ушул түшүн апам көпкө чейин унута албай жүргөн эле.

***

Апам мектепке келип Бримкулов агайдын кабинетине баш багып, салам айтары менен:

- Агай, сизге чоң ракмат, - деп эле ыйламсырап ийди.

- Кантет? Мага эмес, өкүматка айткыла ракматты. Мен болгону силерди жазып, каттатып койдум. Ырас эле, сурайын дедим эле, күзүндө иштебей калсаң балдарды кантип багып атасың? - деди агай.

Апам намыскөй, эрки бекем, жасайм деген ишин жасаган кайратман аял эле. (Уйгурдун каны басымдуурак кылчу. Көккөз сиңдим апамы тарткан.) Анчалык көп даттанбай, курсагыбызды ачырбасын, бирин-серин мал-кели, уй-торпогу, тооктору бар экенин жанытып айтып өттү. Нургазы агай бир саамга ойлоно калып минтти:

- Кышкысын мектепте пол жуугуч болуп иштейсиңби? Балдарың майда экен, эгер биздин мектепке иштесең эртели-кеч жүрүшүң керек. Андан көрө мен орус мектепке сүйлөшүп көрөйүнчү. Алардын пол жуугучтары эрте менен же кечинде бир эле маал келип жуушат.

Апам макул болду, агай жообун балдарыңан айттырып жиберем деди.

Кышында кар жааганда биздин боюбуз менен жаачу. Кардын үстүнө чыгып басчубуз же лыжа тепчүбүз. 1968-69-жылкы кыш болсо керек эле, эрте менен турсак эле эшигибиз ачылбай калды. Апам болгон күчү менен түртүп аракет кылып, такыр ачылбаганынан “бирөө бизди артынан кулптап кетсе керек” деди. Мен шак турдум да терезенин бир көзүн (айнегин) чыгарып, секирип түшмөк болдум. Айнекке парда жабышып катып калыптыр, чыгара албай атсам апам жардамга келди. Парданы чыгарып эле кыйкырып ийди. Себеби терезени да кар басып калыптыр. Биз эми эмне кылабыз деп башыбыз катып отуруп калдык. Эжем ыйлап баштады. Апам сооротуп:

- Эч коркпогула, мен турам го, мыногул чылапчынга заара ушаткыла, чай коюп койдум, азыр ичесиңер, - дегени менен өңү бозоруп, колдору калтырап атты. Себеби кичинекей жапыс тамыбыз ошончо карды кантип көтөрөр экен деген убайым апамы жеп атты. Арадан канча убакыт өттү билбейм, бир убакта эшикте кобур-собур болуп калды:

- И, келгиле, жаш келсе ишке деген, билегиңердин күчүн аянбагыла, сооп болот, күрөй бергиле, күрөгүлө, – деген Жаныбек акенин үнү чыкты.

Көрсө Жаныбек акелер да эшигин эптеп ачып, эки баласы менен өтө ала тургандай кылып биздин жолго чейин күрөп келишип, Осмонкул акеми кыйкырып чакырып алып, биздин эшикке чейин күрөп келатышыптыр. Акемдердин эшик алдында бастырма бар болгондуктан алардын эшиги биздикиндей болгон эмес. Акем короосундагы карды күрөп атканда Жаныбек аке чакырып алыптыр жардамга. Жаныбек аке балдары Жолдошбек, Мыкын, анан

акем төртөөлөп араң жол ачып беришкен. Биздин үйдү бүтүп, эки баласы менен Жаныбек аке Гүлүпа эженикине жардамга кетти. Кар ушунчалык улуу түшкөн экен сырттагы овчарка итибиз да өлүп калыптыр. Терезенин, анан сарайдын эшигине чейинки карды апам бир күн кечке күрөгөн. Ага чейин малдары маарап, ую мөөрөп апамын шаштысын алышкан. Аркы чоң Агрономдун узун көчөсүндө жашаган алыс туугандарыбыз жардамга келип тамдын үстүндөгү карды күрөшүп кетишти. Миллиан ата карып баса албай калгандыктан жинди Бористи чакырып алып, биздин үйдү көрүп кел деп табыштап жөнөтүптүр. Кеч болсо да келип көрүп кетти. Мындай жааган карды кийин өмүрүмдө бир да жолу көргөн жокмун. Ошондо тонналап очойгон кар түшсө да мектеп жабылган эмес.

Колу-бутуму бирөө байлап салгандай бат эле ооруп байкуш болуп калчумун, ал эми оорубай жүргөндө өтө шок элем. Окуучу балдар менен кардын үстүнө чыгып күрөшүп ойночумун. Тепкеним пара, лянги, топ болчу. Атамын кызы Базаркан менен тайнемин кызы Ыкындан шоктугуман токмокту далай жедим. Базаркан бөлөк өскөндүктөн бизге боор берчү эмес. Ага болбой эле эжелеп барып калсак өкүртө сабачу. Төө тикенди атайлап оруп алып мени тикен менен сокчу. Кыз күнүндө өтө эрке, шок, эркек мүнөз, орой болчу. Мен ошол эжеми тарткан болушум керек. Кийин байкуш эжем ушул кылыктарына аябай өкүнүп жүрдү. Бакма энеси Гүлай эжеме өтө берилгендигин ошентип далилдечү экен.

***

Күндөрдүн биринде класстын ичинде аябай кутуруп атканбыз. Ушунчалык шоктонуп аткан экенбиз Нургазы агайдын жаныбызга келип калганын сезбей калыптырбыз. Агайды көргөндө классыбыз менен турган ордубузда катып калдык. Негедир ушул картаң агайды биздин эле класс эмес мектеп боюнча сыйлап, Токтогул эли алдынан кыя өтчү эмес.

Агай баарыбызды кыдырата тиктеп келатып, мага жеткенде:

- Кызым, апаңа айтып кой, эртең мага келсин, унутпагын макулбу? Эми ойной бергиле, бирок силер мектепте экениңерди билесиңер да э? А, азаматтар! - деп коюп чыгып кетти. Биз селейген бойдон туруп калдык. Окуучулар баары мени жалдырап карап калышты, бир чети суктанышты чоң агай атайын мага келип атканына.

Үйгө келип эле апама айтсам “Болду-болбоду иш таап чакыртып атат болуш керек” деп сүйүнүп калды.

Бримкулов агай апамы ээрчитип барып Токтогул мектебине пол жуугуч кылып ишке орноштуруп койду. Ал орус мектепте атамын акеси Бекташ чоң атам кароолчу болуп, Чүңүр чоң апам да бир ишинде иштечү. Апам ишке киришердин алдында ыйбаа кылып астыларынан өтүп коёюн деп кайнагасынын үйүнө (мектептин короосунда болчу) кирет. Анан бул жерге ишке орношконун айтса, оздорун ачып калышкан. Чоң атам:

- А-а, Нургазынын колунан келет, аны сыйлаганы үчүн сени ишке алышты го? Себеби бош орун жок эле, - деген.

Эжейим мени, балдарды да көп урбай калды. Бизди көргөндөн кийин балдар ата-энелерине айтып барып, алар да Нургазы агайга даттанып кирип, балдарын келтектен аман сактап калышты. Нургазы агай бир эле биздин эжейди эмес, бардык мугалимдерге балдарды урганга чечкиндүү түрдө тыюу салып койду. Денебиз келтектен кутулуп, кулагыбыз үзүлгүчө чоюлбай эс алып калды. Бирок, жүз пайыз эле мугалимдер урбай калды дегенден алысмын, далай келтек жеп көздөрү көгөргөн, баштары шишиген окуучулар четтен чыгат. Бул да болсо мугалимдик деңгээлдин пастыгы, тубаса педагогикалык жөндөмү жок, эптеп-септеп окууну бүтүп алган, шалаакы, акылы кемирээк мугалимдер гана урчу. (Азыр ушинтип уруп көрүшсүнчү, окучулар топтолуп бир жерден кармап алып окутуп, молдо кылып коюшат.)

**Ош, санаторий**

Мен катуу ооруп онтоп жатканда жаныма атам келип чекеми, чачымы, анан башымы сылап аябай кейип отурчу. Ата келдиңби? – деп тура калганда ойгонуп кетчүмүн да айыгып калчумун. Ал ыйык адамды такыр эсимен чыгара албай койдум. Көбүнчө куса деген оору менен оорудум окшойт.

Үчүнчү класска көчкөндө сабакка каттай албай калдым. Агроном айылынын дарыгери Табалдиев Бекматалы мени "өпкөсүнө суук тийген, тезирээк Оштогу балдар санаториясына алып бар" деди апама. Апам көз жашын көлдөткөн бойдон, шашылыш түрдө справкаларды чогултуп калды. (Мен ааламдын чегин өзүм төрөлгөн Шипшиңке айылынын түбүндөгү чоң тоодон бүтөт деп жүрчүмүн. Ааламдын чексиз, түпсүз, терең экенин кайдан билем. Ошту укканда тоодон кантип өтөт экенбиз деп түнү менен уктай албай кыйналып чыккам.)

3-класска көчтү деген справка алыш үчүн мектепке келсек Нургазы агай эле бар экен, каникул маалы болчу. Агайга справка керектигин, Ошко эки күндүн ичинде жетип барышыбызды айтса, агайдын өңү кубарып кетти.

- Бул жерден эле айыктырса болбойт бекен?

- Болбойт экен, - деди апам.

Мени жалооруп тиктеген агай:

- Олдо айланайын ай, жаман кыйналдың го, каап, - деп кейип алды.

Азыр ойлосом ошондо Нургазы агай 55те, апам 30да агайдын баласындай эле экен.

Мага экөө тең улуу көрүнчү. Агай кабалтең, токтоо, ойлуу, чачтарын ак аралаган, нур жүздүү, көздөрү алысты, тээ алысты көрө билген даанышман, сөздөрүндө жалын бар акылман эле.

Менин оорума эч ким так диагноз кое алган жок. Эгер семиз киши көрсөм жүрөгүм айланып, ошол эле жерден кусуп отуруп, ал тургай жерге жатып калчумун. Катуу ооруп, төшөккө жатып калганда апам мени эптеп тургузуп жетелеп, райондун доктурканасына алпармай болду. Районго жетерде семиз штангисттин ыйынып штанга көтөрүп аткан чоң сүрөтүн тиктээр менен башым айланып барып жыгылып кеттим. Апам кокуйлап баса калды. Айланып, тегеренип, кудайлап атат. Мен кусуп бүткөндө аркасына көтөрүп алып доктурга

жөнөдү. Жеткиче чарчап калды. Кезекте тургандар тирүү-өлүүсү белгисиз, өң алеттен кеткен килтейген эле кызды көтөрүп келгенин көргөндө апамы кезексиз киргизип жиберишти.

Ошондогу доктурдун алсыздыгын ай!.. Диагноз кое алышпаса да укол жазып беришти. Уколдорду тынымсыз ала бергенге эти жок эки жамбашым оюлуп, сөөктөрү көрүнүп калган. Ушул эле семиз орус штангисттин ошол эле сүрөтү орус мектептен өткөндө илинип турчу. Эгер шоктонуп ошол тарапка барып калсам, сүрөттү көрөрүм менен башым айланып, жер көчүп барып жыгылып калчумун. Райондогу доктуркана аябай алыс болгондуктан, жакыныраак деп кайра эле Бекматалы доктур акеме келип, ал суук тийген деп Катя деген сулуу сестрасына укол сайдырмайлар башталчу.

***

Ошко жеткиче жолдо кыйналып калгандыктан санаторияны издеп таап келгиче ыйлаганга менде мүмкүндүк болгон жок, жеткенде апамы кучактап бакырып ыйлайм деп келатып эле апамы карасам, көзүнүн жашы он талаа, көкүрөгү суу болгуча ыйлап келе бериптир. Апамын ыйлап атканын көргөндөн кийин мен өзүмдү араң-араң карманып ыйлабай койдум. Бирок, ичим эзилип баратты.

Санаторийде өзбек, орус класс болуп, кыргызча жок болгондуктан мени бир нянкасы шаарга жакын кыргыз мектепке алпарып, апкелмек болду. Сумкамы өзүмө көтөртүп алып, колуман жетелеп жөө жөнөп калдык. Он мүнөтчө жүргөндөн кийин эле кашайып жанагы Токтогулда илинип турган семиз штангист бул жерде да илинип туруптур. Башым айланып жыгылып баратсам, орус нянкам “жөн бас” деп колуман бекем кармады. Болбой эле чайпалып кете бердим да, окшуп баштадым. Кусуп бүтүп эле жерге сулап жатып калдым. Нянкам коркуп кетти. Жардамга чакырайын десе эч ким жок. Өзүм баса албайм, өң деген калбай калган. Аргасы түгөнгөндө апама окшоп артына эмес алдына эки колу менен көтөрүп, сумкамы оозуна тиштеп кайра санаторияга келди. Аны көргөн дарыгерлердин жүрөктөрү түшүп калды. Мени эч жакка чыгарбай, ичинен эле орусча окутуп калышты.

Түштүктүн ар кайсы дубандарынан келишкен ар түрдүү балдар, кыздар менен окуйт элем. Алар түрдүүчө сүйлөшчү, бирок баары кыргыз деп айтылышчу. Көрсө өзбек аралашкан айыл өзбекче кошуп, тажиги көп айыл тажикче кошуп, шаардын өзүндө жашагандар орусча кошуп сүйлөшүшчү тура. Адегенде чоочуркап жүрдүм, анан көнүшүп кеттим. Мени келери менен чоң сүрөткө түшүрүшүп коюшкан, кулагым делдейген, аябай арык, көзүм алайган, шайтандын эле кичине баласындай болуп калгам. Кетеримде да ушундай портрет кылып беришти, тим эле балчайам го чиркин. Кийин апам айтып жүрдү дары менен эле семиртип салышыптыр кызымы деп.

Ошол жерде иштеген бир да кыргыз жок эле, ал тургай пол жуугучу, кароолчусу да орус эле. Апам келген сайын түшүнүшө албай, ден-соолугуму биле албай, билейин десе тилмечтин жоктугунан аябай кыйналган. Кийин мен которуп берип калдым. Дайыма жеп жүр деп тамак-аш көтөрө келет. Бир жолу

тайнем кийиктин этин тоң майга сонун кылып кууруп, тоңдуруп банкага салып берип ийиптир. Кийинки келгенинде кийиктин этин жедиңби деп сураганда, мен жебегенимди айтсам "ка-ап" деп кейип калган. Баламын да, апам алып келген тамактардын эч бирин жечү эмесмин. Эмне болгонун, кайда кеткенин да билчү эмесмин.

Жанагы семиз штангистти мектепти бүтүп келип, иштеп жүргөндө апама айтып берсем аябай таң калган, мурда эле айтып койбойт белең, эмне үчүн айтпай жүрө бердиң эле деп. Штангисттин сүрөтүн алып койгула деп апам айтканда деле, ким эле ала коймок эле. Москва баарыбыздын жүрөгүбүз болуп турганда, штангистинин сүрөтүн алып коюш оңойго турбайт болчу.

Кайра келип төртүнчү класска окудум. Келгенден кийин да азыркыча айтканда гумжардам алып турдук. Ар бир жолу кийим-кече аларда Нургазы агай "алдыңарбы?" деп тактап турчу.

Күзгө маал алдыбыздагы огороддогу жүгөрүбүз бышып, аны апам орок менен оруп бүтүп, үйдөн жарма ичип, чогуубуз менен жүгөрүсүн чыгарабыз деп огородко келатсак, бир мас орус киши паяны тебелеп жол таппай өтүп баратыптыр. Аны көргөндө апам бизди токтотуп калды, өтүп кетсинчи деп. Мен жолдун ортосуна тура калып:

- Эй русь, - десем мени карап токтоп калды.

- Кантесиң? - деп апам коркуп кетти.

- Там дорога там пошел, тут дорога тут пошел, зачем наш огород вошел? - десем, шашкалактаган орус дөңдү көздөй аттап-буттап качып жөнөдү.

- Ой сен орусчаны ышкыртат турбайсыңбы? - деп апам сүйүнүп кетти. - Эмне дедиң ыя орустун шаштысын кетире тургандай, - деп мени кучактап калды. Бул сөздү санаторияда бири-бирибизге айтышып ойной турган эле белгилүү жомок болчу, аны апам билген жок. Мени "иши кылса орусча бирдеке деп шатыратты эле орус качып жөнөдү" деп бирөөлөргө айтып, мактай калып жүрдү.

Орозо күндөрү сабактан кайтканда Ырыстан бөлүнүп калып, балдарга кошулуп үйлөрдү кыдырып жарамазан айтып кетип калчумун. Тапкандарыбызды бөлгөндө 1 сомдон тийип калчу. Ошол 1 сомду коротуш үчүн базарга барыш керек. Ага каалаган нерсебизди сатып алып кенен тойчубуз. Ал кезде кытайдын сапатсыз азыктары келе элек кези, экологиялык жактан таза тамактар сатылчу. Талаалап жүрүп келгенден кийин апаман көргүлүктү көрчүмүн.

### Ыкын эжем

Токтогул районундагы эң чоң ушул Ж. Бөкөнбаев атындагы орто мектептин ичинде эмне деген гана окуялар өтпөдү дейсиң. Ыкын эжеми балдарга сүйлөштүрбөй кайтарып жүрүп классташтарын бир топ улуу экенине карабай сумкам менен далай сабадым. Көрсө бир классташы эжеми жакшы көрчү экен. Апам жакшылап кайтаргыла, классташы ала качып кетпесин деп катуу дайындагандыктан эки көзүбүз Ыкында болчу. Бир күнү сабакта отурганда терезени карай салсам эжеми ошо бала колунан сүйрөп мектептин артына алып баратыптыр. Бир пас карап турсам көрүнбөй калышты. Кыргыз тилчи Анаш

эжейим сабак түшүндүрүп аткан, мен эч нерсе дебей эле жин ургандай тура калып, класстан учуп чыгып, мектептин артына чуркадым. Барсам эжем эркектердин туалетинен бир аз алысыраакта бир бутун көтөрүп турат. Мени көрө калып:

- И, күчүгүм, ырас келбедиңби, эркектердин туалетине кирсең менин тувлим шыпта илинип турат, акырын түшүрүп алып келчи, - деди.

Менин боюм жетпегендиктен тактайларга жабышып, тырмышып чыгып атып араң жетип, (мурда ажатканалар жыгачтан жасалчу) тувлисин суурул алып сыртка ыргытып жиберип, өзүм кайра араң тырмышып түшүп, эжеме батинкасын алып келсем:

- Эй арык эшек, мине келдиң эле арбак, жаман шүмшүксүң э, айнектен ушуну да көрө койдуңбу, эгер эжеме айтсаң өлтүрөм, менден бирди көрөсүң, уктуңбу, - деп кулагымы чойду. Ыкын эжем мени ар дайым "Арык эшек", же "Арбак" деп сүйлөчү. Мен Университетти бүткөндөн кийин эле айтпай калды антип.

Үйгө жетерим менен айттым апама. Эжемин 11-классты бүтөрүнө аз калганына карабай (мурда 11 класс болчу, кийин биздин тушта 10 класс болуп калды) апам мурун кудалашып койгон Абдыраман атанын баласы Эшенкул деген финансы техникумду бүтүп келген экономист-бухгалтер аксаргыл сулуу жигитке зордоп күйөөгө берип жиберди. Ошондо эжем көзүнүн жашын он талаа кылып:

- Ылайым ушу кызыңан, балдарыңан тап, - деп аябай каргап атып, 1966-жылы күйөөгө узаган. Минтип каргаганын апама кийин өзү да айтып берди.

Ортодон беш ай өткөндө (тайнемдер тоодо экенде) апам "Эч кимиси келбейт экен дебесин, Ыкындан барып кабар алып келгиле" деп дарегин кайра-кайра кулагыбызга куюп атып базарлыгын берип жөнөткөндө, Токтогулдан Кызыл-Тууга чейин Ырыс эжем экөөбүз араң зорго үйүн таап келсек, сыртта эжем кир жууп атыптыр. Бизди көрүп утурлай басты эле, эми кучакташып ыйлашат экенбиз деп ойлонгонумча, жете келип:

- Мине келдиңер, ким жиберди? - деди, кайра жообун укпай, - баргыла, бар кеткиле, экинчи келчү болбогула, эй арбак бутуңу сындырам келсең, эми мен керек болуп калыптырмынбы? – деп баштыкты колубуздан жулуп алып, түртүп чарбактан чыгарып койду. Эжем келатып ыйлады, мен соороттум, "Ыкын келсе биз да киргизбей коебуз" деп. Бир жылдан кийин Асанжанды төрөп эски Токтогулга өзбектин үйүнө квартирант болуп көчүп келди. Эжемин үйүнө киргизбей койгонун унутуп, Асанжанды өпкүлөп, көтөрүш үчүн күнүгө бир маал келип кетчүбүз.

Азыр Кызыл-Туу айлында жашап, 6 эркек, 1 кыз, 8 неберелүү очор-бачар, балпайган бактылуу байбиче болгон. Эшенкул жездем кийин университеттин экономикалык факультетин бүтүрдү. Эжеми да дүкөнчү кылып райпотребсоюзга орноштуруп, 2000-жылга чейин чогуу ээрчишип иштеп жүрүштү. Алтымыштан ашып бараткан Ыкын эжем азыр Токтогулдун базарында белгилүү, күчтүү коммерсант-бизнесчи. Коммерция жагынан эч кимди алдына өткөрбөйт.

***

Азырагын ойноп, көбүрөгүн ооруп жүрүп мектептеги кайра кайталангыс көп кызыктуу жана кызыксыз окуялар эсимде калбай калыптыр.

Биз жакшы көргөн Көчөн деген дене тарбиядан сабак берген, бою тепкедей тыпылдаган агай бар. Ал агайыбыз чоң класстагы Сабира деген сулуу эжени сүйүп калыптыр. Аны Рысбек агай да сүйүп, кичине сүйлөшүмүш болуп жүргөн экен. Анан эле эки дос бир кызды талашып, мушташмай башталат. (Бизди тарбиялап аткан мугалимдерде деле ушундай окуя боло берет экен да деп көпкө чейин унутпай жүргөм.) “Давай один на один, эркекче сүйлөшөбүз” дешип дарыянын жээгине арак ала келип ичишет.

Рысбек агай Көчөн агайга караганда чоң, олбурлуу эле. Кыз талашкан эки спортсмен бир сөзгө келише албай, жээкте мушташып атып суунун үстүнө кулап түшүшөт. Шөмтүрөп суу болуп калышса да дарыянын бирде астына чумкуп, бирде үстүнө чыкканына карашпай намыстанышып мушташын токтотпой алыша берип, жыйынтыгында Рысбек агай Көчөн агайды суунун шар жерине түртүп, агызып ийет. Катуу чарчап калган Көчөн агай кулач урганга алы келбей чөгүп кетет. Аны окуучу балдардан сырткары чоң кишилер да көрүп турушкан. Көчөн агайдын денесин суу бойлоп издешкенде дөңдөн карап ыйлап турганбыз. Кийинчерээк Сабира эженин үй-бүлөсү (ата-энеси, бир туугандары менен) каякадыр көчүп жок болуп кетишти.

Андан көп өтпөй дарыянын аркы бетинде уйларды кайтарып жүргөн бадачы Жаманкул деген аке аты менен агып кетти. Ким, кайерден акса да денесин биздин Шипшиңкенин түбүндөгү эки тоонун ажырымынан таап келишчү. Мен айтып өткөндөй тосмо орнотуп, сууларды бөгөп көл курган жер ошол биздин сай болчу.

Агроном айылында Тилекмат деген аке бригат эле. Тилекмат акенин аялы дайыма ара төрөчү. Апамын айлыгын алып келгени барсак кемпир апасынын курсагынан мышыктын араң жан мыёлогону угулду. Мен кемпир апаны таң калып тиктеп калсам, баламын курсагы ачты окшойт, “Ыя келин, алып кел сүтүңү, оозуна тамчылатайын деп колун койнуна салып мышыктын жаңы туулган баласындай эле кичикий бир нерсени жылаңач алып чыкса, мен коркуп ошол эле жерден ыйлап жибергем. Бирок, балдары токтогон жок.

Айылда Тилекмат аке ат чаап келатат дегенде аялдар кичинекей балдарын үйүнө камап, же беттерин жаап беките салышат эле. Эмне себептен ошентерин сурасам,  “Көзү бар, Тилекмат аке назар салып койгон бала жашабайт” дешчү. Эгер бирөөнүн баласы чарчап калса акенин көзү тийди дешчү.

Сортучасткада дарбыз эгилчү, ага самолет менен дары чачышчу. Ошондогу дарбыздын даамын айта бер, пай-пай-пай... Дарбыз таза бышканына чыдабай жарылып кетчү. Колубуз менен мыжыгып жечүбүз. Дары чачкан самолеттун келээр саатын билишип, ошол убакта участокко эч ким барбайт болчу.

Айлыбыз Бөкөнбаев совхозуна карачу, ага Мыктарбек аке көп жыл башкарма болуп турду. Улуу баласы өтө эрке, бейбаш эле. Эгин талаасынын кароолчусу Темиркул аке Мыктарбек акенин жакын акеси болгондуктан мылтыгы менен жалгыз уулун ишенип башкарманын эрке баласына калтырып, өзү үйүнө тамак жегени кетсе, мылтыкты октоп алып ойной баштайт. Чалдын баласын “ке, сен немис бол, колуңу көтөрүп мага багынып бер” десе жалгыз уул көнбөй коет.

- Анда атып салам, - дейт эрке бала.

- Кана атчы көрөйүн, - дейт мектепке жаңы эле барган кичинекей бала. Башкарманын баласы мээлеп туруп жүрөккө атат, жалгыз уул мүрт кетет.

Оо ошондогу айылдын ызы-чуусу... Жалгыз уулдун карыган ата-энесинин ыйы... Менин класссташ кызымын эң жакшы көргөн жалгыз үкөсүнүн өлүмү баарыбыздын үйөйүбүздү учурду. Энесинин боздогону ай...

Анан алтынчы классты чала бүтүп, кайрадан Ноокат деген районго жөнөтүлдүм. Мен ошо менен кайра Нургазы Бримкулов агайдын билимге сугарылган деңиздей терең мектебине кайрылып келген жокмун...

**Жаңы Ноокат**

Ноокат районун экиге бөлүп - Янги Наукат, Иски Наукат деп аташчу. Мен Жаңы-Ноокаттагы Токтогул атындагы санаториялык мектеп-интернатта окуп калдым. Адегенде алардын тилине түшүнбөй чайналдым. Кыргызча таза сүйлөйбүз эле дешет, бирок такыр окшошпойт. Токтогулда ысык деген сөздү ызык дейт. Мен “күн аябай ызык экен” десем, каткырып күлүшүп, “ызык” деп чычалата турган болушту. Сара, Алима, Урмат, Манап, Адыл деген окуучулар эң мыкты окушат. Менин окууга дегеле көңүлүм чаппайт. Ушул беш окуучудан башкасы баарыбыз бирдейбиз. Мага оюн эле болсо болду. Бирок, мугалим агайлар тартипти катуу талап кылат. Жатаканабыздын кире беришин тосуп отурган өзбек аялды “Ая апа” дейбиз. Аяапа вахтасында эле отура бербей, бөлмөбүзгө кирип алып, жемелеп, зекийт, урушат. Мени далай сабады, эмне себептен экени азыр эсимде жок.

Салим деген түрк агай мени дайыма “Чоңко” деп эркелетчү. Мурда чоңко эли тууралуу такыр кабарым жок болгондон кийин, коңко деп мурдуму айтып атат деп түшүнчүмүн.

Кышында барганда апам:

- Тилиң эмне болуп калган ыя айланайын, кайсы тилде сүйлөп калгансың, андан көрө орусча сүйлөбөйт белең? - деп аябай кейиди. Кайсы орус менен орусча сүйлөшмөк элем, аны апам билген жок.

Жаңы барганда апам, бир туугандарым түшүмө кире берип, сагынып ыйлап жүргөм, кийин көнүп кеттим. Жылуу төшөк, төрт маал тамак, окуу куралдарын сатып албайсың бүт баары бар. Эң негизгиси спорт аянтчасы бар. Оюн дегенде ооруганды да унутуп койчумун. Эски Ноокаттын ооруканасына алып барышып, тамагыма операция жасатып, ангинамы кесип салгандан башка үкөл алганым, даары ичкеним эсимде жок. Аба алмашканга, анын үстүнө семиз штангисттин сүрөтүн көрбөй калганга айыктым окшойт. Өзүмү ушунчалык жакшы сезгендиктен Токтогулга барганда баягы штанга көтөргөн кишини кайра көрөрүмү эстегенде жүрөгүм зырпылдап кетчү.

Акмандык Ашир Акматова деген кыз ыр жазып жүрчү. Ал жөнөткөн ырларына Фрунзедеги редакциялардан жооп келчү. “Ырыңды алдык, дагы жазганыңы уланта бер” деген. Мен да чиймелеп койчумун, бирок, Аширден кийин көрсөткөндөн уялчумун. Ошол кездеги:

Оромолум ортосу,
Он эки карыш болсочу.
Сагынсам көрүп келүүгө,
Апакем жакын болсочу - деген элдик ырды көп ырдайт элек. Ушул ыр мага аябай таасир берип, ошонун негизинде ыр чыгара баштадым:

Оромолум жазылса,
Токтогулга жетсечи.
Сагынсам апам кубатым,
Ноокатка келип кетсечи.

Ноокат менен Токтогул,
Жарым карыш болсочу.
Сагынсам өөп алганга,
Жамгырым жакын болсочу.

Эжем жазган каттарды,
Келсе экен деп күтчүмүн.
Кат жаза албайт бытыкый,
Майрамбек сарым күчүгүм.

Көк көз синдим Нүкүйүм,
Сак-садага болойун.
Көргүлө деп колумун,
Сүрөтүн тартып койойун.

Түшүмө кирдиң апам ай,
Сагындыңбы сен дагы.
Сагына берип силерди,
Ыйлап жүрөм мен дагы.

Сагынычтуу салам кат,
Көгүчкөн алып баратат.
Ыйласам уршат агайлар,
Ушинтип күндө таң атат.

Окусун бүтүп  эртерек,
Кызың акын болсочу.
Сагынсам жыттап алганга,
Сапсарым жакын болсочу.
1972-ж.

Апам пенсиябызды (атам өлгөндө чегерилген) алары менен сөзсүз бир айда бир жолу Ноокатка келчү. Агайлар апамы “көп келе бербең, окуусуна жолтоо болосуз, каникул сайын гана алып кеткени келиң” деп катуу эскерткен. Ага

болбой эле көңүлү тынчыбай келе берчү апам. Келген сайын чайдан кыйналчу. Агайым үйүнө апарып кичине чыныга кичинеден куюп чай берет. Чайдан башка тамак жебеген, жесе да ченеп жеген апамын башы ооруп чыгат. Эртеси эле кайра жөнөп кетчү.

Каникул сайын агайлар бирөөлөргө кошуп, табыштап Ошко жиберчү, ал жердин автобекетиндеги мейманканага түнөп, эрте менен Токтогулдун автобусуна түшүп үйгө келип калчумун. Мейманканада иштегендер биздин кийимибизден таанып, "интернатскийсиңерби?" деп сурап, өзүбүздүн акчага эрте мененки автобуска билет алып келип беришчү. Кайра эрте менен эрте келип ойготуп, чай берип автобуска дайындап отургузуп коюшчу. Мунун баарын ким аркылуу жасашчу, билбейт экем. Бирок, кеч болсо да ошол эжейлерге ракмат. Бир жолку кетишимде эки кыргыз, бир өзбек аял менен жатып калдым. Өзбек атың ким деп сурады.

- Жүдаям чирайли экансан йу. Кашини юлип тошасан ондоням чирайли боласан, - деди. Кантип?- деп таң калсам, көрсөтүп берди. Мен чындап эле жүдө чырайлуу болгум келе берчү. Элдин кашы эмнеге ичке десем көрсө жулушат турбайбы деп ошол эле замат жулуп таштадым.

- Кипригиңниям юлип тошаң, катта киз боганда хаммасидан чирайлик боласан, - деди. Мен аябай ишенгендиктен ооруганына карабай кирпигими да жулуп салдым. Ушунчалык жатык, таттуу тил менен айтты, мен эмес чоң кишилер да ишенип кетмек.

Токтогулга келгенде апам сүйүнүп жалынып, жалбарып өпкүлөп атып эле улам сурайт, бир жериң ооруп атабы? Эмине болбозсуң? Уйкуң келип атабы? деп. Үкөлөрүмү көргөндө кайдагы уйку. Эртеси деле ошол суроолорду бере берди. Такыр мени өзүмө окшото албай атты. Болду, болбоду бир жериң ооруп атат, жашырып атасың деди акыры. Мен каш, кирпигими эстей коюп, айтайын деп баратып айтпай калдым. Себеби, мындан мурда да апам жемпир алып кийип ал деп 40 сом таштап кеткен. Чынында ал акча менен 40 сомго төрт жемпир келмек.

Мен Жаңы Ноокатка түшүп, базарга кирип баратсам бир айя кармап алып "нима оласан, ойтиң маңга, табип бераман" деп кое бербегенинен жемпир аларымы айтсам, "вой дат, ол манда бор еди, ме кармаң" деп, гүлгүн түстөгү жемпирди карматып "нечи пулиң бор?" деди. 40 дедим. "Кела менга, ма ушаң, якшиликка кийиң" деп колума карматып коюп басып кетип калды. Өңү чын эле мага жакты, размери да меники экен, бирок эркек жемпир болуп чыкты. Соода кылып бүтүп кыздар чогулуп ким эмне алганын көрсөтүп атышты. Менин жемпирими көрүшүп эркектики экенин, анын баасы 6 сом турарын айтышып мени жемелешти. Жүргүлө ошол аялды табалы дешип издеп калышты, бирок таба албадык. Кыздардын биринде 15 сом, биринде 20 сом бар болчу. Алар бир топ буюм алышыптыр. Качан болсо "Багы жокко - дагы жок" болуп жүрө берчүмүн. "Ушунун мужуской экенин кантип билбей калдың?" деп апам жемпирди көргөн сайын уруша берчү.

Кийин жаңы кирпик, жаңы каш чыккан жок. Азыркыга чейин аз кирпиктүүлүктүн сазайын татып келем. Көзүмө кыпындар тез-тез түшө берип, кайра аны чыгара албай убара чеге берем.

Эски Токтогулду кымкуут, чаң тополоң кылып өкмөт элди көчүп кетүүгө мажбурлап, көчүрүп аткан кез. Апама болгону 500 гана сом (рубль болчу) берип, жетимдериңи алып “кайда көчсөң анда көч” деп айдап атканда, апам мага Ноокатка барып:

- Бизди көчкүлө деп кыйнап атат, бир болсо Кара-Сууга Тууганбай тайкеңкине көчүп барып, ижарага там таап туруп турабыз го, ушул эсиңде болсун. Кокус Камбү аяш апаң каникулга Симиляны алып кеткени менден эртерээк келип калса ээрчип келе бер, Кара-Сууну унутпа. Вокзалдан отуруп, шопурга айтсаң чоң  жолдон Киров айылына түшүрүп коет. Жолдо каттаган кишилерди ээрчип айылга жеткенге аракет кыл. Эки Тууганбай бар. Тайкеңи Кара Тууганбай дешет, адашып баратсаң сура. Чоңоюп эсиңе кирип калдың. Өзүңө өзүң тың бол күчүгүм. Сага кетсем үйдөгү төртөө кароосуз калат. Үйдө жүрсөм сени ойлонуп куса болуп кыйналам, - деп 10 сомду тарбиячы агайыма калтырып, аябай табыштап кеткен.

**Тууганбай тайкем**

Биздин үйгө Тууганбай тайкем менен Ракыйла тажеңем көп келчү. Тайкем өзү да кара тору, муруту да, кашы да капкара, супсулуу, кыраакы киши. Өтө куудул, мүнөзү ачык, чукугандай сөз табат. Ал сүйлөгөндө күлүп гана карап турасың. Куудулдар менен айтышка салыш керек эле сизди дей берчүмүн. Тайкемин сөзүнө күлгөндөй азыркы куудулдарга күлүшпөйт. Тажеңем экөө бир көз караштан бири-бирин түшүнүшөт. Экөөнүн кыжылдашканын же урушканын бир да жолу көргөн жокмун. Атынан айтпай жеңеми “кайнатамын кызы же Чоюбектин кызы” дейт. Жеңем бир жакка жумшап калса же туура эмес сүйлөп алса “Ушу сени кайнатамкына жеткизип салбасамбы” деп коет.

Он тыйыныбыз болсо эле уруп-согуп Кара-Сууга тайкемин үйүнө кетип калчубуз. Ракыйла жеңем кагылып согулуп тосуп алып дасторконго тамагын жайнатчу. Жеңем кайра тамак жасагыча даңкылдата салып ойноп кетчүбүз. Тайкемин Алимакан деген кызы кичинекей болсо да колунан сүйрөп ээрчитип алчубуз. Андан ары Анарбү эжемкине же Ташы тайкемкине айылдап кетчүбүз.

Анарбү эжемин (тайжем) биринчи күйөөсү каза болуп Каратал жездеме күйөөгө чыкканда эжем кыркта болчу. Мен “Эже, сен картайып калбадыңбы, кыркка чыкканда да күйөөгө тийчү беле?” десем, эжем күлүп “Жалгыз жатсам бутум үшүйт, бутуму жылытайын деп эле тийбедимби” дегенде, мен “Анда минеге төрөп атасың?” деп туура эмес суроо берип алгам. Анарбү эжеми Карагыз деп эркелетишчү. Менин Мээрим деген кызым төрөлгөндө Анарбү эжем Рыскүл (Ыкын) деген кызы окууну бүтө электе эле (май айында) “Бар, кете бер, барып Бурулдун кызын бак” деп Фрунзеге жөнөтүп жибериптир. Ошол сиңдим Мээрим чоңойгуча багышып калды. Ал тургай өзүнүн кызынын атын да Мээрим коюп алды.

Ташы тайкем бала күнүндө апам менен атамын колунда жүрүп калганы үчүн апамы бир тууган кылып алган, тууганчылыгы деле жок экенин чоңойгондо

уктук. Бирок, бир туугандай катташабыз. Бурул жеңем алтындан ардактуу, коргошундан салмактуу, эстүү аял. Жеңем дагы менин сессиям башталганда кызым Мээримди багып калган эле. Мээрим “Таш ата, Булул мама” дечү кичинесинде.

Жумуштан келген кыраакы тайкем биздин эмнеге келгенибизди, кимден уруксат сурап келгенибизди сурачу. Эжем экөөбүз жооп таба албай мукактанып калганыбызда таженеме кайрылып:

- О кайнатамын кызы, бул беш миң сомдуктар энесине айтпай эле келип алышыптыр. Энеси айылды түрө кыдырып издеп жүрбөсүн беш миң сомдуктарды, берчүңү берип жөнөт үйлөрүнө, - дечү.

Жеңем салып берген баштыкты артынып, тайкем берген 5 сомду батыра албай кечинде үйгө кайтчубуз. 5 сом деген ал кезде аябай чоң акча болчу биз үчүн. Биз барганда тайкем жок болсо сүйүнүп, кечке ойноп жүрө берчүбүз, тайкем бар болсо. “жөн эле келдик” деп кеткиче шашчубуз. Кандай болбосун тайкем бизди тыйынсыз кетирчү эмес. Мындай көрүнүш бир эле жолу болгон эмес. Анан апаман тил угуп жатып калчубуз. Биз көпкө чейин барбай калсак, тайкем өзү келип кетчү. Биздин иш кылбай жалкоолук кылып ойноп жүргөнүбүздү көргөндө:

- Ай, отуруп садистер! Калем алып кат жазып, адресин бат жазып тургула, - дечү кетеринде. Бул өткөндө таарынып кеткен жоксуңарбы, дагы келип тургула дегени эле.

Чай куюп берип отуруп алаксып калсак:

- Эки эле көзүң айнектей, отурган жериң чайнектей, ке, чайдан куй беш миң сом, - дечү.

Токтогулга түшкөн тайкем, бизди базардан көрүп калса, артыбыздан:

- Оо Манастын тукуму, алдагы беш миң сомду бери кара деп койчу, - дегенде жаныбызда бараткандар Манастын тукуму экенине сыймыктана бизди токтотуп калышчу.

- Жети киле печений, эки киле чечений алып кайда баратасыңар, беш миң сомдуктар? – деп жаркылдачу.

Илгери Шипшиңкеге келгенде пакта талаасына барып, андагылар менен:

- Узун, узун пакталар, капка толсун акчалар, арбаңыздар! - деп учурашчу экен.

Тайкем бир жакка барганда эшигине минип, таженеми жөө астына салып айдап алчу. Таженеми апам “Күлүк” дечү, бир чарчадым дегенин уккан жокпуз. Ошентип ээрчишип келип калышкан бир күнү мен Фрунзеден барып калдым. Тайкем мени менен:

- Бурул кайда, суу көтөргөн сайда, суусар тебетей башында, сулуу жигит кашында, чалп-чулп суу кечет, аны көргөн жигиттер, чалкасынан бир кетет, - деп учурашып калды. Мен эмне деп жооп беремими билбей туруп калсам:

- Эркелетип койсо шатысы жок тамдын башына чыгып кетпе, - дей салды.

Тайкем буудай оргон комбайнчылардын кароолчусу болуп иштеп жүргөндө эки куржунуна буудай салып эшегине жүктөп сатайын деп жаңы районго келатса

Кара Сууга түшкөн кашаттын боюнда милициянын тергөөчүсү жашайт экен, жолдун боюнан кармап алыптыр. Тегирменге баратам деп койсо деле болмок да, антпей эле  базарга сатып тыйын тыпыр кылып, бала-чаканы багайын деп келатам дептир. Милиция такып суракка алат кайдан алдың деп. Тайкем куудулдугуна салып “бир эшек билет, бир кудай билет” деп коет. Эки куржун буудай үчүн эки жыл түрмөгө кесилип келген. Келгенден кийин  турмөдө да кампачы болуп, курулуш материалдарына жоопту болгонун айтып, мык ашык-машык, дагы көп нерселерди чогултуп үйүнө ала келген. Түрмөдөн келгенде “Ал жерде үйүң эле жок болгону болбосо, жакшы эле болду, уруулукту да үйрөнүп, өздөштүрүп алдым, эми уурдаганды көрсөтөм” деп күлдүргөн.

Тайкем айткан беш миң сомдун күчү кайтып калган кезде турмушка чыктык. Сиңдим экөөбүз тайкеме:

- Сиз бизди беш миң сом дей берип, арзан кетип калдык, көбүрөөк айтпайт белеңиз? - деп тамашаласак:

- Мен теңге менен, сом менен айткам да, силер рубль менен кетип калбадыңарбы? – деп күлдүргөн.

Кийин СССР тараганда чындап эле тайкем айткандай рубль, сом, теңге деп бөлүнө баштады.

Тайкемин чоң апасы апамын тайнеси экен. Бирок тайкем апамы дайыма кара чечекей карындашым, жалгыз бир тууганым деп айтчу. Экөө тең кемпирдин колунда калышат. Чоң тайнем апамы Анаш тайнеме бергенде Тууганбай тайкеми да кошо бериптир. Анаш тайнем тайкеми да кошо баккан экен. Жокчулук болуп оор турмушту баштарынан кечиришет. Тайкем талаадан куурай, тезек терип кышкыга даярдайт.

Татай тайкемин айтып бергени:

- Төркүнбү деген тууганыбыз жетим калып, Жолдош чоң атам багып алган экен. Ошондо Тууганбай тайкемдер менен чогуу бир үйдө жашап калышат. Төркүнбү эжебиз бир окуяны айтып берип аябай күлдүрдү эле, эми сага айтып берейин.

Кайсы бир жылы айылды бит басып кетиптир. Такыр биттен арыла албай калышат экен. Жууп же кайнаган сууга салып койгонго ашык кийимдери жок. Жайдын ысык күндөрүнүн биринде отун, тезек тергенге чыгышат. Бир маалда эле тайкем кашатка түшүп кетип жок болуп кетет. Эртеси да ошол маалда кашатка кетип, таба албай калышат тайкеми. Бул бир нече жолу кайталанат. Анан чогулуп алып Төркүнбү эжемдер тайкеми аңдышыптыр. Артынан көрүнбөй бара беришет. Бир жерге жеткенде эле тайкем жылаңач чечинип кийимдерин жерге жайып салып, өзү күнөстөп отура берет экен. Эжемдер жанына келгенден уялып, тайкем качан гана кийинип бүтүп жөнөй бергенде, алдынан чыгышып, “Бул эмне кылганың?” деп сурашса, кийимин чечип  чоң кумурсканын дөбөдөй болгон уюгуна төшөп коюп биттерин тазалатып атканын айтыптыр. Кумурскалар биттерди эле эмес сиркелерди да терип тазалап коет имиш. Аны көргөн эжемдер көздөрүнөн жаш чыккыча күлүшүп, үйлөрүнө айтып келишет. Чоң апасы айланып, кагылып, “ырас болбодубу, Тукам жөн эле жоголбойт эле дейм да, эч ким билбегенди билгенин көрдүңөрбү, эми биздин кийимдерди да апарып

тазалатып келе кал садага болоюнум” деп кийимин чечип берет. Тайкем улам бирден кийим алып барып тазалатып келе берип биттен арылып жыргап калышат. Муну уккан айыл бүт түрүлүп дөбөдөй чоң уюкка барып кумурскаларды бит менен багышат. Айылды толук “жоодон” кутулткан тапкычтыгы тайкемин беделин көтөрүп коет. Кайсыл үй болбосун чай берип, каткан каймагын берип кичинекей экенине карабай тайкеми кадырлап калышат экен, - дейт Татай тайкем.

Тайкем азыр сексенден ашып калды. Күүлү, эшигине секирип минет. Бала күнүбүздөн бери тайкемин алтынга жалатылган ширин сөздөрүн чогултуп жүрө берсек, азыр эки куржун толмок экен.

**Жетим калган айылым, ачылган мүрзөлөр**

8-класcты бүтүп атканда Камбү аяш апам Симиляны алып кеткени барып калды. Аларды ээрчип кошо келе бердим. Кичинекей вокзалдан түшкөндө эки жакка бөлүндүк. Кусуп аябай кыйналып келгем. Ал кезде автобустун ичинде отуруп алып чоң эле акылы жок кишилер тамеки чеге беришчү. Окшуп-окшуп өлүп калайын деп атканымы көрүшүп деле унчукпай чегип отура беришти. Апам менен чогуу келатканда “айланайындар чекпегиле, жүрөгүбүз айланат, кусабыз” деп эскертип, суранып келчү жетер жеткиче. Целофан пакет дегендер анда түшкө да кире элек кези.

Райондун эски борборунда жашагандар көчпөй эле кадимкидей тиричилик өткөрүп жашап атышканы элдин көптүгүнөн көрүнүп турду. Мен өлдүм-талдым деп Агрономго араң жетип күүгүмдө келсем кичинекей жапыс тамым бузулуп калыптыр. Кулак-мурун кескендей жымжырт. Булардын көчүп кетишкенин билсе Камбү апа мени жалгыз кетирип жибербейт эле, эптеп үйүңө жетип ал деп өзү кызын ээрчитип араң басып кеткен.

Тоонун түбүндөгү Шипшиңкени көчүрүп бүтүп, андан кийинки турган Агрономду тазалап аткан экен. Айылды чогуу чаңдаткан тентектердин дабыштары эмес издери жок. (О, андан бери канча суулар акты да, канча өмүрлөр өттү. Ким бар да, ким жок… Айлымы сагынсам да көрө албайм, ал түбөлүк дүлөй болуп мелтиреп гана жатат…)

“Мен төрөлгөн айылым Шипшиңкеде алты жыл, чоңойгон айылым Агрономдо беш жыл жашаптырмын, бирок экөө тең суу астында чөгүп жатат” деген узак тема коюп минтип ыр жазгам:

Ата Журт сенде жарык таң,
Чаңың да баалуу, алтын чаң.
Кушуң да алтын, ал тургай,
Бакаң да алтын таажычан.

Айылым, Журтум кайда деп,
Суу астын карап телмирем.
Сагыныч деген кусаман,
Жарыла жаздап селдирейм.

Үстүңөн суулар бөксөрсө,
Суу толуп турат жашыман.
Айлымы көрүп жүрөт деп,
Жыландын сылайм башынан.

Көзүмү берем балыкка,
Үйүмү көрүп келчи деп.
Үйүмү көрүп келген соң,
Көзүмү кайра берчи деп.

Чулп этип чыкса балыгың,
Алдынан тосуп озунам.
Айылым кандай экен деп,
Бакаңын өбөм оозунан.

Үйүбүз калган бузулбай,
Терегим калган кыйылбай.
Куурчакты ороп жаткызган,
Төшөгүм калган жыйылбай.

Күчүгүм калган байлануу,
Ал азыр арбак тактылуу.
Ит деле болсо өлүгү,
Айлында калган бактылуу.

Издерим калган бытыкый,
Бытыкый бойдон калат да.
Тагдырды тарых экен деп,
Жазылып калган баракка.

Ынсаптуу эле балдары,
Ак Бакай эле чалдары.
Балдарбыз жиксиз чачылган,
Балалык кайда андагы.

Чылк алтын эле булагың,
Секирип турчу улагың.
Чыңырсам укпай үнүмү,
Түбөлүк дүлөй кулагың.

Тескейиң жансыз күн тийбей,
Адырың алсыз ай тийбей.
Кагылып кетем кара жер,
Түбөлүк калдың шай кийбей.

Түшүмө кирген бул бейиш,
Өңүмдө эми көрүнбөйт.
Туулган айлым миң кейиш,
Өлүгүм сенде көмүлбөйт.

Чаңдаткан эрке, бейбаш кыз,
Чоңойуп калгам тирүүмүн.
Токтолуп бүтпөй дагы эле,
Кусадан ыйлап жүрүмүн.

Асман да анда бай болчу,
Тукумдай мөндүр жаадырчу.
Апамын жалгыз чоң уйу,
Үч челек сүтүн саадырчу.

Боюман бийик кар жаачу,
Кар эмес бакыт шам болчу.
Тешикпи асман үстү деп,
Кемпирлер колун шак койчу.

Суу басат экен деген сөз,
Кайгыга элди салды эле.
Алты жыл жаткан атамын,
Мүрзөсү ачык калды эле.

Көрчүлөр мүрзө казганда,
Атамын көрүн ачканда.
Буркурап ээрчип ыйлагам,
Жүктөшүп сөөктү жатканда.

Ачылбай эски мүрзөлөр,
Басылып сууда калышкан.
Арбактар сыртка чыгалбай,
Тозоктон  жайын табышкан.

Жылдыздар  жанат түн чыкса,
Ай чыгат түндө күн жылса.
Айылды суудан бошотсо,
Ордуна келбейт миң жылда.

«Эл кайда көчөт дыйканбай»,
Колума конду. Күз эле.
«Эл кайда көчөт, көч» десем,
Айлыма кетти түз эле.

Айлыма жетип көч дыйкан,
Тереңге боюн таштады.
Анын да ата-тегинин,
Айылы болчу баштагы.

Эл менен чогуу көтөрдүм,
Кудайдын башка салганын.
Жаш болуп анда, айлымы,
Калкалай албай калгамын.

Бала да болсом туу кылып,
Мекен деп калгам жытыгып.
Ыргытып суугa денеми,
Ыйлагым келет тытынып.

Канча жер көрдүм короздой,
Жүрөктүн кылын козгобойт.
Айылым элең керемет,
Эч бир жер сага окшобойт.

Шолоктоп жатып не десем,
Ким кайрып берет ке десем.
Таш чайнап алган тиш өңдүү,
Жүрөгүм зырп-зырп эстесем.

Өпкөлөп жатып не дейин,
Өпкөмү басып келейин.
Токтогул ата журтуму,
Ыр менен шаңга термейин.

Буркурап жатып не дейин,
Буулукпай кайтып келейин.
Токтогул элим – жеримин,
Бурулу болуп берейин...

Үйлөрүнүн үстү, устундары, эшик-терезелери бузулуп, согуштан кийинки кезди элестетет. Ал эми көп жылдык тал-теректер, бак-шактар ордунда калган. Аларды устунга же отунга аралап ала кеткенге чамалары жетпесе керек. Жакын эле жердеги үстү ачылып, көп жылдар койнунда жаткан сөөктөрдү алдыртып ийген мүрзөлөрдүн оңурайып ачык калганы жүрөктүн үшүн алат...

Ээси атайлапбы же сала кетер унаасы жок болуппу таштап кеткен (мүрзөлөрдүн ичине кирип жыт издеп жүргөн) иттердин, суу басканда токойдон качып чыккан жар түбүндөгү карышкырлардын уулуганы, мышыктын аялуу мыёлору, келемиш, суурлардын сурк этип чыга калышы жанымы чыгарып эле

салды. Жанталашып болуп көрбөгөндөй ылдамдык менен келген жагыма чуркадым. Ал ортодо коркконго кош көрүнөт болуп, мени карышкырлардын тытып жеп атканы, бирде төөлөрдүн чайнап атканы, камандардын челип атканы көзүмө элестеп кетти. Аралык мектептен эки эсе алыс эле. Күйүгүп, акактап атып автовокзалга жеткенде кеч кирип калган.

- Кара-Суюга автобус кетеби? - десем, ошол жердин өзбек кароолчусу каткырып күлдү:

- Караңгыдаям автобус кетчү беле. Жети түнгө калбай эртерек чыкпайсыңбы?

Мен болгонун айтып түшүндүрдүм.

- Аа, ошондой де, андай болсо жүр биздикине, эч коркпо, менин койнума ысык гана жатып аласың, курсагыңы тойгузам...

Калган сөзүн уккан жокмун. Кулагым ызы-чуу болуп кетти. “Менин койнума..” дегени эле кайталанып туруп алды.

Колумда кийимим салынган кичинекей кооз чемоданым бар эле. Аны ары да, бери да көтөрүп жүрүп чарчагам. Эки колум менен өйдө көтөрүп чемоданымы жанагы чалга (балким чал эместир) ыргыттым да өзүм так секирген улактай шуулдаган бойдон Кара-Суу тарапты көздөй чу койдум. Канча чуркадым билбейм, оозуман кара суу кетип, көзүмөн ысык жаш куюлуп, ак өпкө болуп дем алалбай калдым. Басыгымы токтоткон жокмун. Айлана кап-караңгы. Ээн талаа, эрме чөл дегендей эле жолдун жээктеринде айыл жок. Анда-санда чоң машиналар жарыгын чачып, чаңдатып өтүп калат, көңүл бурган жокмун, акчам деле жок болчу, жыйырма эле тыйыным калган. Жалгыздыктан коркуп ээн талаада өзүмү канчалык кармanганыма болбой ыйлап баратам. Бүгүн балким жанагы ойлонгон карышкырга жем болушум керектир, ошон үчүн дагы кайра эле талаада бarataттырмын деп ойлосом денеме муздак суу чачылгандай ичиркенем. Машина жолдон чыкпай келатам.

Бир маалда бензовоз жаныман сигнал басып өтүп кетип, алыс барып токтоп калды. Эмне үчүн четке чыкпай жолдун ортосунда келатасың деп урушат экен деп коркуп кеттим. Айдоочусу орус экен, кабинадан чыгып кол булгалап кыйкырды. Корксом да бардым.

- Каякка баратасың? - деди орусча, жетейин деп калганымда.

- Кара-Суюга, - дедим.

- Кара-Суу? Отур,- деди.

Араң тырмышып чыгып отурдум. Кебетеми көрүп орус аядыбы, айтор “Эмне үчүн жалгыз келатасың, апаң кайда, эмне ыйлап атасың?” деген суроолорду берди эле мен ый менен гана жооп берип аттым.

Бизди кичинебизде “Орус келатат” деп коркутушчу. Көзү көлдөй көк, чачы сапсары чыныгы орусту Агрономго көчүп келгенде көрдүк. Ага чейин Шипшиңкеде Шалаңбай (Шаламай болсо керек) деген жалгыз доктур бар эле. Ал сары эмес болчу, кыргызча сүйлөгөндүктөн кыргыздашып кеткен. Шаламайдан башка орустар да көзү көк, өңү сары эмес болчу. Анан “төө чайнап кетет” деп коркутушчу. Себеби ал кезде бакма төө жок болчу, Шипшиңкеде чытырман жыш токойдун ичинде жалаң жапайы төөлөр көп болчу. Кыйын, күчтүү кишилер укурук менен кармап келип, кадоого асып байлап, түлөп бараткан жүндөрүн жулуп алышчу. Төөлөр өкүрүп түкүрүгүн бүрккөндө алыста турган бизге чейин

чачырачу. Адамга чап салып жулкунган төөлөрдүн жулунганын көрүп калганым үчүн төөнү элестетип коркуп келаткам.

Кировго жеткенде жанагы орус:

- Ушу жерден түшөсүңбү? - деди. "Ооба" дедим.

- Ким тосуп кетет, кантип кетесиң жалгыз? - дегенде эшикти ачып, "Чоң ракмат" деп жерге түштүм.

- Ай кыз, жолдон таяк таап ал, колуңа таш алып ал, Кировдун иттери көп, уктуңбу? - деп мен түшкөн кабинаны жапты да, башын чайкап жөнөп кетти.

Үйгө келгенде орус бензовозчу менен жеткеними айтсам Рысбек акем (экинчи атам), "ал орус эмес, татар" деди. Шоопурлар бири-бирин көзүн жумуп туруп таанышчу ал кезде. Татар менен орусту азыр деле айрый албайм. Акем ошол татар акеге мени жеткирип койгону үчүн ракмат айтса "Мен экеними кайдан билип койдуң?" деп күлүптүр.

Жанагы вокзалдагы өзбек киши жөнүндө кийин университетте окуп жүрүп телевидениеге барып калсак бир агай укмуштуу окуя айтып берген. Ал мындай эле:

- Биз университетте окуп жүргөндө Токтогул районуна чөпкө барып калдык. Борборунан өтө эле алыскы айылдарына барып чөп чаап жүрүп ооруп калдым. Мени агайлар вокзалга жетип чайханага эле түнөп калып, эрте менен Фрунзеге кете бер деп чүмкөмө машинага салып жиберишти. Суунун үстүнө салынган чайханага келсем эч ким жок экен, кечинде иштегендер кетип калышыптыр. Чоң суунун үстүндөгү тапчанга чыгып эми жатканга ыңгайлашып атсам ошол жердин кароолчусу өзбек киши келип калып, жүр биздикине, үйгө эле түнөп алып, саар менен Фрунзеге кетесиң деди. Мен сүйүнүп кеттим. Үйүнө апарганда аялы эпилдеп чай берди. Бизге сыртка чогуу төшөк салып берди. Чоочун киши менен эмес эң жакындарым менен да бир төшөккө жаткан эмесмин, бирок талаанын иши талаа да, эптеп эле таң атырып алайын деп, тиги кишинин жанында тарс катып уктап калыптырмын. Аябай катуу уктаган экем кимдир бирөөнүн эле колу мени ушундай бир сыйпалап атат, деги ойгоно алсамчы. Уйку-соонун ортосунда болуп өңүм менен түшүмү, кайсы жерде жатканымы ажырата албай жатсам "ойгондуңбу" деп коет жанагы неме. Чоочуп кетип өйдө боло калсам, "жат, жата бер" деп мени жаткызып үстүмү жаап, колун кайра салып сыйпалап атат. "Ой, байке эмне эле кылып атасың, же эмне аялсыңбы?" деп жуурканды ыргыта тептим. Аялы терезеден баш багып, "Уй ака, боло турганбы, не болдуңуз?" дейт. "Укам ачууланба, бир эркектик кылып кой, көптөн бери аялыма барбай атам, жинжа эле, жинжа" дейт. "Ой силер адам эмес турбайсыңарбы" деп туруп кийиндим да, чайханага кетип калдым уктап алайын деп. Балээге уктаймбы, көзүмү тирмийтип жаттым, качан тиги киши кайра келип калат деп коркуп. Таң ата келген биринчи машинага чыгып өзүмүн Фрунземе жөнөп кеттим. Окуму бүтүп иштеп жүргөндө командировкага барсам, ал жакты эчак эле суу басып, жаңы шаарча пайда болуп калыптыр, - деп тарсылдап күлгөн.

**"Мыкаачы" деген атка кондум**

Тууганбай тайкемин айлында эки жылдан ашык туруп калдык окшойт. Мен каникулга келип кетип жүрдүм. Зарылкан деген кошуна кыз менен жакын дос болуп алдым. Алдыбызда чоң арык агат эле. Бир күнү Зарыл “кел түшөбүз” деп калды. Түшсөк терең эле экен. Кызыгып түшө берген экенбиз, бир маалда Зарыл арык бойлоп качып кетти. Эмне болуп кетти деп тура калсам бир аял баласын ээрчитип алыста келаткан экен. Ал жакындаганча мен да суудан чыгып үйдү көздөй жөнөдүм. Кийгеним туташ тигилген гүлдүү кооз купальник. Эртеси айыл дүңгүрөп кетти ушакка. Айылда көп жылдан бери дүкөнчү болуп иштеген Машакан деген эже мени “жыпжылаңач астыбызга туруп алды, качып да койбойт капырай” деп ушактаган сөзү апама жеткенде апам ойда мени ийледи го. Чоң арыкка эле эмес үйдөн да сууга түшпөс болдум.

Апам кийинки чыккан жолдошунан үч уулду болгон. Эң кичүүсү боюнда бар кезинде (1973-жылы) тамдын бурчунда отуруп тоокторуна жүгөрү чыгарып аткан. Улам эле бирөө ышкырат. Апам мени, мен апамы тиктешип коебуз. Апам “Жыландар ушинтип ышкырчу эле” деп артын карап алып кыйкырган бойдон огородду көздөй качты. Карасам жоон билектей болгон кара чаар чоң жылан экен. Тамдын боорун тешип кирип бараткан экен, кайдан жайдан колума тырмооч уруна калып дал ортосунан бастырып калдым. Апам алыста туруп чыңырып атат, тийбе эле тийбе, кач деп. Апамы чоочута турган сенсиңби ыя деп куйругунан тартып жулуп ыргыттым. Кайра эле тырмооч менен баса калдым. Эжем, үкөлөрүм кыйкырып качып жүрүшөт. Мен жыланды чала жан кылып чоң жолго алып чыкканда айылдын боз балдары чогулуп калышты. Бирок, бирөө да жакын келе албай койду. Жыландын ортосу үйлөп койгондой чоң шишик болуп турган. Ортосунан басып тебелеп атып жеген олжосун оозуна алып келдим.

- Эй мыкаачы, - дешип балдар ичиркенип турушту. Аңгыча оозунан чоң чаар бака чыкты, кан сөөлү жок бопбоз болуп өлүп калыптыр. Алсыз жыланды өтүп бараткан трактордун алдына ыргыттым.

- Сен жеткен мыкаачы турбайсыңбы? - деди ошол жерде турган Дүйшөнбек деген аке.

Менден жети жаш улуу ошол аке эки-үч күндөн кийин өлөрчө мас болуп биздикине келиптир. Эшиктин алдына туруп алып, “киминер мага чыгасыңар, кана жылан өлтүргөн баатыр кызың?” деп апама айкырып атыптыр. Мен Зарылкандыкында болчумун. Үкөм чуркап барып айтаары менен Зарыл экөөбүз келдик, алар жакын тууган болушат. Дүйшөнбек аке көйнөгүн чечип ыргытып салып, айкырып атат. Апам жалдырап атат:

- Айланайын Дүйшөн, кагылайын, акылдуу жансың го, эсиңе кел садага болоюн балам, - деп. Чуркап үйгө кирип, акемин шымынын курун чыгарып кайра чыктым да, “Аке, эмне болуп атасыз?” дедим.

- А сенсиңби, сен ушунча кыйынсыңбы, кана кыйын болсоң бир жылан апкелейин өлтүрүп берчи? - десе оозунан көбүк чачырайт.

- Аке, жыланды өлтүрбөш керек, сендейлерди өлтүрүш керек, - дедим да курдун кайыш жагын колума ороп, темир жагы менен сабап кирдим. Кыйкырган үнү Кытайга жетип турду. Ачууму токтото албай катуу сабап койдум. Мен анын жарымындай болчумун. Көрсө ичип алганда бүт айылды тажаткан зөөкүр экен. Ошондон кийин биздин үйгө эле эмес көчөгө жакын жолой албай калды.

Апам курсактагысын төрөп келгенде да бир окуя болуп кетти. Акем шофер болгондуктан Ошко, Таш-Көмүргө такай каттап, үйдө аз болчу. Түндө катуу уктап атсак эле апамын кокуйлаган үнүнөн төркү үйдө жаткан биз да ойгонуп кеттик. Эмне болду деп апам жаткан бөлмөгө чыксам:

- Акырын кокуй, далисте бирөөлөр жүрөт, орусча сөгүнүп атышат, эми эмне кылчубуз, колубузда кетмен, чотубуз да жок, кантебиз. Балдарды силердин бөлмөгө алып киргиле, бир айласын кылармын. Үнүңөрдү чыгарбай, кудайлап отургула, - деди.

Идиштер шарактап талкаланып баштады. Мен балдарды киргизишпей эле баягы кемерди алдым да төркү тар терезеден тырмышып чыгып кеттим. Эжем кыйкырып ийди “апа Букуң айнектен чыгып кетти” деп.

- Кокуй кайт, ка-айт артыңа, бир балээни баштаба, кайт дейм, - деп кыйкырып бүткүчө, мен тамды айланып өтүп, далиске кирдим. Чоң итибиз жанталашып үрүп аткан, азыр андан да катуулап үрүп калды.

Кирсем мас орус экен. Мастыгынан иттен коркпой өтүп кирип келиптир. Идиштерди алынын жетишинче чачыптыр. Суу же тамак издесе керек. Ал кезде биз итке ишенип үйдү кулпулабайт элек. Артынан келип желкеден чап кармасам, чоочуп кетип кыйкырып, жулунуп кирди эле, мен адатымча сабап кирдим. Ой мамалап жалынганына карабай сабадым. Эшикке сүйрөп чыксам итим өчүн алчудай жулунду. Кайра аны иттен корголоп эшиктин түбү менен сүйрөп жөнөдүм. Орустун үнү алыстаганда гана апамдар үйдөн чыгышты. Мен аны жолдун жээгиндеги арыкка алып келип башын сууга тыктым. Ал какалып-чакалып атып эсине келди окшойт, жата калып суу иче баштады. Кантип, кайдан келгенин сурасам Жаңы Курулушта (жаңы Токтогул) иштеген сырттан келген курулушчулардан экен. Чогуу отуруп алып арак ичип сайга түшүшүптүр да адашып кетиптир. Биздин үй көчөнүн башында болчу, оңойуна карап биздикине кирип суу ичип жатып калайын деген экен, оюна койбой татырактатып жолго салып айдап ийдим.

Ошондо апам “бейбаштык кылганда сени бекер эле уруп жүрүптүрмүн, бейбаштыктын да пайдасы тийет турбайбы?” деп өкүнгөн эле.

Дайыма бир окуянын ичинде жүрчүмүн да. “Мыкаачы” деген атым көпкө чейин өчпөй жүрдү.

### Жалал-Абад, профтех, механизатор

Ноокатта окуп жүргөндө Жалал-Абаддын профтехникалык окуу жайында иштеген көзү көк, өңү сары толмоч агай келип биз менен жолугушуу өткөрдү. Ал өзүнүн окуу жайы тууралуу укмуштуу кылып айтып берди эле оозум ачылып калды. Мындай чеченди ага чейин көргөн эмесмин. Ал окууну бүткөндөр атактуу агроном болот экен. Кыздардан агрономдор аз чыккандыктан, өкмөт көтөрмөлөп чоң ишке да коет имиш. Атактуу “16 кыз” деген бригаданын кыздары да, Өлмасхан Атабекова да ушул окууну бүткөн имиш.

Ушу агайдын сөздөрү уктасам кулагыман, жумсам көз алдыман кетпей койду. Апама кайра-кайра айта берип кулагынын кужурун алдым. Агайдын

айтканын апама айтып берип, оозун ачырдым. Ошончолук эле чындыгы болсо барсаң бар, бирок сенден кандай агроном чыгаар экен. Биздин районго агрономдор сөзсүз керек, эгер жакшы окуп бүтүрүп келсең иш табылат деп мени эми Жалал-Абадка Рысбек акеме кошуп жиберип ийди.

Жалал-Абад жап-жашыл, кооз шаар экен, аябай жакты.

Сабакты мурда начар окуганым менен бул жерде эң алды болуп окудум. Боюм теректей болуп өстү. Тамагы да жакшы, даамдуу. Жатаканада төрт кыз болуп жатабыз. Жигиттер менен кат алышабыз, көбүнчө аскердеги балдар менен. Кээ бир каттарды жалаң ыр менен жазам оздорун ачырып. Балдардын группасы менен достошуп, эркектен дос күткөндү үйрөндүк. Биринчи курста республикалык айыл-чарба журналына орусча, кыргызчасына да сүрөтүм менен чыктым. Анан  2-курска көчкөндө агрономияда эмес эле механизация группасында окуп жатканыбызды билдик. Кыздардын көбү кетип калышты. Ушинтип алдап алып келип окутушчу экен.

Нургазы агайдын китепти көп окугула деп тынбай айткан сөзүнөн улам китеп окуганды биринчи орунга койдум. Сайма сайып, тор токудум. (Торду улантып кетсем атактуу торчу болмокмун. Тор токуганды акыркы жылдары эле токтотуп койдум. Калың жана жука жемпир, шапочка, шарф, юбка, жеңи жок кофта, байпактын түрүн, цивитер баарын токуп кийчүмүн. Кыздарыма, инилериме токуп берип, артканын сатчумун).

Белгилүү эле режиссер (кийин депутат) окуу жайдын тарыхын тартканы келип, мени тандап алып, сайма сайдырып, тор токутуп, китеп окутуп, ары бастырып, бери бастырып, айтор документалдуу фильмге тартып, телевизордон көрсөттү.

Шаарга кыздар болуп базар кыдырып же курортко чыгып кетчүбүз. Бир жолу да шаар кыдырып, андан ары курортко чыгып, кайра түшүп келатсак бир эже атымы айтып токтотот. Кыздар да, өзүм да таң калып карап калдык. Көзүмө эле жылуу учурайт. Ал жете келип кол алышып учурашып, эмне кылып жүргөнүмү сурады. Токтогул кандай болуп калды деп да сурады. Сиз ким элеңиз десем, Фаридамын дейт. Фарида баягы Рысбек агайдын сүйгөнү Сабира эженин бир тууган сиңдиси болчу. Мен кучактап калдым. Ал аябай өсүп, толуп, суп-сулуу болуп калыптыр. Көчөн агайдын окуясынан кийин көрбөй калгам, ябай жакшы эже эле, сагынып калыптырмын. Үчөөбүздү бир үйгө ээрчитип барып, бул биздин үй деди. Чай берип, курсагыбызды тойгузуп жөнөтүп атып, кыздарга угузбай эмкиде өзүң жалгыз кел, сүйлөшөбүз деди. Макул болдум. Сабира эжени, үй-бүлөсүн сурайын деп батына албадым, дагы бир келгенде сурайынчы деп ойлоп койдум.

Анан тынбай катташып турдук. Мен үйүнө келбей калсам Фарида эже издеп келчү. Ал ыйлап туруп өткөн окуяны айтып берген.

Рысбек агай Көчөн агайды дарыяга агызып ийгенден кийин милицияга түшүп, соттолуп, көп жылга кесилип, Жалал-Абаддагы түрмөгө түшүптүр, канча жылга дегени эсимде жок. Сабира эже да, ата-энеси да элдин бетин карай алышпай Рысбек агайдын артынан ушул шаарга көчүп келишип, түрмөгө каттап турушат. Ошол түрмөдөн эле агай Сабира эже экөө үйлөнөт. Бир уулду

болушканда агайды сырткы түрмөгө чыгарат. Чогуу бир үйдө жашап калышканда тил табыша албай уруша беришип, ажырашып кетишет. Сабира эже акырын сүйлөп, акырын баскан майин, дагы деле аппак, сулуу бойдон экен. Фарида эже болсо жездесинин начар киши экенин, Токтогулду аябай сагынганын, куса болуп атканын айтып ыйлаган. Ошондогу намыстын күчүн кара, бул деле 6 же 7-класста окуган кичине кыз эле да. Бир кыздын абийири үчүн бир чоң үй-бүлө элдин бетин карай албай чогуусу менен көчүп кеткенин айт. Бирок, тагдырдын күчү – экөөнүн башын бириктирип, кайра тез эле ажыратып койгонун карабайсыңбы.

3-курста жигит күттүм. Биздин кезде жигит менен сүйлөшкөндүн белгиси бири-бирине открытка, китеп, атыр белекке беришчү. Азыркылардай болуп көчөдө чылпылдашып тиштешпейт эле. Окуу жайдын ичиндеги клубга кино көргөнү чогуу кирип, жакын отурганда жигитибиз колубузду кармап алса чымчып алчубуз. Аскердеги жигиттер менен жалаң ыр түрүндө кат алышып, атымы Назгүл деп псевдоним коюп алып жазчумун. Жоокерлердин даректерин группалаштар бири-бирибизге берет элек. Көбүнчө туугандарыбыздыкын. Атамдын фамилиясы Осмонов болгондуктан мен да Осмонова деп жазчумун. Курдаштарым да Назгүл деп коюшчу. Ошол атым көпкө чейин өчпөй жүрдү. Ал тургай апама атымы эмне үчүн Назгүл койбойсуң деп тултуңдасам, “ал кезде Назгүл деген ат жок эле. Өз атың Таңнурду койдурушпай койгондон кийин ал атты деле койдурмак эмес деген. Бир туугандарымын баары Осмонов, Осмонова. Ал тургай апам да Осмонова болуп атамын атында. Буларды айтып аткан себебим андан бери бир нече жыл өткөндөн кийин чындап эле Осмонова Назгүл деген акын кыз чыкканда аябай таң калдым. Ырларын издеп окудум, бирок өзүн көргөн жокмун. Анта деп эркелеткен үкөмүн өз аты Майрамбек дебедим беле. Анын көзү өтүп кеткенден кийин 90-жылдардын башында Майрамбек Осмонов деген биздин райондон ырчы чыкты. Анын аты радиодон аталган сайын апам өзүн коерго жер таппай, жоолугунун учу менен көзүн жаап алып, жашын төкчү.

Ошентип катты жалаң ыр менен жазып жүрүп, 1975-жылы 3-курсту жалаң “5”ке бүтүрүп, диплом алып айлыма кайтып келдим. Мехкадрда окуптур деп айтышат деп ушул окуу жайда окуганымы эч кимге айтпайт элем. Тек гана мектепти Ноокаттан бүтүп келдим деп койчумун. Аны уккан кээ бир мурунку классташтарым мени бир жылга жашарып алыптыр деп ушак кылып жүрүштү. Себеби, мектепти 1974-жылы бүтүшүм керек эле да.

***

Окуу жайын аяктап Кара-Суудагы үйүмө келсем, апамдар ал жерден да көчүп Жаңы Курулушка (Токтогулдун азыркы борбору) кетип калышыптыр. Мурда жалаң боз шыбак өскөн, эски мүрзөлөрдүн орду болгон талааны жердеп көчүп келген эл кумурскадай болуп быжырап, үй салып атышыптыр. Мектеп, дүкөн, эки кабат үйлөр салынып бүтүп калыптыр. Тууганбай тайкемин айтуусу менен божомолдоп кашаттын жээгинен сурамжылап жүрүп отуруп таап келдим. Жаңы чекке 13 жана 11 жаштагы Жамгыр, Майрамбек үкөлөрүм күнгө тотугуп, ылай

тебелеп кирпич куюп атышыптыр. Аларды көрүп бакырган бойдон чуркап барып, ылай беттеринен чопулдатып өөп, ыйлап аттым. Кирпич кынаган усталары да Ноокаттан мен окуган айылдан келишиптир. Тамдын кирпичин коюп бүтөйүн деп калганда апам айтып калды:

- Нургазы агайлар да ушул жерде, алар үйүн салып бүтүп, жашап атышат. Өзүнүн мектебинде эле иштеп жүрөт. Эртең май кошуп дандырга нан жаап сени алпарып учураштырып, батасын алып келели, кантсе да эл сыйлаган олуя эмеспи, - деп.

Апамын бүт айыл тамшанып жеген май токочун жаап, агайдын үйүнө бардык. Жубайы Кыркаяк эжей тосуп чыкты. Биз агайга келгенибизди айтты апам. Эжей бир баласын чуркатып, агайды мектептен алдырды. Агай келгиле деп баш ийкешип учурашты. Апам мени көрсөтүп:

- Кызым окуну бүтүп келип, агайым менен учурашып келем дегенинен батаңызды алып кетели деп келип калдык, - деди.

Агай мени тиктеп “Эмне дейт?” деп карап калды.

- Бул баягы кызыңбы? Койчу? - дагы деле таң калганын жашыра алган жок агай.

- Ошо кызым агай. Сиз болбосоңуз мектепте окубай калмак. Кышка кийе турган кийимдери да жок эле ошо кезде. “Жакшынын шарапаты” деген чын экен. Сиздей олуяга жолугуп, кызымын жолу ачылды. Азыр ыр жазып жүрүптүр. Райкомго да ишке алды, - деди апам.

- Бу кызымы башка жерден көрсөм ишенмек эмесмин, аябай сулуу кыз болгон турбайбы. Бою да абдан өсүп кетиптир, ден-соолугу ордуна келдиби? – деп агай кол жоолугун чөнтөгүнөн алып чыгып, жүзүн сүрттү.

- Тамагындагы ангинасын Ноокаттан операция жасап кесип салышкан. Ошондон кийин оорубай калды. Бою да өсүп кетти. Көрсө кызым ангинадан эле аябай жапа чегиптир. Класста балдардын аягында турчу эле, мектепти бүткөндө башына чыгып калды, - деп апам сыймыктана мени карап койду.

Чай ичилип бүтүп, агай колун жайып бата берди. Нандын даамдуулугун айтып апамы аябай мактады. Башкаларчылап “жөн эле койбойт белең, убара болбой” деген кургак сөздү айткан жок.

Агайым кийин мени райкомго издеп келди, ушул жерде иштеп атасыңбы деп. Мен жоокерлердей атып тура калдым ордуман. Ошол жерде 1-катчыны күтүп отурган чоң-кичине дебей ыргып турушуп, агайга келип кезекке туруп кол берип учурашып калышты. Бери жактан келаткан 2-катчы, сырттан кирген 1-катчы, коридордон көргөн бөлүм башчылар ийилип, колдорун балпайтып сунушуп, саламдашып жатышты. Агай мага келгени менен учурашып сүйлөшкөнгө кезек жеткен жок. Эки катчы тең агайды аяр колтуктап кабинетке алып кирип кетишти. Агай менен көпкө маек курушуп, насаатын угуп отурушту. Аларга чай даярдап алып киргенимде агай “бул кызыма эле учурашканы кирип калгам” деди. Мен семирип жерге батпай калдым.

***

Кашаттын жээгинде туруп карасаң эски Токтогулдун үстүн басып жаткан көл гана көрүнөт. Ушул көл курулганга чейин Токтогулда катуу шамал болчу эмес.

Шамалга бетими жалатып, чачымы сапыртып канча жолу  кашаттын жээгин тепселеп, көлдү карап умсунуп, карегимин нурун чачыратып телмирбедим экен. Атамын изин, балалыгыбыздын изин ушинтип көлгө бастырып салгандарга наалат айтып, акаарат келтиргенден башка аргам жок болчу.

Атам менен алты гана жыл жашадым, бирок алтымыш жыл жашагандай сезилем. Азыр да денемин бир бурчунда, жүрөгүмүн түпкүрүндө атам жашап жүрөт...

***

Жаңы Токтогулдан 1977-жылдын аягында борборго окуйм деп кетип калып ошо бойдон кайрылып барган жокмун. Университеттин журналистика бөлүмүнө кеч болсо да өттүм. 3-курста Жалал-Абаддагы сүйлөшүп жүргөн группалашыма турмушка чыктым. Ал экөөбүз тир атышканы барчубуз. Дайыма менден жеңилип калчу. Мен кошкат кезимде да атышчубуз. Анда да жеңчүмүн. Анан ал үйдөн чыгып кетип эле көпкө чейин жок болуп кетчү. Көрсө тирге менсиз барып, атканды үйрөнүп жүрүптүр. Аябай машыгып алгандан кийин атышабыз жүр деп мени да алпарды. Бүгүн, эртең төрөйм деп тургам. Ичим да өтө чоң болчу. Эңкейе алчу эмесмин. Ага деле болбой качпа, атышабыз деп кыйначу. Мен мээлебей, туруп алып атчумун, ошондо да тең чыкчубуз. Мен Мээримди төрөгөндөн кийин да атышып жүрдүк, эч даярдыгы жок барып атышчумун, бирок жеңилчү эмесмин. Ал да ондукка атчу, тең чыгып калчубуз. Мен атыш жагынан атам менен Күмүшкан эжеми тартсам керек.

Анан экөөбүздүн титиреңдеп урушкандан башка эч нерсебиз эсте калбаптыр. Болгону мага эки кызды белек кылып берди.

Группамда (Университетте) чогуу окуган Сергей деген баланын үйүнө барып, коюн жеп, Көлүнө түшүп эс алып турчубуз. Анын шаарда үйү болбогондуктан сессия сайын шаарга келгенде биздин квартирага да келип калчу. Орус кемпирдин кичинекей кепесинде ижарада туруп 15 сом төлөйт элек.

Бир күнү тигиним титиреңдеп таң атпай 5те туруп ишке барам деп калды. Мен кызымы эмизип бүтүп жаңы гана уйкуга кеткем. Эмнеге эрте десем, бүгүн мен дежурмун деди. Араң дегенде ойгонуп, чай койгонго камынып атсам, жөн эле кой, иштен ичип алам, алтыга барышым керек, кечигип калам, андан көрө бейкапар уктап ал сабакка барганча, чыкпай эле кой, дарбазаны ачкыч менен култап коем деп кетип калды. Кудай жалгасын деп жатып калдым. Сергей төр жакта чалкалап жатып, эки колун асманга жайып, каңырсып уктап жаткан.

Квартирабыз анча чоң эмес уктай турган бөлмө, анан чай иче турган андан да кичине бөлмө болчу. Уйку деген жаман да катуу уктап кетипмин. Канча уктадым билбейм, балким он же он беш мүнөт болгондур, биз жаткан бөлмөнүн каалгасы шарт этип ачылганда “апаа” деп бакырып тура калдым. Тигиним кайта келиптир, жүрөгүмүн лакылдаганын айтпа, сүйлөй албай калдым. Ал ушунчалык албууттанып, кабагына кар түнөп, азыр эле бирөөнү чайнап жеп ийе тургандай болуп кирди. Ал бир саамга Сергейди карап туруп калды. Сергей  бая тиги кетип баратканда кандай жатып, кантип дем алып атса ошо калыбынан былкылдабаптыр. Анан көптө өзүнө келип:

- Ой, бөйрөгүм ооруп, остановкада отуруп приступ болуп, эмне кыларымы билбей кайра баса бердим, - деди.

Ай-хайлап бөйрөгүн басып калса мен ишенип алып, туруп барып койдун майын ээритип анын бөйрөгүнө сыйпап, жоолугум менен ысык таңып, жылуу ороп жаткыздым. Ал Сергей тарапты карап, көпкө чейин уктабай анын кантип дем алып атканын андып жатып уйкуга кетти. Мен да уктайын деп жатсам уйкум ачылып кетти. Бир топко чейин жаттым да туруп сыртка чыктым. Кечинде кар жаап аткан эле басылып калыптыр. Короонун ичи тигинин изине толуп кетиптир, көбүнчө айнек менен эшиктин түбүнө эле каттай бериптир. Дарбаза кулпудан ачылбаптыр, кулпуну  ачып сыртка чыксам бир да из жок. Тиги сыртка жетпептир. Анда мен “ии байкушум, дарбазага жетпей приступ болуп ары-бери жандалбастаган турбайбы” деп ойлоп аяп койдум да үйгө кирип ага жылуу жумшак тамак даярдаганга кириштим.

Биз ажырашкандан кийин арадан бир топ жыл өткөндө анын бир тууган акесин көрдүм. Кыздарды кайра-кайра сурап жан-алы калбай учурашты. Күйөөң кайда, эмне иш кылып атат деп сурады. Мен уялып кетип аке, күйөөгө чыга элекмин, кыздарды чоңойтуп атам дедим.

- Кантип? Кандайча чыга элексиң? А баягы группалашыңчы, Алексей беле, Андрей беле? Түкүнү көзгө илбей, ачык эле жашап алган турбайсыңарбы? Анан ага тийип Көлгө көчүп кетиптирсиң го? - дегенде оозуман асстапыраллам түшүп калды.

- Эмне деп атасыз? - деп ийдим оройлоно, өңүмүн бузулуп кеткенин көргөн акем алдастап калды, - Дагы эмне деди эле үкөңүз? Сергей экөөбүздүн достугубуз таза жана түбөлүк. Элдин баары эле сиздин үкөңүз эмес, жакшы калыңыз.

- Кантесиң, мен эми анын айтканын айттым да, менде эмне күнөө, эгер жалган болсо кайра жакшы, кыздарды алып келип көрсөтүп тур. Түкү бечеранын бөйрөгү ооруп өзү араң жүрөт, аны тим эле кой эми (каргабай эле кой деген мааниде айтып атат), андан көрө жеңеңин туулган күнүнө эртең кыздарды алып үйгө кел, - деди акем.

Мени көпкө чейин ой басып жүрдү. Бая күнкү окуя кайра-кайра көз алдыма келе берди. Дарбазадан сыртка чыкпай эле жанталашып айнекке асылып, качан дабыштары чыгат деп аңдый берип, анан кызым кыңкыстаса, мына колго түштү деп эшикти акшыңдап алаңдап ачып кирип келип мыш болгону, бөйрөгүм эле бөйрөгүм деп жалган онтоп атып азыр бөйрөк оруулу болгону, Сергей келсе эле титиреңдеп уруш чыгара бергенинен улам Сергейдин кийин жолобой койгону, айтор бул ойду бир жыл бою көз алдыман сызып өчүрө албай койдум. Азыр эстегенде жөн эле мыйыгыман жылмайып коем, бирок акем айткан тушта аябай жүрөгүм ооруп, ой басып чүнчүп жүрдүм. Дүйнөдө эле бирөөнү каралаган жаман экен. Акемкине барганда түнү бою Түкүнүн аялын кеп кылышты. Анын кантип тигинин көзүнө чөп салганын, түрк менен кантип кармап алганын, азыр эки күйөөсү менен тең жашап атканын, айтор баарын айтып беришти, бирок мен ал сөздөрдү өзүм менен ээрчитпей ошол жерге эле калтырып кеттим.

Ал эми Сергей досумун Тору-Айгырда жашаган апасы Бурулкан аяш апама, карындашы Акжолтойго жыл сайын барып, каттап турам. Тору-Айгырдан кайтып келатканда Балыкчыга Сергейдин үйүнө сөзсүз кайрылып өтөм.

***

Убакыт жаман тез өтөт экен. Билинбей эле карып баратам. Кыздарым өз теңдерин таап, күйөөгө кетишти. Мээримим Ак-Өргөдөгү үйүмүн жанына эки кабаттуу үй салып берип койду. Кудайдын кулагы сүйүнсүн, турмушум, жашоом бир нугуна түшкөнсүп калды. Бирок, жериме болгон сагыныч, кусалык өмүр бою менден арылбай келатат. Шипшиңкени да, Агрономдогу жардын четиндеги кичинекей айылымы да бир көрүп өлсөм мейли эле!

Айылы, балалыгы өткөн жер чет мамлекетте калса да сагынган адамдар сөзсүз бир барып көрүп келе алат, а бизчи, эч качан! Көлдүн үстүн гана телмирип тиктеп отуруп, кайра баса бермей... Токтогул көлү – көл эмей эле, менин көзүмүн жашы...

***

Оо, Брежнев, Косыгиндер өлбөгөн,
Жүрөгүмү кошо көмдүң көл менен.
Кыяматтан арбактарды артынып,
Адам качты, мал кырылды төлдөгөн.

О Брежнев, Косыгиндер, ноендор,
Жүрөгүмү кайда апарып көмдүңөр.
Курсант болдуң мени өлтүрүп алганга,
Пенде экенсиң, силер деле өлдүңөр.

Ыргытылган топ таш болуп бириндеп,
Кеткен кезде мөгдүрөгөм, көлдөгөм.
Тагдыр чачып, чилдей тарап адамзат,
Жашап калды кайра баштан нөл менен.

Көкүрөктү тээп чыгат ыр түтүн,
Сурап көрчү айлымдан бар ким бүтүн?
Бардыгынын жүрөктөрү жаралуу,
Туулган жерден топурак жок бир күкүм.

Топурактан уучтай чыгып албапмын,
Жыттамакмын, сактамакмын далай жыл.
Жаш экемин, бала экемин, билбепмин,
Өз мекенин көмүп салуу кандай бул?

Туулган жерим бар болчу деп кимге айтам?
Кыямат ал - кайран элди дүрбүткөн.

Айды чапчып чыга турган дүңгүрөп,
Канча акының өлүп калды күйүттөн.

Көл астында өлүп жатат туулган жер,
Көп өлкөгө от берем деп буулган жер.
Зар какшасам, буркурасам, боздосом,
Көлдөй болгон көз жашыма жуулган жер.

Уктап турсак бизди көрүнүп сүйүнүп,
Туулган жерим бапырандап калчу эле.
Бүт бардыгын акын кылып салчу эле,
Бүт бардыгын ырчы кылып салчу эле.

Уктап жатсак бешик болуп терметчү,
Үшүп калсак ысык берип тердетчү.
Ташкындаган сүйүү берчү жүрөккө,
Талпындырган күчтү берчү билекке.

Билегибиз күчтүү болуп өскөнбүз,
Жүрөгүбүз баатыр болуп өскөнбүз.
Анын баарын көкүрөктөн өчүрүп,
Бир күн эле шыпырылып көчкөнбүз.

Жаштыгым аз, сүйүшө элек кез эле,
Туулган жерде өмүр өчтү тез эле.
Он төртүмдө айылымы суу басып,
Толуп бүттү он сегизде кезимде.

Көрөйүн деп көрбөй кетем айлымы,
Көз жаш менен төгүп кетем кайгымы.
Салам, салам, салам айтсам миң ирет,
Кабыл албай кара толкун жинигет.

Мындай укмуш болбоптур эч дүйнөдө,
Мындай шумдук тартылбаптыр картада.
Кандай гана кайгы менен өчөмүн,
Муну билбей муун келатат аркада.

Кубангандан азабым көп, муңум көп,
Москвадан ала турган кунум көп.
Өчүп калдым курчтуктун азабынан,
Өлүп калып курчтуктан кайра жандым.

Ушул элдин кунун төлөп бергин деп,
Чоңдор болбойт өйдө жакка унчуккан.

Туулган жерди эч нерсеге алмашпай,
Суу астында тумчукканым тумчуккан.

Жер жарылса кулагың тунат экен,
Жарылганы жүрөктүн жаман экен.
Көкүрөктүн ичинде муштумдай муз,
Ээрип кетсе, арманым тарар бекен?

Айылым деп көксөгөн арман өчпөйт,
Айылым деп өрттөнгөн жалын өчпөйт.
Айылымын тартылган портрети,
Карегимин ичинен такыр өчпөйт.

Мындан ары болбосун мындай укмуш,
Ар бир ыйым чакырсын бейпил турмуш.
Айылынан, кепесинен айрылган,
Акын муңун окусун ар бир кыргыз.

Ушуну менен эле арманым токтоп калбайт, дагы кайрылып келем. Акыркы демим да "Туулган жерим кайдасың?" деп чыгат.

***

Менин кийинки турмушума байланыштуу окуя жөнүндө "Селсаяк" деп аңгеме жазганымы көпчүлүк билет. Ошол "Селсаяк" менин өмүрүмүн экинчи уландысы. Ал чыгарманы окугандар кайдыгер калышкан жок. Атайын издеп келгендер да көп болду, телефон чалгандар мындан көп. Ошондуктан ошол "Селсаякты" ушул чыгармамын уландысы деп билгиле...

## Селсаяк

Биз көпкө чейин жолугуп жүрдүк. Ээрчишип келип, ээрчишип кетебиз. Ошондой күндөрдүн биринде Нурбайдын өзүнөн уккандарым төмөнкүлөр болду. Анын ушул сырын укпаганымда баары башкача болмок, эч качан кол кармашып турмуштун узак-узак жолдорун чогуу басмак эмеспиз…

***

…Кемпир апам, мамам үчөөбүз чогуу жашачубуз. Ага чейин мени эки кемпир апам бакчу. Улуу кемпир апам биринчи классымда каза болуп калган. «Картаң апаң өлүп калды, жүр» деп мени мектептен жетелеп алып келишкен. Мен боздоп «Эми ким менен жатам» деп шолоктоп ыйлагам.. Уктаганда апамын буттарын кучактап уктачумун. Ал апам мени түндө алып жатканы менен, күндүзү жаш кемпир апам бакчу. Бир кемпир бир кемпирдин жогун билгизбей,

мени майлап сүттөп, агымы ак, кызылымы кызыл кылып бакканына бат эле көнүшүп, жаш кемпир апамын койнуна жатып уктачу болдум.

Мамам жол кырсыгына учурап, колу, буту ооруп жүрчү. Бир жолу комуз сатып берип, «чертип үйрөн» деди. Мен көчөгө туруп алып комузду калдыратып, мектепке бараткан кыздарды, сууга бараткан эжелерди, кемпир-чалдар өтүп баратса аларды айтып саймедиречүмүн. «Мен сени чоң окууга окутам» дечү байкуш мамам. Кийимдин түрүн кийгизчү. Экөө аябай эркелетишип, мени эркин өстүрүштү.

Бир күнү ойноп жүрсөм Болот тайкем: «Нурбай жүр, сенин атаң келди» деп ээрчитип келди. Ага чейин эки үйдүн эркеси болуп жүрүп, менин башка атам бар экенин билген эмесмин. Ата деген кандай болот экен, көрөйүнчү деп чуркап жөнөдүм. Баламын да, болбосо «Кайсы атам?» деп сурасам болмок, же «Барбайм» деп ошондо качсам болбойт беле. Үйгө келсем костюм-шым, шляпа кийген, папка көтөргөн чоочун киши туруптур. «Ушул сенин атаң болот» дешти. Атамы биринчи жолу көрдүм. Ал мага шортик, көйнөк, шапка, конфет, шоколад алып келиптир. Мамамын алименттен баш тартуусун сурап келгенин кийин мен чоңойгондо айтып беришкен. Партияга өтүп атыптыр. Алимент төлөгөнү билинип калса, партиянын катарына кабыл албайт имиш. Мамам аябай сулуу, өтө жоош болчу. Сураган отказын жазып берип, жолго салыптыр. Ал киши мени шаардагы № 5ке окутам деп катуу убада берип кетти.

Биз сүйүнүп калдык. Себеби мамам мени № 5ке окутсам дегенде эки көзү төрт эле. «Эми уулум сен шаардан билим алып, жакшы окуйсуң. Мен сени чоң окууга өткөрөм. Атагың ааламды жара турган адам болосуң. Бар күчүмү сага арнайм» дечү кайран мамам. Мамамын кээ бир боор ооруткан абалдарын эстесем азыр ыйлагым келет. «Мен да иштейм, шаардын чок ортосунан үй сатып берем» дечү. Атам жөнүндө эч нерсе айтчу эмес. «Интернатка күндө барып турам, сен үйдү сагынбай, андан көрө бүт күчүңү окууга жумша кулунум» деген сөздөрү өмүр бою кулагымда жаңырып турат.

Мамам шаарга иштеп кетип эле кабарсыз болуп калды. Айылда жашагандардын көпчүлүгү шаарга барып-келип иштешчү. Кечки автобус келерде жол тосуп, кичине балдар топтолуп калчубуз. Автобус келатканда ураалап сүйүнчүбүз. Балдар бардыгы ата-энесин, эжесин, байкесин тосуп алып, ээрчишип кетип калышчу. Мен чоң жолдо калчумун. Менин мамам гана келбей калчу. Кээ бир энелер боору ооруп, көңүлүмү көтөрүп, ала келаткан момпосуюнан берип коюшчу. Караан келатса да күтчүмүн. Келген сайын жаңы көйнөк, шым, ручка, дептер алып келип берип жүргөн мамамын келүүсү азая берди. Мен жүдөй түштүм.

Көрсө мамам Маевка айлына турмушка чыгып, Самат аттуу уулду болгон экен. 80-жылдардын башында Маевка айылынан бир автобус жүргүнчүлөрү менен авария болуп, ичинде мамам да бар экен. Анын экинчи жолу авария болушу эле. Ушул авария болушунда ооруканада узакка жатты. Сагынганын жазсын дештиби, айтор мени тайта-тайнем мамама алпарышты. Палатасына кирерим менен «мама» деп жанына чуркап барсам, аябай таң калып мени тиктеп калды. Жайылган кучагымы түшүрүп колуна колуму койсом, колун чоочугандай

тартып алды. Таӊ калыштуу көз караш менен карап, мени тааныбай атты. Мен өзүмү ыӊгайсыз сезип ызаланып, чуркап чыгып, ооруканадан качып бараттым.

Арадан эки ай өткөндө тайкелерим «мамаӊ биздикинде отурат, азыр силердикине келет» дешти. Мен кемпир апама «мени жок, бир жакка кетти деп кой» деп качып кеттим. Мамамы көргөнгө даабай койдум. Балким эркелигимдендир. Бирок, менде кандайдыр бир коркуу сезими пайда болуп туруп алган. Ал мени үйдө отуруп кечке чейин күттү. Кошуна турган алмалуу бактын ичине кирип бекинип жатып алдым. Кемпир апам «ойноп кетти» деп коюптур. Кечинде келсем «азыр эле кетти» деди.

- Мени жок деп айттыӊбы? – десем,

- Ооба, сенин айтканыӊ мен үчүн закүн да, - деди кемпир апам.

Кайрадан кызык боло баштадым. Алма бакка бардым, бирок отура алчудай эмесмин. Жүрөгүм опколжуп туруп алды. Автобус токтогон акыркы аялдамага чейин келсем, эч ким көрүнбөйт. Кайра чыдабай чоӊ жолго чуркадым. Трассага жетип келип, элеӊдеп карасам эч ким көрүнбөйт. Шалта менен чоӊ жолдун ортосу бир топ. Күйүгүп калыпмын. Өпкөмү басып таштын үстүнө отуруп калдым. Канча отурдум билбейм…

Мурда жолдун жээги жыш тигилген жүзүм болчу. Жүзүмдүн арасынан бирөө келаткандай туюлду. Тура калып карасам мамам экен. Ал да мени көрүп сүйүнүп кадамын тездетти. Кандай кылып көрүшөрүмү ойлонгонумча жүзүмдүн ичинен чыга келди. Таяк таянып чолоӊдоп келатканын көрүп дагы коркуп кеттим. Көрүшөм деген оюм заматта жоголуп, кайрадан артка көздөй качтым. Анымы күтпөгөн мамам кыйкырып жиберди «токто» деп. Бир топ узап барып артымы карасам, кол булгалап чолоӊдоп чуркап келатат. Мен жеткирбей кетип калдым. Ошондо таягын көрүп кызык болуп кеткем. Баламын да, азыр ошол таягы менен сабаса мейли эле…

Убада боюнча 6-класска көчкөнүмдө атам шаарга алып кетти. № 5де берки балдары окугандыктан, мени шаардын четинде жайгашкан № 4кө берди. Интернаттын директоруна атам каратып туруп, мени «картаӊ кемпирдин баласы, энеси багалбай калды» деп айтты. Мен унчуккан жокмун. Кичине болсом да, көӊүлүм ооруп, жүрөгүм ачышып калды.

Тоо-ташта ээн-эркин жүрүп, клеткага түшүп калган жырткычтай болдум. Ишемби күндөрү кээде атамкына барып турчумун. Мени эч ким бооруна тарткан жок. Атам жактырбай, үйдөгү иш бөлмөсүнө кирип кеткен бойдон мен кеткиче чыкчу эмес. Атамкына барганым күн өткөн сайын азая баштады. Шалтадан эч ким келип мени алып кеткен жок. Өзүм да жеталбай калдым. Биринчиден автобуска төлөгөнгө тыйыным жок болчу, экинчиден агай-эжейлер жөнөтчү эмес. «Ай дээр агам жок, кой дээр кожом жок» өзүмү-өзүм билип калдым. Балдар менен чыгып буфет, ашканалардан булочка уурдайбыз. Кээде милицияга түшөбүз. Интернатта шоктук жагынан досторум Калыгул, Никулин, мен үчөөбүз таанымал элек. Мен Оке деген атка конгом. Бир нерсе жоголсо эле келип, биздин чөнтөгүбүздү аӊтарып киришчү. Үчөөбүз бир күнү жакшы окуган Байыр деген баланын чемоданын аӊтарып акчасын уурдап алдык, 8 сому бар экен. Кайра

өзүндөй кылып жаап салдык. Эки-үч күндөн кийин футбол ойноп атсам, Байыр чакырат. «Оке, бери келсең» деп. Алаксып ойной бердим. Дагы чакырды, барсам, “Оке, акчамы бергиле» дейт. «Кайсы акча?» дедим, чын эле унутуп калыптырмын.

- Үчөөң чемоданыман акчамы уурдап алган турбайсыңарбы? - дейт.

- Жөн турчу, сенин 8 сомуңу уурдап алып эмне кылмак элек, - деп ийиптирмин.

- Уурдабасаңар 8 сом экенин кайдан билесиң? – деди. Мен колго ушинтип түшүп калгам.

Жылдар өтө берди. Класстан класска эптеп-септеп көчүп аттым. Шалтага чейин жөө барып, анда-санда каттап калдым. Барган сайын ыйлап, айланып-тегеренип, жалдырап тосуп алган картаң апамын мүнөзү өзгөрө баштады. Көрсө Сагын эжекем (кызы) мени “Бандит, ууру, жолотпо, үйүңө киргизбе” деп коюптур. Акыркы кездерде «Качан кетесиң?» деп кетиргенче шашчу. Мамамы да такыр келбейт деп айтышты.

Тайне, тайтам, тайкелерим, картаң апам, мамамдар менен билинбей эле алыстап, кол үзүшүп бараттым.

Сегизди бүткөндө атам келип, мени профтехке өткөрүп кетти. Бул турмушка да көнө баштадым. Балдар мени «поэт» деп чакырышчу. Армиядан келген байке бир жылдыкта окучу. Мени жакшы көрчү. «Бирөө тийишсе эле мага айт» дечү. Агасы болом деп чогулуштарыма катышып берчү. Мен 16га чыкканда ал байке:

- Атаң шаарда тургандан кийин кантип туулган күнүңү белгилеп бербесин? Баргын да айт, досторум менен келем де. Эң жакын эки-үч досуңу алып барып день рождениянцы өткөрүп кел, - деп үйрөтүп, үйгө жиберди.

Өгөй энем командировкага кетиптир. Атам араң көндү. «3 баладан артык келбесин» деп катуу эскертти. Сүйүнгөнүмү айтпа. Училищага учуп жетип сүйүнчүлөп, 3 досуму саат алтыга барып калгыла деп адрес таштап келдим. Атам картөшкө аарчытып, «эми кууру» деди. Эптеп эзилтип атып кууурудум. «Ушул жетет, жеп алып, кетип калгыла» деди.

Үч досум да келип калды. Жөн келишпей бирге окуган үч кызды эрчите келишиптир. Атамын итатайы тутулуп, бөлмөсүнө кирип кетти. Биз тар кухняда отуруп картөшкө жедик, алар мага белек беришти. Радиодон жеңил музыка берилип калганда бир досум «Кел, вальска түшөбүз» деди. Үчөөбүз туруп үч кызды бийге тарттык. Өмүрү вальска түшүп көрбөгөн жаным, кыздын белинен кучактаганга жетине албай мадырайа түштүм.

Ошол тушта эшик шарт ачылып, атам сурданып кирип, «беркел» деди калчылдап. Баргандан корктум, бирок кыздардан уялганыман бардым.

- Эмне көтүң туруп калдыбы? - деди да «чуу» эткизе жаакка бир салды, - жогол, азыр жоголгула, сени экинчи бул үйдөн көрбөйүн, селсаяк, - деди.

Ошондогу кыздардан уялганым ай, жети өмүрүм жерге кирген. Ыйлайын деп кыздардан уялып, ызам ичиме батпай бук болгом. Жер ачылса түшүп кетет элем. Атам мага эмне үчүн ушунчалык өчүккөн билбейм. Төрөлүп калганым үчүн күнөөлүү эмес элем да. Атам ай, атам...

Профтехти бүткөндө 18ге чыктым. Армияга чакырылып, эртең кетем деген күнү атама барып айттым. Ал күнү атамкына түнөп калдым. Эртең менен таң атпай туруп үйдөн чыгып баратсам атам «кел олтур, бир мүнөт молчание» деди орусча. Берки инилерим болуп чогуу бир мүнөт молчание кылдык. Босогого жеткенимде «жакшы бар» деп үйүндө калып калды. Бир тыйын акчам жок эле, атам мага 5 сом да карматып койгон жок.

Военкоматка келсем бардыгынын ата-энеси, бир туугандары узатып, кээ бирлери ыйлап жүрүшөт. Ушундай таттуу узатып атышат. Узатат деген ушундай турбайбы дедим ичимде. Мен болсо жалгызмын. Таптакыр жалгызмын... Эч ким узаткан жок... Ушу күндөн баштап жалгыздыкка үйрөндүм. Качан эле үйрөнгөм дечи, бирок мурда жанымда өзүм кырдуу балдар болуп, алар менен оюнга алаксып жүрүп мынчалык жалгыздыкты сезген эмес экемин. «Поездге түшкүлө» деген команда болгондо гана энесинин, атасынын кучагынан бошонушту.

Поезд жаңы жылып баратканда «Нурб-а-й» деген кыйкырык чыкты. Айнектен мага орун тийчүдөй эмес. Мени ким издемек эле деген ой менен өзүм деле айнекке жутунган жокмун. Үн поездден калбай ээрчип келатат. «Нур-ба-й». Тайтамын үнүн тааныдым. Балдарды түртүп жиберип айнектен башымы чыгардым. Тайта, тайнеми эч нерсе дечү эмес элем. Эмне дээрими билбей «ата-а» деп кыйкырып жибердим. Тайтам ат чаап келатыптыр. Айнектин тушуна жете келип:

- Ме кулунум, ал, жолдон тамак ич, муну болсо барганда кий, Орусия суук болот. Жакшы барып кел. Мамаң жакшы болуп калды, кыздуу болгон, аты Толгонай. Картаң энең, тайнеңдер салам айтышты. Угуп жатасыңбы? Нур-ба-й, дилгирем салып жибер жеткенде, кат жаз, солдаттан келгенде түз эле үйгө кел, кулунум, айланайын … – тайтамын үнү тээ алыста, алыста-а калып калды.

Аты да өжөр экен, поезд менен тең жарышып келатты. Тайтамын карааны үзүлгүчө кол булгап кете бердим. Колумдагы кагазды карасам 25 рубль экен. Анан жылуу өтүк. Өтүктү кучактап алып, шолоктоп ыйладым. Ыйлабайын десем да көзүмүн жашы токтобой койду. 11 жыл өткөргөн Шалтадагы балалыгым көзүмө көрүнүп туруп алды. Айыл, суу, жол, чаң, чүкө, балдар, кыздар, мамам, кемпир апам, тайкелерим, айылдагы кемпирлер, чалдар, бардыгы көзүмөн жаш болуп куюлуп чыгып атты.

Аскерде жүргөндө бардыгына кат жаздым, бирок жооп жазышкан жок. Службамы жакшы, ойдогудай өткөрүп бүтүп, эки жылдан кийин поезд менен мекениме кайттым. Жанымдагы балдар өз мекенине жеткендерине жетине албай сүйүнүп бири-бирин куттуктап, кучактап атышат. Менчи… Кайда жана кимдикине барам деген көйгөй турду алдымда. Армияда жок дегенде уктай турган жерим бар эле, төшөгүм бар эле, тамак иччү элем, көнүп калгам. Эми кантем?... Бешенемде не жазуу бар экенине көзүм жетпей келаттым.

Кулакты чарчаткан поезд өзү да чарчап таң супа салганда борборго жетти. Мен атамын үйүнө чейин жөө келдим. Бирок кире албадым. Кайра жөө Ош базарына келдим. Шалтанын автобусуна чыксам айылдаштарым олтуруптур. Мени көрүп таң калышты:

- Аскерден келгендер такси менен барат үйүнө. Жүр таксиге түшүп баралы, сүйүнчүлөйбүз, - дешти. Болбой койдум. Мен үчүн бирөөлөрдүн сүйүнчү беришерине деле көзүм жеткен жок.

Картаң апам, тайтамдар болуп бир короодо турчубуз. Мени көрүшүп, армиядан эмес, шаардан эле келаткандай кабыл алышты. Тайтам каза болуп калыптыр.

Мен чоңойгон жапыз там менин боюм менен эле тең болуп калгандай сезилди. Бул үй илгери ушул айылда биринчи салынган экен. Чоң тайтам бай болгон. Жанагы эки кемпирдин каза болгону чоң байбичеси, картаң апам токолу эле. Жатарда каалганын илгичин илип кой дегенде, илгичке боюм араң жетчү. Үйүмү эң чоң, айылдагы үйлөрдүн эң мыктысы деп сезчүмүн. Байдын үйү болгондуктан заңгыраган ак сарай болуп көрүнчү мага. Үйдүн чоңдугунан түндө жатарда картаң апам илгичти илип, анан айры менен түртүп, менин сабак даярдаган столуму сүйөп койчу. Коркконунан ушинтсе керек. Тайтамын үйүндө да түнөп калчумун, бирок алар эшикти кулпташчу эмес, ачык эле турчу. Сабак даярдаган столум да чоң көрүнчү, аябай кичикий экен азыр көрсөм. Тыпыйган кичине сарайыбыз бар эле. Ичинде чөп-чар, отун, көмүр турчу. Тайтамын тоогу келип жумуртка тууп койчу. Мен жумуртканы койнума бекитип, үйгө апкелчүмүн. Картаң апам эшикти бекитип, кууруп берчү. Тамак жасабай калган күнү мен тайтамкынан тоюп келчүмүн. Картаң апам «эмне жасашыптыр» деп сурачу. Мен айтсам, «мага деле ала келбейсиңби?» дечү. «Бербесе кантип алып келем?» дечүмүн. «Сурабайсыңбы апама бер деп» дечү эле байкуш апам. Аябай сагынган экенмин үйүмү, ушунун баары көз алдыман чууруп атканда:

- Качан кетесиң? – деп сурады картаң апам баягысындай эле. Сагын эжекем менин балалык уурулугуму айта берип кемпирдин жүрөгүнүн үшүн алып койсо керек. Кечке жуук чыгып кеттим жапыс тамыман. Ошол акыркы көрүшүм болчу…

Атамкына келип звонокту бассам өгөй энем ачты эшикти. «Нурбай пришел, выходи» деди атамын атын чакырып. Атам бөлмөсүнөн чоң турсачан чыгып, «а, келдиңби?» деди колун сунуп. Пропискага туруп, атамын шымын кичирейтип кийип бир жумача туруп калдым үйдө. Атамын кабагы ачылбай, чогуу отуруп тамак жебей, өз бөлмөсүнөн чыкпай калды. Үйдө мен артыкбаш экенимди сезип, эптеп бир ишке орноштум да, досторумкуна кетип калдым.

Келерки жылы Тажикстанга кеттим. Окууга тапшырып өттүм. 2-курста акчадан кыйналдым. Заводдо ит багып иштедим. Советтер Союзу урап, завод жабылып калды. Жашоо оорлой баштады. Аргам жок атама кат жаздым 100 сом сурап. Атамын иши илгерилеп, ити чөп жеп, ташы өйдө кулап турган кези болчу. Бирок акча салгандан баш тартты. Окууму таштап келе бердим. Ош базарынан таанышыма жолуксам «энең өлүп калды» деди. Үч энем болгондуктан «кайсынысы?» деп сурасам, «Мамаң» деди. Жаман болуп кеттим. Бирок көзүмөн жаш чыккан жок. Эмне үчүндүр бардык туугандарыма балалык кыялымда, сезимимин түпкүрүндө кек калгандай туюлат. Көкүрөгүмдө өчпөс тактын изи тургандай сезилет. Алимент төлөгөндөн коркуп, атам мени алып келип, же окуунун өтөлүнөн чыгарбай, же жашоону үйрөтпөй туруп наристе кезимде

жылуу ордуман козгоп, талаага алып келип таштап салганын кантем?! Колуна папка кармап, башына шляпа кийип барган эле «чоочун кишиге» мени кармата салган тайларымы не дейм?! Тишими тишке басып атама келип:

- Мамам каза болуп калыптыр, жүрүңүз барып келели, - дедим.

- Мен деген энең менен сенин алты айында ажырашкам. Кантип бармак элем? Керекпи эне, сен бар, - деп эшигин жаап алды.

Ошол жерден Шалтага чейин жөө бардым. Түз эле мүрзөгө бардым. Мамамын мүрзөсүн тааныдым. Тайтамын жанында экен. Шаардан ала келген гүлдү койдум, куран окудум. Кайгырып канча отурганымы билбейм.

Окубагандан кийин эптеп иш таап иштеш керек болду. Бөкөнбаев-Белинский көчөсүнүн кесилишиндеги камокко спирт сатып ишке орноштум. Акчаны уучтап таптым. Логвиненко-Бөкөнбаев көчөсүндө жайгашкан бир үйдү сатып алмай болуп калдым эле, биртике акча жетпей калды.

- Мейли, - деди үй ээси, - бөлүп-бөлүп төлөй бер.

Бирок, акчаны ишенип бергенге мойнум жар бербей койду, «дагы чогултайын» дедим. Бирок, менден акча карызга сурагандар көбөйүп кетти.

Ошол күндөрдүн биринде Айнура деген эски таанышым учурап калды. Ал арманын айтып сыздады. Кыздарда бир эле арман болот эмеспи жигитим таштап кетти деген. Анын да жигити таштап кетиптир.

- Таштап кетсе эмне экен, жигиттен көп неме жок, башкасын таап аласың, - деп көңүлүн жубатсам да болбой боздойт.

- Сен эмнени билесиң? - дейт.

- Билбесем айт да анан. Мен барып сүйлөшүп көрөм, ким ал өзү деги? - дедим кыйынсынып.

- Мен анын ким экенин билгеним менен ал кайсы жерлик экенин же каякта экенин билбейм, билсем сени убара кылбай эле өзүм издеп тапмакмын. Алданып калдым бир көргөн балага, сен ошону түшүнөсүңбү?.

- Андай боло берет да, эми андан сонунун таап аласың, тигиңи унутуп каласың, - дедим.

- Такыр кепке түшүнбөгөн макоо экенсиң, менин боюма бүтүп калды деп атам.

Мен селт этип кеттим. Аны аяганыман сүйлөргө сөз таппай калдым. Ошол жигитти а дүйнөдөн таап келип бер десе да жок дебейт элем. Кантип көңүл жубатарымы билбей туруп калсам:

- Сенин жардамың керек мага, - деди.

- Мен баарына даярмын, - дедим. Кандай жардам деп да сураган жокмун.

- Сен эркектик кылып, мени мамамын алдына алпар. Курсагым төрт айлык болойун деп калды, байкап калса мамам өлтүрөт мени. Биз экөөбүз төрт айдан бери жашап жүрөбүз дейбиз. Анан сен кетип каласың.

Эч нерсе ойлонбой туруп макул дедим. Мунун оюу эле эптеп апасына бетин ачып алуу, а башкалары эмне дешсе ошо дешсин болчу.

Акчама Ош базарынан белек-бечкек кылып Айнуранын апасыныкына такси менен баратабыз. Мен аны чоң азаптан куткарып жатканыма өзүмчө эле

курсантмын. Апасы экөөбүздү көрсө сүйүнөт болуш керек деп култуңдап келатам. Үйүнө киририбиз менен «ай тигиниң ким?» деди апасы бозоруп.

- Мама, азыр түшүндүрүп берем, таанышып койгула бул Нурбай.

- Кайсы Нурбай? - деп жулкунду.

- Ну мама, азыр айтып берем деп атпайымбы, кое турсаң. Адегенде Нурик алып келген даамдан ооз тий, анан таанышып дегендей, сүйлөшөбүз.

- Эмнени сүйлөшмөк элем, алып кетчи алдагыңы көзүмө көрсөтпөй.

- Мама, биз үйлөнгөнү атабыз.

- Жинди болбочу? – энесинин көзү мага чачылып кетти акшырайганда.

- Ошондой болуп калды, мама, айтпай жүрө берсек иш чатагына айланып кетчүдөй…

Энесине эмне деди билбейм, аркы бөлмөгө кирип кетишип, иши кылып ынандырып келгендей болду. Энесинин тиштери кырчылдап мени аз-аз жерден жеп жиберейин деп, баарын токтотуп эми сөзгө өттү.

- Та-ак, эми эмне дейсиң, той качан жана каерде өтөт? - деди.

Мен тилими жутуп алгандай Айнураны тиктедим. Менин ордума ал жооп берди. Ата тегими сурады. Астыма качан түшөт деди. Мен дагы тигини тиктедим. Атамын адресин сурады. Үйдүн номерин, телефонду жазып алды.

- Эртең кечке чейин күтөм, келбесеңер ташыңарды талкан кылам, бар кете бер, - деди.

Айнура узатып чыкканда айттым, өтө татаалдашып кетти го, атама барып чатак кылбайбы деп.

- Коркпой эле гой, мен турам го. Анын үстүнө сен жигиттик сөз бердиң да, эми аягына чыгып бер, - деди.

- Мен го чыгып берем, бирок атамы кийлигиштирип кереги жок, - деп узап кеттим.

Жаман ишке кириптер болуп алганымы сезип, чийки май жеп алгансып, кечке көңүлүм суз, ыңтайсыз абалда жүрдүм. Телефонду, адресті айтып жибергениме өкүндүм. Айтпасам деле ал жулкунган аял оңой эле таап келет болчу. Бетими ач деди эле, ачып койдум, эми энесине ыгы келгенде айтып түшүндүрөр деп ишиме мурункудай эле келип кетип иштеп жүргөм. Бир жумача өткөндө Айнура келди:

- Менин мамам сенин атаңын үйүндө отурат, атаң сени чакыртып жиберди, - деп.

Иш өлгөн экен деп ойлодум. Барбай койсом деле болмок, бирок Айнураны аядым. Анча болду эми барып, энесинин көзүнчө мойнума алса алып, бетин ачып коеюн, андан эмне болмок эле дедим. Жетер жеткиче Айнура колдоруму кармалап, же колтуктай коюп, айтор жалынган көз караш менен баарын билдирип келатты, ал мени мойнуна албай койбосо экен деп корккону эле.

Кирип келсем, атам:

- Бул эмне шермендечилик. Ким булар, тааныйсыңбы? - деди.

Мен Айнураны тиктедим. Айнура карегин көлгө чөктүрүп алгансып жерди тиктеди. Менин бир гана сөзүм азыр анын тагдырын чечмек. Жок десем кареги чулп этип көлгө чөгүп кетмек.

- Ооба, - дегиче эле беймаалы энеси азыр милиция чакыртам, таш жарган атагыңы ташка чабам, эл караган бетиңи көр каратам деп жулкунуп кирди. Атам ал аялды көндүрдү. Ал менен алышып атып атам мени чапканга үлгүрбөй калды. Өгөй энем үчөө эптеп бир тилге келишти. Иши кылса эмне кылып кетирди билбейм, тажаал аялды кетиришип, Айнураны алып калышты. Ал экөөбүз ушул үйдө жашап калмак болдук. Ызы-чуу басылып, кеч кирип, баары бөлмөлөрүнө кирип жатып калышты. Биз Айнура экөөбүз кухняда тиктешип отурабыз.

- Эми эмне кыласың? - дедим.

- Жашайм сени менен, - деди.

- Кантип, андай болушу такыр мүмкүн эмес…сен... - андан аркы сөзүмү эптештирип айта албай койдум.

Күндөр өтө берди. Мен атамкына Айнураны көрүш үчүн же мындан ары анын тагдыры эмне болорлугун ойлоп, келип коюп жүрдүм. Өгөй энем бизге боору ачыдыбы же баласы үйлөнгөндөр ушинтип бөлүш керек үчүнбү, айтор үйүнүн ичинен орун бөлүп, төшөк салып берди.

- Сен жата бер, мен кухняда эле отура берем, - дедим ага.

- Жок андай болбойт, үй сеники, сен жатышың керек, мен кухняда эле отура берем, - дейт ал мага. Ошентип атып экөөбүз тең жатмай болдук.

- Эми эмне кылабыз, мындан ары жагы эмне болот? - дедим.

Себеби бир болбогон иш үчүн күндө атамын жемесин угуп кетип жүрүп кыйналып кеттим. Бизди бардыгы жашап атышат деп ойлоп жүрүшөт, бизди эрди катын деп эсептешет.

- Сен сыр бербей эле кой эми, мен сага өзүңө окшош уул төрөп берем. Экөөбүз жашай берели. Атаңкында жүрүш кыйын болуп атат мага, үйгө барсам мамам киргизбейт. Менин эми сенден башка эч кимим жок. Жакшы жашайлы, квартира тап, чыгып кетели, - десе эреркеп кетип жанына жатып алдым.

Келген тааныштардын баарынан квартира билген жериңер барбы деп сураштыра бердим. Канча адамдык деп сурашканга мен, аялым экөөбүз деп теңирейем.

- Апей, эмне аялың бар беле? – деген эски тааныштарыма,

- Ооба, боюнда да бар, жакында уул төрөйт, - деп мурдуму барбайтам.

Квартира да таптым. Матрац, төшөнчү сатып алып, Айнураны киргизип койдум. Мурда иштен кийин Ош базарынын бир жеринде жатып калчу болсом, азыр үйгө жанталашып, тамак-аш жана керектүү буюмдарды сатып алып квартирага барам. Досторума аялымы жууп, кээде майрамдап коем.

Айнура чын эле уул төрөдү. Мен жууп эле жатып калдым. Баланы менин фамилияма жаздырбай койду. Себебин сурасам, «бала сеники эмес да, бирөөнүн баласын эмне кыласың?» деди. Анын баласына өз атадан артык боор тартып бараттым. Баланы жууп, майрамдап кеч келчү болдум. Сенин балаң эмес дегенде да ыза болуп ичип келчүмүн.

- Сен көп ичип кеттиң, экинчи келбей эле койчу, - дей баштады.

- Мен келбей койсом сен кыйналасың, жашабай койсок болот эле эми тынч жашай берели да, - дедим.

- Жок, Нурбай, убада боюнча сен менин бетими эле ачып коймоксуң, ачтың болду, эми кете бер. Мен жигитиме таарынып ушуну жасагам. Ал балалуу болгонун укса, бир күнү кирип келет, мен аны ар секундда күтөм. Сен жигиттик кылдың, эми аягына чейин эрдик кылып кетип кал. Мен сенин жакшылыгыңы өмүрү унутпайм, - деди.

Бул сөздөрү кулагымын артынан кетти, себеби аялдын кыялын, мүнөзүн түшүнүш үчүн аны менен кырк жыл чогуу жашаш керек. Жөн деле жини келгенде айтып салышы мүмкүн эле. Бирок андай болгон жок. Ажылдаак энеси мен иштеген жерге чейин келип айкырып чыр салчу болду, кызыма барчу болсоң өлөсүң деп. Үйүнө көчүрүп кетти. Барсам такыр киргизбей коюшту. Мен болбой эле анда-санда бара бердим, алар болбой эле кууй беришти. Ичип да бардым, соо да бардым, баары бир жолотушкан жок. Алардын жасаган иштери мага ушу күнгө чейин табышмак, эмне себептен мени антип көргө түртүштү, билбейм.

Атам менен мамилем төрөлгөнү келишкен эмес эле, эми алар да ого бетер биздин ортобузду ыдыратып салышты. Айнура төрөгөн баланы бардыгы меники деп ойлоп калышты. Ал тургай өзүм да боор берип калгам. Ошол ортодон өткөн алты ай менин башымы алай-дүлөй кылып таштады. Катуу уктап калып, узакка чейин көргөн жаман түштөй болуп, ушул окуялар мээмен чыкпай, жабышып, чапталып калгандай болуп, жаман кыйнады. Көзүмү жумсам эле Айнура, баласы, энеси үчөөнүн элеси тартылат. Ансыз деле турмушум илең-салаң болуп чачылып, бир нугу жок өтүп келатты эле, эми ого бетер чачырандым. Энеси, атасы жок, өмүр бою балдар үйүндө тарбиялангандар деле чоңоюп, жашоосун тартипке келтирип алышат экен, мен тартипке келтире албай аттым. Сатып аткан спиртимен мына азыр биртике ичем, анан токтотом деген ой менен иче бердим. Бүгүн акыркысы болот десем, эртеси бир шылтоо табылып турчу. Жыйып-терген акчам түгөндү. Аскерден түшкөн сүрөттөрүм, ала келген чемоданым баш оту менен жок. Качан, каерде калганы белгисиз. Айнура энеси экөө биригип, макулдашып эле мени ушундай абалга түртүп салышкандай болду.

Бара-бара катуу ичип кеттим. Түнөгөнүм дос-тааныштын үйлөрү. Ичкиликтин айынан иштен да кол жуудум. Колумдагы чоң пакеттин ичин толтуруп барганымда, жадырап-жайнап тосуп алган досторум эми барсам эшиктерин ачпай коюшат. Же жок дедиртип коюшат. Вокзалдарда, парктарда түнөйм. Суук түшкөндө кечинде кайда түнөйм деп бушайман боло берем. Күндүз тентип жүрүп, кеч киргенде азап болчу. Бир жолу Ала-Тоо кинотеатрына жетпей Уркуянын эстелигинин жанындагы арчанын түбүнө түнөдүм. Чыйрыгып жата берип, күн шашке болуп калыптыр. Арчанын астынан чыгып, колуму жайып эснеп, керилип атсам атам өтүп баратыптыр. «Өлдүм!» дедим ичимде. Сөгүп, уршуп, жүр үйгө деп жетелеп кетет го деп турсам, тескери карап, көрмөксөн болуп өтүп кетти.

Туруктуу жашай турган квартирам жок аябай кыйналып кеттим. Башкалар деле акча төлөп квартираларда жашап жүрүшпөйбү. Мен деле күлүмү бир жерге додо кылып такай жашай турган квартира таап алайын деп ойлоп кулактандыруу боюнча квартира издеп жүрсөм, 6-микрорайондон бир эже жолугуп, өзү эле сүйлөп, таанышып кирди. Мен аты жөнүмү айтып, квартира издеп жүрөм дедим.

Тигил окуядан кийин чыныгы фамилиямы жан адамга айтпас болгом өзүмө бөлөк ат, бөлөк фамилия коюп алгам. Квартира издесең жүр биздикине, мага да сага окшогон жакшы балдар керек деп ээрчитип жөнөдү. Үйүнө жеткиче арыз арманын айтып келатты. Мен ал эженин мүнөзүнө түшүнүп-түшүнө албай, сөзүнө баш ийкеп коюп келе бердим. Мага квартиранын жарым эле пулун төлө, жарымына иш кылып бересиң деди. Жарым акчасын төлөп жашап калдым. Курсагың ачка эле жүрө берет турбайсыңбы, бирдеке жесең боло деп чай, нан берчү. Үйдө өзүнөн башка кызы, баласы, дагы жакын туугандары келип-кетип турчу.

Эженин аты Батмакан эле. Батмакан эже сиңдисин жоктоп эки күндүн биринде шолоктоп ыйлап калчу. Сиңдим тирүү болсо эмгиче кирип келмек дечү.

Ош базарда тентип жүрүп, кечинде чарчап Батмакан эженин үйүнө жетерим менен суй жыгылчумун. Бир күнү эртерээк келсем, эже чыдамсыздык менен күтүп отурганын айтты. Жүр кеттик дачага деди. Жол тосуп шашылыш түрдө дачасына келдик.

Ал ичкериден кетмен, күрөк алып чыгып, ме күрөктү, мыногу домпойгон жерди каз деп, адам бою бата тургандай ченеп берди. Мен каздым. Бир метрдей казып бүтүп чарчадым. Бир нерселерди эле сүйлөнүп огородду кыдырып жүргөн. Мага келип, эч нерсе жок бекен деди.

- Эмне болуш керек эле? - дедим.

Ал жооп бергендин ордуна, бергел, мыногу жер домпоюп турат, ушу жерде болуш керек, каз деди. Дагы казып кирдим. Бир топ казып келип, чарчаганыман отуруп калдым. Жок бекен деди дагы. Жок экен дедим, эмнени казып атканымы түшүнбөсөм деле.

- Точно мына бул жерде, ушу жерди казып көр, бол, - деди.

Казып кирдим, бирок күүгүм кирип кетти, анын үстүнө өлө чарчадым.

- Казбайсыңбы?- деди.

- Чарчадым, - дедим.

- Анда жүр эс ал, тамак же, укта. Эрте менен эрте туруп дагы казабыз. Сиңдимин сөөгүн тапмайынча кетпейм, жакын эле бир жерде жатат. Өлтүргөн киши алыс эмес ушул эле жерге жашырган, - дейт.

- Эмне деп атасыз? – дедим, - сиз баятан бери сиңдиңиздин сөөгүн издетип аттыңыз беле?

Денеме суу куюп жибергендей ичиркенип кеттим. Мен катып койгон алтынын кайсы жерге көмгөнүн таппай издеп жаткан экен деп ойлогом.

Дачасы шаардан анча деле алыс эмес болчу. Сөөк издеп атканын укканымдан кийин каяктагы уйку. Сөөк издеп жер казып атканым түнү менен түшүмө кирип жөөлүп чыктым. Сиңдиси келип менин сөөгүмү эмнеге издедиң деп мени муунтчудай боло берди. Шырп эткен дабыш уксам эле кыйкырып жибергенге даяр турдум. Батмакан эже кечинде колуман күрөк, кетменди алып атып, эртең эрте туруп мына бу жерди, дагы биерди, анан биерди казасың деп колун сайып көрсөткөн. Сиңдиси дайынсыз жоголуп кеткен үчүн эже ушинтип калса керек, же мурда эле ушундайдыр, а балким сиңдиси тирүүдүр. Жөн гана айтпай дебей бир жакка кетип калгандыр. Эч нерсе ойлонгум келбейт, ойлонсом эле бир окуя

болуп кетчүдөй боло берди. Таң атпай турдум да жөө-жалаңдап шаарды көздөй качып келе бердим. Кайра кайрылып Батмакан эженин үйүнө барган жокмун.

Дагы көчөлөп калдым. Турбазада иштеген тааныш баланыкына барып, алабалым жөнүндө түшүндүрдүм.

- Квартира да кеп бекен? - деди, кааласаң келиндердин үстүнө киргизип коем. Аялдарды үстүңө көмүп коем дос, эч кам жебе, - деди.

Чындап эле турбазадан мага ылайык жай таап берди, ишке да киргизди. Оңуп калдым. Сат дегенин саттым, тарт дегенин тарттым, бөрк ал десе баш алдым дегендей ишин ойдогудай аткарып берип жүрдүм. Бирок, бир күнүбүз аялсыз өткөн жок, өзү айткандай аялдардын уясы экен. Деги жалгыз келчү эмес. Бир эжени алып келип тааныштырды, мурда бийчи болчу экен. Арак ичип шарактап отуруп жатып калдык. Эртеси дагы, анын эртеси дагы. Ал эже эмнегедир кетем деп айтпайт, же мен кет деп айталбайм. Бир жумадан кийин гана кетейин эми дейт. Мени кошо жүр деди. Үйүнө алып кетиштин ар түркүн амалын кылды. Мен артыңыздан барам деп кетирип жиберип, артынан барбай койдум. Аны кетиргенден кийин деле бир эже келди, ал да кетпей калып калды. Дайыма эле кулагымын учу жара боло берчү, ошону көрүп калып, жараңы айыктырам деп жүрүп алды, же жарам айыкпайт. Биртке иштеп тапканым арактан ашпай калды.

Катуу ичип кеттимби, айтор билбейм, эмне үчүндүр көзүм көрбөй калды. Селсаяктык кылып жүргөн күндөрүмүн бир күнүндө ооруканага жатып калдым. "Эми ичсең сокур болуп каласың" деди врач. Мен ичпей калдым. Адамга окшоп калган кезимде раматылык Бакытка жолуктум. Бакыт кадимки төкмө акын Токтосун Тыныбековдун баласы эле. Үстүмө үй берип, астыма аш коюп мени эл кылып койгондо сага жолуктум. Селсаяктыктын чегине чекит койгондо Бакыт кырсыкка кабылды. Бакыттын трагедиялуу өлүмү мени кайгыга чөктүрүп салды. Бакыт мен үчүн атам да, энем да болчу. Мага эми Бакыттай адам эч качан жолукпайт…

(Кыскартылып берилди, каармандын аты өзгөртүлгөн.)

## Атама жазган кат

Ата, сиз бизди таштап кеткенде биз аябай эле кичине элек. Бөбөгүм бирден жаңы эле ашкан. Кичине болсом да баары эсимде калган. Бакчага барып мени өпкүлөп, башымы сылап, конфет берчүсүз. Көзүмөн, мурдуман, оозуман өпчүсүз. Жеп аткан конфетими алып, оозуңузга салып соруп-соруп, кайра менин оозума салчусуз. Күндүз бакчадан жолукканга, кечинде үйдөн издей берет элем. Сагынып ыйлай берсем апам “атаң жок балам, ал такыр келбейт, алыска-алыска командировкага кеткен, сен эстүү, чоң кыз болуп чоңойсоң келет” деди. Мен “ал алыста эмес, ал мага күндө конфет алып келет” деп ыйладым. “Түш көрсөң керек, балам” дейт апам кейип. “Жок, түш эмес, бакчада баары көрөт атам келгенде” деп өксүйм. Сиз бакчанын жанындагы мектепте иштейт элеңиз. Эртеси

апам мени бакчага алып келатып мектептин короосунан сизге жолугуп “кызың аталап ыйлап атат, же чогуу жаша же балага көрүнбө, унутуп калсын” деди. Сиз адатыңызча секирип уруша баштадыңыз: “Кыйраткан кыздарды тууп койгонсуп, көрүнбө деп коет. Ушубу тууган кыздарың рахит кылып, буттары ийри, баштары чоң, кимге окшошуп калганы да белгисиз”. Уруш күчөп кетти. Апам бакчанын башчысына ыйлап кирип, мени кыргыз бакчага котортуп алды. Анда шаар боюнча бир эле кыргыз бакча бар болчу.

Кыргызың койчу деп сиз бизди орусча сүйлөгөнгө үйрөтүптүрсүз. Кыргызча түшүнбөй аябай кыйналдым. Ошондо мен болгону беш гана жашта элем. Баары бир сизди сагына бердим, апама көргөзбөй ыйлай бердим. Бир нерсе эле жетишпей туруп алчу.

Кыргызча сүйлөй албай кыйналып жүргөн күндүн биринде бакчадан качып чыгып кеттим. Сиз иштеген мектеп мага жакын эле сезилчү, табам го деп ойлогом, бирок адашып кеттим. Кайра бакчамы да таап бара албай койдум. Чоң жолдун четине туруп алып бакырып ыйлап атсам, кыргыздар келди эмне болду, кимдин кызысың деп, мен кыргызча эч нерсе деп айта албай койдум. Ошо тушта бир картаң орус кемпир келип орусча сурап калды эле кучактап, бакырып ыйлап айтып берсем, бакчаңын номери канча дейт, билбейм десем, апаң кайда иштечи эле деди. Мен “билбейм, бирок китеп чыгарган жерде иштейт” десем, (ал кезде басмакана да бирөө эле болчу) “о, анда жүр, өтө деле алыс эмес, мен жеткирем” деп жетелеп апам иштеген жерди таап апкелсе, апам иш ордунда жок экен, түшкү тамактанууга кетти дешти коңшу бөлмөдөгүлөр. Ал орус кемпир мени аларга таштап койбостон, кайра ээрчитип, Киев, Шопоков көчөсүндөгү арзан тамак саткан ашканага алып келди. Апам байкуш тамакты жаңы эле алып отурган экен. Мени көргөндө аз жерден эси ооп жыгылып кала жаздаган.

Сиз менен ошо боюнча бөбөгүм 1-класска барганда көрүштүк. Мен сизди унутуп калгам. Апама кайра-кайра телефон чалып сурана бергениңизден бизди аябай жасантып, барпыратып ак чоң бантик тагып сизге алып келди. Бөбөгүм экөөбүздүн окшоштугубуздан айрый албай башыңыз айланып турду. Кайра-кайра балчылдатып өбө берсеңиз, бөбөгүм “апа бул ким эле?” деди угузуп. Ал сөзгө намыстанып койбостон “мен атаңмын” дедиңиз. “Менин башка дагы атам барбы?” деп бөбөгүм апамын этегине жашырынды да, “менин атам айылда да, ал укса ыйлайт, сен эмне бул кишини атаң деп атасың, бул киши же эжемин атасыбы?” деп мени көрсөттү. Сиңдим алты жарымга чыга электе мектепке барган. Бул сүйлөмдөр сизге анча жага бербеди. “Ал чал тайтаңар болот” деген сөздү кечке кайталай бердиңиз. Ош базардан жолуккандыктан жакын жерге ашканага киргизип, 2 порция лагман алдыңыз. Апам эч нерсе жебей карап турса бизге ыңгайсыз болду тамак жеген, бирок сиз ичкиле деп кыйнадыңыз. Ичели десек лагман эски экен, жыттанып атты. “Пулга келген тамакты ичиш керек” деп байсай бердиңиз эле, бөбөгүм жарымын жеп алды. Сыртка чыкканда апаман бөлүп алып, киоскиден 50 тыйындык эки сагыз сатып бердиңиз. Мен силерге “Адидас”, свети күйө турган ботас, көйнөк-шым сатып келип берем” деп айттыңыз. Эки сагызга алданып биз үйгө келдик. Колубузга бир тыйын акча карматкан жоксуз. Бөбөгүм түнү менен кусуп чыкты, эски лагманга ууланып.

Арадан 7 жыл өткөндө биз цирктен чыгып, аптеканын жанынан өтүп баратсак алдыбыздан чыгып калдыңыз. Супсак кол алышып эле учураштыңыз. “Ушундай чоң кыз болуп калдыңарбы?” деп таң калдыңыз. Ошондогу анткорлугуңузду кийин билдим, көрсө “мага ушунчалык окшошуп калдыңарбы?” дегениңиз экен. “Кайда окуп атасыңар?” деп биздин дарегибизди сурап алганыңызча капкара, чачы үксүйгөн, кара дөөдөй узун аял аптекадан чыгып келип сизди жулмалай кетти. “Акмак, аягы суюк ит, бу катының менен соо эмессиң десем мойнуңа албай койбодуң беле?” – калган сөздөрүн кайталаганга тил барбайт, айтор мушташып кеттиңер. Көрсө ал төртүнчү аялыңыз экен.

Биз музыкалык мектепте окудук. Классика сабагында бийлеп атсам сырттан кирген агай “тебе отец пришел” деди. “Какой отец?” дептирмин таң калып.

- Ну... папа наверное. Есть у тебя папа? - деди.

- У меня нету папы, - десем, кыздар “жүр, биз чогуу барабыз, коркпо” деп жетелеп келишти. Сиз бир киши менен туруптурсуз. Кучактап, өпкүлөй бердиңиз, анан ыйладыңыз. Жаныңыздагы кишиге көрсөтүп:

- Менин улуу кызым, көрдүңбү окшоштугун, бою, бутунун түздүгү, фигурасы, өңү, жада калса басканы да меники, - деп улам эле мени менен мактана бердиңиз. Мени төрөлгөндөн бери багып келаткандай түр көрсөттүңүз. Чоң капчыгыңызды ачып, жалаң кызыл акчанын ичинен он сомду сууруп, “ме, балмуздак алып же” дедиңиз. Ошондогу кыздардан уялганым ай! Гримерныйга кирип алып аябай ыйладым.

Арадан бир ай өткөндө “Мисс” конкурсунда жеңип чыктым. “Телевизордон көрдүм, аябай сулуу турбайсыңбы?” деп кызыл туфли алып келип бердиңиз. Ал туфлиңизди бир да жолу кийген жокмун. Биринчиден кичине келип калды, биринчи классымда алып берсеңиз балким киймекмин. Экинчиден кызыл кийбейм, сиз аларды кайдан билмек элеңиз.

Паспорт ала турган куракка жеткенде сизди издегеними алигиче унутпайм. Эптеп таап паспортуңузду алып келсем, ичинде бүт балдарыңыз жазылуу экен, биздин атыбыз жок, ыза болгонуму кимге айтмак элем? Паспорт столуна барып сиздин паспортту көрсөтүп, жаздырып келатсам дароо жетип келип калыпсыз мен паспортуңузду жеп алчудан бетер. Мингениңиз “Мерседесс”, колуңузда сотка (анда сотка жаңы чыгып аткан), белиңизде пейджер, үстүңүздө кымбат баалуу кийимдер. Паспортко төлөгөнгө акча сурасам “энеңен сура, ал кыйратып багып атам, эч нерседен кем кылбайм дебеди беле, эми паспортко 50 сому жок бекен? Мен алимент салып атпаймбы, же албай атасыңарбы?” дейсиз.

Тилим кыска да! Жаман да, жакшы да болсо атамсыз да. Болбосо айтчу сөздү айтып алсам болот эле. Апамын денесине эмес, жүрөгүнө салган тагыңыз али өчө элек, ата. Он алты сом алимент салчу элеңиз, биз окуну бүтөөрдө уялганыңыздан 50 сом салып калдыңыз. Ошону да көп көрчүсүз. Апам сизге теңелип сотко берсе үй мүлкүңүздүн жарымы кетмек. Апам жаманчылыкка барган жок. Салган акчаңызды алып атканда атактуу акындын кызы Тома эжеке “албай эле койчу ушул акчаны, өзүңү басынтпай, мен сага айына ушунун ордуна жыйырма эсе берип турайын” деп айтканын да билем. Ал эми апам менен иштеген Айгүл эже инвалид күйөөсүнөн 2200 сом алимент алып турчу. Анын күйөөсүнүн караманча эки көзү көрчү эмес. Бирок, көкүрөгүндө намысы бар азамат эле.

Элүү сомду деле салбай калдыңыз, себеби биз окууну бүтүп, Москвадан окуп, иштеп кеттик. Сиз менен болсо такыр көрүшпөй калдык, бирок мактанган сөздөрүңүздү туугандарыңыздан угуп калабыз, "кыздарым менин копиям, суп-сулуу, акылдуу" деген.

Кийинки аялдарыңыз төрөгөн кыздарыңыз эмне үчүн сизге окшоп сулуу эмес, эмне үчүн үксөйгөн-саксайган, акылдары неге тунук эмес, ата. Төрөлгөн балдар 99% энесин тартаарын билеттирсиз. Бакча менен мектептин ортосуна туруп алып, "кыздарың рахит, өңү суук, буттары ийри, баштары чоң" деп жаман аялдарча кыйкырып апамы урушканыңызды такыр унута албай койдум.

Ата, анан да сизге айтарым "апамын сулуулугу менен бир эле биз эмес, бүт Кыргызстан сыймыктанат", ушуну унутпасаңыз экен.

*Сиздин кызыңыз*

*Фамилиямы ушул убакка чейин которбой жүргөнүмө өкүнөм.*

**Сапар**

Сапар үйдүн эң кичүүсү болчу. Эң кичүүсү болсо да эрке болбой, мүнөзү кичинесинен эле токтоо болуп чоңойду. Үйүндөгүлөр Сапар дебей "Сапан", "Сапаня" деп эркелетишкендиктен мен дагы Сапан дечүмүн. Университетти жакшы окуп бүтүп, "Кыргыз Руху" гезитине жаңы эле кабарчы болуп орношкон. Бою узун, өңү кара тору, көздөрүнөн жылдыз чачырап турчу. Мындай балдарды "каранын сулуусу" дейт элде.

Эркиндик бульварын көркүнө чыгарып заңкайып келатыптыр. Учурашып калдык. Кайда баратасың десем, квартира издеп жүрөм дейт. Мен темир жол вокзалынан бир квартира берилерин таанышыман эрте менен уктум эле, ошого алпарайын десем, "сиз билип кое бериң, так болсо чалып коесуз" деди. Мен ишиме кирип сумкамы коюп эле кайра вокзалга учтум. Квартира бериле элек экен. "Мен азыр квартирант алып келем, эч кимге бердиртпе" дедим ошол жерде өтүкчү болуп иштеген кошунасына. Макул болду. Ишке келип эле Сапарга чалдым, келе кал деп. Көңүлдөнбөй койду.

- Эже, бүгүн чогуу иштеген Турусбек аке иштен чыгып бир квартираны көрсөтөм деген эле. Макул деп койгом, барып көрүп келейин, – деди.

- Аны көрүп келип убара болгуча даяр квартирага кире бербейсиңби, от жакпайсың, суу ташыбайсың,- деп нааразы болуп калсам, "улуу кишиге айтып койдум эле, сизге эртең келейин" деп туруп алды.

- Анда өзүң бил, - деп телефонду койдум.

Бирок Сапар эртеси келген жок, келбес жайга аттанып кетиптир. Бул биринчиден кырсык, экинчиден "сактансаң сактайм" дейт экен кудай да. Эрте менен күтсөм жок. Түшкө жакын башкы редактордун кабылдамасына телефон чалып Султанды сурасам секретарь кыз "жакында бошобойт эже, эки-үч күндөн кийин чаласыз го" дейт.

- Алыс кетти беле?

- Жок. Биздин бир кызматкерди түндө бирөө өлтүрүп кетиптир, ошо менен чуркап жүрөт, - деди секретарь.

- Кудай сакта, кайсы кызматкерди?

- Сапарды.

- А-а?- трубка колуман ыргып кетти. Секретардын “эже, эже” деген үнү жерде жаңырып жатты. Эки колум менен башымы мыжып отуруп калдым. Тамара эже (Токомбаева) “кайрат кылбайсыңбы, ушундай кантип болсун, кырсык да” деп көңүл улады. Бар күчүмү жыйып колума сумкамы алдым. Эже «кайда?» дегиче чыгып кеттим.

Эч ишенбей келатам. “О кудай, түшүм болуп калсын, ойготуп жибер мени, ал баланын он гүлүнүн бири ачыла элек, дагы жашасын, узак-узак жашасын” дейм кудайлап. Редакцияга жеткенде «азыр Сапан алдыман чыга калса экен, дароо кучактап өпкүлөп, өмүрүң узун болот экен деп айтсам го деген ой менен кабылдамага кирсем секретарь кыз тура калып кучактап калды.

- Эже, сиздин тууганыңыз экенин билбей калдым...- деп келатканда Султандын кабинетине кайрылдым – кызматкерлердин баары ичинде сүйлөшүп атышат - дегиче кирип кеттим.

Султан тура калды. Мен аны көздөй көзүмүн жашын он талаа кылып уңулдап келатсам ал да үн чыгарып кучактап калды. Кучакташып ыйладык. Эч нерсе сурай албай койдум. Өздөрү кыскача айтып берип атышты. Азыр чогуусу менен моргко барарын айтышты. Кечээ эле Сапандын тирүү жүргөнүн көрүп жүрүп, бүгүн сулап жатканын көргүм келген жок. Мен ыйлап бүтүп-бүтпөй чыгып баратсам, “Сапар бул эженин кимиси болот эле” деп сурап калышты.

Сөөктү айылга алып кетишти. Келишери менен бир санды Сапарга арнап чыгарышты. Карбалас аке эскерүү жазсаң апкелип бер, чыгаралы деди. Мен минтип ыр жаздым:

Жеңе дебей эже дечүң, өз элең,
Бүт турпатың жылдыз окшош көз элең.
Алп денеңи жомоктогу баатырдай,
Сүрөттөсө түгөнбөгөн сөз элең.

Сен баладан башкача элең жароокер,
Уяң элең күлгөндө да жаркырап.
Ажал үйгө ажал айдап не бардың,
Арман тиштеп учуп кеткен каркырам.

Жап-жаш элең, жакшына элең садага,
Ажал деген тойбойт экен адамга.
Күндөй бала Күн астында күлүп жат,
Күмүш күлкүң сээп кеттиң ааламга.

Уктап кеттиң уурдап алып түсүңдү,
Алгыр көзүң түбөлүккө сүзүлдү.
Айдай бала Ай астында аман жат,

Алтын парда жаап турсун жүзүңдү.

Сапардын бир тууган агасы Бакыт:

- Квартирада чогуу жашачубуз. Келинчеги менен өзүнчө жашайлы деп квартира издеп калышты. Кечинде иштен келип эле аялын тур, кийин, Турусбек акенин квартирасына барабыз деп калды. Барып көрүп келели, кайра келип калабыз деп ээрчитип кеткен. Ошол күнү гонарар алып, иштегилерине майлап бериптир болчу. Себеби редакцияга орношкондогу биринчи гонорары эле да. Жанында дагы 800 сому калыптыр. (А кезде 800 деген чоң акча эле.) Такси кармап Турусбек акени салып алып микрорайонго кетишкен, Турусбек аке квартирама жүргүлө деп азгырбаса мындай болбойт эле, - деп өксүгөн эле.

Бирок, Турусбектин айтуусу боюнча Сапан анын жанын койбой “аялыңыз келгиче сиздикинде туруп туралы” деп сураныптыр. Ал “эки-үч күндөн кийин аялым келет, анан кайда барасың?” дегем дейт. “Аялыңыз келгиче квартира таап алабыз, өзү деле 2-3 күнгө эле керек” деп акидей асылып туруп алган имиш. Анын үстүнө чогуу иштеген Жаркын эже да “кызык экенсиң эй, алып кете бербейсиңби, аялы экөө талаада калыптыр, суукка тоңуп өлүп калса сен жооп бересиңби?” дейт. Анда Турусбек “Эмне үчүн силер өзүңөр алып кетпейсиңер, кызык экенсиңер, мен эмне милдеттенмесин алдым беле, агасынын үйүндө турабыз деп атпады беле, мен азыр 4-микрорайонго барып кожоюн менен макулдашышым керек, эгер ал макул болсо гана алып кете алам, өтө албуут татар, эки күндө бир ачкычы менен уруксатсыз үйдү ачып кирип, келип-кетип турат” десе, Сапан “аке мен такси кармайм, сиз кожоюнуңузга кирип чыккыча биз таксиде күтүп отуруп турабыз” дептир. Тобо, мойнуна шайтан минип алганын курган бала билбеди да. Анын үстүнө Турусбек да көңүлүн оорутпай “жабышып эле калдың, барсаң бар, бирок татар көнбөй койсо таарынба, өзүмүн үйүм болбогондон кийин бул суроону турган жеринде эле чече албайм” деп коллективинин көзүнчө баарына угузуп айтып, шапкесин кийип сыртка кошо чыгат.

Таксини чоң кабат үйдүн алдына токтотуп, Турусбек күтүп тургула деп, кожоюнунун үйүнө кирип кетет. Эшикти көпкө такылдатып араң ойготот кожоюнун. Уйкусураган татар араң туруп келип тааныгандан кийин жактырбагандай эшикти ачат. Эч нерсе сурабай эле “кир, өт” деп кухняны көздөй басып кетет. Анын көңүлү жок экенин көрүп Турусбек дароо эле сөз баштай албай буйдалып калат. Сөздү алыстан баштап атып, анан араң зорго “иним келди эле айылдан, аялым келгиче аялы экөө 3-4 күн туруп турсун деп сизден руксат сурап келдим эле, уйкуңузду да бузуп койдум, кечирип коюңуз” дейт. Ныксырап жатып макул болот. Бир чыныдан чай ичишип коштошот. Сыртка чыкса такси да, Сапан да жок экен. 10 мүнөтчө күтөт да биздин үйгө кетип калса керек деп үйүн көздөй 5-микрорайонго кетип калат. Үйүнө да келбептир, телефон чалар деп жатып алат.

Менин журналисттик изилдөөм боюнча окуя мындай болгон:

Ал күн 11-февраль, аябай суук эле. Турусбектин кайсы подьездге кирип кеткенин да байкабай калышыптыр. Келин кош бойлуу болчу, үшүп чыдабай

калат. Сапан таксиден чыгып барып, камоктон дааналап тамеки сатып алат. Өзү мурда  көп чекпегендиктен жанында тамеки да, күкүрт да жок болчу.

Камоктон алган күкүртүн күйгүзүп, тамекисин жандырып атса бир орус бала “күйгүзүп алайынчы” деп тамекисин күйгүзүп калат.

- Ушул райондо жашайсыңбы? – дейт орус.

- Жок.

- Коноксуңбу?

- Жок.

- Жок дегенди эле билесиңби?

- Жок. Эмне десем, квартира издеп келип калганбыз.

- Квартирабы? Ой анда жарасы жеңил эле экен. Канча кишисиң?

- Аялым экөөбүз эле.

- Таксиңди кетир анда, менин квартирамы көрүп кел, мага квартирант керек болчу. Эгер силер тынч жашасаңар, анда көпкө чейин турасыңар, төлөмөрү да анча кымбат эмес. Жүр, жүргүлө, – деп жакын эле жердеги квартирасына ээрчитип келди. Төртүнчү кабатта экен.

- Мынакей, каалагандай жашайсыңар, мага акчасын өз убагында эле берсеңер болду. Анда-санда эле келем, келген сайын балконго жатып алам. Апамдардын үйү бар, ал жакка кээде барып турам.

- Жакшы экен, бирок аялым экөөбүз кеңешип көрөлү, - дейт Сапар. Ошол тушта тиги орус ашканага чыгып, стол үстүнө нан, туздалган капуста коёт.

- Чечтиңерби? Жүргүлө даам ооз тийгиле, бойдоктун үйүндө  жей турган эч нерсе деле болбойт эмеспи. Жарты чекушкам бар, экөөбүз бөлүшүп жутуп коёлу, - деп эки рюмкага куят.- Ке, силер үчүн, силердин ден-соолугуңар үчүн алып жиберели, дайыма жолуңарда жашыл жарык жанып турсун, - деп жутуп ийет. Ашканасындагы бычактын түрүн көрүп келин “бул орус эмне касапчыбы?” деп таң калат.

Сапар мурда ичип көнбөгөндөн кийин жыттап туруп калат. Тигил жалдырап атып алдырат. Дагы куят. Алышат. Оруска аз болуп калат. “Ка-ап дагы бир чекушка болсо дурус болмок” деп тамшанып калганын көргөн Сапар:

- Мен камокко барып бирди алып келейин, бирок бир шарт менен. Мен ичпейм, өзүң жалгыз ичесиң, – дейт. Орус жан деп макул болот. Жанагы арактыичкенден кийин Сапар өзүн жаман сезе баштайт, жаны жер тартып жаткысы келет, башы кеңгирейт. Алып келген бөтөлкөсүн бузуп, оруска куюп берип:

- Сен шашпай отуруп иче бер, биз кетели, эртең келебиз, – дейт.

- Мага ичирип коюп эле кете бересиңби? Мен деле көп ичпейм, ушундай жакшы достор келгенде “сеп” этип койгонум эле болбосо, ичкиликке жокмун. Эми бирди алып кой да диванга аялың экөөң жатып калгыла, баары бир эртең келе турган болгондон кийин, бүгүн менен эртеңдин айырмасы кайсы. Эшикте ит өлгөн суук, жылуу жатып алгыла, – деп диванга төшөк салат. Кыңырылып атып, мейли калса калып калалы дешет да аялын “акеме чалып кой, келбей калдык деп, эртең төшөнчүлөрдү апкелгени эрте менен барабыз де” - дейт. Келин кайнагасына чалса, кандай үй экен деп сурайт. Келин кандай экенин, politics даректи кошо айтат.

- Өзүңөргө жакса эле болду, мейли түнөп кала бергиле, түн бир убак болуп калды, келбесеңер уктай берели, - деп Бакыт акеси жатып алат.

Келин диванга кыңкайып, жука кийими менен жатып алат. Сапар орус экөө көпкө чейин ар нерселерди сүйлөшүп отурушат. Жата турган болгондо орус эшикти кулпулап, ачкычты өзү менен кошо балконго алып чыгып кетет. Биринчи арактан дагы эле оңоло албай аткан Сапар чечинип ич кийимчен душка киргени баратканда келин токтотуп:

- Мен бул орустан коркуп атам? – дейт.

- Эмнеге?

- Эшикти кулпулап, ачкычын жанына алып алды. Анан ашканада бычактары аябай көп экен, мынча бычактын эмне кереги бар?

- Кой антип ойлонбой уктай бер. Мен турбайымбы жаныңда. Бүгүн жакпаса эртең келбей коёбуз. Мен жанагы арагын ичкенден бери өзүмү жаман сезип калдым. Муздак сууга жуунуп келейин, эч нерседен коркпой жата бер, - деп душка кирип кетет.

Ал сууну шаркыратып ачып, эңкейип алып башын муздак сууга жууп кирет. Ошол тушта келиндин жанынан орус шуу этип ашканага өтүп кетти. Ашканадан тизилип турган бычактардын шарак деген үнү чыгат. Келин бычактын үнү экенин жаздемдебей билди, бирок жаман ойдон алыс эле. Арадан саналуу секунддар өткөндө Сапардын ачуу кыйкырыгы угулат. Келин жаткан жеринен чуркап душка жетсе орус эки колу менен бычакты бекем кармап алып күч менен Сапарды сайып атыптыр. Мойнунан каны шоргологан Сапар аялына:

- Ка-ач, Сагын, качып кет, бол, – деп кыйкырып атты. Келиндин жүрөгү түшүп калды. Кадимкидей эле бычактап атат.

- Аа-а-а, – келиндин чыңырыгы түндү чоочутту. Эшикти жулкулдатты, ачылбайт, балкондо жылчык жок, адам жашай тургандай кылып тосулган. Айнек, терезелери катуу жабылган. Телефонго жабышат, кайнагасына чала коёюн деп, аны да орус жулуп салыптыр.

Сапар жан далбастап орус менен алышып атты. Бирок чоң, учтуу аш бычак желкесине сайылганда суудан башын серпип алып эмне болуп кеткенине түшүнбөй, желкесинин ооруганына чыдабай кыйкырган. Башынан, бетинен сууну сыдырып алып караса орус экинчи жолу күүлөнүп сайганы калыптыр. Колун тосо койсо бычак колуна, андан кийин төшүнө тийет. Аялына:

- Кач, ка-ач, качып кет, мени өлтүрүп атат, айнектен түшүп кет, - деп кыйкырат.

Келин алдастап, күйөөсүнө болушуп ортого түшө калайын десе, тиги орус кадимки кинодогу киши өлтүргөндөй эле эрин өлтүрүп атат. Бир гана ашкананын форточкасы ачылат экен. Жан деген ширин да, форточкага тырмышып чыгып, башын салып ылдый сойлоп түшөйүн десе төртүнчү кабат өтө эле бийиктик кылат экен. Жакын турган дарактын бутактары терезеге тийип турган. Бутактарды жандалбастап бекем мыжыгып эки колдоп кармап, көзүн жумуп боюн таштайт. Бутакка жармашкан келин жерге жетпей салаңдап калат, колун бошотуп ийсе күп этип түшүп, катуу тийет.

Келин кыйкырган бойдон чолоңдоп, ошол эле үйдүн биринчи кабатына кирип, жин ургандай эшиктерди чапкылап, кыйкырып жардам сурай берет. Бир картаң кемпир гана ачат эшигин. Келин орус тилин билчү эмес, колу менен жаңсап эптеп өлтүрүп атат деп түшүндүрөт. Кемпир милицияга чалат.

Участкалык милиция жакын эле жерден араң дегенде 25 минуттан кийин келет. Кыштын кычыраган суугунда келин жылаңаяк, жука көйнөкчөн болгондуктан кемпир бир эски тапочка кийгизет бутуна. Милицияларга эптеп айтып бералбай, тиши-тишине тийбей калчылдап, квартиранын номерин айтат. Эки милиционер төртүнчү кабатка чуркайт, бирөө балкондон секирип качып кетпесин деп сыртта калды.

Орус эшигин ачпай койду, тепкилеп сындыра турган болгондо ал дагы ашкананын форточкасынан чыгып, бутактарды кармап, оңой эле секирип түштү. Аңдып турган милиционер колун кайрып баса калды. Бирок орус алдыра турган эмес, алышып кетишет. "Качкан да кудай дейт, кууган да кудай дейт" дегендей экөөнүн мушташы көпкө созулду.

Ошол кезде милиционерлерге тапанча же башка курал да берилчү эмес. Араң дегенде колун кайрып кардын үстүнө басып жыгып, берки шериктерине кыйкырат. Эшикти бузуу менен алек болуп аткан шериктери жерди көздөй чуркашат. Орусту ордунан тургузуп, колуна кишен салып, үйүн көздөй жетелешсе, жулкунуп кайра колдон чыгып кете жаздаганда араң кармап калышты. Эки жагынан эки милиция сүйрөп, бири артынан түртүп, төртүнчү кабатка эптеп алып чыгышат. Чөнтөгүндөгү ачкычы менен квартираны ачтырып киришсе Сапар душта канжалап сулап жатат. Келин чыңырып басып каларда, милиционерлер кармап калышат да, сыртка алып чыгат.

Рациядан берилген кабар жетип, милиция кызматкерлери менен прокурор кошо келет. Бирөөсү келинди алпарып машинага отургузат. Келиндин кийимин кийүүсүнө руксат берилбейт. Көк муштум болуп тоңуп калганын көргөн бирөөсү үстүндөгү тонун чечип берет.

Бөлүмгө алып келип суракка алганда келин алаңдап ар кайсы жеринен бир чалып-чолпуп айтып берет. Анын катуу коркуп калганын көргөн тергөөчү агасынын телефонун жазып алып бөлүмгө чакырмак болот.

- Алло, Бакыт барбы?

- Кимсиң?- дейт уйкусыраган үн.

- Октябрь райондук милициясынан, тергөөчү Ысманов.

Телефондун трубкасын үйдө калган Сапардын досу көтөргөн. Уйкудагы көзү умачтай ачыла түшөт.

- Аяш ака, милициядан деп атат.

Бакыт телефондун чырылдагынан ойгонуп кеткени менен балдарга чалып аткан кыздар болсо керек деп аяш үкөсүн ойготкон. Телефонго чакырганда жүрөгү жамандыкты сезип, трубканы кармаганда колун ток тээп жибергендей калчылдап кетти.

- Сапар деген иниң барбы? - деди тергөөчү.

- Бар, – деди Бакыт.

- Анда эми ал жок. Түндөгү квартира берем деген орус өлтүрүп салыптыр. Октябрь райондук бөлүмүнө сөзсүз келип кал.

Бакыттын кулагы ызы-чуу болуп, башына кан тээп чыкты.

- Жо-ок, жалган! Жалга-ан! – трубканы күч менен дубалга бир чапты.

***

Кыш. Суук. Кар тизеге чейин. Сыртта караңгы. Кыбыр эткен жан жок. Түнкү саат экиден өткөн. Тү деген түкүрүк жерге түшпөйт. Аяз бетти чымчылайт. Жөө жетүүгө мүмкүн эмес. Бакыт өксүп ыйлай берип бетиндеги жаш муз болуп катып калды.

- Ака, сабыр кылың, балким жалгандыр, кантип эле Сапар бир оруска алы жетпей калсын. Сапар мүмкүн коргоном деп орусту өлтүрүп койгондур. Же түшүбүз болуп жүрбөсүн, - деп аяш үкөсү жооткоткуча алыстан машина көрүндү. Жолдун ортосуна тура калып араң токтотушту. "Ал жакка баралбайм, алыс, жол тайгак" деди кыргыз шоопур. Бакыт акалап жалынды, тиги көнбөдү. Шарт буруп айдап кетти.

- Жөө чуркай берели, башка айла жок, - деди аяш үкөсү.

- Эмнеси болсо да шашылалы, мени көрсө Сапар көзүн ачып, тура калат. Отделге алып келсе демек тирүү да, өлгөн кишини алып келмек беле? Милициялар деле сүйлөп коё беришет.

- Ака, машина келатат.

Артта жай жылып машина келатыптыр. Бакыт жолдун чок ортосуна тура калып эки колун тез-тез алмаштырып булгалап атты. Орус шопур экен. Эшигин ачпай өзү отурган жактан башын чыгарды:

- Эмне, жашоодон кечтиңби?

- Абакебай, Октябрь милициясына жеткирип кой, каалаган акчаңы берем. Бир тууганымы өлтүрүп кетишиптир. Журналист болуп иштечү, интервью алам деп кетип эле жок. Отделден чалып чакырып атышат, суранам, – деп Бакыт жалдырап буркурап ыйлап жиберди.

- Отур,- деди картаң орус шопур. Боору ооруп кетти. Отурганда да Бакыт ыйлай берди. Шоопур газды басса машина жолдон тайгаланып ары-бери чыгып кетет. Араң дегенде жетишти бөлүмгө. Бакыт 300 сомду кармата коюп, аяш үкөсү экөө чуркады. Шопур алардын артынан кирди. Көзүнүн жашын он талаа кылып кирип келген баланы Сапардын агасы экенин милициялар дароо билишти.

Айнектин аркы бетинде сурак берчү орундукта бир орустун колуна кишен салып, столго чырмап таңып коюп, суракка алып жатышыптыр, Бакыт кой -айга карабай ошол жакка жулунду. Эки милициянын тосконго алы жетпей баратканда, дагы экөө келип кучактап калды.

- Сабыр кыл, сурактын жүрүшүн сырттан карап турушуң керек. Отур мындай,- деп орундук көрсөтүштү.

- Кана үкөм, үкөмү көрсөткүлө?!

- Ал моргдо. Келиниңе жолуктурабыз азыр.

-Келиниме эмес, оруска алпаргыла, тийбейм, коё бергиле, бир эле суроо берем, эмне себептен менин үкөмдү өлтүрдүң деп.

- Андай болбойт. Биз закон боюнча иштейбиз, андан көрө тынчыраак бол.

- Кантип тынч болом, үкөм өлүп жатса. Колума, бутума кишен салгыла, макулмун, мени жакын эле алпарып койгулачы, жалдыратпагылачы, силердин деле меникиндей бир тууганыңар бар да, - деп жалынган Бакыттын көз жашы токтогон жок.

Артында карап турган киши алдыга өтүп Бакытты кучактап сабыр кыл деп чөнтөгүнө 300 сомун салды. Ал жанагы картаң орус шопур болчу. Бакыт тынбай

ыйлай берип, киши өлтүргүчкө жулуна берип алсырап калды. Сүйрөп келип орундукка отургузушуп, алдына келинди алып келишти. Чоң шинель, жыңайлак бутуна тапочка кийген келин, чачы жазылып сапсайып, көздөрү алаңдап бир алда болуп калыптыр. “Ака” деп Бакытка боюн таштады. Экөө өңгүрөп көпкө чейин ыйлашты. Колун кармаса тоңуп калыптыр. Шинелди жука көйнөктүн үстүнөн эле кийгизип коюшуптур. Бакыт курткасынын ичинен кийген калың жемпирин чечип келинге кийгизди. Бутундагы калың носкисин да берип, өзү жыңайлак эле өтүгүн кийип алды. Аяш үкөсүнүн шарфын чыгарып келинин мойнуна ороп койду. Келин энтигип, калчылдап болгон окуяны айтып берип атты.

- Шинель кимдики? - деди Бакыт.

- Меники, - деди бир жаш милиционер.

- Үкөм, азыр бир саатта алып келип беребиз. Жүргүлө, моргго, - деп келини менен аяш үкөсүн ээрчитип чыгып баратканда тергөөчү токтотуп калды.

- Ал жакка баргандан пайда жок. Өлөр бала өлдү, андан көрө тергөөгө катышкыла.

- Ака, үкөмү көрүп калайын, чымындай жаны бардыр, аракет кылып көрөйүн ойготконго, балким, оозуна үйлөш керектир, силер аны жасаган жоксуңар да.

- Иним, биз барганга чейин Сапардын жанын 27 минут мурун чыккан деп аныкташты, тергөөчүлөр. Андан бери 3 саатка чукул убакыт өттү. Моргго тирүү кишини алпарбайт да. Андан көрө жигит бол, кайрат кыл, келиниң кошкат экен, доктурга жаткырбаса болбойт, төртүнчү кабаттан кош кат эместер да секире албайт. Тааныш, тууган уруктарга чалып айт, мына телефон.

Киши өлтүргүчтөн “Эмне себептен өлтүрдүң?” деп сурап атышты тергөөчүлөр.

- Билбейм, мас болчумун. Анын үстүнө нашаа кошулган аракты ичип алгам. Мен чакырган эмесмин. Өзү келген. Арак да апкелип берген. Мага көп ичирип койду.

Сапар бир рюмканы ичкенден эле өзүн жаман сезе берген, көрсө нашаа кошуп койгон турбайбы. Бирде-экиде нашаа татып көрбөгөндүктөн шалдырай түшкөн. Болбосо ушундай олбурлуу неме мындай орустун бешөөнө алдырбайт болчу. Орустун үйүн тинткенде бир пакет нашаа табылган. Ал өзүнүн үйү эмес экен, квартирага алыптыр. Мурда да нашаа сатып колго түшүп, эки жолу кесилиптир.

Эртеси иштин жүрүшүндө анын ата-энесин таап, суракка катыштырганда:

- Бизге мындай баланын кереги жок, атууга кетиргиле, бизди да жадатып бүттү, наркоман, сайынат, ар дайым мушташ, ызы-чуунун арасында. Тез-тез квартирасын алмаштырат. Үйгө келсе уруш чыгарат. Ошон үчүн карыганда тынч өлөлү деп, үйгө жолотпойбуз. Кандай чара колдонсоңор да мейли, иши кылып көздөн комсоо алып кеткиле”, - дешет.

Сот процесси башталгыча Сапандын жансыз денесин жашыруу үчүн туулуп-өскөн айылы Отуз-Адырга ата-энесине алып кетишти. Султан кадырын салып Жогорку Кеңешке чыгып, андагы депутаттардын жардамы менен унаа берилет. Бүт коллективи менен чогуу сөөктү алпарарын алпарышат да, энесине угуза албай кыйналышат. Себеби, энеси эрте менен турганда эле кокуйлап, балдарын чогултат. Сапардан кабар алгыла, балам бир нерсе болду, Бакытка чалгыла деп.

Улам жүрөгүн кармалап отуруп калат. Абышкасы кайдагы жорукту баштап атасың деп сүйлөнөт. Бирок энеси кеч киргенде үйүнө кирбей, көчөнү карап дел болуп отура берет. Уктап жатып түшүндө кичинекей аккуу учуп баратса бирөө атып салып, жерге аккуу «күп» этип кулап түшүптүр. Түшүнөн чочуган энеси балдарын «чалдыңарбы?» дей берип жадатат. Жедеп караңгы түшкөндө кан басымы көтөрүлүп төшөккө жыгылат.

Эне жүрөгү да алдачу беле?! Дал ошо кечте айылды өрттөгөн суук кабар жакын туугандарына жетет. Эч кимиси даап энесине угуза албайт. Эртеси сөөк жеткенде да "угуза албай атабыз" деп көчөнүн башынан тосуп алышат.

Студент кезинен бери макала жазып жүргөн Сапар бир эле айылына эмес, районуна, ал тургай республикага таанымал болуп калган. Султан Раев аркылуу Сапардын денесин жерге берүү зыйнатынын чыгымын айыл өкмөтү көтөрөт. Мал союп, ун, май, кантын дегендей.

Бирок Сапардын кыркылыгынан кийин айыл өкмөтү кетирген чыгымын үй-бүлөсүнөн кайтарып алды. Кыргызда "Өлгөндүн өзүнүн эле шору" деген сөз ошондон калса керек.

"Журналистти өлтүрүп кетишти" деген тема менен бир нече газеталар Сапар жөнүндө жазып чыгышты. Экспертизанын жыйынтыгы "Денесине 19 жолу атайлап өлтүрүү үчүн бычак сайылган. Бычак желкедеги тамырды, боор, бөйрөктү жарып салган, арка-белине, ичине бир нече жолу матырылган. Канды көп жоготуунун натыйжасында каза болгон" деп жазылган.

Тагдырдын тамашасын карабайсыңбы, Турусбектин татар кожоюну ошол Сапар өлтүрүлгөн үйдүн астыңкы 3-кабатында жашайт экен. Ажал ар кандай шылтоо менен айдап барганын карачы, кайран баланы. Ал канкор 17 жылга эркинен ажыратылды.

Жогорудагы мен жазган ырдан кийин "Сен жеңеси болчу турбайсыңбы?" деп сурашкандар көп болду.

Катуу чочуп калган келин ай-күнүнө жетпей уул төрөгөн. Ара төрөлгөн баласы чарчап калды.

"Баланын күйүтү күч" дегендей, энеси да көпкө узаган жок.

# Москва кайрыктары

### Баласын издеп боздогон эне

Гезиттин редактору менен Кыргыз Элчилигинде жолугушмакпыз. Элчилик "Добрынинский" метросуна жакын жерде жайгашкан. Биз кафеге кирип жаңы эле гезит тууралуу сүйлөшүп баштаганыбызда бир келин келип учурашып калды. Ал мени издеп жүрүптүр. Ал-жай сураштык, бирок келгендеги себебин айтпай отуруп калды.

- Жөн жай эле издеп жүрдүң беле? – дедим акыры чыдабай.

- Жок эже, жөн жай эмес. Сырттан сүйлөшсөк жакшы болот эле...

- Мен бошобой атам. Ушул жерден эле айта бер, - дедим. Бирок көнбөдү. Же кетип калбай көгөрүп, мелтиреп жер тиктеп отура берди. Мунусуна таң калган редактор: “Мен чыгып турам, сүйлөшө бериңиздер”, - деп чыгып кетти.

- Эмне сөз? – деп тиги аялга жакындадым.

- Менин атым Санам ...

- Жакшы атың бар экен.

- Жакшы болбой өлсүн, - буркурап ыйлап кирди.

Москвага келгенден бери мени издеп келип таанышкандар көп эле болгон, бирок эч ким минтип буркурап ыйлап жиберген эмес.

- Сиз Бишкекте жүргөндө бир бала жөнүндө жазыптырсыз го?

- Көп эле бала жөнүндө жаздым эле, кайсыны айтып аттың экен?

Мен бир аз чоочулай түштүм, эмне балаа болуп кетти деп.

- Эстесеңиз төрөт үйүндөгү, өз энемин аты жөнүн билип бергиле деген ...

- Ооба, ооба, билем, таанйысыңбы ошол баланы?

- Жок.

- Анан кандай тиешеси бар?

- Ошол менин балам.

- Ок... – мен ордумда катып калдым. Бир топко чейин унчугушпай отура бердик. Сүйлөйүн десем сөзүм да какшып калгансыйт. Тиги болсо эңкейип отурган бойдон эки колун тизесинин үстүнө кайчылаштырып коюп буркурап атты, бирок үн чыгарган жок, болгону көзүнөн аккан жашы кафенин полуна тамчылай берип, бир кечмелик болоюн деп калды. Ал баланы төрөгөн аялды көрөм деп жүз уктасам түшүмө кирген эмес. Анын бою бийик болчу, бул аялдыкы пас экен. Демек баланы багып алган үй-бүлө колунда бардар болуп жакшы баккан, балким жаңылышып атам ...

- Эже, эмне унчукпайсыз, бирдеке дебейсизби? – деп башын көтөрдү. Чын эле сооротуп же жooткотуп койбоптурмун.

- Эмне дейм? – дедим суу астынан суурулуп чыга калгандай оор дем алып.

- Мага баламы таап бериңиз, мен сизге асмандан Айды аперем деп айта албайм, бирок каалаганыңызды кылам, алтынга чүмкөп салам. Отуңуз менен кирип, күлүңүз менен чыгам.

- Коё тур. Биринчиден мага эчтекеңин кереги жок. Экинчиден мен ал баланы таанбайм. Биз капысынан жолугуп калганбыз. Гезитке жазсам эле анын энеси табылып калчудай сезген. Бирок сезими алдабаптыр. А бирок жаңылыштык болуп жүрбөсүн, анын көздөрү ботонукундай, бою узун болчу. Анын үстүнө андан бери канча убак өттү...

- Мен Бишкекке барганда сизди таппай койдум. Сиз иштеген редакцияга барсам “иштебей калган, адресин билбейбиз” дешти. Макалаңыз жөнүндө сурасам, “биз билбейт экенбиз, өзүнүн жазганына өзү гана жооп берет” деп коюшту. Айылга барып келерим менен Москвадан “срочно кел, болбосо ордуңа башка киши алабыз” деп чалып калды. Мен учуп кеттим. Былтыры күзүндө отпуска алып кайра Бишкекке барып сизди издеп чыктым. Редакцияларга барсам сизди көбү таанып, бирок адресиңизди билишпейт экен. Китеп, гезит саткан жерлерге бардым, эжени билебиз, басмалардан изде деди. Басмаларга барсам өзүнүн китеби чыккан басмага бар деп адрес беришти. Ал жердегилер сизди

сурасам чочуп кетишти “тынччылыкпы” дешип. Ал Москвага кетиш керек эле, чалып көрчү деп телефон номериңизди берди. Чалсам ал номер өчүрүлгөн дейт. Биз үйүн билбейбиз, бирок жаңы конушта жашайт дешти эле ошол конушту кыдырып, үйүңүздү таптым. Келиниңиз чыгып Москвага кетти кече деди. Сизди Бишкектен табыш оңой экен, Москвадан күзөтпөгөн метром калган жок.

- Иши кылып таптыңбы?

- Ооба, - деди. Экөөбүз кичине күлүмүш болуп койдук.

- Сен менин суроомо жооп берген жоксуң? Ал бала кандайча сенин балаң болушу керек?

- Ишенбей турасыз. Мен айылдан окууну бүтүп, шаарга университетке тапшырып өткөм. 5 жыл бою бир бала менен сүйлөшүп жүрдүм. Акыркы курска көчкөндө ортобузда роман болуп кетти. Курсагым билинип калды. Жигитим мага “баланын кереги жок, сен эмне үчүн сактанбайсың, эгер төрөсөң мен албайм сени” деп туруп алды. Доктурга барсам балаң кыймылдап калыптыр, абортко болбойт деди. Мен жалдырап ыйладым. Доктур кайра түшүндүрө баштады: – ме, бычакты ал, - деди колума карматып – азыр тетиги кичине баланы алып келем – деп терезеден өтүп бараткан баланы көрсөттү – сен анын адегенде бутун, анан колун, башын тирүүлөй кесесиң, андан кийин денесин төрткө бөлүп бир тешиктен бата тургандай кылып кескилеп сууруп чыгасың?

- Эмнеге? – деп коркуп кеттим.

- Көрдүңбү, коркосуң, кесе албайсың, өлтүрө албайсың, а мени болсо өлтүр деп кыйнап атасың. Балаң ичиңде эле жатканы болбосо, кадимки бала да, дем алып, сен аркылуу азыктанып чоңойуп, жарыкка чыкканга даярданып атат. Ал наристени өлтүрүп бер деп мени кылмышка түртүп атасың.

Мен эңги-деңги болуп, эмне кыларымы билбей калдым. Бир курбума барсам, ал эжесинин үйүнө алпарды. Жакшы, түшүнүктүү, боорукер эжеси бар экен. Биз түшүндүрүп айттык. Ал, “анда ата-энең менен сүйлөшүп көрөйүн” деди эле “жо-ок” деп кыйкырып жибердим. Акыры жигитим менен сүйлөшүп, көндүрмөк болду.

Көндүргөнү барса, ал “бала менден эмес” деп так секирип кетиптир. Жок дегенде үйлөндүк деп бетин ачып кой, биздикинде жашай берсин төрөгүчө десе “сиз мага жалаа жапканыңыз үчүн сотко берем” деп коркутуптур. Ушунча жакшы сүйлөшүп, сен-мен дебей жүрүп эле эмнеге өзгөрүлүп калганына таң калдым. Нары-бери сүйрөшүп жүрүп акыры ошол аяш эжемкинде туруп калдым, үч айдан кийин төрөт үйдөн балканактай бала төрөдүм.

Баланы эмиз деп алып келгенде “эмизбейм” дедим.

- Эмнеге? - деп чаңкылдады сестра.

- Мага кереги жок, - дедим эриндерим диркиреп.

- Анда отказ жаз азыр, мага баланын кереги жок, мен деген сойкумун деп жаз, - деп мени сүйрөп коридорго алып чыкты. Ручка, кагазды ыргытып берип, басып кетти. Мен минтип жаздым: “студент болчумун, жигитим алдап кетти, үйлөнбөй койду, төрөп койгонумду ата-энем укса өлтүрүп салат, ошол үчүн наристемен убактылуу баш тартам”. Кагазды столдун үстүнө коюп, өзүм балдар жаткан бөлмөгө акырын өтүп барып, жалгыз калган баламы колума алып жыттадым. Мен өпкөн сайын эмчек издеп оозун чормойтуп, тамшана берди.

Жүрөгүм ачышып кетти. Полго отура калып, эмчегими оозуна салдым. Эмчегиме сүт толуп, оорутуп, чыдатпай аткан. Чопулдатып соро баштады. Аябай ачка экен, кагылайыным. Ээрип кеттим. Баламы жетелеп баратканымы эстедим. Атам барбы? - десе, атаң учкуч болчу, баатырларча курман болуп калган дейм. Баламы жаркылдатып жетелеп барсам ата-энем айласы жок кечиришет дедим. Ага чейин аяш эжемкине жашай берем, окуму бүтөм, иштейм, - деп кыялга чөмүп кеттим. Кайра-кайра жыттайм, жытыңан кагылайынымы, таштабайм, кудайдын жазганын көрөм да, – деп оюмун аягына чыга электе эшик шарак этип ачылып жанагы жинди сестра кирип келди.

- Мынакей, бул жакта экен, эй акмак, сенин бул жакка киргенге кандай акың бар, отказ кылып алып кайра эмнеге алдың баланы, уурдайын деп ойлодуңбу? - деп чыңырып, мени жон талаштыра муштап жиберди. Ушунчалык катуу чапты эле, мен жүткүнгөндө эмчегим баламын оозуна тыгыла түшүп, какалып, чакалып баштады, эсим чыгып кетти. Жинди сестра өзү да коркуп калды. Нянка ала коюп, өйдө каратып көтөрүп далысына акырын чапкылап, сылап атып эс алдырса кайра эмчек издеп башын эки жакка буруп оозун чормойтуп чыркырап ыйлап кирди.

- Эже, эмизип коёюнчу, - десем,

- Омий мынагу жинди неме го өзү, ой Гуля, милицияга чалчы, баланы муунтуп атканын бардыгыңар көрдүңөр го? Мен арыз жазам, кол коёсуңар, жөн кетпей өлтүрө кетейин деген экен да көрсө, - деп алкылдап кирди.

Гуля деген немеси “Эмчегиңи катпайсыңбы” дегенинен карасам, көйнөгүмүн сыртында экен, сүт агып атыптыр. Балам какаганда ийип кеткен экен. Ошентип милиция чакырам деп доолуланып атып, мени сыртка түртүп чыгарды. Палатама барып аябай ыйладым. Гулясы кирип келип:

-Тур жатпа, милиция чакырып койду, качып кетип кал, - деди. Эже деп келатсам, - бол-бол, үлгүрбөй каласың, - дейт.

- Эй эже, мен болгону эмиздим, өзүмүн баламы эмнеге өлтүрмөк элем? - десем, - мен түшүнөм, бирок тигил старший да, ошонун айтканы менен болот, - деди.

- Эже, мен отказ кылбайм, баламы алып кетем!

- Эмне? – деп далдырап тиктеп калды.

- Ошо.

- Анда сени камап салат.

- Кызык экенсиңер, түшүндүрүп айтам да, ошол кагаз элеби кендирди кескен, апкелиңизчи тытып салайын.

- Эми кеч болуп калды, милиция келип көпкө териштирет, азыр сен кетип кал, үч күндөн кийин старший жокто кел, балаңы алып чыгып берейин.

- Чынбы, алдабайсызбы? - Мойнунан шап кучактап өөп жибердим, - сизге ишенсем болобу?

- Болот.

- Анда эки күндөн кийин кийим кылып келем балама, - десем макул болду. Балага кийим деле ырастаган эмес элем да.

- Жанагы кагазды алып, тытып салың, макулбу эже. Мен сизди ыраазы кылам, - дедим айбан жаным. Ошондо эле кагазды талашып алсам эмне эле, же баламы кучагыман чыгарбай койсомчу. Жаштыгым – биринчи душманым

болбодубу. Ошол жинди сестра болбогондо балам суугума тоңуп, ысыгыма күйүп жанымда чогуу жүрбөйт беле. Машина алып берет элем, үйлөнтөт элем, - деп оор үшкүрүп сөзүн токтотуп калды.

- Эмне үчүн эки күндөн кийин барып алып алган жоксуң? Күнөө өзүңдө болуп атпайбы? – дедим чыйпылдап.

- Кантип барбайм эже, эки күндөн кийин аяш эжемин баласынын одеялын, жаңы жука кийимдерди, жалаяктарды сатып алып, аяш эжеми ээрчитип бардым. Гуля бүгүн иштебейт дешти. Качан иштейт десек, билбейбиз деп мурдуларын чүйрүштү. Эжем "жүрчү эртең келели" деди. Эртеси эжем өзү кирди. Эмнеле келип атасыңар деп сүйлөнүшүптүр. Аяш эжем болгонун болгондой кылып айтып берсе, Гуля же старший келгенде келгиле дептир. Бирөө бир жумага, бирөө отпускага чыгып кеткен имиш. Ошентип бир жума тынбай келдим, анан бир ай бардым, акыры экөөнүн качып атканына көзүм жетип аяш эжеми көндүрүп башкы дарыгерге киргиздим. Башкы дарыгер бул окуядан кабардар эмес болуп чыгат. Ал бөлүм башчыны чакыртты. Иштин аягына чыгарып кечке чейин жообун бер деп бөлүм башчыга ызырынды. Эжеме эртең келгиле деди. Эртеси кудай жалгасын деп кайра одеялдарымы көтөрүп алып жөнөдүк. Барсак анебыз өзгөрүлүп калыптыр.

- Отказды өз колу менен жазыптыр, анан бир айга чейин кармап отура берет белек, балдар үйүнө өткөрүп жебериптир, - дейт жайбаракат гана.

- Бул жерде сиз башчы болсоңуз, анан ал окуя жөнүндө кабарыңыз жок эмес беле кечеги күнгө чейин. Балдар үйүнө сиздин колуңуз коюлмайынча кантип өткөрүшөт. Анда эмне сотко кайрылалыбы? Кайсы балдар үйүнө өткөрүлгөнүн тактап бериңиз, - деди эжем.

- Силер эмне "кыз боозуп энесин коркутат" болуп атасыңар? Бул жерде претензияны мен коюшум керек ко? Күйөөгө тийбей боозуп калса, анан дарыгерлердин жардамы менен аман-эсен көз жарып алып, эртеси баладан баш тартса, анысы аз келгенсип баланы муунтуп өлтүргөнгө аракет жасаса ...

- Калп, - деп ордуман жин ургандай атып турдум. Эжем чап жабышып мени кучактап калды. Башкы дарыгер да сестенип тура калды.

- Минтсеңиз баланын кусуру уруп кетет, жок дегенде сиз калыс болбойсузбу? Бул го күнөөнү жаштыгынан кетирип алды, ата-энесинен корккондугунан баланы убактылуу гана таштап турам деп ойлогон. Мынчалыкка барбасаңыз болмок, эми кудайга койдук мындан аркы ишиңизди, бул жаш, тууп алат дагы. Бас жуткунбай, - деп эжем мени сыртты көздөй түрттү.

Мен теңселип чыгып баратып доктурду карасам жалооруп карап туруптур. Кулагымын ичи заматта ызы-чуу болуп кетти, эки колум менен кулагымы басып чыңырган бойдон үстүңкү кабатты көздөй жулундум. Эжем кармаганга алы жетпей калды. Болгону "токто, токто дейм, акылыңа кел" деп кыйкырып кошо чуркады. Эки акушерка алдымы тосуп кармаганга аракеттенди эле, кутурган аттай жулкунуп күч менен коюп жибердим. Коридордун этегинде жайгашкан балдар жаткан бөлмөгө жетиш аябай узак болду, артымда жоон топ душмандарым - медиктер тапур-тупур болуп кууп келатышат. Бөлмөдө бир да бала жок экен. Анан эле магдырап учуп бараткандай болгонуму бир билем...

Көп балдардын ичинде менин да балам туруптур, мен кол сунуп чакырсам кача берди. “Балам, токто” деп кыйкырып артынан ээрчий бердим. Эми жетейин дегенде эле бирөөлөр суу бүркүп жиберет. Бул бир нече жолу кайталанды. Эмне эле мага суу бүркүшөт деп көзүмү ачсам толтура медиктер мени тегеректеп карап турушуптур. Суу бүрккөнү нашатыр спиртин жыттатып атышыптыр. Аяш эжем бетими сылап атат.

- Сен жашсың да, дагы төрөп аласың, - деп кыйын болуп акыл айтып киришти баары тең. Ошондо олбурлуу келген орус нянка:

- Байкушту эмне эле кыйнап атасыңар, баланы бир байга берип салдык деп ачык эле айтпайсыңарбы, качан чындыкты сүйлөп үйрөнөсүңөр кыргыздар, - деп алып басып кетти. Ошол сөз мени жүрөккө ийне сайгандай тик тургузуп ийди. Азыр көргүлүктү көрсөтөм деп муштумуму түйүп ыргып турганым менен кимисинин бетин тытып, кимисинин бетине түкүрөрүмү билбей калдым. Себеби алар көп болчу, мен жалгыз ...

***

Дагы деле аяш эжемкинде жүрдүм. Балам бирге чыкканча ай сайын туулган күнүндө төрөт үйүнө барып, эртеден кечке ары бери тегеренип, буркурап ыйлап-ыйлап күн кечирем. Андан кийин жыл сайын туулган күнүндө келчүмүн. Айылыма барбай калдым. Эси-көөнүмүн баары баламда болуп туруп алды.

Кесибим боюнча иштеген жокмун. Окуп - окуунун өтөлүнөн чыкпай, төрөп - төрөгөн балама ээ болбой, болгону бул окуудан жүрөгүмө жаракат гана таап алдым. Базарда иштеп жүрдүм. Мени менен иштеген бир жигит менин мүнөзүмө түшүнбөй, таң калып жүрдү. Бир күнү капысынан ачылып кетип, сырымы төгүп салдым. Ал мени аячу болду. Аямак тургай төрөт үйүнө кошо барат, чогуу ыйлайт, Москвага досторуна кетип бараткaнда алаксысын деп мени до кошо ала кетти. Москвада да чогуу иштедик. Баламын төрөлгөн күнүндө Бишкекке мени менен чогуу учуп барып келет. Акыры экөөбүз үйлөндүк. Эки уул, бир кыздуу болдук, бирок “жоголгон бычактын сабы алтын” деп баламы унутуп кое албадым. Азыркыга чейин курсагынын ачып, эмчегими бапылдатып соргону көз алдымда турат.

- Кой эми буркураба, сабыр кыл, муну тагдыр дейт. Эми эмне кылайын деп атасың? – дедим.

- Сиз мени менен Бишкеке барың, мен апарып келем. Тапканга жардам бериңиз?

- Бул деген кылмыш! Андай болушу такыр мүмкүн эмес. Ага эмчек сүтүн бербесе да элик сүтүн берип багып чоңойткон энеси бар да. Аны ойлош керек?

- А мени ким ойлойт эже? Ушинтип ботому издеп боздоп жүрө беремби? Мен сенин апаңмын деп айтпайт болчумун. Болгону көкүрөгүмө кысып жыттайт элем. Сыртынан карап коюп буркурап-буркурап жүрө бермекмин.

- Бирөөнүн сезимине бүлүк салаардан мурун адегенде такташ керек. Ал сага такыр окшошпойт.

- Сиз жазгансыз көздөрү ботонукундай, бою узун, көзүнө түшкөн чачын сол жакты көздөй серпип коет деп. Бүт баарын эле тиги жигитими сүрөттөп

салгансыз. Бетинин сол жагында калга окшош так бар болчу, аны сиз бетинде өзүнө жарашыктуу калы бар дегенсиз.

- Анда жигитиң сулуу болгон экен да?

- Мен да сулуу болгом. Ошондогу кетирген күнөөм үчүн саргайып өрт ичинде жашап жүрөм.

***

Мунун баласыбы, башканын баласыбы айтор ошо бала кадимкидей көз алдымда турду.

Мен башкы дарыгерде отургам. Ал секретарын бир кагазга жумшап ийди. Ошол тушта эшик такылдап калды.

- Да, - деген менен врач аны караган жок. Салам айтып, босогодо туруп калды.

- Сага эмне керек? – деди дарыгер эми гана көрүп.

- Мен... мен ушул төрөт үйдө төрөлгөн экем ...

- Та-ак.

- Мени ким төрөгөнүн билейин дедим эле?

- Мен кайдан билем сени ким төрөгөнүн? И тем более бизде андай сыр ачылбайт, андай вопрос менен экинчи кайрылбагын.

- Коммерческий баада төлөп берет элем?

- Сен мени эмне деп атасың ыя, менин интервью берип атканымы көрүп турасыңбы? Бар жөнө.

- Токто, - дедим ал башын шылкыйтып чыгып кетерде. Ордуман турдум да ал бала менен сыртка кошо чыгып, эртең редакцияга кел деп адресими бердим.

***

Эрте менен көздөрүндө ишеничтин оту жанып кирип келди. Экөөбүз көпкө чейин сүйлөштүк.

- Балким булар өзүңүн эле энеңдир?

- Атам, апам өздөн артык, эже. Менин аларга наразычылыгым жок. Чекеми чертишкен эмес.

- Анан эмне болуп энең башка экенин билип калдың?

- Мени кичинемде Анар деген эже бакчу. Нянкам болчу. Мен төрөлгөндө он алтыда эле экен. Акыркы күндөрү апамдар Анар эжем менен көп кыжылдашып жүрүштү. Бир күнү дагы катуу уруш чыгып кетти. Мен 3-класста окуйт элем. Мени апам бөлөк бөлмөгө киргизип салды, кулагыңы жаап отур деп.

- Силер менин гүлдөй өмүрүмө кол салдыңар. Окутуп диплом алып беребиз дегенсиңер, диплом эмес аттестатты да өзүм араң алдым. Үйлүү кылабыз дегенсиңер, канакей? Силер чыккынчысыңар, мен бардык жерге жарыялайм, ушу иттигиңерди.

- Ай көп алкылдабачы, сени эмнеден кем кылдык? Төрөсөң баары болмок, төрөбөй койбодуңбу? – деди апам.

- Сизге төрөп берем деп беш жыл өмүрүм текке кетти. А эмне үчүн күйөөмөн төрөп атам? Ойлонбойсузбу, күнөөнүн кимде экенин. Бирок ушул кылганыңар үчүн кудай алдында жооп бересиңер.

- Айтчуңу айтып бүтсөң, бар эми, эшикти сыртынан жаап коюп кете бер, - деп атам сөзгө аралашты эле Анар эжем чыңырып кое берди:

- Эмне-е? Мага  эшикти сыртынан жаптырчу сизби? Кечээ эле аялыңыздын туубас экенин, сиздин башыңызды айлантып алганын, ошон үчүн balaңызды төрөт үйүнөн сатып алганыңызды айтып койнумда жатып боздободуңуз беле? Башыңызды айлантып алганын же  чындап мойнуңузга  алганыңызбы? Балканактай бала тууп берсең катынымы талаага таштап салам дегендериңизге чейин соткама жаздырып алгам.

Эжемин ушу сөзүнөн кийин бир саам дымый түшүштү да эжемин кыйкырганы, андан кийин апамын чыңырганы кулакты жарды. Эшикти түртсөм ачылбайт. Жулкулдатып кирдим, ачылбайт. Көрсө апам кулптап коюптур. Атам Анар эжеми уруп, апам болушуп ортого түшүп келтек жеп жаткандай туюлду. Үнүмүн болушунча “ата” деп кыйкырып, эшикти тепкиледим. Дагы дымый түшүштү да, апам эшикке чуркап келип ача коюп, мени кучактап, бооруна кысып калды да:

- Баргыла, эшикке чыгып тытышкыла, баламын жүрөгүн түшүрбөй, - деп билмексен болуп коеюн деди эле, от алып алган Анар эжем:

- Тытышканды эми көрсөтөм силерге, ошо баланын төрөгөн энесин жетелеп келип шерменденерди чыгарам. Жалгыз бакма балаңардан да ажыратам силерди, - деп кекенген бойдон эшикти тээп чыгып кетти.

Мен ата-энеме ал күнү да, кийин да эчтеке деп суроо берген жокмун. Алар да мага эч нерсе айтышкан жок. Мен аларга айтпай Анар эжемкине сабактан кийин барып турчумун. Балдарын эркелетип, ойнотуп келе берчүмүн. Мени баса калып өпкүлөп, кээде ыйлап узатчу. Кантсе да бакма энем да. Бирок, биздин үй менен байланышпай калды.

Мектепти жакшы аяктадым. Апамдар бир эмес эки жогорку окуу жайына тапшыртышты. Экөөнөн тең өтүп кеттим, бирок бирөөсүн тандадым. Биринчи курста окуп жүргөндө сабактан эрте чыгып, машинамы жакынырaак жашаган группалашымкына токтотуп коюп, Анар эжемин үйүнө жөө бардым. Эжем дароо эле, “сабакка эмне барган жоксуң?” деди, келгениме шектүү карап. Эгер азыр башка жооп кайтарсам, дагы айталбай арманда кетмекмин, ошон үчүн дароо эле “атайы сизге келдим, баягы сөздүн аягына чыгып бериңиз?” дедим. Ушул эле суроону 9-классты бүткөндө бергем.

– Эсиңен чыгарып кой күчүгүм,  кызуу кандуулук кылып алдым, ишенбе, жалган, - деген анда.

Бирок мен балалык суроому берип алгам:

- Анда эмне үчүн сиз атам менен жатып алчусуз, - деп. Эжемин көзү алайып, качан? - деген.

- Эже, кечирип коюңуз туура эмес сүйлөсөм, бирок мен бүт  билем.

- Азыр да кичинесиң, ал эми чоңойгондо менсиз эле өзүң баарын билип аласың. Азыр менден эч нерсе сураба, - деп туруп кеткен.

Бирок эжемин атам менен жатып алганын чындап эле унутуп баратам. Ошондогу урушта ачык эле айтылгандыктан, мен дароо түшүнгөм. Себеби апам жокто атам эжем жаткан бөлмөгө кирип жатчу. Мен аңдучумун. Экөөнүн кучакташып жатканын апама айтып койсом, апам мени урушкан:

- Сен жигит болосуң, жигиттер андай ушакты айтпай чоңойушу керек ...

- Бул ушак эмес, мен өз көзүм менен көрдүм, - деп ыйлап жибергем.

- Болду жетишет. Мен азыр атаң менен урушсам сөзсүз ажырашып кетебиз. А сен биздин жалгыз балабыз болосуң. Сени талашабыз, соттошобуз, ушуну каалайсыңбы? – дегенде апамын көзүнө жаш толуп кеткен.

- Анда кетсин эжем, - деп өңгүрөгөм.

- Болуптур кетет, сени азырынча багып турсун, мектепке барарың менен эжең айылга кетет, - деген.

***

Анар эжем жүрөгүн мыжып отуруп калды. Бир топтон кийин:

- Мен силердин үй-бүлөңөрдү бузуп, чыккынчы болдум. Мындай ишке барбашым керек эле, же сен укпай коюшуң керек болчу? Атаң, апаңын бетин кантип карайм?

- Сиз илгерки окуядан кийин дагы жолугушабыз деген ниетиңиз барбы? - деп копол суроо берип алдым.

- Алар сенин шылтооң менен качандыр бир келип калышы мүмкүн да?

- Кантип? Алар менин сиздин үйүңүзгө келип жүргөнүмү билишпейт да?

- Билишет. Жездең атаң экөө чогуу иштесе кантип билбей коет? Кээде кеч барганыңда эмне үчүн кеч келдиң, кайда жүрдүң деп сурашчу эмес, билесиңби себебин?

- Жок билбейт экем, бирок чын эле сурашчу эмес.

- Жездең чалып койчу, балдарды сагынып калыптыр, өзүм жеткизип коем дечү. Өзү жеткизип, сени киргизип коюп да чалып койчу, урушпай эле койгула, балада эмне айып деп. А атаңдар алдагыңын оозун жаап кой, бир нерселерди оттоп койбосун деп айтчу.

- Кызык экен? Мен апамдарга калпычы болуп жүрө берген турбаймбы? Эмне үчүн эскертип койгон эмессиз?

- Анын коркунучтуу эч нерсеси деле жок. Мен сенин атаңан такыр төрөбөй койгонуму билген апаң атаңын кулагынын кужурун ала берди. Туубагандан кийин эмне кармап жүрөсүң, же сүйүп калдыңбы деп. Акыры атаң өзүнүн студентин апкелип тааныштырып, үйлөн деп жалдырайт. Ал мени жактырып калып, эч нерсени ойлонбой эле алып алат. Апаңдын өтүнүчү боюнча күйөөм окуусун бүткөндө мени таштап кетиши керек эле. Бирок ал окууну бүткөндө бир балалуу болуп, экинчисин төрөйүн деп калгам. Биз бири бирибизди чындап жакшы көрүп, ажырашпай турган болуп калдык. Экөөбүздүн жүрөгүбүз жуурулушуп бир жүрөккө айланып кеткен. Ал тургай силердин үйгө кандай тиешем бар экенин да айтып салгам. Күйөмөн корккон атаң окуусун бүткөндө дароо өзүнүн кафедрасына кызматка алган. Азыр тескерисинче атаң күйөөмүн кол алдында эмгектенип калды.

Ал эми сага байланыштуу окуяны ал тургай жезден да билбейт. Менин гана кабардар болгон себебим сени төрөт үйүнөн мен алып чыккам. Сени төрөгөн аялды сенден баш тартты дешкен, көрсө студент кыз төрөптүр, анан талашып алып кетем деп төрөт үйүнө келип чыр салып жүрөт деп укканда апаңын жүрөгү түшүп калган. Ал эмес мен да аябай кайгыргам, алып кетип калса эмне кылам деп.

- Эже, сөзүңүзгө аралжы, ошол мени төрөп таштап кеткен энеми таап бере аласызбы? Мен өз ата-апамы чанган үчүн сурап жаткан жокмун. Мен өз канымы көргүм келет. Сиз ойлобоңуз мени ошолорго кетип калат же акараат келтирет деп. Жок, антпейм. Сыртынан эле көрүп жүргүм келет. Эгерде мүңкүрөп жашап жүрсө, мен сырттан жардам гана берип туралам...

- Мен түшүнөм сага күчүгүм, ишенем дагы. Бирок кайдан табам ал аялды, болгону төрөт үйүнө гана барып сурашың керек. Сени ушундай күнгө туш кылган күнөө менде. Мен эми сен үчүн колуман келгенди бүт жасайм.

***

Түндө кеч жаткам. Себеби уйкум качып кетти. Уйкумду кошуна эрди-катындын кыйкырып, урушканы качырды. Эми уктайын десем саат төрт болуп калды, Москвада төрттө таң агарат экен, түнкү уйкуну караңгыда уктабасаң уйкуга деле окшобойт. Чакчайып шыпты тиктеп, ар нерсени ойлонуп жаттым. Көзүмү жумсам эле айылым элестейт. Анакей күйөөмүн будильниги шыңгырап атат. Ал араң ойгонуп, будильниктин жаагын басты да, мени ойгонуп кетпесин дегендей акырын туруп сыртка чыгып баратты.

Мен катуу уктап кеткен экем , телефондун үнү араң ойготту.

- Ало? Кандайсыз?

- А, да...

- Уктап атасызбы?

- Да, ооба...

- Анда уктай бериңиз, азыр мен барам, паспортуңузду берип коюңуз, билет алып келе коеюн?

- Бербедим беле паспортуму... – деп чала сүйлөп, телефонду кармаган бойдон кайра уктап калыпмын.

Каалганын кулпулары шагырап эшик ачылды, демек кызым бүгүн иштен кеч келди.

- Апа, уктап атасызбы? Мен сизге канча айтам, эрте жатып жүрүңүз деп, мына билетиңиз, өзүңүз каалаган поездиңизге.

- Таң атпай паспортуму сурап сен чалдыңбы мага, - десем, - жок, - деп чоочуп кетти.

- Көрдүңүзбү галлюцинация болуп атасыз, аман-эсениңизде кетип калыңыз Кыргызстанга, мен канча айтам түнкү уйкуну бузбаңыз деп, - кызым мени жемелегиче эшик шыңгырап калды.

- Апа, дүкөнчү таанышыңыз чакырып атат, - деп кызым кайра кирди. Халат жамынып чыга калсам Санам туруптур.

- Уйкуңузду бузуп койдумбу, кечирип коюңуз...

- Уктап атканымы кайдан билдиң? – дедим, себеби саат он бирге караптыр эле.

- Эрте менен паспортуңузду сурап чалсам...

- А ошо сен белең? Паспортуму эмне кыласың?

- Самолетко билет алып келем. Көпкө кармалбайбыз эже, сизди кайра ала келем, - деп жалдырап сүйлөдү.

- Ракмат, бирок билетти самолетко эмес, поездге алдык. Биз көппүз, балам, күйөм болуп. Ал эми эрте менен телефон чалган сен экениңи билген эмесмин...

- Сиз менен чогуу кетейин дебедим беле, эми эмне кылам, поезд менен барсам узак жүрүп калам. Ишимен көпкө жооп бербейт, - деп ыйламсырап жер тиктеп калды.

- Эч нерсе эмес, артыман деле самолёт менен барып каласың. Бирок эстеп кой, мага аябай ишенбе. Биринчиден бул барышың соо эмес экенин билип кой, сен бирөөнүн үйүнө бомба жарганы баратасың. Сенин ушул окуяңан кийин мага да сөз тийет. Анараны сотко чейин жетелешет. Сен балаңы таап алып өөп-жыттап, жыргап жашайм деп ойлоп атасың,  бирок балаң кандай кабыл алат, жакшы сөзү тийеби, жаман сөзү тийеби ошону ойлонушуң керек.

- Мен баарына чыдайм, баарын көтөрөм, эже. Сизге да, Анарага да сөз тийгизбейм. Баламы таап алып эле жүр кеттик, бас деп сүйрөбөйм. Анткенге акым да жок. Бардыгын сизге акылдашып жасайм. Баламы бир жыттап алып, кайра чыгып кетиш үчүн ата-энесинин үстүнө кымкаптан чепкен жабам. Такыр жолотпосо үйүнө кирип малай болом.

- Сен антип аша чаппа. Турмуш сен ойлогондой жеңил эмес. Адегенде табыш керек, анан калганын пландаштырасың. Мени Бишкектен табаласың, үйүмү болсо билет экенсиң, - деп үйгө киргиздим да, столдун үстүндө жаткан билетти колума алдым. Менин колуман Санам алып көрүп:

- Мен сизди узатып барам эже. Артыңыздан көп узабай эле барып калам. Күйөмү да ээрчитип алам  го, - деди.

Мен эмнегедир ушул жерде баласынын бакма энеси Анара менен күйөөсүн элестеп, ушул аялга салыштырып жибердим. “Эки бакыр, бир тукур” дегендей, биринин көз жашын бири кол жоолук менен сүртүп, эриш-аркак болуп, эл алдында айыптарын чукушпай  бекем кол кармашып, ынтымак менен өмүр сүрүп, көздү жумуп бийик жардан бар бараке деп секирип чоң дайранын үстүнө “күп” деп ыргып түшүп кетишип, бири чумуп кетсе бири чыгарып, тайыса колдон сүйөп, эңкейсе белден таяп, аруу таза махабаттын бар экенин даңазалап, өйдө карап өш дебей, ылдый карап төш дебей, этектерин балага толтуруп, кош колдоп көтөрүп, турмуштун даңгыр жолуна түшүп алып, жашоо деген дөңгөлөктү дөңгөлөтүп, ыйман менен ырыс кешик төгүп желелешип бараткандарын элестеп турдум...

Поездде  да аларды ойлонуп келаттым. Азыр поезд мени ызы-чуу окуядан арачалап келаткандай,  ал эми Кыргызстанга жеткенде башаламан окуянын дүйнө жүзүнө чаң тополоң түшүрүп, бейкапар жаткан айылга бомба жарып, бүлүк салып, нараазычылык, жек көрүү, иренжүү, каргап-шилөөнүн канчалык чекте болуп өтөрүн элестеп, элестей албай башым катып, оор үшкүрүп, жүрөк заада болуп, термелип келатам...

Бул макала “Кыргызстан.ru” гезитине жарык көрдү.

**Өзүмүн эле балам**
(Редакцияга кат)

Мен жаңылып-жазып, Москвага келгенде төрөп алдым. Сүйлөшкөн жигитим Өзбекстандан эле. Чогуу жашап жүрүп силер айткандай роман болуп кеткен. Менин да курсагым билинип калганда, тиги тайсалдап кача баштады. Москванын доктурларына барып алдырып бергиле десем кеч болуп калды дешти. Айлам түгөнгөндөн түгөндү. Жигитими издеп таптым. Өзүң да хаммасин килган дейт. Эмнеге десем, түз жүргөн жеримен квартираңа алып бардың, койнуңа тарттың, жок деген жоксуң, өзүң... дегенде урушуп, мушташып кеттим. Чачын жулуп, бетин тытсам да кебелбейт. Эшек сарт деп ыйласам, ит кыргыз дейт. Ичимдеги балаңы төрөп туруп өлтүрөм десем, майлиңиз дейт.

Бөлөк метродо жашаган эжеме барып, ачык айтып ыйладым. Урат деп коркком, урмак түгүл менден беш бетер өпкөлөп ыйлап, мени аяды. Ээрчитип алып кыргыз гинекологго алпарса ал мөөнөтү өтүп кетиптир, 5 миң доллар төлөгүлө, аборт кылып берем дейт. Эжем акмак эле акмак деп урушуп кетти. Ошол долларга аман-эсен төрөтүп алып баласына жумшабайымбы, сага бергиче, уятсыз деп чыгып кетти.

Мен уул төрөдүм. Атын Бахтияр койдум. Балам аппак, бирок чачы жок болуп төрөлдү. Түрдүү витамин берип атып 5 айга караганда эрбейип бирин-сирин чач өсө баштады. Анан сартыма телефон чалдым. Уулуңду көрөсүңбү десем, давай деди. Бөлөк бир метродон жолукмак болуп макулдаштык. Болгон эң кооз деген кийимдерин кийгизип алып бардым. Ал баламы аябай тиктеди. Мен аны ичинен сүйүнүп, жетине албай атса керек десем, ал дароо кескин түрдө бул бала меники эмес деп салды.

- Эй сарт, анан асмандан түштүбү, аман-эсен чоңойтсом, балам акыр түбү сени өлтүрөт, - десем,

- Дагы жаңжал салганы чакырттыңбы, меники эмес, эч жери окшошпойт, сен да, мен да карамын, - дейт.

- Балким сенин ата-энеңе окшошуп калгандыр, же инилериңе...

- Бизде бул балага окшош эч ким жок, мунуң өзбек да, кыргыз да эмес.

- Көп дөгүрсүбө, мен сенден башка эч ким менен болгон эмесмин.

- Агар башка менен болдуң десем да бунуң өзбек же кыргыз эмес.

- Мен сени сотко берем, элчилигиңе барып арыз жазам.

- Билгениңи кыл. Бирок эл аралык жаңжал чыгарардан мурун балаңы ДНКдан текшертип көр.

- Сен ошого көнөсүңбү чычалабай, - десем, “көнөм” деди.

Антип-минтип ДНКга барып, анализин өткөргүчө балам бирден ашып калды. Анализдеринин жыйынтыгын ала турган күнү эжеми ээрчитип келдим. Тиги да келди. Ал күн бизге аза күнү болду. Себеби бала аныкы да, меники да болбой чыкты. Мен далдырап эсимен бир кетип, бир келип атсам, тиги каткырып күлүп:

- Айттым го, бул бала орус, оруска окшоп турбайбы, - деп шалкылдайт. Кантип үйгө жеткенимди билбейм. Таксиден түшүп эжем баламы көтөрүп, мени жулкулдатып сүйрөп лифтиге түшүрүшүп аткан таксист “сабыр кыл, сабыр кыл, балаңы ая, балаң үчүн жаша, күйөнү эмне кыласың” деп атканда өзүмө келип, балама жуткундум. Эжем бербей койду.

- Көтөрө албайсың, андан көрө карман, белиңи бекем буу, эртең сен төрөгөн төрөт үйүнө барып териштиребиз.

- Эмнени?

- Бул бала кандайча сага келип калганын, анан өзүңүн балаңы издейбиз, - дейт бейкапар.

- Тигиге окшоп сен да айбан болбочу эже. Өзүмүн эле балам, мейли еврей болсун, эч кимге алмашпайм, - деп чыңырган бойдон баламы колунан жулуп алдым. Эжем мени аяп, 19-кабатка жеткиче ыйлап келди. Азыр 2ден ашты, чындап эле башкача болуп баратат. Бул балама жүрөгүмү берип салгам да. Эмне болсо ошо болсун, өз балама да алмашпайм.

Ушинтип айтканым менен кээде эки анжы болуп, өзүмчө бук болом, жаман жанчылам. “Өлүп тапкан баламы өрдөк чукуп өлтүрдү” дечү беле? Баламы эмизип отуруп, аны тиктеген бойдон катып калат экем. Эжем бир нече жолу түртүп эскертти. Эжем экөөбүз мурда аябай урушчу элек, азыр мени аяп унчукпайт. Кыргызстанга барбаганыма 3 жыл болду, апамдар төрөгөнүмү угушкан, аябай шорлоп ыйлаптыр, эми элдин бетин кантип карайм деп. Ал эми баламын алмашылып кеткенин угуша элек.

Жыйырма жылдан кийинкими эстесем жүрөгүм жарылып кете жаздайт. Бирок, алмончоктой балам колумда турбайбы. Балам көз ачып көргөнүм, ооз ачып өпкөнүм болуп атпайбы. Эч кимге алмашпайм. Өзүм төрөгөн баланы алмашып кеткен аял кайра алмашабыз деп келсе бербейм, бирок өзүм төрөгөн баланы берсе алып алам. Ага көнбөсө жер кезип кетем.

Мен жаш туруп жанчылып бүттүм, эрсырабай өлөйүн, бешенем кара жерге кирсин деп катты жазган Акылай.

## Эркектерди өрттөп салгым келет

Жокчулуктун айынан мектепте окубай калдым. Атам дүйнөдөн эрте өтүп кеткен. Оорулуу апамы үйгө жаткырып, бир бөбөгүмү үйгө калтырып, улуурагын ээрчитип, көчөмө-көчө базардын аралыгын айланып-тегеренип чуркап, майда-чүйдө сатып күн көрүп жүрчүбүз. Тапканыбыз наныбыздан ашчу эмес. Апама дары сатып алалбай оорусу күчөп кетти.

Ошондой күндөрдүн бир күнүндө базарда бир ачуу караан пайда болду. Ал көлөкө мен кайда бассам астыман чыгат. Хандалат деген эже чаңкылдаган үнү менен мени чакырып калды, барсам:

- Москвага барып иштейсиңби?- деп сурады.

- Кантип?- деп таң калдым.

- Ушинтип эле. Азыр битта ака келет, өзү Москвадан келген, сага жардам кылат элем деп атат, жолугуп сүйлөшүп көр, - деди.

Жанагы көлөкөнү  чакырып, тааныштырды. Аябай тил эмизди, сендей балдарым бар деди. Кечинде келип апама айтсам “Кайдагыны айтасың, койсоңчу”, деп чочулады.

Апам экөөбүз эртеси тиги киши чакырган жерге барып кезиктик. Заматта апамын бышын тегеретип койду, ай сайын 15 миң сомдон ашык акча салып турат деди. Апам анын сөзүнө муюганы менен “аке, балам азыр кичине да, мектепти бүтөлек” деп кайра-кайра айтып атты.

Паспортту мен алперем деп убада берип, чындап эле паспортко төлөгөнгө пул берди. Мындай акча көрбөгөн жаныбыз, ээрип кеттик. Паспорт алганга жашым жетелек болчу, бирок акча эмнени гана кылбайт. Паспорт столдо иштеген эжеге көп акча берип, алар менин жашымы тууралап паспорт жасап беришти. Паспортчулар мага аябай жакшылык кылдык деп ойлоп калышты, бирок менин тагдырыма өрт коюп берип атышкандарын сезгилери келген жок...

Ошентип атаман улуу, кырктагы киши мени самолёт менен Москвага алып келди. Дунганга окшош аялдын үйүнүн тар бөлмөсүндө жалгыз турчу экен. Ага орусча бирдеке деп эле сүйлөп аткан, ал аял мени таң калып карай берди, суроо берсе жер карайм, эч нерсе түшүнбөйм, тиги жан талашып менин ордума жооп берет. Бир тил орусча үйрөнүп албаганыма аябай өкүндүм. Эртеси шаарды көрсөтүп, Черкисский деген чоң базардан бир сыйра арзан жеңил кийим сатып берди. Кечинде жатарда төшөгүбүздү  тийиштирип салып койду.

- Эмнеге анттиңиз? - десем,

- Хозяйкага сени аялым деп койдум, антпесем сени түндө чыгарып салат, - деди.

- Коюңчу, эмнеге антесиз, мен небереңиз менен тең болуп турбаймбы. Ишке орноштуруп, мени башка үйгө киргизип коюң эртең? - десем,

- Эртең боло берсинчи, - деп, алып келген арак, пиволорун жерге жайып коюп, ич деп кыйнай баштады.

- Жок ичпейм аке, мага булар эрте...

- Жок ичесиң, мен сени көргөндөн бери жүрөгүм туйлап, акыры алып келип тындым, - деди уялбай.

Мен ыйлап жибердим.

- Аке, мени Бишкекке салып ийиң, бул жер жаккан жок, апама кетем, - деп төшөктү  кучактап алып ыйладым. Ал бир топ кызып калды. Менин көзүмчө эле чечинип, анан барып светти өчүрдү. Мен бурчка качтым. Ал куурчакты көтөргөндөй эле көтөрүп төшөккө жыкты. Азыр кыйкырам десем, оозуму балтайган колу менен басып:

- Эй бечара, азыр талаада каласың, өлтүрүп кетишет, айтканга көн, жат, мен сени жебейм, - деп көйнөгүмү  сыйрып салды.

Анын алдында мен ажыдаардын оозундагы көпөлөк болуп, оп эткенде тишинин арасында кызыл жаян болуп жатып калдым. Он гүлүмүн жарым гүлү бүрдөй электе, атаман чоң кишинин астында соолуп калдым. Үч күн чала эс болуп жаттым. Төртүнчү  күнү  бирөөнүн ишканасына алпарды да, аларга таштап, 15 миң рубль төлөп беришет деп кетти. Алар азербайжандар экен. Мен эмне жумуш кылам десем түшүнүшпөйт, колум менен жаңсап жууй берейинби деп полду көрсөтсөм, бирдеке деп шылдыңдап күлүшөт. Бир комнатага

отургузуп коюшту. Түштө бирөөсү  тамак алып келди, кичине жемиш болдум, жүрөккө баспай койду.

- Жебейсиңби? - деди, мен токмун деп курсагымы сылап белги бердим. Анан банан апкелди, бананды аябай жакшы көрчүмүн, Бишкектеги тапкан акчабыз банан алганга жетчү эмес, ары-бери өткөн сайын көзүм кызарып, шилекейими жутуп өтчүмүн, ошон үчүн тартынбай бирөөсүн жеп салдым. Эми эртең кел дешти.

Үйгө келсем хозяйка бирдекелерди айтты, мен түшүнбөйм дедим. Кудай жалгап тиги киши келген жок, дунган ошону айтса керек келбейт деп. Эрте менен кайра кечеги ишканага бардым. Банан берген киши мени айланып эле курсагымы тойгузуп жүрөт, мен дагы пол жууйун деп белги берсем, сиди, сиди дейт. Сиди кылсам жаныма отуруп өпкүлөйт. Нет, нет десем, дагы бирдеке деп чулдурайт. Кечке отуруп чарчадым. Эми эмне кылам деп башым катат. Жанагы киши кирип 500 сомду көрсөтүп, эски сумкамын оозун ачып, ичине салып койду. Эмнеге деп колумду жаңсасам кучактап кирди. Аябай апаладым. Өлүп алсам апамын шору, кандай кылар айла таппай дүйнөдөн өчүп турдум. “Ылайым эркектин баары кырылып калса экен” деп тиледим.

Эртеси көзүм шишип, сүйрөлүп араң келдим. Башка эмне кылам, кайда барам? Кимге жалдырайм, же үйүм жакын болсочу, чуркап качып кеткенге. Кирсем үч бөлмөнү  көрсөтүп, жууй бер деди. Үчөөнүн кабинеттерин жууйм, үчөө мени бирден ит талагандай талашат. Эмне кылам, кайда барам, кимге арызданам, деги башым катып бүттү.

Арадан төрт жарым ай өткөндө ичим шишип, бүлкүлдөй берди. Тиги шүмшүктөр анда-санда 200 сомдон берип койгону эле болбосо айлык берген эмес. Бешинчи ай дегенде 15 миң рубль беришти.

Иштен кеч чыгып үйгө келатсам, “эй кыз, токто” дешти орусча, мен укпамыш болуп баса берсем, 4-5ө мени көздөй чуркады. Мен болгон күчүм менен качтым, үй жакка эмес, эл көп метро жакка. Элге жеткенде тепкичтен тайып жыгылып, учуп түшкөнүмү бир билем, эсим ооп калыптыр. Көзүмү  ачсам эл жарданып карап турат.

Бир эже кыргызча сүйлөдү эле, “эже-е” деп кучактап бакырып ыйладым. Себеби буга чейин бир да кыргыз көргөн эмесмин. Ал-жайымы кыскача айтсам үйгө чейин узатып келип, телефон номерин, үйүнүн дарегин айтып, “эртең төшөнчүлөрүңү алып сөзсүз кел” деди.

Мен дунгандын үйүндө таңдын атышын чыдамсыздык менен күтүп жатам, бирок ичимин бураганы басылбай койду. Жаным көзүмө көрүнүп баратат, оозума жаздыкты тыгып, үнүмү чыгарбай кыйкырам. Апамын толгоо тартып, бөбөктөрүмү төрөгөнүн көргөн элем, төрөп атамбы деп корктум.  Таң агарып келатканда болбой калдым. Москвада түнкү экиде деле жарык болуп турат экен. Канчалык кармансам деле болбой бирдеке ыргып чыгып кетти. Коркуп титиреп, кантер айламы таппай аттым. Хозяйкага айтыштан корктум. Матрасым шатала болуп бүтүп калды. Козголуп туруп жанагы түшкөн немени карасам, кадимки эле балага окшош.

Эркек экен, бүрүшүп калыптыр.”Ушуну көрмөк экенсиң да, шордуум” деп пакетке салдым, оозун аябай байладым да мусор чакага салып, матрацты көтөрүп эч

ким ойгоно электе чыгып, бир топ алыс турган таштандыга таштап, кайра келдим. Эшикти кулптабай эле чыккам, дунган кемпир сезбептир. Үйгө кирип суу ичип өзүмө келип саатты карасам төрт экен. Кийимими, бир одеял, шейшепти сумкага салдым да дунгандын үйүнөн чыгып кеттим. Метрого жөө, теңселип, башым айланып, астым чыланып, кан жыттанып араң жеттим. Жаңы келгенде тиги кара жолтой менен метрого бир жолу эле түшкөм. Кантип түшөрүмү билбей турсам, бир кыргыз эже шыпылдап кетип баратат. Эже десем, эмне болду деди, мен адрести көрсөтүп, метрого кантип түшөм дедим.

- Мен да сен барчу метрого барам, жеткирип коём, жүр, - деп ээрчитип алды. Метродон да, метродон чыкканда да кыргыздарды көп көрдүм. Кечеги эженин үйүн оңой эле таптым.

- И, келдиңби? - деди сүйүнүп. Ал эже аскер форма кийип ишке чыкканы аткан экен, көрсө Тажикстандык кыргыз эже көп жылдан бери Москвада военный болуп иштеп, мага окшогон кыргыздарды үйүнө жүргүзүп, жардам берип жүрүптүр, аты Урмат экен.

Кирип эле уктадым, эртеси апама акча салып келдим. Телефон чалсам тирүүсүңбү деп өксүп-өксүп ыйлады. Бир жума жаткандан кийин Урмат эжем мени бир эмес эки ишке орноштуруп койду.

Азыр ишим жакшы жүрүшүп кетти, акчам да бар, бирок ...

Убакыт деген ушул экен, арадан бир жыл өтүп кетти. 16га чыктым. Ал эми паспортум боюнча 18ден аштым. Жаштайыман жүрөгүмдө так калды. Болгондо да өмүрү айыккыс.

Апама телефон чалган сайын эки бөбөгүм эжелеп телефонду талашышат, менин сүйлөшкүм келбейт. Эркек аттууну ушунчалык жек көрүп калдым. Колуман келсе эки бөбөгүмү кошуп туруп баарын өрттөп салгым келет. Эркектерди өмүр бою жек көрүп өтөм, эч качан күйөгө чыкпайм.

*Мен ушу чычкандай жаш кызды аяп, ойго батып келатып метрого кантип жеткенимди билбей калдым, ал тургай үйүмө кетчү светофорлордон да кантип өткөнүмү билбейм. Көзүмөн жаш чыккан жок, бирок жүрөгүм менен ыйлап келаттым.*

*Мен Москвага келгенден бери тагдырын айтып ыйлагандар көп. Алардын баарына «Эмнеге алданасыңар, эмнеге келесиңер, өзүңөрдөн башка эч кимге ишенбесеңер эле алданбайсыңар» деп айтам. Ал эми бул чычкандай кыз тиги эркектин атын атабай койду. Атын айтса оңой эле таап алмакмын. «Кичине чоңойоюнчу эже, акыры өч алам ал акмактан, жердин астынан болсо да суурup чыгып өч алам» дейт.*

## Москва - Бишкек

Кетиш керек. Кыргызстанга кетиш керек. Антпесе Москвада жашоо кыйындап кетти. Бул сөз бир эле меники эмес. Бул Москвада жүргөн бардык кыргыздардын күндөлүк айтылып жүргөн көнүмүш сөзү.

- Кетсең ме, балаңа, бизди эстеп жүрсүн, - деп, Айталы аке балама машина берди. Рахат велосипед апкелди.Гүлбара китеп жазып жүрүңүз деп компьютер, тагынып жүрүңүз деп акак мончок, туулган күнүңүз менен деп Урмат, Бактыгүлдөр бирден эки көйнөк, Нурсулуу жигити экөө атактуу эки китеп, окуучуларым гүл, торт, шампан, Мирулан флешка, диск, коньяк, айтор кучагым белекке, койнум кубанычка, бетим күлкүгө толду да калды. Анан алты күндөн кийин чындап эле жөнөп калдым. Бир чоң чемоданда менин кийимим, бир сумкада баламкы, дагы биринде оюнчуктары, анан инкубатор сатып алгам. 2 компьютер,1 велосипед, 1 машина, 1 куржун китептер, 1 сетка жык тамак-аш, анан санай бер канча болгонун. Бир эле такси чакырганбыз, багажым кичине эже, эки байке отурсун, сиз балаңызды алып метро менен бара бериңиз, сизди Казань вокзалында күтүп турабыз деди таксист болуп иштеген жаш бала. Вокзалга мен алардан мурун келип кокойуп күтүп турам, алар болсо жок.

- Ало, апей канасыңар?

- Бузулуп калды машина, бөлөк машинага отуруп атабыз, - дейт күйөм кейип.

Бишкектин поезди о бая эле келип токтогон. А менин жүгүм алигиче жок. Кыргыздар кебелбестигиңерди качан коесуңар дейт Айталы аке Жандаров. Поезд 11де кетерин билгенден кийин 9да эле чыкпайсыңарбы үйдөн. Айтса жаман көрөсүңөр деп кейий берди. Мен дагы чалдым. Пробкада турабыз дейт. Кайра чыдабай дагы чалдым. Жүрүп баратабыз дейт күйөм. Ал да көгөрүп татарып сүйлөнүп атат. Мен айткам, саат 9да эле чыгалы дегем, сен эле кыргыз таксист менен кетем деп туруп алдың, эми эмне болот дейт. Мен көп болсо кетпей калармын дейм.

Кетүүдөн үмүт үзүлүп шалпайып отуруп калсам бир тачкага саны белгилүү болгон жүктөрүмү шарактатып жүктөп алып келип калышты. Болгула, учкула 11-вагонго, жөнөйүн деп калды дедим сүйүнгөндөн. Саналуу гана минуталар калган, бирок көк көйнөк кийген проводник орустар өткөрбөй коюшту. Поезд жүрүп кеткени атат деп какылыктасам да болбойт. Тартышып түртүшүп атып суусап, үнүм кургап жыгылайын деп калдым. Балам каякта калганын да билбейм. Кыргыздар ушунчалык көп экен, тимеле сахнада спектакль көрүп аткандай жыргап карап турушат. Ары барып ишиңерди кыла бербейсиңерби деген киши жок. Поезд ышкырып үн салды. Ушул жүктөр менен кемтигиңерди бүтөп алгыла чочколор дедим. Семиз картаң проводник күйөмө келе миңден экини бер да өтө бер деди. Бербе дегиче берип салды. 2ни алган торопой калып калбаса экен деп чоочулап өзү кошо тачканы жанталаша сүйрөп, вагондун оозуна чейин апкелип такады. Эми тачкист бербей талашты, мага да 2ни бересиңер дейт. 700рубль деп сүйлөшүшкөн экен миңди берсем, ыргытып ийди. Ансыз да араң турган акын Айталы аке айкырып коё берди, мен силерге көрсөтөм, эртең карааның болбойт деди бул жерде, оборзели иначе деп мандатын көтөрө чапты. 40 жылга чукул жашайт экен Москвада, демек законду билет, бая эле ошентпейсиз беле дедим. Бирок угузуп айтканга менде ал калбай калган. Аялы Бурулкандын (атыбыз окшош) берип жиберген тамак-ашын колума карматты эле, ичиндеги сууну күйөм экөөбүз талашып жутуп аттык, ал, анан мен, мен, анан ал, балам болсо боздоп атат аталап, себеби атасы түшүп калды. Жүгүбүздү болгону вагондун

оозуна эле киргизгенге араң үлгүрдү. Узатуучу кыргыздардын көптүгүнөн кирүүгө такыр мүмкүн эмес.

Кыргызстанда кыргыз калды бекен деп вокзалга келген сайын ойлоном. Ал тургай Кыргызстандын  вокзалында да мынчалык эл болбойт. Москвада 1 эле кыргызды 10дон ашык кыргыз узатат. Тартип деген болбойт. Кыргыздардын башаламандыгына орустар да көнүп бүткөн. Алар акчаны кантип шыпырышты өздөштүрүп алышкан. Башка улуттун өкүлдөрүндө же Россия чөлкөмүнө каттаган поезддерде мынчалык башаламандыктар болбойт. 1вагондо орточо эсеп менен 42 жүргүнчү келсе, аны 400 киши узатат, ал эми 18 вагондо 756  киши болгон болсо, 7140ы узатуучулар. Мунун 140ы жөн эле жүк берүүчүлөр. Ал эми кыргыз поездин тосуп алгандагыны көрө бер. Биринчи жолу келип көргөндөрдүн жүрөгү түшүп калат төңкөрүш болуп атабы деп. Поезд чарчап күшүлдөп араң дем алып марага жетейин деп калганда кыкемдер бир чуркап берет дейсиң, алар кайсы вагон кайсы жерге токтоорун жаздемдебей билип алышкан. Кыйкырык, ызы-чуу, бакырык, сөгүнүп учурашмай, ой энең... сен да келдиңби, вай энең... биз жыргап атыптырбызбы?  Өзүңү тим эле түштүктүн алыскы тоолуу районуна келип калгандай сезесиң.

Анан демекчи поюз жүрүп калды, жанагы узатуучу кыкемдер жүктөрүмүн үстүнөн ал тургай балам экөөбүздүн үстүбүздөн секирип жерге түшүп атышат. Балам кошо секирчүдөй жулунуп атат атасына, ой ата, ой ата дейм, атам эле атам, ата-а-а. Поюздан секирген кыкемдерди карап атып, (качан, кимисинин буту чыгып кетет деп) оозум ачылып калыптыр. Бир маалда балам тыбырчылап атат, көрсө боздой берип ал да мага окшоп кургап калган экен. Суу ичирип ошол босогодо эле отуруп калдым. Кирбейсиңби дейт Гуля деген проводник. Алым жок, отуруп турайын, атың Гулябы? Ооба. Аңгыча ары бери басып жүргөн кыргыз балдар эже жардам берелиби деп калышты. Кудай жалгасын дегиче жүктөрүмү көтөрүп кетишти.

- Гуля, мен Асиянын эжесимин, сага мени дайындаган болуш керек.

- И ооба, эмне кеч келдиңиз?  Местасы үстүнөн болуп калды деген Асия.

- Тагдырым ушундай болуп калды. Местасы жерге кирсин, эптермин. Жанагы компьютерге талон жазып бер, мегой, - деп миң рубль бердим.

- Ушул элеби?

- Апей, азбы. Тизмедей тизилген проводниктер 2 миң менен өткөрдү. Жанагы тачкисти болсо өзүң көрдүң, миңди ыргытып ийип кайра алды. Вокзалга чейин да миң менен араң жеттик. Сага миң берсем, мага да миң калат жолдон бирдеке шам-шум этип барганга.

- Болбойт эже, дагы миңди бер, - деп алаканын жайып туруп алды. Топ-тоголок “О” формасындагы келин экен. Жеңил акчага көнүп калса керек. Анын үстүнө жакшы көргөн сиңдим Асиянын  (анын коллегасы)  атын айтсам деле алаканын жайып туруп алганын айтпайсыңбы. Койчу ушу бечеранын алаканы муздабасын, мен ачка кетсем деле мейли деп  дагы миңди бердим. Кайдан ачка кетмек элем, бир сеткам толо тамак-аш болсо.

Ошо “О” го окшош тоголок келинди ал күнү көргөнүм жок. Анын ордуна дагы Гуля деген томолок келинди көрүп аттым. Жайдары, жаркылдаган, сулуу, топтой келин экен. Дагы бир эркек жүрөт, улам эле келип жүгүңө акча төлө дейт,

улам эле төлөдүм дейм. Же жанагы Гулясы төлөдү деп келип, айтып койбойт. Орунум үстүнөн болчу, ал сүйлөшүп астынан орун алып бермек болгон. Бирок, мен ордума жеткенде эле кошуна сапарлаш эки жубай шак ордунан турушту. Келиңиз эже, эс алыңыз, отуруңуз. Ордуңуз үстүнөн турбайбы, балаңыз да бар экен, сиз астына менин ордума жатыңыз, мен үстүңүзгө чыгып жатам, - деди күйөөсү.

- Э чал, жакшына сүйлөң, улуу эже экен. Орун алмашалы дең, - деп аялы тууралап койду. Экөө тең бири-бирин бир караштан түшүнгөн, улууга мамиле кургандыы билген, түшүнүктүү жубайлар экен. Көп нерселерди сүйлөштүк. Проводниктердин акчаны көп талап кылып атканын кайра-кайра айтып наалый бердик. Кеч бая эле кирген. Кой эми тойдук жаталы деп атсак жанагы проводник казак бала килтейген коондорду көтөрүп келип, тамак ичкен столубуздун астында бейкапар жаткан сумкаларыбызды ары-бери жулкулап, козгоп атып арасына коондорун тыкты. Ал кеткенден кийин кайра аны кеп кылдык. Жанаракта эле биздин жүктөрүбүзгө акчаны олчойтуп алып коюп, бизге жек көрүнүп калышты эле, эми уялбай коондорун катып атышат дедик бир ооздон. Буларды да түшүнсө болот дейбиз кайра жибип, ошентип оокат кылып жүрүшөт да мусапырларым.

Эрте менен шашпай ойгондук. Жанагы эле казак ар кимибиздин койнубузга, кол сумкаларыбызга кызыл икраларды банкасы менен каттырып, бекем салгыла, сумкаңарды ачтырбагыла деп катуу буйруп кетти. Бизди бекер алып келаткандай мамиле жасап атышты. Кечтин кириши өтө кыйын болду. Шериктерим эки жылдан бери эми баратабыз дешти. Бирок убакыт жылбай туруп алгансый берди. Бүгүн кеч жаттык, бирок эрте тургузушту.

- Россиядан чыгар чекке жетип калдык, даярдангыла, - дешти - өлө текшеришет. Сак болгула. Паспортуңардын сүрөтү бар жерин ачып кармап тургула. Үстүндөгү төшөнчүлөрдү жыйып койгула. Тазалыкты сактагыла. Уктабагыла. Туалетке кирем деп ойлобогула. Ары-бери өтө бербегиле. Балаңарды коё бербегиле. Чай ичпегиле. Тамеки чегип калчу болсоңор миң рубль штраф тартасыңар. Уктуңарбы ыя? - ушуларды байсап келаткан тоголок Гуля мага жеткенде, “а келатасызбы?” деп өтүп кетти. Биз жүргүнчүлөр бири-бирибизди карап, каткырып күлүп алдык. Сиздин акыркы акчаңызды шыпырып алып, бул эмне дегени дешти жанымдагылар.

Орустар менин компьютериме жеткенде “это чей?” деп туруп калышты. “Мой” дедим баламы маймыл баласын кучактагандай кучактап алып. “Где оплачиваемый чек?” Мен жүүнүм бош казак проводникти карадым. Орустар жыргап кетишти. Давайте тысяча. “Я уже оплатила” дейм мен. “Кому?” “Им” – деп казак проводникти көрсөтсөм, ал шас, шас деп тоголок проводникти чакырганы кетти, “ал ким имиш?” деп Гуля жулунуп келатып, жүк меники экенин билгенде тык токтой калды. “А да, да, оплачено”. “Покажите чек?” “Сейчас, вы знаете, чек у начальника” – деп чуркап кетти. Көрсө акчаны аларын алыптыр да поездин начальнигинен по свойски чек жаздырып алганды унутуп калыптыр. Мени да унутуп койгонун кантесиң.

Ушул көрүнүш Казакстандын чегине жеткенде да кайталанды. Кичине шылтоо таап эле элден чек арачылар 1000 рублден алып атышты. Жаныбызда

бараткан дагы бир бала бар эле, анын паспорт үчүн алган справкасынын мөөнөтү чек арага жеткенде бүтүп калды. Андан да миңди сураштьı эле, акчам жок деди.

- Акчаң жок болсо жүр  биз менен, - деп түшүрүп кетишти, ал бечера оозун ачкан бойдон поезд кеткен жолду карап, шалдайып туруп калды. Мен тыңдык кылып  Бишкектеги телефон номерими  бергенге үлгүрүп калдым. (Вокзалга жеткенде бир башкыр таксисттен анын жүгүн миң рубль төлөп,  Сузак районундагы айлына салып ийип сообуна калдым, аялы телефон чалып ыраазы болду, өзү бир жумадан кийин келди, ит көрбөгөн кордукту көрдүм деп). Казакстандын чегинде аябай тазалашты. Акыркы акчам эле деп  кейигендер толтура болду. Ар бир станция сайын токтотуп  сумкаңы аңтарып нашаа издегендер  пайда болуп калып атты. Кандай болбосун бир себеп таап, акча өндүрүп алганга аракет жасап, шыпырып атышты.

Москвага бараткан да дагы  проводниктер (казак семиз аял болчу)  оозу жык чемодан, сумкабыздын ичине жарылгыча контробанда товарларын ныктап салып коюшту эле, аны аңтаргандар улам эле окшош кийимдер чыга бергенинен шекшинишип, баарын сууруп чыгарып, алып алышкан. Мен баламы көтөрүп турганга чемоданымы аңтарганга даай алышкан эмес. Алар менен чечилишип бүтүп жолго салган соң, проводниктер калган товарларын бекиткен жерлеринен чукулап издеп,  кайтарып алган, бирок Москвага жетип, үйгө барып сумкаларымы ачсам бир нече  кофталар калып калыптыр. Аны кызымы ал десем, мага кереги жок дегенинен тааныштарга таратып берип жыргаткам.

Баламы жаныма апкелип кучактап отурсам да болбой ар кимиси бир келип эркелетип же көтөрүп кетишет. Россиянын абасы салкын эле, Казакстан  ысык экен. Балам  ары бери чуркап  ойноп жүрүп, мага күч келтирген жок. Болгону кайра-кайра кетебиз, түшөлүчү деп жалдырап атты. Марш тепкенди аябай жакшы көрөт, аны Москванын Кремлиндеги солдаттардан көргөн. Марш тепсе поюздун ичиндегилер жыргап жатып калышат. Марш теппей койсо, 10 рублден карматып атып тептирип атышып, балам бир топ акча чогултуп койду. Жетейин деп калганыбызда акчаларын кайра таратып  жүрдү, жөн кой дешсе болбой ыйлап, ыргытып  берип атты.

Мынакей Кыргызстан! О керемет жерим, жериңден, топурагыңдан айланайын кутманым! Кандай куса болуп, кантип сагынганымы сездиң бекен! Чет элде жүргөн ар бир адамдын  мекени кичинекей жүрөгүндө сакталуу деген акылман сөз бар, бирок, мекеним менин бир эле жүрөгүмдө эмес эки карегимде, акыл оюмда, ичимде, көкүрөгүмдө, бүткүл тулкумдан жарым секунд чыккан жок. Себеби топурагыңдан жуурулгам да менин мекеним Кыргызстан!

Чек арадан чыккан формачан текшерүүчү жаныбызга келип кыргызча сүйлөп калды.

- О кыргызча сүйлөгөнүңөн айланайын кыргызым, үнүңөн айланайын аман-эсен жүрөсүңөрбү? - деп жалынып ийсем, ооба, ооба эже, аман-эсен жетип алдыңыздарбы, келишиңер менен, - деди да, эч нерсени аңтарбастан  ары басып кетти.

- Эже сиз сагынчыңызды айтам деп, олжосунан куру калтырбадыңызбы? - дейт шериктеримин бирөө күлдүрүп.

- Кармана албай калдым да мекениме жеткенде. Абасын карачы, өзгөчө. Мындай абаны силер кайдан, качан жуттуңар эле?

- Сизге го бир эле жыл болуптур кеткениңизге, мага үч жыл болду, бирок сизчелик жүрөк каяктан болсун, сезим кылдарыңыз чертилип кетти, - деп экинчи шеригим өзүнүн мекенине кирип баратканына көңүл кош болуп койду.

Поюздун кошкуругу асманды тынч уйкудан ойготуп жиберди. Жерге нур себеледи. Таңды, нурду анан Күндү жетелеп Бишкекке жетип, оң бутум менен түшүп, ыйык топуракты бастым. Эл аз, Москвага такыр окшошпойт. Ырахатка батып, кучагымы болушунча кенен ачып, өз жерими кучактап турганыма миң мертебе ыракмат айтып кудайга жалындым...

**Поюздагы жети ойдун бири**

"Эл дүрбөсө, эшек кошо дүрбөйт" деп, Россиянын Красноярскисине (Кызыл Жар, мурда кыргыздардын жери болгон) жөнөдүм. Поюз биртике жүрүп барып эле Пишпекке токтоду. Ошентип токтоп отуруп кетип атабыз.

Түн кирди. Ачык асман. Жылдыздар өтө жакын көрүнгөндүктөн, поюздан түшүп эле терип алгың келет. Түтүн баскан шаардан жылдыздын бар-жогу билинбейт, а бул ээн талаадагы таза абада жылдыздар каалкып жакын эле төбөңдө тургандай. Баары уйкуда. Бир гана үн уктабайт: так-так, така-так.

Поезд шакылдайт. Уктап баратышат. Мен түн менен арбашам. Сойкунун өлүмү көз алдыман кете элек. Бирок, жинди Розаны ойлонуп баратам. "Менин өмүр баянымы китеп кылып жазыңыз" деп келиптир. "И болуптур" деп койсом айтып берди эле. Аларды ойлонуп да, жазып да кетип кылкылдап баратам. Ары бараткан үч жарым, бери келаткан үч жарым, бардыгы жети күнүм ойсуз өткөн жок

Лайли-Мажнун, Ромео-Жульетта, Ак мөөр-Болоттор кана азыр? Алардыкындай сүйүүнү Алмаш деген келин айтып берген.

***

Айнура менен Радиондун сүйүүсүндөй сүйүүнү көргөн эмеспиз. Биз Айнурага "Таттыбүбү сулуу" деген кличка коюп алганбыз, себеби Таттыбүбүнүн дал өзү, экинчи экземпляры. Толгон айдай толукшуп, жандан ашкан сулуу, мойну узун, калем каш, өңү аппак кагаздай, көздөрү ботонукундай, бойлуу.

Биринчи күйөөсү менен он жыл жашап балалуу боло алышпады. Кайненеси төрөгөн аял алперем деп, Айнураны кетирип жиберди. Күйөөсү Айнурасыз жашабайм деп артынан келсе, Айнура намыс кылып киргизбей койгон. "Аялымды кантип кетирсеңер, ошентип алып келип бергиле" деп энесине тили да тийет. Үйүндө чоң уруш чыгат. "Анда өлүп ал" дейт энеси. Эртең менен сарайга кирсе, уулунун асылган денеси эбак муздап, ыргалып туруптур. Кокуйлап бакырып-өкүрүп атып көмүшөт.

Айнурага кабар келсе, көктүгүн карматып барбай койду. “Күлүк ат менен сулуу аял – элдики” демекчи, жыл айланбай Айнура экинчи жолу турмушка чыкты.

Ал күйөөсү да ушунчалык сүйгөн белем, Айнуранын көзүнүн агы менен тең айланып, жанынан карыш чыгарбады. Сулуу аялды көрүп, ким көз артпайт? Көпчүлүктө же отуруштарда сугун арткан жигиттер Айнурага күйөөсүнүн көзүнчө эле таттуу сөздөрдү ыроолой коюшчу. “ Кызгануу – өзүн-өзү өлтүрүү” дегендей, кызганчаак күйөөсү ичип алып аялына кол көтөрө баштады. Бар тапкан шылтоосу: “Эмне үчүн баары сага көз артат? Кунаажын көзүн сүзбөсө, бука жибин үзбөйт, сен сүзүлүп коюп атсаң керек да”.

Бара-бара катуулап уруп, денесин көгала кылат. Айнуранын ата-энеси, бир туугандары, жакындары жогун билген зөөкүр каалаганындай бийлик жүргүзө баштап, ичкилик ичкен күнү катуу тепкилеп, кабыргасын, колун сындырды. Мунун соңу түрмө менен аяктады. Беш жыл жашаган күйөөсү түрмөгө кеткенде Айнура 35ке чыкты.

Эми күйөөгө чыкпаска ант берет. Андай болмок беле? “Түстүдөн түңүлбө” деп сөз айткандар өтө көп болду. Айнурадан өң-түс аябаган кудай пейилди да аябаптыр. Пейили кенен тил алчаак, жок дегенди билбеген ак көңүл, бала кыял. Сүйлөп атсаң сөзүңү бөлбөй, мыйыгынан жылмайып угуп тура берет. Эркектер эмес, аялдардын да ичи элжиреп кетчү. Эч ким менен байланышпаска жакшы эле аракет кылган. Бирок, Радион деген карис жигит көпөлөктөй чарк айланып, анча-мынча ишин жасап, машинасы менен үйүнө чейин жеткирип жүрдү. Радион аны кантип торго түшүрөрүн билбей, бир жыл убара чекти го.

Көзү жымшык, өңү серт, капкара, бою кыска, өзүнөн он жаш кичүү корей жигит менен турмуш курары Айнуранын үч уктаса түшүнө кирген эмес. Өңү жок болгону менен байлыкка тунган. Каристер жерди иштетип, майын сыгырып алат эмеспи. Акчасынын күчү менен Айнураны өзүнө имерди. “Ойнош оттон ысык” болуп, ысыктары күчөгөндөн күчөй берди. Бир жылдан кийин үйлөнүп тынышты. Сокулуктан Айнурага заңгыраган үй сатып берди. Радиондун ата-энеси каршы чыгып, он жаш улуу аялды алганына, болгондо да кыргызга үйлөнгөнүнө намыстанышты, тилдешти. Радион машинасын айдап, ата-энесинин үйүнөн чыгып кетти.

Айнураны иштеген ишинен чыгарып алды. Улуу болсо да өңү-түсү, кыял-жоругу менен жаш көрүнгөн периштесин алаканына кондуруп, куштай бакты. Жайы-кышы үйүндө жаңы гүлдөгөн букет гүлдөр турат. Алынын жетишинче эркелетти, алдына отургузуп, өз колу менен тамак жедирди. Ар жума сайын саунага алпарчу. Бутунун учунан чачынын учуна чейин жууп, тырмагын алып берчү. Тамактын түрүн жасайт. Айнура кир жууп калса, кошо жуушат. Айнуранын кызылы-кызыл, агы-ак болуп чыга келди. Сулуу кишинин жеңилин жерден, оорун колдон алса ого бетер ажары ачылып чыга келет турбайбы!

Биз Айнура менен баштагыдай көрүшө албай калдык. Себеби Радион аны эркектерден гана эмес, бизден да кызгана баштады. Таң атпай жумушка жөнөрдө аялын ойготпой, жада калса будильникти сыртка чыгарып, терезени караңгылап, дарбазага эки кулпу илип кетет экен. Көчөгө чыгуусуна да тыюу салып, кайда барып, кандай иш жасабасын, машинада Радиондун жанына отуруп барып келет.

Эртең менен ишин жайгаштырып бүтүп, саат онго жакын үйүнө келип аялын өөп жыттап ойготуп, тамак жедирип кетет. Кайра түштө келет. Деги койчу, өз баласын да эч ким ушунчалык бапестебестир, куурчагындай бакты. Аялуу буюмду кастарлап, бүлүндүрүп албагандай аяр мамиле жасады. Кийимди түрлөп кийгизди. Айына эки жолу Ысык-Көлгө алпарат. Алар барбаган Россиянын бир да чоң шаары калбаган болуш керек. Кыскасы, биз Индия киносун көргөндөй эле болуп калдык.

Атаганат, бул да өкүнүч менен аяктады. Эрди-катын болуп беш жыл жашагандан кийин Радионду ата-энелери алып кетип калышты. Тууган-уруктары чогулуп жазалашты. Жыйырма төрт жашынан бери өзүнөн он жаш улуу, төрөбөгөн кыргыз аялды ээрчип жүргөнүнө күйүнүшүп, отузга чейин балалуу болбой жүргөнүнө кейишти. Өзүнө окшогон серт, көзү жүлжүк, жаш карис кызына үйлөндүрмөкчү болушканда, аргасы түгөнгөн Радион бир шарт менен макул болот. “Баарына көнөйүн, Айнураны таштабайм!” дейт. Туугандары ары кетип, бери кетип: “Балалуу болгондон кийин байланып калат, ага чейин эрмек кылып турсун кыргызды” дешиптир. Болгон окуяны Айнурага жеткиргенде, ал талып жыгылат.

Жаны бир болуп калган экөөнүн сүйүүсү жалбырттап, алоолоп баратса, ага муздак суу чачкандары кандай?

Айнура муну күткөн эмес эле. Ынтымактуу жашагандан кийин бала багып алабыз го деп жүрүшчү. Айнура мындан аркы жашоосун Радионсуз элестете албайт болчу. Бир ай төшөктө жатып калды. Туруп басса эле мурдунан кан диркиреп агат. Радиондун жүрөгү түшүп калды. Участкалык врачты машинасы менен ташып, көрсөтүп жүрдү. Тамакты түрдөп жасап, жебеген эркине койбой жегизет. Айнура баштагы эркелигин түк көрсөткөн жок. Жер тиктеп, аз сүйлөйт. Бүт баары кан буугандай токтоду.

А-бу дегиче, ачып көздү жумгуча алты ай өтүп кетти. Туугандары келе берип жадаткандан улам, Радион үч күндөн кийин келем деп суранып кетет. Барары менен  үйлөнтүп салышыптыр. Тою үч күн эмес, беш күнгө созулат. Келсе Айнурасы жок. Алыс туугандары үйдү ээлеп калыштыр. Айнура көз көргүс, кулак уккус жакка кетип калгандай. Радион жалдырап ыйласа да туугандары айтпай коюшту.

Кийин билсек, ошол заңгыраган үйдү шаар четиндеги туугандарынын бир бөлмөлүү квартирасына алмашып кетиптир, даректи эч кимге айтпайсың деген шарт менен. Ал Радионду аяганы экен. Төрөбөгөн аял үчүн жапа чекпей, тапканы менен балалуу болуп, тең карысын дегени экен. Айнура менен көрүшө албай калдык. Тууганынан гана кабар алып турдук. Ооруп атыптыр, катуу имиш. Айнура ага: “Мага эч ким келбесин, эч кимди көргүм жок, мен өлсөм көмүп койгула да, үйүмү алып калгыла” деп колуна жыйырма миң сом карматыптыр.

Бир күнү Айнурадан кабар алайын деп ошол Сокулуктагы алыс тууганы жашап калган үйгө келаткам. Карасам эле далдоо жерде Радион машинасы менен турат. Сүйүнүп кетип, аны карай бастым. Ал да аябай сүйүнүп кетти. Көрсө, шордуу дайыма келип, Айнура чыгып калабы деп, үзүлбөгөн үмүт менен пайлайт экен. Аябай сагындым дейт бечера. Бир ай ичинде чүнчүп кетиптир. Өзү деле өңсүз неме эле, ого бетер куниги кетип шалпайып калыптыр. Айнураны таап бер

деп жалдырайт. “Сен эмес өзүм жолуга албай атам, катуу ооруп атыптыр” десем аябай капа болду. Кетеринде “кокус таап калсаң, кабар берип койчу” деп жалдырап кетти.

***

Так-так, така-так... Ойлоно берип акыры жеттик Бишкекке. Бир топ жаңылыктар болуп кетиптир шаарда.

Ушул окуяны айтып берген Алмаштын иштеген жерине атайын бардым, Айнура жөнүндө билейин деп

- Мы Айнуру похоронили, - дейт.

- Апей койчу, кандайча? – деп чочуп кеттим.

- Ак кан менен ооруп калса керек. Бир да жолу доктурга барбаптыр. Үч жолу турмуш куруп, үчөө үч башка тозок, үч башка жыргал менен өттү. Эми кайсы тозогуна түшөйүн десе керек байкушум, - деп Алмаш ыйлады.

- Кап, жаман иш болуптур, арты кайырлуу болсун. Радион келдиби?

- Радион адегенде уккан эмес болчу. Айнура өлөрүндө квартирасын алыс эле тууганына өткөрүп, Радион өлүмүмү укпасын деп, аябай өтүнүптүр. Жаман кеп жерде жатчу беле? Жетилиги күнү Сокулукта жашаган дагы бир курбубуз базарга барбайбы, майда-чүйдө алганы. Радиондун ата-энеси алып берген келинчеги базарда соода кылат. Караса Радион келинчегинин жанында туруптур. Тиги курбум келип эле:

- Радион, Айнура каза болгонун уктуң беле? – деп ийиптир.

- Эмне? - деп Радион чочуп кетет - эмне деп атасың? - деп кекиртектен алыптыр. Колдору калчылдап, өңү бузулуп эле тиги курбубузду татырактатып сүйрөп, машинасына салып алып учуртуп айдап кетиптир. Базардагылар аң-таң болуп ооздорун ачып калып калышат. Жолмо-жол боздоп ыйлап келиптир. Экөө жашап жүргөн баягы үйгө Радион өкүрүп-бакырып кирип барганынан сестенген Айнуранын туугандары эмне болуп өлгөнүн бүт айтып беришкен. “Мен кетпесем өлбөйт эле” деп өксүйт. Дубалга башын койгулап, колу менен жерди чапчыйт. Жулунуп тура калып машинасына чуркайт. Колунан кармагандарды топтой ыргыта коюп, жин ургандай машинасын учуртуп айдап, чаңды асманга сапырылтып, чоң жолго чыгат. Айнуранын туугандары жана машина менен артынан кууп жетип келген Радиондун инилери артынан кууп жөнөшөт.

Жолдон чымын-куюн болуп бараткан Радионду МАИ кызматкерлери да кууп жөнөшөт. Зымырык куштай учуруп келаткан Радион Сокулуктун суусуна машинасы менен кулап түшөт...

Ошентип Радион Айнуранын артынан жөнөп кетти.

Алмаш буларды айтып бүткүчө көзүнөн жашын тыйган жок. Мен аларды көрбөсөм деле катуу кейидим.

- Жаман болуптур, качан болду? – дедим.

- Радионду кечээ коюшту.

Ичим ачышып калды. Алмаштан Айнуранын сүрөтүн көргөзчү дегем. Ал бир нече жолу барып, алалбай келген. Бул жолу дагы суратып жиберсем барыптыр, барса Айнуранын үйү талашка түшүп атыптыр. Дагы бир жакын тууганы

табылган имиш. Ыраматылыктын өз колу менен жазып калтырган керээзине карабай, үйдү талашып, кызыл чеке болуп атышыптыр...

Ка-ап, бири кем дүйнө! – деп көпкө чейин унута албай жүрдүм.

1998-жыл.

**Эркин темалар:**

**Кыргыздар кайсы тилде сүйлөйбүз?**

"Мен чистый кыргызмын" дейт кээ бир кыргыздар. Анан ушул кыргыздардын чиста кыргызча сүйлөшкөнүн жазайын десем вообще колум тийбейт. Себеп дегенде малюсинький чөжөлөрүм бар, ошолорду кармить этем. Даже чай ичкенге некогда. Оштон Жыпар чалып, дагы эле чөжөлөрүңү багып атасыңбы, вообще интересный экенсиң. Ондон көрө ыр жазбайсыңбы дейт. Моменти келгенде жазармын дейм да, чөжөлөрүмө чуркайм. Кашмар, мен Жыпар менен сүйлөшкөнчө битта чөжөмү ит согуп кетти. Ит болбой өлүп кал, көчөдө каңгып кал, ылайым ит атар атып кетсин.

Баса, помните, Расул Гамзатов жазбады беле, каргыш айтып урушкандан биздин аялдарга эч ким жетпейт деп. Откуда! Урушкандан набарот биздин аялдарга дүйнө жүзүндө эч ким жетпесе керек. Мисалы баласына: өлүгүңү көрөйүн кара башыңы жегир, өлүп кал эле өлүп кал, эрине: ай-талаада калып өлгүр, боор этиңи жеп кал. Же болбосо өлүгүңө отуруп калайын чирик мээ, балакет-мээнетими алгырлар. Жер менен жексен болуп кал. Тукумуң кырылсын. Жашыма жетпе. Жакшылык көрбөй өткүлө. Күзгө жетпе, күзгө жетсең кыркка жетпе. Дагы море каргыш, может жаңылам. Бул да ничего, баары биригип келип эркектердин "энеңди сенин" дегенине жетпейт ко чиркин! Вот так. Өз энесин ... элестете бер анан... Өла-а.

Кечинде ЭлТРди көрүп атсам, кашмар, бир семиз киши сүйлөп атып, столу сынып воморок упал. Кудай сакта! И еще оператордун көрсөтүп туруп алганын карабайсыңбы, ужас. Же тиги киши до конца жыгылып калбайт, же тура албай ырасакам кыйналды. Дагы бир передачасында сүйлөп атат: Биздин интерес бар үчүн келдик да. А вообще келбей деле койсок болмок. Временный өкмөткө барсак пропускат этпей атат. Гезитке обращение жазганбыз, бирок атвет жок. Пусть жообун беришсин.

Дагы биринде: Бизге жер паложна. Каждый житель өз өлкөсүндө жер алууга имеет права. Если дагы эле минте беришсе, то есть жер бербей, заставить этип бизди кууй берсе, тагда пасмотрим, дальше эмне кылышты.

Эмесе теледеги сүйлөшүүлөрдүн дагы продолжениеси:

- Рассадаларды азыр пересадка кылганга болбойт. Потому что кеч, күздө можна.

- Азыр пагода реска прохладна болуп калды. Может эртең кайра ысыйт. Вообще-та сентябрда слишком ысык болот деп атышкан. Пасмотрим да.

- Мага персонально эч ким кайрылган жок. Эч бир должносту предлагать эткен жок. Так, что мен азыр бошмун.

- Бири-бирибизди огорчать эткенден чо толку. Лучше сый болуп эле, көргөн жерде здраствуй, досвидания дегенге жарап эле жүрө берген жакшы.

- Биздин товарлар ар кандай да, себеби жалобдор көп түшүп атат. Азыр большинство товарлар китайский болуп калбадыбы? Может качествосу не то болушу мүмкүн. А так, большинство кытайдан келет. Если кытайдан хотя бы үч күн продтовар келбей калса, Кыргызстан ачка калат. Признавать этиш керек кытайды...

- Список боюнча уточнить этип атабыз. Примерно миллион болот. А вообще-то данный момент точно эмес.

- Мен кыргыз элиме капли жамандык кылган жокмун, нет андай эмес дешсе, давай бетиме айтышсын. Зачем тымызын сүйлөп. Давай беттешели. Мен толька жакшы иштерди жасадым ради элим үчүн. Чуть что мен крайный болуп чыгып калдым. Так не пойдет да".

Эми маршруткадагы эки кыздын сүйлөшкөнүн паслушай:

- Пареним мени очень любить, өлгүдөй ревнивый, а мен набарот. Он существует, не существует вообще ишим жок.

-Значить сен не любиш. Бедный Нурчиктин убалына калбай таштап сал да.

- Ой нет, онте албайм. Биз бири-бирибизге привыкли. Я не смогу ансыз, ал менсиз ни может.

- Да ну пашла, только что эмне дедиң...

- Нет, правильна, я терпеть не могу, но көнүшүп калдык да друг-другу.

- Помнишь Отуз-Адырский Бахтиярды, аказывается без вести пропал.

- Ал уже табылган, журналистка жеңеси приемник распределителден таап келген.

- Ой боже мой, качан?

- Недавна. Помнишь кызга окшош Азатикти, его скоро армияга отправить, прикинь он мамина сыночек.

Телефондогу сүйлөшүүдөн:

Сариев айтат, бул сумманы бериш үчүн казначействодон өткөрүш керек, анда сумма фиксировать этилип калат да.

Гезиттердин (200 орфографический ошибкаларын эске албаганда) чистый кыргызча жазганы болбосо, теледе вообще порядок жок. Точка, запитой бовойт. Хотя тартып жатканда предупреждат этип, только кыргызча, точно сүйлөгүлө деп коюшпайбы. Биз бул тилди Кыргызстанда гана сүйлөсөк майли эде го, даже Москванын центринде сүйлөп окемдердин ооздорун ачырганыбызчы. Бир жолу метродон битта орус менден сурап атпайбы: "простите пожалуйста, Вы на каком языке говорите?" деп. На киргизском десек, "ё моё, у Вас чо свой родной язык нет" дегенде мине дээрибизди билбей, "нет, ой ес, то ест нет, апей кокуй эта у нас ест радной язык" деп чулдурап жүда ит болгонбуз. Анан ал орус таптак кыргызча: "Эч нерсе эмес. Боло берет турмушта, особенно кыргызда" деп ордунан туруп чыгып кеткен. Ой тобоо, окемдерди да кыргызча сүйлөтүп салган не деген керемет баатыр элбиз.

Келин баламы кыргызча сүйлөсөң боло десем, вай даат, мен чистый кыргызча сүйлөйм у, сиздерчи шаардыктар, совсим не понятный сүйлейсиздер у. Битта мартама күйөвүмө ниме орусча кошуп сүйлейсиңер десем, а силер өзүңдөр кайсы тилде сүйлейсиңер дейт, вай. Ондо минеге мени алып алдыңыз эди менин тилим жакпаса деп урушсам, олам урушуп сен баштадың юу дейт. Нимеси босо ям бири-бирибизге түшүнөбүз у. Ол жака барганда кыргыз боп калыпсыну деп мазакташат та силерче сүйлеп барсак. Ону үчүн көнгөн тилибиз эде жакшю.

Сен сүйлөгөндө кээ бир сөзүңө түшүнбөй калам десем, ниме бопту, күйөвүм которуп берип коет дейт.

- Күйөң сенин тилиңе өтпөй, набарот сен күйөңүн тилине өтүшүң керек ко.

- Ёо, коюң, онсузам апамдар ниме деп сүйлеп кагансың деп битта мартама барганымда кейиген эди.

Аңгыча баласы ыйлап калды. Вай, Кулпунай, өлүп кал, канаяктасың, уй, өлгүр, баланы каравайбедиң. Нимеге чыгып кетесиң? Ва-ай өлтүрүп, өлтүрүп койсомба а?

Менин да балам жыгылып бакырып ыйлап калды. Мен: вай даат, име болду, ниме жыгылдың, ким ол сени түрткөн. Болду энди ыйлавай, тек тур эшектин баласы, жүзүңү сүртөйүн. Боловусуң, жокпусуң...

Келинимин каткырыгы чыкты: Вой даат эже, сизам бизче сүйлеп ийдиңиз у? Омей, чын эле эй. Ушинтип эле бат эле ооп кетет экенбиз да дегенимче Бектуруш акын чалып калды:

- Уй, сенбисиң?

- Мен эдим.

- Жакшывысың.

- Жүдаа сазмын.

- Уй, тилиңе жан кирип каганвы?

- Келиним сенин айылыңан эди.

- О ондо тууганам болуп кететкенбиз ю.

Кытайдын кыргыз телесинин кыргыз кожоюн кызы Бишкекке келип сүйлөгөнүбүзгө такыр түшүнбөй коюптур. Базарга барып соода кылса "Сиз чо Ошская?" деп сураптыр. Ошкой деген эмне дейт. Ошту айтышса, а Оштуктар мага окшоп орусча билбейби деп сурап атпайбы. Анан ал иймейген кыздын өтө таң калтырган суроосу эле: "Кыргыздар силер кайсы тилде сүйлөйсүңөр? - болду.

Силер тоже ойлонуп талдашкылачы, биз кайсы тилде сүйлөп баратабыз? Или ж кайда баратабыз? Байыркы кыргыз родителдерибиздин тилин эмнеге сактай албай, бузуп салдык? Буга ким виноВать? Тилибизге тартип вообще качан орнойт деп эле түн уйкуму разрушать этип обдула берем?

Ваай даат, яна битта чөжөмү согуп кетти. Бу бандит иттерди энди ниме кылышым керек, зараза.

Кыргыз тилинин бузулушуна өтө кейиген кыргыз кызы Иванова Аэлита же bukarakg @ mail.ru

**Турса**

Ушу сөздүн кандай жазылышын билбей койдум. Труса, трусий, турсий, турси, же трусик, кандай айтса деле түшүнүктүү боло берет, айтор шымдын ичинен кийген кыска ыштандын окуясын жазайын дегем. Аны мага Зарина деген келин айтып берип атат:

- Арыраак жашаган бир келиндин күйөөсү үйүндө жатып эле өлүп калды. Ыраса боорубуз ооруду. Өзү да иймейгенден иймейген, бөлбүрөгөн неме эле, ого бетер болбой калды шөлбүрөп. Эшигинин алдынан күндө өтөбүз, себеби жолубуз ушундай. Качан да болсо эшигинин алдындагы тартылган зымда бир эркек турсий илинип турчу. Аның эмнең деп сурагандарга, эри бар экен деп ойлошсун, ар ким эле жыртактап келе бербей үркүшсүн дептир. Аны укканда ии, бечара, анан эмне кылсын деп боор ооруп койдук. Ошол күйөсүнөн калган жалгыз турсийди күндө ар башка кылып, аласын ары каратып же бери каратып, же оодарып алмаштырып жайып коет. Адегенде боорубуз ооруп жүрчү, кийин күлүп калчу болдук. Себеби күйөсүнүн өлгөнүнө о бир топ болуп калган.

Анан эле бир күнү турсий алмашылып калыптыр. Бир турсийди карап көзүбүз көнүп калган эле да. Бирөөсү жаңы сатып келип койсо керек десе, кээси ка-ап, акча коротпой бизден эле сураса болмок экен, берип коет элек деп тамашага чалышты, болгондо да эркектер айтып атты. Бирок ошол турсий кашайып эле тааныш болуп туруп алды. Себеби, мындай турсийлерди чанда гана кишилер кийишчү, акыркы маркадагы турсий эле.

Үйгө жетип келип эле шкафты ачып күйөөмүн парашюттарын карадым. Дал ошол Сурияның үйүндөгү илинип турган турсийи жок болуп чыкты. Адегенде шамал учуруп кеткендир деп ойлодум. Кайра жууйм деп сыртка унутуп коюп, ит тиштеп Сурияның үйүнө апарып таштагандыр дедим. Балким кийип кеткендир деп өзүмдү жубаттым. Шымын шыпырып карап көрөйүн десем эрим иштен жакында келбейт. Үй куруп атам деп кайсы бир алыскы айылдарга кеткен. Же азыркыдай сотка жок, чала коюп дароо эле кайсынысын кийип кеттиң эле деп сурай коюуга.

Эртеси ишемби, жекшемби болгондуктан ишке барбай үйдө эс алып калдым. Кайдан эс алам, тигинин кирлерин, өзүмүн, эки баламын, анан шейшептерди, иши кылса суй жыгылдым.

Эрте менен ишке баратып, Сурияның турсасы турабы деп карасам, кудай сакта, күйөмкүндөй кыпкызыл турсий жайылып калыптыр. Бул эмне эле менин күйөмкүндөй турса сатып алып атат деп ойлоор менен мээме бир нерсе тык эте түштү да, үйдү көздөй чуркадым. Шашып бушуп кечеги парашюттарды карасам, дагы ошол кызыл турсасы жок чыкты. Кайра лакылдап Сурияның үйүнө бардым да, Сурия деп кыйкырсам, өлөсөл ити кыңкылдаганда 1-класста окуган баласы чыкты.

- Апаңы чакырчы, - дедим.

- Апам жок еде.

- Каякка кетти?

- Стройкага иштеп атат, ошоякка кетти.

- Эмне кир жуугуч болуп иштеп атабы?

- Йо, аш бышыргыч болуп.

- Качан келет?

- Эки-үч күндө бир келип кетишет.

- Кетишет? Кимдер менен?

Баласы унчукпай жер карады. Мен дагы тактап сурадым. Билбейм дегенден башка эч нерсе айтпай койду. Анан алдай баштадым.

- Мен сага сонун бирдеке сатып берем.

- Име?

- Эмне кааласаң ошону, көрдүңбү? - деп капчыгымдагы акчаларды көрсөттүм.

- Чынбы?

- Чын.

- Битта ака менен келет.

- Ол акаң каякта жашайт.

- Билбейм.

- Мурда ушул айылдан көрдүң беле?

- Көргөм, бирок үйүнү билбедим.

- Баса апаң кайсы айылда иштеп атты эле?

- Оногу, – деп колу менен жаңы түшүп аткан Ак-Чий курулушун көрсөттү. Мен эс ала түштүм. Себеби менин күйөм алыска кеткен, демек ал эмес, жөндөн жөн эле балакайга бир буюм карыз болуп калдым. Бир сомдуктан бешти сундум, мегой, азырынча бир нерсе алып жеп тур, мен дагы келем деп ишке чуркап кеттим.

Арадан үч күн өткөндөн кийин карасам баягы биринчи илинген турсий кайра илинип калыптыр. Ишемби күнү жөн эле карап коеюнчу деп зерикпей басып келсем, боз турсий турат, дагы эле баягы көрүнүш, үйгө бармай, шкафты ачмай, ордунда жок чыгып, кайра Сурияга келмей.

- Келиң, - деди баласы мени көрүп.

Апасын сурасам, түндө кеч келишип, саар менен кетишкен деди. Балага ошол үйдү көрсөтчү, жүр деп ээрчитип алып жөнөдүм. Жетели деп калганда баласына 10 сом берип, артка жөнөтүп ийдим.

Менин күйөм коюп аткан паксаны жаздемдебей тааныдым. Пакса коюштан эч кимди алдына өткөрбөйт. Күн катуу ысып аткан, түштөнөр маал болуп калган. Коргону жок дубалы бүткөн үйгө кирип баратсам, «сизге ким керек?» деди бир бала.

- Толубай аке керек эле.

- Эмне кылат элеңиз? - деп менден шексинип карап калды.

- Пакса койдурам дедим эле…

- А-а, анда кичине күтө туруң, аялы экөө душка түшүп атат, - дейт.

Калтырак басып кетти. Менин күйөм аялы менен душка түшүп атканы эмнеси, шашпа сени элеби, эми менден өлдүң деп ичимден өрттөнүп аттым. Алар жайкы кап менен тегерете тосулуп, үстүнө суу толтурулуп коюлган эски бочка орнотулган душта түшүп атышты. Деги бир ордумда чыдап тура алсамчы. Чуркап барайын дейм, жанагы уста баладан уялам. Ал кирип кетери менен шыпылдап душту көздөй жөнөдүм. Мен жеткиче эле Сурия халат кийип, чачына

сүлгүнү домпойтуп оронуп чыга калды, эрим болсо ичинде калды. Мени көргөн Сурия таң калып карап туруп калды да, "келиңиз" деди ыйбагып.

- Келиңиз дейсиңби, мына келдим, и дагы мине дегиң бар, башка дагы сөзүң барбы, менин эрим менен жыргашып атасыңбы, же мени сокур көрбөйт, дүлөй укпайт дейсиңби? - дедим эки бөйрөгүмү таянып. Ал көзүн алайткан бойдон мени карап калды.

- Өлүмүш болгуң келип атабы э? - дедим да жакын келип башындагы сүлгүсүн жулуп ыргыттым. "А-ай" деп ооруган чачын кармап калды эле келиштирип туруп башка салдым. Анан өзүмү кармай албай калдым. Жыга салып тепкилеп эле жатып калдым. Ал чаңырып ыйлады. Паксанын ичинен жанагы уста бала "эй эже, эмне болуп атасыз?" деп чуркап келди. Душтун ичинен "Сурия эле Сурияллап" кыйкырып аткан "эрим" жылаңач эле чуркап келди да мени күч менен түртүп жиберди. Жыгылып барып кайра шарт тура калып жанагы жылаңач киши менен тиктешкен бойдон нес болуп катып калдым. Ал:

- Сенсиңби?- деген бойдон далдырап туруп калды да, жердеги Сурияныи сүлгүсүн ала коюп турсий кийилчү жерин ороп калды.

- Апей, сиз белеңиз? - деп далдырап оозуму ачкан бойдон чалк этип жерге кулап түштүм.

Көрсө эрим эмей эле кайнагам экен. Абысынымын көзү өткөнүнө сегиз жыл болсо да үйлөнбөй жүргөн. Жер жарылса түшүп кетейин десем, жер да жарылбай койду. Өзүмү коерго жер таппай жандалбастап аттым. Жанагы уста, Сурия, кайнагам, мен төртөбүз арбашкан бойдон катып турабыз. Алар эмне болуп кеткенине түшүнбөй калышты. Бир турсийдин айынан шерменде болдум. Кайнагам тескери бурулуп кайра душка кирип кетти, ал келиним мени кызганып атат деп ойлоп калды болуш керек. Уста бала да ары көздөй келген жагына жөнөдү. Сурия дагы эле чүрүшкөн бойдон эки колу менен денесин бекем кучактап турат.

- Э Сурия, кечирип кой, ит болдум. Сенин күйөң менен жүрөт дешкенинен издеп келген элем. Акеме айтып түшүндүрүп кой, мени кечир алтыным. Сенин го астыңа түшөм, эми акеми канттим? Бетим күйүп калды, өлдүм. Бактылуу болгула, менин тилегим силерге жакшылык, - дедим да бетими табактай кылып салаңдатып ордуман туруп, келген жолума түштүм.

Үйгө үшкүрүп, онтоп атып келсем, күйөм келип калыптыр. Кайда жүрөсүң дейт. Мен турсий жөнүндө айтып бердим.

- А, ал турсалар меники, акем бүтүнүрөөк, кийгенге жарай турган турсийиң болсо берчи, Сурияга барып атам дегенинен жаңыларын бергем, - дейт кебелбей.

Мен дагы ары жагын айтып бердим. Ал:

- Дени-кардың сообу? - деди. Мен:

- Билбейм, - дедим.

- Дөөпай, - деди да, паксадан алып келген акчаларын ыргытып берип, уктаганы кирип кетти.

Мен жакшы кошуна курдашымы чакырып алып баарын айтып берип ыйладым, ал күлдү. Анан күлкүсүн тыйып мостоюп отуруп калды да:

- Ай, күйөң апкелген акчаны алып, Бишкекке кетип кал да, соода кыл, - деп акыл айтты.

Аны кетирип ийип мен кийимими иреттеп салыштырып, күйөмө ыраса сонун кат жаздым, эки баламы кошо табыштап мага берген акчасынын жарымын алып, түнката жөө жалаңдап вокзалга келдим. Бишкекке бир киши болсо эле кетебиз деп турган таксиге түштүм да борборду көздөй зымырап жөнөдүм. Дароо эле Ала-Арча базарына барып түшүп, соодага аралашып кеттим.

Үйүмү, машинамы соодадан таптым. Күйөмү чакырып алгам. Эки балам тең үйлөндү. Сурия менен кайнагам үч балалуу болушкан. Мен бир да жолу айылга кайтып барган жокмун. Экөөнүн жүзүн эле эмес, жакындарымын да жүзүн карай албайм. Турсийдин окуясын мен бир эле кошуна келинге айткам, ал да бирөөгө айтыптыр, ошол аркылуу бүт айылга жайылып кеткен. Суриянын "турсий жайган үй" деген аты калып, мени "турсийге таарынган Заринадай болбочу" деген атка кондурушкан. Өзүм гана кээде күйөмө айтып калбасам, ал бечерам эстебейт деле.

Адегенде мени кектеп таарынып жүргөн, качан гана ишим жүрүшүп андан алган акчаны үч эселеп кайра өзүнө салып ийгенимден кийин гана таарынычы жазылып менин артыман келди. Шаарда деле паксачылык кылып иштейт. Буга паксаны чабалекейдин үйүндөй кылып тегиз койгонду жанагы кайнагам, Суриянын күйөсү үйрөткөн. Кайнагамын аты Тогузбай болгондуктан Толик деп коюшчу. Мен Толубай керек эле деп барганда баягы уста бала Толик акенин аты ушундай го деп ойлоптур болчу.

Зарина күлбөй мостоюп туруп айтып бүттү. Менин күлкүм келди эле бирок тыйдым. Ал мени менен коштошуп Баткен базарын көздөй кетти, мен сегизинчи троллейбуска чыгып, орундукка тескери карап отуруп алып боорум эзилгиче күлүп кете бердим.

**Кайнатам экөөбүз жашачубуз**

Согуш мезгилиндеги иймейген жаш келин, а азыр болсо барандуу балпайган байбиче болгон ушул чоң апабыздын айтып бергени:

- Мен деле силерге окшоп жаш болгом. Чүйгүндүү Чүйдүн чырайлуу кызы болгонум менен түштүккө турмушка чыккам. Мугалим агайды жакшы көрүп калып, «ала качып кетейин» десе эле макул болуп качып кеткем. Каякка ала качарын сурап албаптырмын. Жердин чегин Кара-Балтадан, бир жагын Кеминден бүтөт экен деп жүрүптүрмүн.

Мен баргандан бир айдан кийин кайын энем капыстан катуу ооруп, каза болуп калды. Күйөөм, кайын атам үчөөбүз жашап калдык. Кайын энемин кырк ашын бергендин эртеси жанагы алаамат башталды. Күйөм мугалим болгондуктан согушка биринчи чакырыкта эле кетти. Ыйлап-ыйлап узатып кала бердим. Ал болсо түндө эле ыйлап алган. Эки сөзүнүн бири эле «эми сен кантесиң?» болду. «Жылуу жайыңдан бекер козгопмун, эми мынча болду, чыда жаным, күт мени, мен сөзсүз аман-эсен келем» деди. Анткен сайын сай-сөөгүм сыздайт. Акыл-

насаатын айтты, атама жакшы кара деди. Ошондо кайнатам элүүдө болчу. Азыр ойлосом жаш эле экен. Мага аябай эле картаң көрүнчү.

Ошентип бир үйдө төрт дубалды кучактап кайын атам экөөбүз жашап калдык. Эки көзүм төрт болуп, почточунун жолун аңдыйм. Үшкүрүнөм, ыйлайм. Оозума салган ырыскыны жулдуруп алгандай болуп жашап жүрдүм. Адам болгондон кийин баарына көнөт экенсиң. Күйөөмөн адегенде тез-тез кат келип атты. Учеба дегенде машыгып, согушка даярданып атабыз деп жазчу. Акыркы каты согушка аттандык деп келди. Күз келди, кыш келди, бирок күйөөмөн кат келбеди.

Кайнатам көп ойлончу болду. Кара сакалын сылап, жерди карап көпкө чейин тунжурап отурчу. Менин «ата ичиңиз, жеңиз, кириңиз, жатыңыз» деген сөздөрүм да азайды.

Күйөөмөн кат келип атканда атама баласынын катын мен окуп берип, ал баласы жөнүндө бежиреп айтып берип сүйлөшүп дегендей, ортодо тунжуроо жок эле. Такыр эле сөз түгөнүп калган күнү мурунку каттарын кайра окутчу. Ортодо тынчтык катуу өкүм сүргөндөн кийин бири-бирибизди ыңгайсыз сезе баштадык. Мурда ким биринчи жатса ошонубуз уктап кетип, кийинкибиз беймарал кирип жата берет элек. Үйүбүз бир эле бөлмө болчу. Жаткандан кийин көпкө түйшөлүп, уктай албай үшкүрүк көбөйдү. Анан ары карап, бери карап оодарылмай. Үшүп кетип жамынганыбызды, ысып кетип ачынганыбызды сезишип жата беребиз. Мен дымымы чыгарбай ыйлап алам.

Күндө эле ушул көрүнүш кайталанат. Мен күйөөмү сагынсам, атам баласын сагынат. Бир күнү атам сакалын кыскартып алыптыр. Күндүз элес алган деле эмесмин. Түндө жатканда эле бир арам ой мээме кылт этип түшүп кетти. «Атам менин койнума киргени жатабы» деп чочуп алдым. Кирмек түгүл оодарылбай уктады ал түнү. Эртеси түнү «атам эгер менин койнума кирсе эмне болот болду экен?» деп ойлодум.

Күндүз кара жанды карч уруп иштеп, жумуш менен алекпиз. Түн киргенде эле балээ болду. Сезим деген жаман нерсе экен да. Эгер атам «кел, келиним, күйөөң жок кыйналып кеттиң, буттарыңы укалап берейин» деп жаныма жатып алса эмне дейин, макул боло берсемби деп да ойлочу болдум. Күйөөмүн өлүү, тирүүсүнөн дайын жок. Анын өңүн да унутуп баратам. Көкүрөктөн, сандан кармап тийишкен эркектер да калбай калды айылда.

Кээде таң атканча уктабай чыгам. Кайнатам түндө дамбалчан, кийимчен жатчу эле, эми майкачан жатчу болуп калды. Аны көрүп, анан күздө жайлоодон келаткандагы бир окуяны эстеп алып кызык болуп кеттим. Жайлоодон атам кара качыр, мен боз эшек минип түштүк. Айдаганыбыз мал. Бир маалда качыр кирген буурадай эле айкырып келип мен минип келаткан эшекке тап берип калбадыбы. Качан кайнатам учуп түшөт же качыр мени ыргыта тебет экен деп менде жан жок. Кайнатам уялып, «тек, жөн, ыя өлөт алгырдын малы» деп алынын жетишинче тизгинин тарта берип колу карышып калганда, ат минип келаткан малчылар качырды камчы менен башка-көзгө чапкылап токтотушкан. Ошону эстеп уктай албай, туруп барып сыртка чыгып, аябай ыйлагам. Көрсө жаш экем да.

Чүйүмө кетип калайын десем унаа жок, заман оор эле. Согуш болгондон бери туугандарым менен кабарлашпай калгам. Бул жерге байланып калганга балалуу болуп калсам жакшы болбойт беле? Күттүргөн жаз да келди, элди ээрчип жайлоого чыктык. Эмне кыларымы билбейм. Же атам дүңкүйүп унчукпайт. Эгер унчугуп «ыраазымын, өз жериңе кете бер» десе деле кантип кетем. Же мен кеткенден кийин күйөөм келип калсачы деп ойлой берип шилидей арыктап бүттүм. «Өлдү» же «тирүү» деп алакандай кагаз келсе биздин турмуш өзгөрөт эле. Антпесе атам менен бир үйдө жатыш ыңгайсыз болуп баратты.

Ошентип укташа албай жүргөн күндөрдүн бир күнүндө күйөөм келип калды аскерден. Бир буту жарадар болуп догдурда жатыптыр. Согуштун кайнаган жерине кирип кетип катты аз жазыптыр, анысы да бизге жетпептир. Көкүрөгү толо орден, медалдарды тагынып аскер киймин кийинип машина менен келип, үйдүн түбүнө түшсө, кайсы орус деп карап калыппыз. Кайнатам кыйкырып жиберип, кулунум деп барып баса калды. Эл заматта толуп чыкты.

Мен уялып качып жүрбөйүмбү, ууруму карматкансып. Кошуналар «апей ботом, эри келсе качканы эмнеси, бас учураш» деп сүйрөп келишти. Мен колуму сунсам, ал кучактап, өөп, ыйлап жиберди.

- Бул айылда ага чейин согуштан тирүү, минтип шагыратып орден тагынып келгендер болгон эмес. Ошол атаңар тигине, эшегин откоруп жүрбөйбү? Бутунун бир аз сылтыганы эле болбосо дагы деле күүлүү…

Ушул чоң апанын тарсылдап каткырып атып айтып берген окуясы эч жадымдан кетпей койду. Сексенге чыкса да серпилип койбой, чөбүрөсүнө жууркан каптап отурат. Биртке эле жөтөлүп калганы болбосо, ден-соолугу кудайга шүгүр, тың.

Мазмуну:

1.Токтогул көлү – көзүмүн жашы
2. Селсаяк
3. Жүрөгүм сизден жараланган, ата
4. Сапар
Москва кайрыктары:
5. Баласын издеп боздогон эне
6. Өзүмүн эле балам
7. Эркектерди өрттөп салгым келет
8. Москва – Бишкек
9. Поюздагы жети ойдун бири
Эркин тема:
10. Кыргыздар кайсы тилде сүйлөйбүз?
11. Турса
12. Кайнатам экөөбүз жашачубуз

**Көркөм-даректүү басылма**

**Бурулкан Карагулова**

**Токтогул көлү – көз жашым**
Даректүү баяндар жана аңгемелер

Кыргыз тилинде

“Айат” басмасы

Редактору Жумабек Медералиев
Корректору Каныкей Жеңишбек кызы
Компьютердик калыпка салган________________________________________

Терүүгө___________ берилди. Басууга ________ кол коюлду. Форматы _____

Көлөмү ____________ басма табак. ______ ариби.

Нускасы  500

Келишим баада.
Бишкек ш. __________көчөсү.

“Айат” басмасында басылды.